83.3(0)кыр.
Ү 41

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА
МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ

ҮКҮЕВА Б. К.

# ТҮРК ЭЛДЕР АДАБИЯТЫ

Ош – 2002

ББК 83.35
Y-99

Y-99. Үкүева Б.К. «Түрк элдеринин адабияты».
Ош – 2002, 182 бет.

ISBN 9967-20-268-8

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын кыргыз филологиясы факультетиндеги кыргыз тили жана адабияты, чыгыш таануу, кошумча: журналистика, англис, араб тилдерин тереңдетип окутуу адистигиндеги күндүзгү жана сырттан окуган студенттерге жана окурмандарга сунуш кылынат.

Y - 4603020300-02

ББК 83,35
© Үкүева Б.К.

Атам - Үкүнүн, энем - Сарабүнүн, жанымдан артык көргөн кенжем Уларбек- Манастын мүрзөсүнүн үстүнө койгон гүлдестем болсун.

Түрк элдер адабиятын окутуунун максаты, милдети, мааниси, биринчиден аларды бириктирип турган тарыхый жалпылык, экинчиден өнүгүү процессинин бирдейлиги, үчүнчүдөн географиялык, төртүнчүдөн, тилдик жактан жакындыгы менен түшүндүрүлөт. Анткени Борбордук Азияны ээлеген түрк элдери көптөгөн кылымдар бою көчүп-конуп, бирге жакын жашашып, эмгектенишип сырттан кирген басып алуучуларга жана ички эзүүчүлөргө каршы бирге күрөшүп келишкендиги тарыхтан белгилүү. Борбордук Азия (түрк элдер) адабиятынын ичинен тажик адабиятынан башкасы түрк тилдүү элдерге таандык. Себеби тажик элдеринин көпчүлүгү иран тилинде сүйлөгөн Орто Азия элдери менен тыгыз байланышта болуп келген. Бирок Орто Азияда жашаган тажик, өзбек, казак, каракалпак, түркмөн, түрк, азербайжан, кыргыз элинин тарыхый өнүгүшү бир кылка болбогон. Анткени тажик жана өзбек эли байыртадан жер иштетишип, андан пайда табууну гана билишпестен, орто кылымдарда эле араб графикасындагы жазуусу жана адабияты болуп келсе, тескерисинче, казак, кыргыз, каракалпактар көчмөн элдерден болушкан. Бирок кыргыздарга караганда казактар, орус, татарлар менен жалпы байланышта жашашкандыктан алардын жазма адабияты XIX кылымдын жарымынан бери өнүгө баштаган. Ал эми кыргыздардын жазма адабияты болгон менен Октябрь революциясына чейин талапка ылайык колго алынбаган. Канткен менен түрк элдериндеги тарыхый маданий, экономикалык өнүгүүнүн Октябрь революциясына чейин бирдей өнүкпөгөндүгүнө карабастан негизги мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнөн (1.Экономикалык 2.Географиялык 3. Тилдик) тышкары төмөнкүдөй:

- алардын маданий турмушунда элдик оозеки адабияттын бардыгы;
- улуу Октябрь революциясына чейин жана кийин поэзия жанрынын өнүгүп келгендиги жана азыр да өнүгүп жатышы;
- поэзия жанрынан тышкары проза, драматургия, сындын ар кандай формада, өзүнчө өзгөчөлүккө ээ болуу менен өнүгүүсү;
- адабияттарындагы идеалык жалпылык, асыл идеядагы адамдарды тарбиялоо сыяктуу жалпылыктарга ээ болгондугу менен өзгөчөлөнөт.

Улуу Октябрь Революциясы жеңгенден кийин да түрк элдеринин адабиятында элдик оозеки чыгармачылыктын ар кандай жанрлары орус адабиятынын таасиринин негизинде өнүгүп, аларга турмуш чындыгы предмет болуп келген. Ошол себептен ал мезгилдеги поэзиянын негизги темасы: 1)аялдар, 2)жумушчу, 3)социалисттик курулуш 4) интелигенция, 5)интернационализм башкы орунда тургандыгы менен мүнөздөлөт. Ошентип, аталган предметте Борбордук Азия адабиятынын жалпы өнүгүш тарыхы тууралуу толук маалымат берилбесе да, жалпыланып берилүү менен ар бир улуттун адабиятындагы өзгөчөлүгү, өнүгүү процесси көрүнүктүү акын-жазуучулар, алардын чыгармачылыгы тууралуу түшүндүрмө берилет.

# Казак адабияты

Казак республикасы РСФРдын Азия бөлүгүнүн түштүк батышында жайгашып, Каспий Арал деңиздери менен чектелип, Өзбек, Түркмөн, Кыргыз, РСФР жана Кытай менен коңшулаш турат.

1920-жылы Кыргыз АССРи катары түзүлүп, 1925-жылы Казак АССРи деп аты өзгөртүрүлүп, 1935-жылдан Казак ССРи болот. Аянты 2717,3 миң, калкы - 16036 миң (1990), калкынын жыштыгы: 1 км$^2$ жерге 5,6 адам (5289 миң 1989-жыл эл каттоо б.а) казак, орус, украин, немец, татар, өзбек ж.б. улуттар жашайт. Казакстанда 19 обл., 221 административдик район, 83 шаар, 204 шаар тибиндеги поселок бар.[1] Борбору – Астана, Волгадан - Алтайга, Батыш Сибирь, түндүгүнөн Тянь-Шанга чейинки аймакты ээлейт. Батышында Каспий бою ойдуңу жайгашкан. Ал түндүк чыгышынан Уралдын түштүк тармактары жана Мугалжар менен чектешкен. Өнөр-жайынын башкы тармактары: тоо-кен, түстүү жана кара металлургия, көмүр, химия, машина куруу, жеңил тамак-аш, электр энергиясы өзүнөн чыккан көмүр, нефть жана бир нече ГЭСтери бар. Айыл-чарба дүң продукцияларынын 58% тин мал чарбасы берет. Транспорттун негизги түрү темир жол жана авто жол.

Мына ушундай улуу элдин адабияты өзүнүн көркөм ойлоосун оозеки чыгармаларында чагылдырып келишээри өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Кыргыз адабиятынан өзгөчөлөнүп, казак элинин оозеки чыгармачылыгынын 40тан ашуун жанрлары бар. Ага улуу баатырдык идеядагы эпосторунун бири катары каралып жүргөн «Кабланды-Баатыр», «Козу Корпеш», «Кыз-Жибек», (лиро-эпикалык) «Эр Таргын», «Камбар баатыр»; «Алдар көсөө», «Жээренче чечен» ж.б.у.с. «Укмуштуу бак», «Отунчунун кызы», «Алдар Көсөө» жана «Шыгайбай», «Акылдуу эчки» жана башка жөө жомоктору, «Жар-жар», «Бет ачарга» окшогон лирикалык ырлары,«Жер-Эне, мал анын уулу», «Ат адамдын канаты», «Батыр бир - коркок миң өлөт», «Акындын сөзү, устанын колу алтын» сыяктуу макал ылакаптары, «Ары-бери жүрөт, бирок изсиз» (шамал), «Жаны, тили жок, бирок көпкө үйрөтөт» (китеп) ж.б.у.с. табышмактардын алтын фондусу түзөт. Белгилөөчү нерсе, кыргыз менен казактын фольклордук чыгармаларында ортоктош сюжеттер жана мотивдер көп. Жогоруда аталган баатырдык эпостордогу негизги баатырдык идеялар кыргыз элиндеги кенже баатырдык («Эр Табылды», «Жаңыл Мырза») сыяктуу эпосторундагы каармандар түздөн-түз ички же тышкы душмандар менен күрөшкө чыкпаса да, «Кабланды баатыр» эпосундагы Кабландынын образынан баатырдыктын айрым бир мүнөздүк элементтери байкалат. Алар биринчиден, кыпчак уруусунун байы Токтор, аялы Аналык элүү жашка чыкканда Кабланды жана Карлыгач аттуу уул-кыздуу болушунан, экинчиден, Кабландынын өтө шок өсүп, өз тегерегине жигиттерди топтошунан, үчүнчүдөн жаштыгына карабай (Кызыл эр баатыр) Көктүмхандын кызы Корткага үйлөнүүгө жөнөшүнөн, бөтөн эл, бөтөн жерде, хан менен ошол

[1] Географиялык энциклопедиялык сөздүк. Ф.1987. 159-бет.

элдин койгон шартын аткарып, Кортканы алып жөнөөрдө Кызыл Эрдин эки бааатыр уулу менен кармашып аларды жеңишинен, төртүнчүдөн баатырларга тиешелүү дагы бир салттуу белги баатырдын аялынын өтө акылдуу, уз, саяпкер чыгышы Корткадан көрүнүшү б.а. Кортка Каблаңдыга биринчи ат тандоосу, тууй элек бээнин ичиндеги кулундун касиеттүү экендигине көзү жетип, Каблаңдынын абасы Салымбайдан аны сурап алышы, аны тарбиялашы б.а. жаңы туулган Тайбуруулду жана Коблаңдыга ат-жабдыктырынан баштап, кийим-кечесине чейин өзү даярдашы, баатырдын аялдарына тиешелүү салттык белгини көрсөтсө, ал эми турмуштук лиро-эпикалык эпосторунун бири болгон «Козу-Көрпеш, Баян-сулуу» кыргыз элиндеги «Кулмырза менен Аксаткын», «Олжобой менен Кишимжан», «Жаңыл-Мырза» сыяктуу поэма, эпосторго идеялык жактан үндөш. Сюжеттик айырмачылыгы аталган поэма казак элинин лирикалык поэмасы катары каралып жүргөндүгү.

Поэмадагы окуя казактын Карабай жана Сарыбай деген эки байы ууда жолугуп, бирге аңчылык кылып жүрүп, экөө тең аялдарынын кош бойлуу экендигин эскеришип, эгерде бири уул, экинчиси кыздуу болсо, «калыңсыз» кудалашууга ант беришет. Бирок аңчылыктан кайтаарда Сарыбай өзүнүн мылтыгынын артка тебүүсүнөн ийнине жаракат алып көз жумат.

Үйгө кайткан Карабайга жолдон Сарыбайдын уулдуу, Карабайдын кыздуу болгондугун кабарлаган адам Карабай тарабынан сүйүнчү албай, кагуу угушу, анын өз антын биротоло унуткандыгынан белги берет.

Ошентип, жылдар өтүп, эки байдын уул-кызы бой жетип, Сарыбайдын Козу-Көрпеши менен Карабайдын Баян сулуусу экөө кошулууга мүмкүнчүлүк жок болсо да өздөрү эки атанын антын аткаруу үчүн бирин-бири издеп, Козу-Көрпеш эчки кайтарган адамдын кейпин кийип, Баяндардын айылына келип, Баяндын эжелери Ай менен Тансыктын жардамы менен Баянды өзүмдүк санап жүргөн Коодардан бошотуп өз сүйгөнүнө жетет. Поэмада «Кабланды баатырдагыдай» өтө ашынган баатырдык эпизоддор жокко эсе. Бирок анчалык деңгээлде болбосо да баатырдык элементтер бар.

Ушундай өзгөчө элементтерди өз ичине камтыган «Алпамыш» эпосу да кызыктуу. Анткени, ал түрк тилинде сүйлөгон элдердин көпчүлүгүндө айтылып келген баатырдык эпостордун катарына кирет. Себеби, өзбектерде-«Алпомыш» казак жана каракалпактарда - «Алпамыс» алтайлыктарда - «Алып-Манаш», башкырларда - «Алпамыш жана Барсынхылуу» казак татарларында - «Алпамыша» деп аталып жүрөт. Кийинки жылдарда «Алпамыштын» кээ бир эпизоддору тажиктерден да жазылып алынган. Алпамыштын сюжеттик мотивдери кыргыздардын «Жаныш-Байыш» эпосунда кайталангандыгы менен кызыктуу. Алпамыштын сюжетинде анын эрдиктерин чагылдырган жомоктор этимологиялык өзгөчөлүгүнө караганда матриархат дооруна таандык болгон менен эпостун толук циклдери 15-17-кылымдарда Орто Азия элдеринин жунгар калмактарга каршы күрөшкөн мезгилдерде түзүлгөн болуу керек деген божомолдор бар. Өзбек, казак, каракалпактардагы варианттарында «Алпамыш» коңурат уруусунан чыкан баатыр деп айтылат. Белгилүү жомокчу Н.Улагашевден жазылып алынган (1939) алтайлыктардын «Алып-Манашы» түпкү чыгышы жагынан өзбек, казак, каракалпактардын «Алпамышы» менен бир экендигин жана ал 6-8-кылымдарда (түрк каганаты доорунда) эле алтай чөйрөсүндө пайда

болгондугун В.М.Жирмунский ишенимдүү далилдеген.[1] Бирок, көп варианттуу болгон менен ар бир эпос улуттук коллоритке ээ экендиги менен айырмаланат.

Бул позициядан алганда Казак элинин лиро-эпикалык дастаны «Кыз-Жибектин» идеялык мазмуну чыныгы окуянын негизинен алынып, болжолдуу түрдө XVII кылымдарга таандык болуу менен таза сүйүүнү, элдин ой-тилек максатын, адилеттүүлүк үчүн күрөшүн баяндайт. Чыгармадагы башкы каармандар – Жибек, Төлөгөн анын иниси Сансызбай болсо, буларга карама-каршы коюлган образдарга – Сараң Сарлыбай бай, чыккынчы Бекежан, зордукчу Корен хандын образдары кирет. Поэмадагы негизги өзөк окуяларды – аялдар эркиндиги, теңдиги үчүн күрөш, ички-тышкы душмандарга моюн сунбай, Корен сыяктуу адилетсиз жоодон элин куткаруунун жолун издөө түзөт. Поэма шарттуу зарылдыкка ылайык Сансызбайдын калмактарды кыйратып, Жибекке үйлөнүшү менен аяктайт.

## Казак акындар поэзиясы жана агартуучулары

Казак акындар поэзиясы XVIII кылымдарда казак хандарынын жашоо турмушун, коңшулаш элдердин ортосундагы элчиликти, согуштук жүрүштү жарыялоо, териштирүү, эки элди бириктирүү, элдештирүү милдетин аткарып келишкендиги менен мүнөздөлөт. Фольклордук жанрда кыргыз акындар поэзиясынан казак акындар поэзиясы б.а. казак термини менен атаганда – жырау - толгау (поэтические рассуждения) деген маанини берип, өзүнүн мүнөзү, облиги менен айырмаланып турат. Анткени байыркы убактарда «жырау» - деген казак сөзү - акын жана музыкант деген түшүнүктү билдирип келсе, XVIII кылымда бул термин музыкалык аспап менен төгүп ырдаган акын - деген маанини билдирип калган. Казак элинде, чыгармалары оозеки сакталган акындардан Казтуган Сүйүнүч уулу (XV к), Асан Кайгы, Досмамбет, Чалкийиз (XVI к), Бухар Жырау Калкаман уулунун (1693-1787 же 1686-1799) ысмы белгилүү. Казактардын көп бөлүгү Россияга кошулгандан тарта (XVIII-XIXкк) казак маданиятынын өнүгүшүнүн жаңы этабы башталып, эки элдин биригүүсүн чын ыклас менен жактаган Махамбет Өтөмүш уулу (1804-1846), Шернияз Жарылган уулу (1817-1881), Сүйүмбай Арон уулу (1827-1896) сыяктуу акындар элди эзүүчү бай, бий жана падыша чиновниктерине каршы күрөшкө үндөгөн, Дуулат Бабатай уулу (1802-74), Шортанбай Канай уулу (1818-81), Мурат Мөңке уулу өңдүү эскичил акындар өз социалдык тобунун таламын талашкан чыгармаларды жаратышкан. XIX кылымдын 2-жарымында журтка таанымал Биржан Кожогулов (1834-97), Асет Найманбаев (1867-1924), Сара Тастанбекова, Ахан Корамсин (1834-1913), Жаяу Муса Байжанов (1835-1929), Жамбыл Жабаев (1846-1945) өңдүү акындар ырдоонун айтыш формасын теңсиздикке каршы багытташкан. Сүйүмбай, Майкөт, Жамбыл, Өмүрзак, Каргабай уулу сыяктуу казак ырчылары кыргыздар арасында кеңири таанымал болуп, эки элдин ынтымагын арттырууда көпүрөө сыяктуу кызмат кылышкандыгын тарых унутпайт. XVIII кылымда Аблай хандын тушунда жашаган Пати Кара, Умбетай, Бухара

[1] КСЭ. Том 1 Ф.1976, 177-бет

сыяктуу акындар өзүлөрүнүн чыгармачыл бийиктиги, таланты менен казак элинин калыр-баркына ээ болуп келишкен. Мисалы: Бухара өзүнүн «Улуу Алаамат» деген чыгармасында 1723-жылдагы казак элинин жунгарлык хунтайчилерден талкаланышы тууралуу баяндаган. Бухаранын айырмачылыгы жунгарлар менен казактарды элдештирүү максатында казак элинин аскерлеринин, алдына түшүп алып: «Эки эл бириңди бириң түшүнгүлө, аягыла!». «Эки хандын эрегишинде жөнөкөй гана эл кырылып жатат! Кеп-сөзгө келгиле!» - деп өзүнүн калыс оюн айтып ырдоодон тартынбаган патроит акын болгон. Аталган ырчыларды кээ бир адабиятчылардын көз карашына кошулуп «хан жарчылары» деп атоо бир жактуу болмок. Анткени, алардын чыгармалары менен тааныша келгенде көркөмдүгү, дидактикалуулугу, публицистикалуулугу, образдуулугу окурманды өзүнө тартып тургандыгы менен бийик.

Казак элинин төкмө айтуучулук, аткаруучулук касиетке ээ болгон Шал, Көтеш, Коблан, Жанкиси сыяктуу акын-фольклорчулары да өздөрүнүн кайталангыс таланттары менен казак акындар поэзиясын өркүндөтүүгө салым кошуп келишкендигин белгилөөгө болот.

Казак акындарындагы дагы бир өзгөчөлүк: «коом, турмуш тарыхый окуялар тууралуу эле төгүп ырдабастан - дейт улуу окумуштуу Ч.Валиханов (1835-1865) Мисалы: Атыгай уруусунун өкүлү атактуу Шал акын өзүнүн эрте көзү өтүп кеткен атасы Кулекеден баштап, бүткүл ата-бабасынын атактуу уруудан экендигин, алардын өмүр жолун, аткарган иштерин, казак тарыхындагы ролун айтып калтырган. Ал эми Кусен акын өзүнүн замандаштары жана уруулашы Утеген жана Жаныс уруусунан чыккан баатырлар жөнүндө төгүп ырдашып, тарыхка көптөгөн эң сонун маалыматтарды калтырып кетишкендиги менен баалуу»[1]. Ал эми XVIII кылымда жашаган Котеш акын өзүнүн элинин айрыкча кедей-кембагалдардын жашоо-турмушу, кыйынчылыктары тууралуу эл алдында тайманбай ырдоо менен өзүнүн адилеттүү оюн Аблай ханга ачык айтып, эл атынан Аргын уруусунун Олжобай баш болгон баатырларынын кунун төлөп берүүсүн талап кылат. Буга караганда казак акындарындагы төкмөлүк, толгау, айтыш, кошок-армандарды айтуусу турмуш-тиричиликти сүрөттөгөн фольклордук поэтикага жакын экендигин өз мезгилинде Ч.Валиханов да белгилеген. Бул жагынан алганда өзүнүн таланты, элдүүлүгү, демократтык көз карашы менен айырмаланган талanttуу казак эл акыны Ж.Жабаев тууралуу сөз кылуу өзүнчө сыймык.

Атактуу акын **Ж.Жабаев** Чу дарыясынын жанындагы Алматы областында туулган. Жамбул 14 жашында кошуп ырдай баштаган. Бир жыл өтпөй анын таланты казак акыны Сүйүмбай Аронов (1827-1895) тарабынан белгиленген. Чындыгында Жамбулга тиешелүү өзгөчө касиет ырларынын элдүүлүгү. Муну өзүнүн автобиографиясында да мындайча эскерет: «Будучи бедняком, я хорошо понимаю бедный народ. Правдиво я мог петь только о себе и о народе. Когда я пел о народе, я пел о себе. Когда же я пел о себе, я одновременно пел о народе. Поняв всем сердцем что акыну нельзя фальшивить и лицемерить, стоит петь своим голосом и только правду»[2]

[1] ГСМЛ М.«Наука» 1988, 488-бет

[2] Хрестоматия по литературе народов СССР М. 1959 стр.728

Көп өтпөй феодал байларынын атактуу акыны Кулмамбет менен беттешип аны жеңгенден кийин Жети-Суулуктарга, кийинчерээк бүткүл Казакстандыктарга белгилүү боло баштайт. Анын демократтык көз карашы, эл биримдигин ойлошу 1881-жылы биринчи жолу эл алдында Кулмамбет менен айтышында көрүнөт. Ал өз элинин ынтымак ыраскерчилигин, бийик правасын коңшулаш эл менен болгон биримдигинен гана эмес, орус эли менен болгон достугунан да көрө билгендиги поэтикалык көрөгөчтүгү экендигин белгилейт. Анын дагы бир өзгөчөлүгү ал эч качан бай-бийлердин көз-карашы, бийлиги менен эсептешпей, өз көзү менен көрүп, туюп тургандарын жашырып-жаппай эл алдында ашкере кылгандыгы менен Токтогулга идеялаш демократ акын экендигин белгилөөгө болот.

Ал 55 жашында ооруп, эл алдында ырдабай ыр, поэмаларын жаратпай калат. Бирок 70 жашка келгенде Улуу Октябрь Революциясы орноп, кайрадан күчкө толуп, элинин сүйүнүчүн, жаңы замандын күч кубатын кошуп ырдай баштайт. Аны 1937-жылы Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын 750 жылдыгына арналаган Тибилисидеги Грузин жазуучуларынын пленумунда кошуп ырдаган «Турмуш жөнүндө ыр» ырынан жана согуш мезгилиндеги бир нече патриоттук темадагы лирикаларынан көрүүгө болот. Ж.Жабаев 1945-жылы 22-июнда өзүнүн 100 жылдыгына аз калганда дүйнөдөн кайткан.

Анын «Кедейдин энчиси» (1879-ж) деген ырында ушул заманда кедейдин энчисине алакан жайып, көрүнгөндөн нан суроо, ач жылаңач көчөдө кайырчылык кылуу, күн-түн жасаган эмгеги жоопсуз калып, оту өчкөн көздөрү менен эртеңкиге ишенимсиз кароо, бай-бийлердин зомбулугу тарабынан буйрулгандыгы айтылат. Ал эми «Кулмамбет менен болгон айтышында» Кулмамбеттин өз уруусуна сыймыктанып Жамбулду кемсинтүүсүн өзүнүн таамай жана аргументтүү көркөм сөздөрү менен ашкере кылып Токтогул Назарбайды сөзгө жыккандай, Жамбул да Кулмамбетти байлыгына, бирөөнүн дөөлөтүнө мас болгон бай ырчысы катары сөзгө жыкканы, казак элине белгилүү болгон.

«Казакстан салтанатында» деген ырында совет бийлигинин Казакстанда орногонуна сүйүнүп, өз сүйүнүчүн эл менен бөлүшсө, «Жайлоодо» деген ырында өз элинин жайлоосуна сыймыктануу, суктануу сезими күчтүү берилген. «Менин турмушум» автобиографиялык поэмасында өз башынан өткөргөн өмүр жолу баяндалып, өз эл-жерин ушунчалык сүйгөндүгү даңкталат.

**Валиханов Чокон Чыңгызович** (1835-жылы Кушмурун кыштагындагы Казакстандын азыркы Кустанай обл. Жети-Көл районунда туулган) - казактын тунгуч илимпозу, демократ-агартуучусу, этнографы жана фольклористи, тарыхчысы Абылай хандын чөбөрөсү 1853-жылы Омскидеги аскер окуу жайын бүтүргөндөн кийин Батыш Сибирь губернаторунун тармагында кызмат өтөгөн. Орто Азия менен Кытай жерине барган бир катар экспедицияларга катышкан. 1858-жылы «Мусулман соодагери» деген ат менен Тянь-Шань аркылуу өтүп, Кашкарга барып Чыгыш Түркстандын этнографиясын жана алардын тарыхы боюнча материал жыйнайт. 1860-61-жылдары Петербургда жашап орус революционер демократтарынын идеялары менен терең таанышат. Валихановдун көз карашынын

калыптанышына Т.Н.Потанин, П.П.Семенов Тянь-Шанский, А.Васильев, А.Н.Бекетов сыяктуу илимпоздор, сүргүнгө жиберилген петрошевскийчилер С.Б.Дуров, ага-ини акындар В.С. жана Н.С.Курычкиндер орустун атактуу жазуучусу А.М.Достоевский зор таасирин тийгизген.

Валиханов географияга, гуманитардык илимдердин ар түрдүү тармагына (тарых, этнография, археология, тил илими) кызыккан жана алар боюнча илимий эмгектерин калтырган Мисалы: Орто Азия жана Казакстан, Батыш Сибирь элдеринин тарыхы жана маданияты тууралуу «Жунгар очерктери», (1861) «Кыргыздар» (казактар жөнүндө 1858-жылы жарыяланган), «Аблай» (1861), «Сибирь ведомствосундагы кыргыздардын сот реформалары жөнүндө» (1904), «Кытай империясынын батыш чеги жана Кулжа шаары» (1858), «Алты шаардын же Кытайдын Нан-Лу провинциясынын чыгышындагы алты шаардын (кичи Бухария) 1858–59 жылдардагы абалы жөнүндө» ж.б. атоого болот.

Валиханов казактын тунгуч сүрөтчүсү катары элди, жерди жана адамдарды чебер сүрөттөп гана тим болбостон, өзүнүн илимий иштерин жана күндөлүктөрүн иллюстрациялап, көп сандагы жанрдык, портреттик, пейзаждык чыгармаларын («Чоң ордонун казактары» «Сартай Сары Багыш уруусунан» ж.б.) жараткан.

Валиханов кыргыздын тарыхын, оозеки чыгармаларын этнографиясын изилдеп, биринчи жолу 1850-жылы Ысык-Көлгө келген илимий-аскер экспедициясына катышып, 1857-жылы Кыргызстанга экинчи жолу келет. «Кыргыздардагы шаман кандыгы», «Ысык-Көл күндөлүгү» (1861), «Кыргыздардын байыркы учурдагы курал-жабдыктары», «Кыргыздардын көчүп-конгон жерлери» (1871) ж.б. илимий эмгектеринде казак, кыргыз элдеринин тарыхы, этнографиясы тууралуу маанилүү маалыматтарды берет. Валиханов «Көкөтөй хандын жомогу», «Кошок үлгүлөрү» сыяктуу оозеки чыгармаларды жазып алуу менен бирге «Манас» эпосунун бир бөлүгүн кагазга түшүрүп, аны орус тилине которгон чебер таржымалчы. Валихановдун акындардын төкмөчүлүгү, казак ырларынын ритмикасы жана түрлөрү тууралуу ой-жүгүртүүлөрү айрыкча кызыгууну туудурат. Валиханов казак феодалдарынын зордук-зомбулугун, падышачылыктын колонизатордук саясатын айыптап, казактардын отурукташып дыйканчылык кылганын колдоп жана аны пропагандалоо менен алардын орус маданиятына жакындашып, коомдук-маданий жактан артта калуучулуктан кутулушун жактап, диндин реакциячыл ролун ашкерелеген. Валиханов агартуу системасына жана коомдук турмушка айрым реформаларды киргизүүнүн маанисин ашыра баалап, өкмөттүн иш-чаралары көчмөн айылдардын турмушун кайра курууга өбөлгө түзөт деп ойлогон. Коомдук турмушту түшүндүрүүдө идеалист бойдон калса да, Валиханов тарыхый прогресстин негизги максаты материалдык жыргалчылыкты арттыруу жана адамзаттын ар кыл аракети социалдык шарттарга байланыштуу деп түшүнгөн.

Ч.Валихановдун идеяларын Ы.Алтынсарин жана А.Кунанбаев ж.б. казак агартуучулары өз эмгектеринде идеялары аркылуу улантышкан.

**Алтынсарин Ыбырай (2.11.1841-30.07.1889)** - казак элинин педагог агартуучусу, жазуучу жана коомдук ишкер, Орто жүздүк кыпчак уруусунан чыккан. Атасынын өлүмүнөн кийин Казак ССРинин Кустанай

областынын Затабольск районунда жашоочу бий чоң атасы Балхожонун колунда тарбияланган. Орус мектебин Оренбургдан бүтүп, 1860-жылы Торгой областындагы мектепке орус тил мугалими, 1879-жылы Торгой областынын элдик казак мектептеринин инспектору болуп иштеген. Окуу казак тилинде жүргүзүлгөн орто билим берүү интернаты менен болуштук орус-казак мектеп-интернатында билим берүү системасын иштеп чыккан. Торгой областында иштеп жүргөндө казак балдар үчүн интернаты менен 2-класстык 4 окуу жайын, 7 болуштук башталгыч мектепти, Орскиде казак мугалимдер мектебин, Торгойдо кол өнөрчүлөр окуу жайын, Ыргызда кыздар мектеп-интернатын ачкан. Алтынсарин 1879-жылы «Кыргыз хрестоматиясы», «Кыргыздарга орус тилин үйрөтүүнүн баштооч колдонмосу» - деген окуу китептерин түзгөн. Казак тилинде тамсилдер, аңгемелер жазып А.П.Толстойдун, И.А.Крыловдун чыгармаларын которгон. Алтынсариндин философиялык көз-карашы анын агартуучулук, педагогикалык, экономикалык көз-караштары менен тыгыз байланыштуу. В.Г.Белинский, А.Т.Чернышевский, Н.А.Добролюбов, Ж.Ж.Руссо, Г.Гегель, сыяктуу чыгыш философторунун эмгектери менен тааныш болгон Алтынсариндин чыгармалары, каттары, баяндамалары дүйнөгө материалисттик көз караш жазылып, атеист-педагог катары динге каршы күрөшкөн агартуучулардан экендиги менен таанымал.

**Абай (Ибрагим) Кунанбаев (10.8.1845-6.7.1904) -** Чыгыш-Тоо, азыркы Караул кыштагында Абай районунда Семипалатинск областында туулган Абай казактын улуу акыны жана ойчулу, казак жазма адабиятына негиз салган классик, обончу болуп саналган. Атасы Кунанбай түпкүлүктүү бий тукумунан чыгып, өзү да бир сапар дубанга аким (ага султан) болуп шайланган. Ал айылдык молдого окуткан балдарынын ичинен Абайдын сергек чыкканын көрүп, аны Семей шаарындагы медресеге жиберет. Абай медреседе 4 жылдай таалим алып, иран, араб, түрк тилиндеги адабияттар жана алардын классиктери жараткан чыгармалары менен таанышып, алардан таасирленип өзү да, ырлар жаза баштайт. Анын алгачкы ырларында казак оозеки поэзиясынын жана күн чыгыш акындарынын салттары айкын байкалат. Абай медреседен кетээрде, үч айдай орусча окуп, орус тилинде бир аз сүйлөп, китеп окуганга жарап калат. Бирок Абай окуусун андан ары улай алган жок, анткени аны атасы Кунанбай айылга чакырып алып, эл башкаруу иштерине аралаштырат. Коомдук-саясий иштерге аралашуу Абайдын социалдык тажрыйбасын арттырат. Абай орус тилин дагы терең үйрөнүп өз алдынча көп окуп, билимин көтөрө берет. Анын эстетикалык табитинин артышына коомдук саясий жана философиялык көз караштарынын калыптанышына орус адабиятынын классиктери А.С.Пушкин, И.А.Крылов, М.Ю.Лермонтов, Л.Н.Толстой, М.Е.Салтыков-Шедрин, В.Г.Белинскийлердин чыгармалары, байыркы грек философтору Аристотель менен Сократтын, Күн чыгыштын окумуштуулары Ибн-Сина, Беруни ж.б. эмгектери зор таасирин тийгизген. Абай Семей аймагына алдыңкы саясий көз-караштар үчүн сүргүнгө келген орус окумуштулары Н.И.Долгополов жана Махе мен таанышып, алардан аздыр-көптүр саясий таалим алгандыктан, анын адаби мурасы бай жана негизинен үч бөлүктөн турат: 1-өзү чыгарган төл поэтикалык чыгармалары; 2-башка тилдерден, көбүнчө орусчадан

которгондору; 3-кара сөз менен жазылган санаттары - саясий маселелерди, өмүр, заман, махабат, туралуу «түбөлүктүү» темаларды козгоп, аларда казак коомундагы курч социалдык карама-каршылыктарды көрсөтүп, эски уруучулук салттарга, нааданчылыкка, теңсиздикке каршы күрөшүүгө чакырып, өз элинин бардык жагынан артта калганына кейип-кепчип, мекендештерин илим-билимге, орус маданиятын үйрөнүүгө үндөйт. Кара сөз менен жазылган санаттарында («Гаклиясы») негизинен ырларындагы идеяларын улантат. Абай казак ырынын туюнтуу мүмкүнчүлүгүн алда канча кеңейтип, идеялык-эстетикалык деңгээлин бийиктетип, формасын жаңылап, казак поэзиясын 17 түрдүү жаңы ыр өлчөмү менен байыткан. Ал И.А.Крыловдун тамсилдерин, А.С.Пушкиндин ырларын жана «Евгений Онегиндин» айрым главаларын, М.Ю.Лермантовдун бир катар поэтикалык чыгармаларын казакчалаган. Абайдын философиялык жана коомдук-саясий көз караштары өз заманы үчүн өтө прогрессчил болгон. Анын философиялык түшүнүктөрүндө илимий агартуучулук, материялисттик ой-пикирлер диний идеалисттик көз-караштар менен айкалышып, дүйнөнү түшүнүүдө атеисттик көз караштыы тутунган. Абай таланттуу музыкант, чебер обончу да болгондуктан кээ бир ырларын обону менен кошо чыгарган. Биздин заманга анын 40 га жакын обону жетти. Ал обондор казак композиторлорунун опералык жана симфониялык поэмаларында кеңири пайдаланылууда. Абайдын чыгармалары көзү тирүүсүндө басылып чыккан эмес. Биринчи жолу 1909-жылы Петербургда арабча тамга менен басылган «Гаклиясы» 1918-жылы «Абай» журналына жарыяланган. Абайдын адабий мурасы советтик доордо гана толук жыйналып, казак жана боордош элдердин тилдеринде көп ирет жарык көрүп, чет тилдерге которулду. Абайдын ысмын жер шарына таратууда М.Ауэзовдун «Абай жолу» романы айрыкча зор роль ойногон. Кыргыз окурмандары Абайдын адабий мурасын боордош казак тилинде да, өз тилинде да окуп жатышат. Жаңы кыргыз адабиятынын алгачкы өнүгүш мезгилинде Абай кыргыз акындарына чоң таасирин тийгизгендиги менен анын аты ардактуу. Дагы бир эскерте кете турган нерсе, Абай орус революционерлери менен жогоруда белгилегендей байланышта болгондуктан, ал ар дайым полициянын кысымында, көзөмөлүндө болгон. Кандай жагынан болбосун полициянын кысымы Абайдын талантын, анын элге болгон жалындаган сүйүүсүнүн отун өчүрө алган эмес. Өмүр бою полициянын кысымына чыдаган Абай, уулдары Абдырахман менен Магауинин өлүмүнө чыдай алган эмес. Анткени кичүү уулу Магаун өтө таланттуу болгон экен. Мындай оор кайгыга чыдай албаган Абай 1904-жылы уулу Магауинин 40 күндүгүндө бул дүйнө менен кош айтышкан. Бирок анын канаттуу ырлары менен кошо бир топ чыгармалары узак өмүргө жашап, биздин күнгө жетти. Казак элинин чебер сүрөткер талантынын улуу образы «Абай жолу» аркылуу кыргыздарды тамшандырып отургандыгы бекеринен эместир.

# Жаңы Казак адабияты

## Алгачкы мезгилдеги жаңы казак адабияты

Улуу Октябрь революциясына чейинки казак адабиятынын негизги багыты агартуучу жана чыгармачыл таланттар А.Кунанбаевдин, Ч.Валихановдун, И.Алтынсариндин демократтык идеялык-тенденцияларын реалисттик традицияда XIX кылымдын таланттуу акын-жазуучусу, публицисттери С.Торайгыров, М.Сералин, С.Донентаев, С.Кубеевдер улантышкандыгы менен мүнөздөлөт. Буржуазиялык улутчул агымдын өкүлдөрү болгон бир топ жазуучулардын өкүлдөрү катары таанылган А.Байтурсунов, М.Дулатов, М.Жумабаев ж.б. да өзүлөрүнүн чыгармачылыгын ошол мезгилдерде улантышкан. Андан тышкары XIV кылымдын аягы XV кылымдын башында өзүлөрүнүн диний мистикалык идеяларын жайылтуу максатында чыгыш элдик сюжеттин негизинде жазылган түшүнүксүз казак адабий тилинин атына жамынган китеп-жыйнактар пайда болгон. Мындай мүнөздөгү агымдардын пайда болушуна ошол кезде казак жазуучуларынын пролетардык уюмунун жоктугу түздөн-түз себеп болгондугу байкалат. Улуу Октябрь революциясынын орношу менен өзүлөрүнүн демократтык-революциялык көз карашы менен айырмаланган бир канча казак интеллигенциясы, демократ жазуучулары С.Сейфулин, И.Жансугуров, С.Шарипов, Б.Майлин, Б.Изтолин, М.Ауэзов ж.б. адабиятка келип кошулган.

Башка Орто Азия элдери анын ичинде жаңы кыргыз адабиятындай эле жаш казак адабияты идеялык-көркөмдүк, жанрлык жагынан телчигүү процессинде болуучу. Ошондуктан көптөгөн акын-жазуучулардын чыгармачылык бийиктиги начар абалда эле. Бул кыйынчылыктарды жеңүү үчүн казак адабиятынын алдында орчундуу милдеттер турган, негизгиси - жазуучулардын революциялык чындыкты чагылдыруусу, аны элге жеткирүүсү болгон.

**Сакен Сейфулин** (Садвакас) – жаңы казак жазуучусу, 1918-жылдан КПССтин мүчөлүгүнө өтүп, ага чейин 1913-16-жылдары Омскидеги мугалимдер семинариясында окуп, Казакстандагы совет бийлигин орнотууга активдүү катышып, 1919-жылдан баштап Акмолодо, Оренбургда жетекчилик кызматтарда иштеген. Биринчи Казак АССРинин ЭКСтин тунгуч председатели (1922-25-ж.) ББАКтын мүчөсү, 1925-37-жылдары "Энбекши казак" газетасынын, "Эдебиет майданы" журналынын редактору болуп эмгектенген.

Чыгармалары 1910-жылдардан баштап жарыялана баштаган, анын 1920-жылы жазылган «Кызыл шумкарлар» пьесасы - казак адабиятындагы социалисттик реализм жөнүндөгү биринчи пьеса болгондугу менен баалуу. 1922-жылы "Азоо тулпар", 1924-жылы "Домбура", 1926-жылы "Экспресс", 1928-жылы "Турмуш толкундары" ырлар жыйнактары жарык көрүп, анда революциянын жеңиши жана жаңы турмуш даңазаланган. 1926-жылда жазылган "Советстан", "Альбатрос" (1933) поэмаларында Лениндин өлбөс-өчпөс идеясы жана образы түзүлүп, В.Маяковскийдин таасиринин

натыйжасында казак поэзиясына жаңылык киргизүү менен элдик поэзиянын салттарын өрчүтүүгө салым кошкон акындардан болгон. Ал "Тар жол, тайгак кечүү" (1927) жана "Айша" (1922), "Жер казгандар" (1928), "Жемиштер" (1935) сыяктуу повесттери аркылуу казак реалисттик прозасын негиздеген талантуу жазуучулардын бири болгон.

Казак жазуучуларынын ичинен элдин эркиндигин, Улуу Октябрь революциясынын жеңишин өз поэзиясында революциялык туу катары көтөрүп, казакстандагы революциялык кыймылга катышкан. Ал кайсы жерде жүрбөсүн өзүнүн жалындуу оюн, "Биз жүрүшкө шашылыш чогулдук", "Кана, жигиттер" (1917), "Түрмөдөн качуу" (1918), "Качкындар айлы" (1919) ырларында чагылдырып элди эркиндикке, теңдикке үндөгөн. Айрыкча, "Казак жаштарынын Марсельезасы" (1918) аттуу ыры өзүнүн терең эмоционалдуулугу, көркөмдүк бийиктиги менен 20-жылдардагы казак кедейлеринин гимнине айланган. Анын баалуулугу ушунда ушул мезгилге чейин өзүнүн идеялык мазмунун жоготпогондугу.

Жеңген революция темасы 20-жылдары Б.Изтолиндин поэзиясынан орун алгандыгы анын "Тууганга", С.Мукановдун "Кедейдин уулу", И.Жансүгүровдун "Жаш кедейге", "Түшүнүктүү уланга" ж.б. ырларынын идеясында революциялык чындыкка толкундануу, сүйүнүү, заманга сыймыктануу жаткандыгын байкайбыз.

Алгачкы мезгилдеги жаңы казак поэзиясы кыргыз поэзиясындай эле элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринде болгон менен акырындык менен орус жана чыгыш элинин традициялык адабий байланышынын негизинде жаңы казак адабияты реалисттик өнүгүүнүн жолуна түшүүгө багыт ала баштады. Ал өзгөчөлүк б.а. идеялык чыгармачылык байланыш Абай менен Пушкиндин, Лермонтовдун жана улуу орус революционер-демократтардын ортосундагы байланыштардан улам жаңы казак адабияты демократтык багытка өттү.

20-жылдардагы жаңы казак адабиятындагы эң чоң окуя С.Сейфулиндин "Уурдалгыс ат" ырлар жыйнагынын "Кызыл бүркүттөр", "Бакыт жолунда" пьесаларынын, М.Ауэзовдун "Таянычсыз тагдырлар" повестинин, "Енлик-Кебек" пьесасы жана Б.Майлиндин ырлар жыйнагынын жарык көрүшү, жаш казак адабиятынын улам жыл өткөн сайын өзүнүн көркөм горизонтун кеңейтип, жаңы эстетикалык идеяларга умтулуп отургандыгын айгинеледи. Ал эми Жансүгүровдун бир топ революциялык духтагы ырлары менен бирге кээ бир көркөмдүк деңгээли төмөн ырлары да акындын жарык көргөн жыйнагынан орун алгандыгын белгилөөгө туура келет.

С.Сейфулиндин ырлар жыйнагы менен пьесасынын негизги темасы тарыхый актуалдуулугун жоготпогон Казакстандагы Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши болсо, Б.Майлиндин каарманы - Мыркымбай казак айылындагы күндөлүк кыйынчылык, сүйүнүч менен кошо жашап, ошолорду башынан өткөргөн кедей.

Жогорудагы жаш акын-жазуучулардын көпчүлүгүнүн чыгармачылык тажрыйбасы аз болгондугунун себеби алардын ыр жазуу кесиби менен бирге коомдук иштерге активдүү катышкан ишмерлерден болгондугу алардын чыгармачылык өнөрканасынын тереңдешине бир топ жагынан тоскоол болсо, экинчи жагынан реалдуу турмушту көркөм чындык менен айкалыштырууда оң таасирин тийгизген.

Дагы бир белгилөөчү нерсе, казак поэзиясындагы жаңы заман темасы күтүлбөгөн жерден өзүнүн идеясын жана жанрлык формасын (жоктоо, коштошуу, эскерүү) өзгөртүүгө туура келгендиги Лениндин дүйнөдөн кайтышына байланыштуу болду. С.Сейфулиндин "Кайгылуу кабар", И.Жансүгүровдун "Кош бол, ата", Б.Майлиндин "Бекер ыйлаба", Ш.Иманбаеванын "Кабар", С.Донентаевдин "Унутулбайт", И.Байзаковдун "Ленин", С.Мукановдун "Лениндин табытынын жанында", А.Тансбергеновдун "Лениндин өлүмү" сыяктуу ырларда казак элинин жол башчыга болгон терең сүйүүсү, урматы, сыйы жаткандыгын көрөбүз. Ленин тууралуу жазылган ырлардын баары 1928-жылы С.Мукановдун редакциясынын алдында жыйнак болуп чыгышы, Лениндин образынын түбөлүктүү экендигинин дагы бир далили катары таанылган.

Казак поэзиясындагы дагы бир актуалдуу темалардын бири - индустриялаштыруу темасы акын жазуучулардын көз кырынын сыртында калбагандыгы С.Сейфулиндин "Тигүү фабрикасында", "Куруучулар", И.Жансүгүровдун "Паровоз", Б.Майлиндин "Мыркымбай келе колуңду", К.Абдыкадыровдун "Трактор", С.Мукановдун "Жаз" сыяктуу ырларынан көрүнөт.

Ушул жылдары казак акындары өзгөчө эпикалык жанрга кайрылышкандыгын жана бул жанрдын ар кандай темада, сюжетте, идеялык негизде болгондугу Кудайбердиндин "Енлик-Кебек", "Колкаман жана Мамыр", "Лайли Мажнун", М.Жумабаевдин "Баатыр баяны", "Коргыт" легендаларынын диний мистикалык көз карашка үндөө мотивинде жазылышынан, Б.Кулеевдин "Бакыт", "Кана?" поэмаларынын идеясын сентименталисттик көз караш, идея, абстрактуулук түзгөндүгүнөн көрөбүз. Ал эми С.Сейфулиндин "Качкындардын айылы" эпикалык балладасы лирикалык каармандынын бай духовный көз карашы, лирикалуулугу, эпикалык масштабынын кеңендиги, көркөм бийиктиги б.а. турмуш картиналарынын көркөм чындык менен айкалышы, кыска жана так диалогдору, темпераменттүү стили менен колчактардын түрмөсүндө жатып, элдин эркиндиги үчүн жанын үрөп күрөшүүгө чакырган лирикалык каармандын образы даана ачылгандыгы менен айырмаланат. Ал эми С.Мукановдун "Жумаштын өлүмү", Б.Майлиндин "Маржаны" поэма деп аталган менен жөнөкөй гана көлөмдүү ырлардын жыйындысы болуп калса да казак акындарынын реалисттик поэмаларды жазууга болгон аракети колдоорлук көрүнүштөрдөн болгон.

Белгилөөчү нерсе, ушул жылдары тематикасынын ар түрдүүлүгү сюжет куруу өзгөчөлүгү, чыгармачылык принциби жагынан С.Сейфулиндин поэмалары көзгө чалдыгат, анткени "Ажырашкан аккуулары" - романтикалык, "Чжан-Изо-Лин" - курч сатиралык, "Көкше-тау" - тарыхый философиялык стилде жазылса, С.Мукановдун "Сулуу шаш", И.Байзаковдун "Курулай сулуу", Ж.Сыздыковдун "Табытчы Майколу" - элдик легендалардын негизинде, С.Мукановдун "Октябрдын кечүүсү", "Кедей", А.Тажибаевдин "Кулгара", Б.Майлиндин "Сагындык" поэмалары казак айылындагы тап күрөшүн сүрөттөйт.

Казак поэмасынын өнүгүшүнө С.Сейфулиндин "Советстан" (1925) поэмасы өз таасирин тийгизгендигин байкайбыз, анткени мезгилдин талабына ылайык анын негизги идеясы советтик патриотизм болсо, ал эми

негизги каармандары жаңы заманды куруп жаткан совет эли. Аталган поэма башка поэмалардан окуяларды камтуу масштабы, интернационалдык маңызы, философиялык тереңдиги менен айырмаланат. Дагы бир өзгөчөлүгү жаңы кылымдын жалпыланган көркөм образын түзгөндүгүндө.

Поэманын башталышында легендарлык тулпар - Асаунун образы романтикалык маанайда сүрөттөлөт. Себеби жаңы замандагы революциялык бурулушту, жаңы кылымдын башталышын Асаудан башка образга салыштырып берүүгө мүмкүн эмес эле, анткени Асау тулпардын образы 1917-20-жылдардын жалындуу пафосун бергендиги менен өзгөчөлөнөт. С.Сейфулин бул жылдардагы чыгармачылыгында өз кылымынын образын берип гана тим болбостон, казак ыр түзүлүшүнүн формасын силлабикалык (муунчул ыр курулушу) б.а. ыр сабындагы муундардын бирдей санда кайталанышы, интонациясы, темпераменттүү стили менен казак поэзиясына жаңылык киргизди. Бул новаторлук С.Мукановдун сөзү менен айтканда: "было подхвачено целый пъядой поэтов и утверждено в творческой практике". "Советстанга" удаа И.Жансүгүровдун "Талаа" поэмасы жарык көрдү. Ал казак адабиятындагы салттуу форма "толгауда" жазылса да, сүрөттөлгөн окуяларынын конкреттүүлүгү, көп образдуулугу, картиналуулугу, турмуш чындыгын көркөм чындык менен айкалыштыра алуусу, драмалык баяндоосу, динамикалуулугу, ритмдик кайталоолору жагынан оригиналдуулугун көрсөтүп, казак поэзиясын байытты.

Ал эми Жамбулдуң 1927-жылы жарык көргөн "Өткөн заман" поэмасында өткөн заман менен жаңы замандын өзгөчөлүктөрүн баяндоо менен казак элинин акыры үмүт-тилеги орундалып, эл - жаңы замандын эмгекчил адамдарынан болуп калгандыгын анын ичинде өзү да бардыгын кубануу менен баяндайт. Ушундай эле өткөн заман темасы акын-толгаушылар Нурпеис Байганиндин, Калы Айманбековдун, Кубаныш Баймагамбетовдун ырларында кенен чагылдырылды. Аталган акындар өзүнүн ырларында революциянын жеңишин, анын өзгөчөлүктөрүн жөн гана кошуп ырдашпастан, казак элдик поэзиясын жанрлык, формалык, идеялык жактан байышына көмөктөш болушту. Казак поэзиясы калыптануу мезгилинде идеялык мазмуну жактан гана байыбастан, акындардын көркөм чеберчилиги да арткандыгын, традициялык ыр түзүлүшүндө жазылган ырлар менен кошо жаңы мотив, жаңы интонация, рифма, ритмикадагы ырлардын пайда болгондугун С.Сейфулиндин, И.Жансүгүровдун, С.Донентаевдин, А.Токмагамбетовдун чыгармаларынан көрүүгө болот.

20-жылдардын экинчи жарымында казак адабиятына К.Абдыкадыров, У.Турманжанов, Г.Мусрепов, Г.Жарапов, А.Тажибаев, С.Бекенов, Т.Ормонов, Т.Малдыбаев, Т.Мустафин, Х.Жумашев сыяктуу жаңы жаш күчтөрдүн келиши менен жаңы казак адабияты ар кандай жанрда өнүгүшүн улантты. Өзгөчө прозада Б.Майлиндин, М.Ауэзовдун, Ж.Тилепбергеновдун аңгемелери реалдуулугу, көркөмдүүлүгү менен айырмаланды.

Айрыкча С.Сейфулиндин мемуардык романы "Турмуштун соккулары", Б.Майлиндин "Шугинин эстелиги", «Комунистка Раушаон» аңгемелеринин топтому, "Кулпаш", М.Ауэзовдун "Караш-караш" повести (1927) Мусреповдун "Айлампа", С.Мукановдун "Адашкандар" романы сыяктуу көркөм полотнолор менен байыды.

Аталган прозалардын ичинен "Айша", "Таянычсыз тагдырлар",

Б.Майлиндин "Шугинин эстелиги" ошол мезгилдеги актуалдуу темалардын бири болгон аялдар темасына арналган. Мисалы: "Айшада" өзүнөн улуу адамга калыңга сатылган Айша эски салттарга каршы туруп, качып кетип, шаарга барып заводго кирип, өз тагдыры үчүн күрөшсө, "Таянычсыз тагдырлардагы" жетим, колдоосуз кыз Газиза Волостон келген чоңдордун ырайымсыз кордоосунан кийин кыздык намысын жоготкондугуна чыдабай кычыраган кышта жардам сурап атасынын мүрзөсүнө келип суукка тоңуп өлсө, Майлиндин повестиндеги Шуга кыздын өмүрү да кырчындай кезинде трагедиялуу тагдырга туш болуп кыйылат.

20-жылдары М.Ауэзов "Коргоосуздун күнү", "Окуган азамат", "Кыр сүрөттөрү", "Кыр аңгемелери", "Сыбандын мүрзөсүндө", "Үйлөнүү", "Өчүп-жануу", "Жетим", "Барымта", "Каралуу сулуу", "Эскиликтин көлөкөсүндө" ж.б. аңгемелери менен бирге "Көк серек", «Караш-караш окуясы» повесттерин жазды.

Жогорудагы прозалык чыгармалардын ичинен 1927-жылы Ленинградда окуп жүргөндө жазган М.Ауэзовдун "Караш-караш окуясы" повестиндеги идеяны берүү, образ түзүү, сюжет куруу, кубулуштарды сүрөттөө жагынан башка чыгармаларынан айырмаланып турат. Повесттеги Бактыгул жогорку чыгармаларындагы коргоосуздарга окшоп адилетсиздикке моюн сунуп, багынып калбастан ага каршы күрөшөт. Аталган повест башка чыгармаларынан жөн гана өтүп жаткан окуяны, кедейлердин байларга болгон наразылыгын, айыгышкан тап күрөшүндө өсүп жетилгендигин типтүү шарттарда, толук кандуу образдар аркылуу чагылдырып бергендиги менен өзгөчөлөнөт.

Жазуучунун Бактыгулга чейинки каармандары Газиза, Рабига, Каракөздөргө окшоп эзүүчү тапка нааразы болуп, теңсиздикке тебеленип, өздөрү каза болушса, "Караш-караш окуясында" адилетсиздиктен ажал табаарда тоого качып кеткен кедей Бактыгул эмгекчи элди эзген бай Жараспайды атып өлтүрөт. Повесттин жаралышы казак прозасында социалисттик реализмдин (өз талабына ылайык) өнүгүү ийгилигин көрсөткөндүгү менен айырмаланып турат.

С.Сейфулиндин "Турмуштун соккулары" романында Казакстандан Россияга чейинки болгон окуяларга катышкан демократ-революционерлердин тарыхый турмуш тагдырлары сүрөттөлсө, С.Мукановдун "Адашкандар" романы (1929-ж.) идеологиянын казак айлына кандай таасир эткендигин, бай-бийлердин балдарынын жаңы заманда өз ордуларын кантип тапкандыгын көркөм чагылдырат. Романдагы кемчилик жаңы заманды курууга белсенген адамдардын активдүүлүгүнүн ачык, даана ачылбай калгандыгы. Канткен менен роман 20-жылдардагы казак прозасынын өнүгүшүндө чоң роль ойногондугу үчүн 1935-жылы "Бай баласы" деген ат менен орус тилине которулгандан кийин борбордук газеталарда ар кандай мүнөздөгү сын пикирлер көп убакка чейин улангандыгын белгилөөгө болот.

Проза, поэзия жанрына караганда казак драматургиясы өтө акырындык менен өнүккөн, анткени мурдагы Казакстандын борбору Кызыл-Ордодо 1926-жылы 13-январда биринчи казак театры ачылган, ага чейин Казакстандын чоң-чоң шаарларында көркөм чыгармачылык концерттер гана коюлуп келген.

Алгачкы драмалык чыгармалардын революциялык темада болгондугун

С.Сейфулиндин "Бакыт жолунда" (1917), "Кызыл бүркүттөр" (1920), М.Ауэзовдун "Енлик-Кебек" (1917), "Атаандашчыл аял", "Кара көз", Б.Майлиндин "Окутуу", "Элдик мектеп" пьесаларынын идеялык-тематикасынан байкоого болот. Аталган пьесалар идеялык-композициялык кемчиликтерине карабастан, казак драматургиясынын өнүгүшүнө салым кошушканын белгилөөгө туура келет. Дагы бир жагдай, казак драматургиясындагы чыгаан драматург, режиссер, эл артисти Жумат Шаниндин эмгегин баалабай коюуга мүмкүн эмес. Анткени анын тарыхый-баатырдык мүнөздө жазылган "Аркалык баатыр", "Шахта", "Торсыкбай-Айдарбек" комедиялары казак драматургиясынын репертуарын калыптандырууга чоң роль ойногондугу мезгил үчүн колдоорлук көрүнүштөрдөн. Таптык күрөштү сүрөттөгөн Токмагамбетовдун "Эки закым", Тилепбергеновдун "Перизат-Рамазан", У.Успановдун "Зарлык" жана Б.Майлиндин бир нече комедиялары атоого арзырлык чыгармалардан.

Аталган чыгармалардын баарында казак коомунда көрүлүп жаткан коомдук-саясий маселелердин бардыгы чагылдырылып, ошол мезгилдеги казак элинин көз-караш, аң-сезиминин өнүгүшүнө азын-оолак болсо да өбөлгө болгон. Дагы бир өзгөчөлүк ошол аталган драмалардын кайсынысын албайлы анын негизги каарманы революциянын эпкининен жаралган, жаңы заманды курууга белсенип киришкен, турмуштук активдүүлүгү күчтүү, эл арасынан суурулуп чыккан карапайым элдин өкүлү, бул касиет казак адабиятынын бардык жанрларындагы каармандарга тиешелүү экендигин "Бакыт жолундагы" Эрмек менен Биржандын, "Кызыл бүркүттөгү" Еркебуландын образдарынан көрөбүз. Ошондой эле алгачкы мезгилдеги казак адабиятынын калыптанышына биз жогоруда белгилегендей бир нече коомдук уюмдарды жетектеген көрүнүктүү чыгармачыл таланттардын С.Сейфулиндин "Тиричилик", "Енбеким казал", М.Ауэзовдун "Ак жол", "Шолпан", "Сама" журналдарында, С.Муканов менен Ж.Сыздыков "Бостандык түн", Б.Майлин, М.Серолин "Аул", Донентаев "Казак тили", И.Жансүгүровдун "Тилшиде" (Алма-Ата редактор болуп) иштеши жана бир нече чыгармачыл уюмдарды жетектеши да чоң роль ойногон.

Өкүнүчтүү жери Ташкентте акын жазуучуларга багыт бере турган чыгармачыл уюмдардын жок болгондугу. Анткен менен Ташкент - Орто Азия таланттарынын калыптанышында чоң роль ойногон. Ал мезгилде Өзбек, Түрк, Тажик, Кыргыз, Казакстандын түштүгү Түркстан республикасы деп аталып, борбору Ташкент болуп, (1924-жылга чейин) Москвадан, Казандан, Ташкенттен чыккан китептердин баары казак тилинде жарык көргөн.

Жаңы казак адабиятынын калыптануу мезгилинде адабий сын да өзүнүн жаштыгына карабастан активдүү роль ойногондугун казак адабиятынын эң актуалдуу курч проблемаларын козгогон адабий дискуссияларынын, буржуазиялык улутчулдукка каршы күрөшүүгө багытталышынан, баарынан да адабияттагы өткөн мурастарга туура баа берүүсүнөн, казак театрынын репертуарын кеңейтүүдөгү көптөгөн проблемаларды, анын ичинен көркөм чеберчилик сыяктуу негизги теориялык маселелердин үстүндө иштелгендигинен көрөбүз.

Ошентип алгачкы калыптануу процессиндеги жаңы казак адабияты төмөндөгү проблемаларды:

1. Жаңы таланттарды тарбиялоону ийгиликтүү жүргүзүп жаткандыгы:

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного университета
ИНВ № 899208

2. Жаш жазуучулардын күчтөрүнүн бир жерге уюмдашышы.
3. Жаңы адамдын образынын түзүлүшү сыяктууларды кучагына алып, жаңы казак адабиятынын андан ары өнүгүшүнө магистралдык багыт болуп, көркөм чыгармачылыктын бийиктигине жетүүгө далаалаттана баштагандыгы менен баалуу болду.

**Мухтар Ауэзов** - Семипалатинск областынын Чыңгыз болушундагы көчмөн казактын үй-бүлөсүндө 1897-жылы туулган М.Ауэзов Оморханович казак адабиятындагы жаңы өнөр салаасын б.а. таржымалчылыктын калыптанышына олуттуу салым кошуп, жаңы баскычка көтөргөн күчтөрдөн болгондугунун далили А.Толстойдун «Будда», «Булка», «Балдан кийин» (1918) аңгемелери, И.С.Тургеневдин «Дворян уясы» романы, В.Гогольдун «Текшерүүчү», Шекспирдин «Отелло», «Азоого чалма», Погодиндин «Ак сөөктөр», К.Греневдин «Яровая махабаты» пьесалары казакча эркин сүйлөп, өз табигый наркы, жагымдуу колорити менен казак калкынын руханий дүйнөсүнө жандуу жуурулуп кетишинин өзү Гоголь менен Тургеневдин Шекспир менен Толстойдон сабак алып жатып, өзү да башкаларга зор сабак берчү чыгармачылык иш тажрыйбасын калтыргандыгы. Кыскасы казак көркөм таржымал өнөрүнүн жандуу кыймыл-аракеттеги тарыхы М.Ауэзовсуз толук көз алдыга тартылышы дегеле мүмкүн эмес.

М.Ауэзов бири-бирине өтмө катыш жашап, өтмө катыш табиятында таасирдүү иш-аракетке кирген чыгыш элдеринин биримдигин Европалык деңгээлге көтөрүп, Чыгыш калкынын фольклористикасы менен адабият таануу илимин Азиянын эң алдыңкы делген окмуштууларынын, орус фольклору менен адабиятын Батыштын деңгээлинде өздөштүрө билген сейрек талант болгон. Казак маданиятын: эл оозеки чыгармалары менен жыраулар мурасын, Абайдан баштап өзүнө чейинки профессионал адабиятын андан ашыра же ага тең билчү чыгаан адис жок десек жаңылышпайбыз.

Башка эмгектерин майдалап санабаган чакта да М.Ауэзовдун кыргыз маданиятына жасаган камкордугун белгилөөгө болот. Мухтар 1928-жылдан өмүрүнүн аягына чейин улуттук фольклорубуз менен адабиятыбыздын актуалдуу маселелерин көтөрүп, кызыкчылыгын коргоп, ийгиликтерин жалпыга угуза жарыялап жүрүп өттү. Мисалы: 1952-жылы 5-июлда Фрунзеде болуп өткөн конференцияда «Манас» боюнча эпостун элдүүлүгүн окумуштууларга илимий далилдеп, ынандырып, ошол учурдагы «Манастын» кылыч мизинде турган оор тагдырын коргоп калууда сиңирген эмгеги ага далил. Совет доорунда «Манасты» биринчи жолу эл оозунан жыйнап, изилдеп, коомчулуктун көңүлүн ага буруп, Манас таануу илиминин чектерин кеңейткени да канчалык зор эмгек. Ал эле эмес өз замандаштары А.Осмонов менен Т.Сыдыкбековдун жарык көргөн чыгармаларына карата өз мезгилинде оң сын көз караштарын билдирген. Анын орус эле эмес кыргыз адабиятына сиңирген эмгектери үчүн ушул мезгилдерде биздин акын-жазуучулар анын урматына ыр, поэмаларды, эскермелерди, очерктерди жазып келишүүдө. М.Ауэзовдун дагы бир өзгөчөлүгү жалаң казак менен кыргыз калемгерлерин эле эмес, жалпы башка улуттун элдеринен идиректүү таланттарды ирген, таап көзөмөлдөп, аларга туруктуу тарбиячы, келечектүү башталмаларды колдоочу, жаңы ысымдарды ачуучу тереңин көргөн көрөөгөч инсандыгы Ч.Айтматовго өзүбүз тарабынан бут тосулуп жатканда «Литературная газетага»

Айтматовдун адабиятка кандай сапаттык жаңы белгилер менен келип жатканын ак жол каалоо менен ачык айтып бергенинин өзү түбөлүктүү кыргыз адабиятынын бир өчпөс жылдызын тапканга тете бааласак болот. Ал эмес мурдагы жалпы союзга кеңири таанымал казак жазуучусу Абдижамил Нурпеисовдун чоң талантын биринчи таанытып, биринчи колдоого алып чыккан да М.Ауэзов болгон. М.Ауэзов калтырган дүйнөнүн жандуу эстетикалык таасири кино өнөрүндө жаңы ачылыштар жасап, жаңы изденүүлөргө барышка түрткү бергендиги, анын «Көк серек», «Караш-караш», «Кылым-Заман» жана сценариясын өзү жазган «Абай ырлары» чыгармаларынын экрандалышы жалпы кино өнөрүндөгү сапаттык жылыштарга кирет. Муну айрым жазганыбыздын себеби эң мыкты кинофильм, эң мыкты көркөм чыгармалардан жаралат эмеспи. Анткени, бардык негиздин негизи түп нускада. М.Ауэзов улуттук опера жана балет театр өнөрүнүн өсүп-өркүндөшүнө кол кабыш кылгандыгын «Абай» операсы аркылуу билсек, акындын чоң оратор экендигин Тахови Ахтановдун «Он был блестящим оратором. Ауэзов великолепный разсказчик. Ауэзов был волшебником нашего языка, он оживлял омертвевшие слова, взысская искру из соприкосновения, двух слов» десе, Зайнулла Кабдулов «У настоящего лектора, оратора должны быть крылья - говорил. Мухтар Оморханович» деген сөздөрүнөн эле бул улуу адамдын чечендиги көрүнөт.

Педагог-таалимчи М.Ауэзов 1930-жылда аспирантураны бүткөндөн баштап Ташкенде, Алматыда, Москвада, Университеттерде студенттерге дарс окуган. КазМУ менен ММУнун профессору, илимдин доктору, Кыргыз Илимдер Академиясынын акедемиги болгон. Анткени анын туңгуч адистиги мугалим. Семейдеги эки жылдык мугалимдер семинариясын (1919) бүтүргөндөн баштап, таалим тарбиячылык багыт анын жалпы чыгармачылык жана коомдук ишмердигинин бир зор салаасы болгон. Канча студенттерди окутуп, канча аспиранттарды илимий жетектеп, кандидаттык, докторлук диссертациясына кеңешчилик милдетин өтөгөндүгү катардагы же «жакшы» делген же «эң мыкты» деп бааланган таланттын улуулугу, ушундай көп кырдуулугу менен ал улут маданиятында өзүнчө бир доор экендиги менен башка көңшулаш жана дүйнө элдери үчүн эстетикалык табият-таалимдерин канааттандырган жаңы ачылыштарды киргизгендиги менен айырмаланат.

М.Ауэзовду драматург катары таанытган туңгуч пьесасы – «Энлик Кебек» (1917). Пьесада феодалдык уруучулук түзүлүштүн катаал заң законунун курманы болгон эки жаштын трагедиялуу махабаты баяндалат. Ауэзов орус жазуучусу Соболев Леонид менен бирге жазган «Абай» аттуу тарыхый трагедиясында (1940) Абайдын өмүрүнүн соңку жылдарына кайрылып, улуу акындын кайгылуу тагдырын чагылдырат. Ауэзовдун талантынын гүлдөгөн мезгили «Абай жолу» роман эпопеясын жараткан жылдарга туш келет. Романдын 1-2-китеби (1942-1947) СССРдин мамлекеттик сыйлыгына (1949), 3-4-китептери (1950-1956) Лениндик сыйлыкка (1959) арзыган. Дүйнөгө атагы кеткен роман эпопеяда улуу акын А.Кунанбаевдин татаал өмүр жолу, казак элинин революцияга чейинки коомдук турмушунун социалдык саясий жана нравалык конфликтери, элдин аң сезиминде болгон өзгөрүү процесстери тыгыз байланышта сүрөттөлөт. Чыгарма идеялык-эстетикалык күчү жагынан улуу классиктерге мүнөздүү чеберчилик менен жазылган. Романда классикалык образдардын бүтүндөй бир голереясы

түзүлгөн. Дүйнөлүк адабиятта 20-кылымдарда жаралган улуу чыгармалардын бири болгон «Абай жолу» 30дан ашуун дүйнө тилдерине которулган.

М.Авуэзов өмүрүнүн акыркы жылдарында «Алтын шакек», «Асыл насилдер», «Майдан», «Анын элинде», «Түштүк очерктери», «Индия очерктери», «Америка таасирлери» ж.б. очерк, аңгемелерин «Ак кайың» (А.Тажибаев менен бирге), «Бекет» (1939), «Сыноо сааты» (1942), «Кара кыпчак Кабыланды» (1942-1944) пьесаларын жазды. Ауэзовдун коммунисттик курулуштагы совет адамдарынын эмгегин, күрөшүн, жаңы руханий дүйнөсүн, улуттар арасындагы достук мамилелерин кеңири көрсөтүүнү максат кылган жаңы эпопеясынын 1-китеби «Өскөн өркөн» романы өзү дүйнөдөн кайткандан кийин жарык көрдү. Ал эми анын илимий изилдөөлөрү, сын-макалаларынын жыйнагы «Ар кыл ойлор» (1959) топтомуна киргизилген. Ауэзовдун «Абай жолу» менен «Караш-караш окуясы» повести (1955-1965), аңгемелери, илимий эмгектери кыргыз тилинде жарык көргөн. Ал орто кылымдагы Күн чыгыш классикасы, казак фольклору жана профессионал адабияты, 19-кылымдагы орус классикасы, батыш адабияты, азыркы учурдагы боордош элдердин, КМШ элдеринин адабияты, көркөм котормо маселелери боюнча өзүнүн баалуу ойлорун ортого салып келсе, анын илимий изилдөөлөрү жана кыргыз адабиятынын тагдыры үчүн дайыма кам көрүп, кыргыз жазуучуларына өрнөк көрсөткөндүгү улуу «Манас» эпосун изилдөөгө арналган эмгеги аркылуу бүткүл союздук илимпоздор чөйрөсүнө кеңири белгилүү. Ал эле эмес казак адабияты менен искусствосунун бардык жагынан өнүгүшүнө, илимий жактан изилденишине жана анын башка адабияттар менен болгон байланышына көп көңүл буруп, дайыма анын актуалдуу маселелери боюнча илимий көз караштарын, сунуштарын ортого салып тургандыгына «Казак элинин эпосу жана фольклору», «Традициялуулук жана новаторлук», «Казак адабиятынын тарыхын түзүү жолдору», «Жамбул жана эл акындары», «Абайдын идеялык маданий изденүүсү», «Абайдын өмүрү жана чыгармачылыгы», «Ф.М.Достоевский жана Чокон Валиханов», «Абайдын реализми жана элдүүлүгү», «Жомоктор», «Абайдын ырлары», «Козу-Көрпеш жана Баян Сулуу», «Кыз-Жибек» ж.б. мисал.

М.Ауэзов жеке казак адабиятын изилдебестен, мурдагы мезгилдеги советтик боордош элдердин адабиятын изилдөөгө да өзүнүн салымын кошкон чыгаан илимпоз. Ал белгилүү орус адабиятчысы М.Фетисов менен бирдикте 1959-жылы «Социалисттик улуттардын адабияттарынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү» деген макала жазышып, анда совет бийлиги мезгили жылдарындагы улуттук адабияттардын өнүгүшү, калыптанышы, азыркы мезгилдеги карым-катнашы, идеялык-эстетикалык бийиктиги тууралуу өз ойлорун ортого салышкан.

Окумуштуунун дагы бир өзгөчөлүгү улуттук маданияттын маанилүү проблемаларын иштеп чыккан эң бараандуу, ири, сейрек кездешүүчү изилдөөчү жана сынчы болуу менен бирге кыргыз, казак адабиятынын чыгармачылык өз ара байланыштарын өнүктүрүү жана чыңдоо ишине зор салым кошкондугу.

Окумуштуунун «Абайында» - жеке Абайдын өмүр жолу, чыгармачылыгынан кабар бербестен, ошол Абай жашаган коомдогу карама-каршылык, эл массасынын ой-тилек, үмүт, келечеги, кулк-мүнөздөрү тыгыз органикалык биримдикте сүрөттөлгөн. Башкача айтканда андагы окуялар 19-

кылымдын 2-жарымын чыгылдырат. Анткени бул мезгилде казак эли Россиянын составына толугу менен кошулуп, маданий-экономикалык-саясий жактан прогрессивдүү роль ойной баштаган эле. Бул процесс казак элинин Абай сыяктуу патриот уулдарынын маданий- демократиялык көз карашынын кеңейишине таасир эткен.

«Абайдагы» эң негизги конфликт атасы Кунанбай менен анын сөзүн сөздөгөн, камчысын көтөргөн бийлөөчү таптардын өкүлдөрү жана Абай баштаган эл массасынын ортосунда өтөт. Алгач ирет Абай атасына ачык каршылык кыла албайт, анткени анын тажрыйбасы аз, колунда бийлиги жок. Ошол үчүн өзүнүн сүйгөнү Тогжанга эмес, каалабаган Диллеге аргасыз үйлөнөт. Окуянын жүрүшү менен Абай атасынын зулумдугуна, адамгерчиликсиздигине күбө болуп отуруп, ага болгон жек көрүүсү тереңдегенден тереңдей берет.

Куу митайым Кунанбай балдарынын ичинен зээндүү Абайды мураскорлукка тандоодо өтө жаңылат, анткени Кунанбай уулунун акылдуулугун, акындык талантынын күчтүүлүгүн туура баамдап, сезгени менен, ошол кайталангыс таланттын бийлөөчү таптын эмес, карапайым эл массасы үчүн жумшалаары жагынан оюу тетири чыкканына катуу өкүнүп, ата-баланын ортосунда карама-каршылык күчөй баштайт.

Мындай реалдуу кырдаалдарды сүрөттөп жүрүп олтуруп, Абайдын ички мүнөзүнүн калыптанышын ынанымдуу берүүдө, Абайдын улам кийинки турмуш, тагдырын тереңден аңдап түшүнүүгө шарт түзүлөт. Романдын 1-китебинде Абайдын акындык өнөрү тууралуу сөз болбогон менен шыгынын өнүгүшү, ага акын Барлас Шеже менен жолугуп, анын идеялык мааниси курч, атасы Кунанбай менен Алтынбайдын бийлиги жана анын жорук-жосундары тууралуу ырлары күчтүү таасир эткендиги тууралуу сөз болот. Чындыгында бул обьективдүү көрүнүш. Анткени акын өзү руханий жактан өсүп жетилип, турмуштук тажрыйба жыйнаган мезгилде гана акындын кесипке багыт алган.

Жаш акындын турмуштук тажрыйба топтошуна кимдердин ким экендигин билип, таанышына романдын 1-китебиндеги уруу ортосундагы тынымсыз болгон чыр-чатактар да өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

Аталган китепте көп болбосо да орус элинин өкүлдөрүнүн образдары кире баштагандыгын чиновник Майыр менен адвокат Акбас Андреевичтен көрөбүз. Майырдын образы аркылуу казак менен орус элинин ортосуна от жаккан, алардын ар дайым араздашуусун көздөгөн падышалык колонизатордун образы берилсе, тескерисинче адвокат Акбас Андреевичтен кандай кырдаалда болбосун калыстыгынан жазбаган чынчыл адамдын образы көзгө тартылат. Анын үстүнө орус классикасы менен тааныш болуу тагдыры да ушул адамдын үйүнөн буюрган.

Ауэзовдун дагы бир чеберчилиги турмуш чындыгын көркөм чындык менен синтездей билгендиги Абай эл тагдырын ойлоп, ал үчүн күн-түн күйүп-бышып, канчалык аракет жасаса да аны революционердик даражага көтөрбөй, аны эл камын көрө билген агартуучу катарында реалдуу сүрөттөгөндүгү тарыхты бурмалабай так чагылдыра билгендигинен кабарлайт. Анткени ошол мезгилдеги казак коомунун шартында мындан ашып сүрөттөө мүмкүн эмес болуучу.

Романдын II китеби XIX кылымдагы казак элинин арасындагы тап күрөшүн жана Абайдын акын катары калыптанышын чеберчилик менен

сүрөттөп берет. Айрыкча Абайдын чыгармачылыгынын жаралышы, ага таасир эткен булактар, негизги тематикалары реалдуу сүрөттөлүп, чыгармачылык таасири жөнүндө сөз кылганда акындын Пушкин менен Лермонтовдон алган үлгүлөрү "Евгений Онегин" романын которушу буга күбө сыяктанат.

Жазуучунун 1952-1956-жылы жарыкка чыккан "Абай жолу", "Абай" романынын уландысы болуу менен Абайдын акындык өнөрүнүн кийинки жылдарына кошо казак элинин тарыхый тагдыры сүрөттөлөт.

Эгер "Абайда" акындын жекече турмушу, коомго болгон көз карашы сүрөттөлсө, "Абай жолунда" акындын эл массасы менен болгон байланышы, орус элинин маданий көркөм дөөлөттөрү менен жакындан таанып болууга жасаган аракети, ислам динине каршы чыгуусу, ички мүнөздүк жаңы сапаттарынын ачылышы, анын тегерегине талантту жаштарды топтошу, аларга устат болгондугунан жана революционерликке өсүп жетилбесе да, Россиянын бош тондукка чыгуу кыймылы менен таныш болуусунан көрүнөт.

Романдагы дагы бир жетишкендик Абайдын феодалдар менен болгон күрөшүнүн трагедиялуу окуялардын негизинде мүнөздөлгөндүгү. Жиренше менен Орозбай Абай менен ачык күрөшкө чыкса, Такежан менен Азимбай жашыруун күрөшүп, аны сүргүнгө айдатышып тынышат. Бирок Абай орус жергесинде да бул улуттун кедей өкүлдөрү менен таанышып, эки элдин өкүлдөрүнүн жакындашына жетишет.

Аталган романда Абайдын образын толуктоочу Даркембай, Базаралы, Дармендер бар. Булардын ичинен өзгөчө орун Даркембайга таандык. Анткени автор бул каарманды ар кандай эң маанилүү окуяларга катыштырып отуруп, анын образын эволюциялык процессте сүрөттөөгө жетишет. Жөндөп айтканда Даркембай алгачкы учурда Бөжөйдүн тилин алып, уруу намысы деп Кунанбайды атууга далбас урса, кийинчерээк Кунанбай ажыга кирип баратканда күнөөсүз өлгөн Коодар, андан жетим калган Дармен үчүн эл арасында Кунанбайдын эл үчүн жакпаган бүтүндөй кылык жоругун ашкерелеп, октон да күчтүү, адилеттүү сөздөрү менен мылтыксыз атып, бычаксыз мууздайт. Романдын акырында Даркембай, Базаралы, Дармендер эл массасынын ой-тилек, мүдөөсүн аткарып, жүзөгө ашыра билген каармандарга чейин көтөрүлөт. Муну менен жазуучу элдин типтүү, реалисттик, образдарын түзүүгө жетише алган чебер сүрөткер экендигин көрсөтө алды.

Базаралы "Абайда" чечкиндүү жигит катары берилсе, "Абай жолунда" карапайым калктын ишенимдүү жетекчиси, келечегине ишенимдүү караган адам катары сүрөттөлөт. Анын мүнөзүндөгү бул өзгөчөлүк ага турмуштук оор сыноолордон өтүшүнөн, сүргүндө жүргөндө орус достору менен болгон мамилесинен улам келип чыккандыгы да ынанымдуу берилет.

Достук темасы жөнүндө кеп кылганда чыгармадагы Абай менен Базаралынын достугу жөнүндө айтуу орундуу. Анткени Абай менен Базаралынын достугу бири-бирин сыйлап жактырышынан гана эмес, элдин тагдыры тууралуу кам көрүп, кызыкчылыгын коргошунан да көрүнөт. Такежан жалган жеринен Базаралыны кайрадан сүргүнгө айдатып жиберүүгө аракеттенип жатканда Абай аны куткарып калбайт, тескерисинче, Орозбайдын жалган ушагы менен падышалык өкмөт Абайды сотко бергени жатканда Базаралы бүт мүмкүнчүлүгүн жумшап акынды жалаадан сактап калууга

жетишет. Бул сыяктуу карапайым элдин Иса, Абыш сыяктуу өкүлдөрүнүн образдары көп, көркөм жана элестүү. Мындай образдарга орус элинин өкүлдөрү Михайлов менен Павловдорду да кошууга болот.

Романдагы дагы бир белгилөөчү жагдай казак аялдарына тиешелүү мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн реалдуу чагылдырылышы, Абайдын чоң энеси Зере менен Улжандын образдары бирин-бири толуктап турган образдардан экендиги. Анткени экөөнө тең тиешелүү болгон боорукерлик, акылмандык, турмушка туура багыт берүү, жол көрсөтө билгендик бир гана Абайдын энелери эмес, бүткүл казак калкынын элине тиешелүү касиеттерди алып жүргөн сыяктуу реалдуу чагылдырылган.

Романда казак кыздарынын образынан Тогжандын образы эсте калаарлык тартылган. Анткени Тогжан Абайдын алгачкы эле сүйүүсү болуп калбастан, бүткүл өмүрүнүн гүлү, анын Абайга болгон таза махабаты, жалындаган ички сезими романда ынанаарлык деңгээлде сүрөттөлгөн. Бир жери феодализм мезгилиндеги салт экөөнүн биргелешип өмүр сүрүүсүнө тоскоол болгондуктан, бири-бирине карата болгон жалындаган сүйүүнүн оту түбөлүк жашабай калат. Бирок Тогжан үчүн жоголгон махабатты Абай Айгеримден табат. Айгерим Абайды өз сүйүүсү менен гана багындыра албастан, акындык таланты менен да таң калтырат. Тогжандан ала албаган сүйүүнү, үй-бүлөлүк ынтымакты, бири-бирине түшүнүүнү Айгеримден алып, Абай Айгеримдин эркиндиги үчүн да күрөшөт.

Романдагы эң башкы каармандардын бирин атасы Кунанбайдын образы ээлейт. Анткени романдагы негизги өзөк окуялар атасы Кунанбай менен Абай жана анын досторунун ортосунда өтөт. Болгондо да ата менен баланын ортосундагы карама-каршылык жөн гана үй-бүлөлүк деңгээлде болбостон, таптык пикир келишпестикке чейин б.а. эски менен жаңынын ортосундагы конфликке чейин өсүп жетилет. Чындыгында Кунанбай өтө куу, карөзгөй карапайым, элди билиндирбей сүлүктөй соргон адам. Ал султандыгынан пайдаланып, элди гана эзбестен, билиндирбей түлкү сымал өзүндөй бай-бийлерге да кыянаттык жасаган өтө коркунучтуу адам. Өзүнүн кызыкчылыгы үчүн шарияттан да жол таап, динди пайдалана билгендиги Кодарды өлтүрүүдөгү өз күнөөсүн шариятка такап кутулуусунан, Мекеге баруусунан, Каркыралыга элди алдап мечит салдыруусунан да көрүнөт.

Кунанбай кандай гана эки жүздүүлүк кылып өзүнүн кара мүртөздүгүн көрсөтпөсүн баары бир анын күнү бүтүп, суусу түгөнүп бара жаткандыгы, анын ордуна келечектен көптү үмүттөндүргөн жаштардын келе баштагандыгы жазуучу тарабынан чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Аны Кунанбайдын Мекеге барып келгенден кийинки көз карашы ырастайт. Акыры кандай гана амал айла кылбасын баары бир аракети текке кетээрин сезген Кунанбай өз баласы Абай менен Аширге тескери батасын берет. Ошентип Кунанбай менен Абайдын ортосундагы кагылышта Кунанбай жеңилүүгө учурайт. Бирок бул жерде Абай толук жеңишке учурады деш кыйын. Анткени Кунанбай өлсө анын ордун басуучу Такежан, Искак, Майбасарлар эки жүздүү, митаам, кара мүртөздөр элди эзгендиктери жагынан Кунанбайдан ашса ашып, бирок кемибеген образдардан.

Канткен менен аты аталган ээүүчү таптардын коомдон алган орду мезгил өтүп, эл түшүнүгү кеңейген сайын жоголо баштагандыгы романда өтө чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Абайдын образын ачып берүүдө автор ар

кандай көркөм ыкмаларды колдонуу менен анын сырткы жана ички руханий дүйнөсүн, дүйнөгө болгон көз карашын элестүү таамай ачып бере алган. Чыгарманын сюжеттик-композициясы динамикалуу жана көп фабулалуу. Каармандардын образын ачууда пейзаждык каражаттар да өз орду менен колдонулуп, ар бир каарман өз мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу тил менен сүйлөшөт. Мунун өзү эле М.Ауэзовдун ар тараптуу, чебер сүрөткер экендигинин далили болуп эсептелет.

## Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги Казак адабияты

Гитлерге каршы согушууда эң чоң салымды казак адабияты, анын ичинен лирикалык жанр кошкондугун 90 жаштагы Жамбулдун “Ленинграддык уулдарым”, (5.09.41г. “Правда” М.Тарловскийдин котормосунда) “Большевик чындык жөнүндө”, “Воронеждин баатырларына”, “Балама кат”, “100 жаштагы жүрөктөн”, “Чепти алган баатырга” ж.б. ырлары орусча котормосунда борбордук басма сөз беттеринде жарыяланышы согушуп жаткан ар бир жоокердин курч куралына айлангандыгын, жада калса акындын ар бир жогорудагыдай чакырык ырлары үйдөгү үй кызматкерлеринин жүрөгүнө уялагандыгын ошол мезгилдеги орустун илимпозунан баштап акын-жазуучу, окурмандарына чейин эскерген эскермелеринен көрүүгө болот.[1]

Жамбулдун көркөмдүк эстетикалык деңгээли жогору мындай ырлары башка эл акындарына да күчтүү таасир эткен, ага мисал эң кары баатырдык эпос айтуучу Сенгирбаев тарабынан 40 миң ыр түрмөгүнөн турган баатырдык цикл “40 баатыр” эпосунун жазылып алынышы, Нурпеис Байганиндин элдик “Кабланды баатыр“, “Кутугул баатыр” эпостору, “Баатыр жөнүндө ыр”, “25” сыяктуу поэмалары жоокерлерди патриоттуулукка үндөөдө зор роль ойногон. Анткени Байганиндин “Баатыр жөнүндөгү ырында” Советтер Союзунун баатыры Тулеген Тохторовдун образы берилсе, “25”те Панфиловчу гвардеецтердин ичинен Нарсутбай Есбулатов сыяктуу реалдуу инсандын образы көркөм чагылдырылган. Мындай чыныгы баатырлардын көркөм образын жаратуу ошол мезгилде эпикалык жанрдын традициясына айлангандыгын жогорудагы эки поэмадан башка Калки Жапсарбаевдин “Мусабек Сенгирбаев”, (1942-1943) Абдигани Сариевдин “Капитан Гостелло” (1941) сыяктуу чыгармалары документалдык материалдарды камтуу менен жоокерлердин согуш учурундагы жасаган баатырдык иштерин көркөм жалпылап чагылтканынан көрөбүз. Мындан тышкары казак эл акындары согуш мезгилинде айтыш өнөрүн өөрчүтүп, эл аралашып элди өз эли-жерин активдүү коргоого чакырышкан. Үгүт, чакырык мүнөзүндөгү мындай чыгармалар бир гана акындар поэзиясына эмес, профессионал акындарга да тиешелүү болгондугун С.Мукановдун “Сок, күчтү аябастан,” “Фашизмге өлүм”, Ж.Мулдагалиевдин “Балдарды өлтүргөндөргө өлүм” сыяктуу ырлары

[1] Л.т.6.08.1946 «Правда», 4.12.1944, История Казахской ССР, стр.629, «Правда» 1.06.1942

фронттук газеталардын беттерине басылган чыгармалар далилдейт. Ал эми Токмагамбетовдун "Сүйүктүүм", "Күт мени", Мулдагалиевдин "Менин катымды көкүрөгүңө кыс", "Бир гана сенсиң сүйгөнүм," Абилевдин "Сен гана ишенчимди жоготпо!" ж.б. лирикалык ырлары фронттогу жоокерлер үчүн сүйүмөнчүлүккө ээ болгон.

Айрыкча Москва, Ленинград, Сталинград сыяктуу баатыр-шаарларга арналган А.Тажибаевдин "Бауржаны" Ата-Мекенин коргоочулардын ошол мезгилдеги гимнине айланган, мындай лирикалык ырларга Тажибаевдин "Жамал", Жароковдун "Ленин шаары", Гали Ормоновдун "Баланын жүрөгү", "Ак кайың", "Дуб", "Гүл", Аманжоловдун "Фронттон кат", акын партизан Ж.Саиндин "Партизандын ыры" (1942), "Партизан" (1943) ж.б. кошууга болот.

Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы күндөрүндө эле казак публицистикасы, прозасы, драматургиясы өз үндөрүн кошо баштагандыгын жаш сапер-фронтовик таланттуу публицист Баубек Булкишевдин "Жашоо, жаштык бизге тиешелүү", "Сүйүү жана карасанатайлык", "Кавказ ук" сыяктуу орус тилинде жазылган очерктери 1942-жылы "Комсомолская правдага" жарыяланган. Ал өзүнүн чыгармаларында Ата-Мекенин сүйүү бул адам баласынын ички гумандуулугун билгизээрин "Жашоо жана өлүм жөнүндө" статьясында мындайча берген: "Человек рождается, человек умерает. Это не горе. Это закон природы. На востоке у нас говорят: "Человек всегда был вечным гостем у жизни, но гостил недолго и уходил". Но человек в свой мир не просто приходит: он оставляет своему приемнику духовное наследство. Он приходит в жизнь человеком и уходит человеком. Мы гордимся тем, что нам дана жизнь, дана молодость, дана любовь, наконец, нам дана человеческое сердце. И мы любим жизнь.

Я знаю война обходится дорого. Война отнимает у нас огромное количество человеческих жизней. Когда-то человечство гордилось жизнью, повторяя слова великого Гете: "Наивысшее, что, мы получили от бога и природы-это жизнь.

У человека эту гордость не отнять. Пусть человеческий мир будет реальным миром. Во имя этого мы боремся, во имя этого мы не щадим жизни. Во имя жизни мы презираем смерть". (К.правда" 1.05.1942г.).

Ушундай идеядагы өзүнүн ойлорун корреспондент, жазуучу-фронтовик: Б.Момыш уулы, М.Гобдуллин, А.Сарсенбаев, С.Бакбергенов, А.Ауршанхов, Ж.Жумаканов ж.б. фронтук газеталарга өз чыгармаларын жарыялап турушкан.

Объективдүү себептерге ылайык казак прозасы согуш мезгилинде жогорку эпикалык жалпылоолорду кучагына алган идеялык эстетикалык деңгээли жогору роман, повестти жаратуу деңгээлге жеткен эмес. Болгону барыхый чындыкты сүрөттөөдөн алыстай албагандыгын биринчи жолу совет адамынын согуштагы образын чагылдырган Р.Мусреповдун "Казак баатыры" повестинен, М.Ауэзовдун "Конвейердик күчтүү ыр", "Ата мекен чакырса", Токмагамбетовдун "Орынбай кары" ж.б. очерктеринен, Мустафиндин "Шиганак" романынан көрөбүз. Мисалы: Шиганактын негизги каарманы-новатор таруучу Шиганак Берсиевдин согуш мезгилиндеги түшүм жыйноодо койгон дүйнөлүк рекорду көркөм жалпыланып жаңы адамдын образы түзүлөп. Мына ушунун өзүнөн эле согуш мезгилиндеги казак адабиятынын

кайсы жанрына кайрылбайлы документалдуулук мүнөздүү экендигин көрөбүз. Ага М.Ауэзовдун 1942-жылы улуу инсан демократ-акын Абайдын балалык жана жаштык чагына арналган "Абай" романынын биринчи китебинин чыгышы далил.

Ал эми казак драмасы үчүн чоң жаңылык 1941-жылы Казак Академиялык Театрынын курулуп ишке кириши болду. Согуш жылдары мезгилдин талабына ылайык "Чапаев", "Козголоң" (Фурмановдун), Треновдун "Любовь Яровая", М.Ауэзовдун бир актылуу генерал Панфиловдун образын берген "Сыноо мүнөтүндө", "Гвардиянын кадыр-баркы" сыяктуу пьесалары, Ч. Валихановдун өмүрү-чыгармачылыгына арналган С.Мукановдун "Арнады жибн", (1944 г) Хусановдун "Амангелди" сыяктуу тарыхый пьесаларынын жазылышы согуштан кийинки драматургиянын өнүгүшүнө түздөн- түз түрткү болду.

**Сабитжан Муханов** - акын, прозаик, драматург, адабиятчы, казак адабиятынын негиздөөчүсү. С.Муханов Акмолин областынын Кызыл-Жар уездиндеги Таузар болушунун экинчи айылында 1900-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. 10 жашынан тоголок жетим калып, көрүнгөндүн колунда кара курсактын айынан жалданып иштеп күн өткөргөн. Дээринен зирек Сабит айылдык молдодон билим алып, казак, татар адабияттарын окуганга жарап калган. Бирок ал билимди Улуу Октябрь Революциясынын жеңишинен кийин Омскидеги (1918) айылдык мугалимдердин курсунан, кийин Оренбургдагы рабфактан (1923-26-жыл), Москвадагы адабият инстититунан (1931-35-жыл) алат. Совет бийлигин орнотууга жана чыңдоого активдүү катышат жана анын ырлары 1917-жылдан баштап басма сөздөргө басыла баштайт. Ырларынын негизги темасы жаңы заман, аны чыңдоого арналгандыгы "Кедей", "Октябрдын кечүүсү" поэмаларынан көрүндү. Айрыкча 1928-жылы ыр менен жазылган романы "Сулуу чач" элдик сюжеттин негизинен алынып жазылып, бири-бирин сүйгөн эки жаштын образы кедей Алтай менен сулуу кыз Сулуу чач өз сүйүүсүнүн эркиндиги үчүн күрөшүүдө курман болгондуктары баяндалат.

Биринчи аңгемеси "Уйкуда" (1922) буржуазиячыл улуттук алаш ордочулардын феодалдык байлар менен болгон мамилесин сактап калууга жасаган аракети чагылдырылган. С.Муканов жазган көптөгөн аңгеме, повесть, романдардын ичинен "Менин мектебим" автобиографиялык романын өзгөчө белгилөөгө болот. Кийин ал романды "Мектеп турмушу" деген ат менен 3 томдук кылып жазып чыккан. "Балван-Шолак", "Бото көз", "Сыр-Дарыя" романдары жазылган.

"Сыр-Дарыя" романында Казакстанда дың жерлерди өздөштүрүп күрүчтөн мол түшүм алуу, маданиятты жайылтуу сыяктуу социалдык маселелер козголот. Романдын негизин түзгөн каармандар: орус жана казак элинин өкүлдөрү, алдыңкы колхозчулар, интеллигенттер б.а. күрүччү Сырбай, инженер-ирригатор Полевой, райкомдун секретары Рахмет, жаш адис инженер-ирригатор Байжан Бектасов жана анын аялы врач Гүлжар, Украинадан келген агроном Наташа Полещук, Самаркандык агроном ж.б.у.с. Романдагы окуялар Кызыл Ордо областында. Москвада. Москванын алдындагы фронтто, Ленинграддын алдында, Алматада өтөт. Романдын негизги темасы достук.

Автобиографиялык "Мектеп турмушунун" биринчи эки китебинде жазуучунун балалык, жаштык чагы сүрөттөлсө, экинчи китебинде казак элинин улуу таланттары Жабайдын, ырчы Мырзатай Казыевдин өмүрү чыгармачылыгы баяндалса, үчүнчү китебинде Улуу Октябрь Революциялык жеңишинен кийинки окуялар тууралуу б.а. 1936-жылдын экинчи жарымына чейинки окуялар чагылдырылат. Анткени ушул мезгилге чейин С.Муканов Казакстанда жашаган. Аталган үчилтиги Абай атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.

Ошондой эле С.Муканов тарабынан Казакстандагы граждандык согушту чагылдырган "Жеңиш күндөрүндө", тарыхый инсандардын турмушун сүрөттөгөн улуу окумуштуу саякатчы Ч.Валихановдун образын ачып берген "Ч.Валиханов", "Байкоосуздан өткөн метеор" романы 1970-жылы "Жылдыз" журналына жарыяланган. Андан тышкары жазуучу өзүнүн бир нече очерк, аңгемелери менен да казак адабиятына салым кошкондугу менен баалуу.

## Азыркы мезгилдеги жаңы казак адабияты (60-жылдар)

60-жылдардагы казак адабияты согуштан кийинки элдерди жогорку духта активдүү тарбиялоо менен бирге реалдуу чындык менен көркөм чындыкты айкалыштырып, жаңы адамдын ички адеп-ахлагын чагылдырууда дасыгуу менен бир топ ийгиликтерге жетти. Андай ийгиликке М.Ауэзов "Абай" роман-эпопеясынан кийин "Жаңы уруу" (1965) романы менен чыгып, роман жанрындагы өзүнүн чеберчилигин көрсөтө алды. Романдын жаңылыгы казак улутунун мүнөзүндөгү жаңылануу процессин кенен планда баяндап бергендиги болду. Романдын негизги темасы - адамдын моралдык облиги-кебете-кешпири, ички дүйнөсүнүн бийиктиги, эмгекке, коллективге болгон мамилеси болсо, негизги пафосу ошол кездеги жанлуу кыймыл болду. М.Ауэзовдун дагы бир чеберчилиги Казакстандагы советтик адамдын жаңы коомду куруудагы жалпы индивидуалдык, улуттук, интернационалдык өзгөчөлүгүн эпикалык планда чагылдырып берүүсүндө. Ошондуктан романдын негизги каармандары - үч муундагы райондун өкүлдөрү. Болгондо да турмуштун бардык процессинде жанып үрөп киришкен активдүү каармандар б.а. ар бир муун өз иши менен алек. Мисалы: чабандары мал багуу, карылар жана энелер үй иши, партиялык башкаруучулар райондогу, областагы иштерде багыт берүү менен алек болуп, романдагы окуялар мына ушулардын айланасында өнүгөт.

Ауэзовдун жетишкендиги чыгарманын идеялык композициясынын ачыктыгы, бир муундагы адамдардын коомдогу ордун өздүк тагдырларын айрыкча жут мезгилинде даана көрсөтүп бергендиги, чабандар Касай, Даукен, Жаксымбет, Садыктардын райисполкомдун председатели - Жарасов жана райкомдун секретары Есентаевдин жуттан аман калуу үчүн биргелешип жүргүзгөн иштеринен көрүнөт. Ошол мезгилдеги казак кыздарынын трагедиялык тагдыры Айсулуунун образы аркылуу чагылат. Анын эски салттын залдарынан тебеленген тагдыры эртеңки күнү баары жуулуп,

келечеги алдыда экендиги айкын сүрөттөлгөн. Кээ бир өзүн "партиянын ишенген адамымын" деп эсептегендердин образын (Мисалы: Социалисттик Эмгектин Баатыры райком партиянын секретары Мухит Калбаевдин) берүү да М.Ауэзовдун көңүлүнүн сыртында калган эмес. Өкүнүчтүү жери аталган романдын бүтпөй калышы болгон менен автордун бул чыгармасы өзүнүн новатордугу, болгондо да өз мезгилин, заманын ар тараптан терең чагылдыргандыгы менен баалуу.

60-жылдардын дагы бир темасы - граждандык согуш, совет бийлигин куруу, индустриялаштыруу, маданий революция ж.б. болгондугу Мустафиндин "Бороондон кийин" же "Шексиз", "Караганда", Мусреповдун "Ойгонгон өлкө", Есенжановдун "Яик-ачык дайра", Нурпеисовдун "Кан жана тер", Токмагамбетовдун "Ата-бала" чыгармаларынан көрүнөт.

Есенжановдун "Яик-ачык дайра" роман үч илтигинде башкы каарман Яиктин граждандык согушта дос ким, душман кимдигин, чындыкты большевиктерден көргөндүгү, үйрөнгөндүгү, таптык согушта ар бир адамдын адамдык жүзү ачылып көрүнөөрүн, адамды жамандык менен жакшылык эриш-аркак тарбиялаарын аталган каармандын ички жана сырткы мүнөзү аркылуу окурмандын сезимине жеткире алган. Албетте, Яиктин тегерегиндеги большевик Абдрахман Айтиев экөөнүн, ата-бала Жунус, Хален сыяктуу куу митайым душмандар "Алаш" ордонун башчылары эки бир тууган Досмухамметовдор, Султан Каратаев, генерал Михиевдер менен күрөшүүсү да автордун көз кырында калган эмес. Есенжанов өзүнүн үч илтигинде совет доорундагы улуттук мүнөздүн калыптануусун байыркы өткөн тарыхый турмуш, анын этнографиясы менен тыгыз байланышта сүрөттөп берген.

Андан кийинки чыгарма 40-жылдардагы казак элинин турмушун чагылдырган Мустафиндин "Шексиз" (1964). Андагы партиянын идеяларын жайылтуучулар, коммунисттер Жумабек, Ералин Кульпаш, Хасен, Аухан сыяктуу жумушчулар менен революциялык этапты элге жеткирүүдө зор роль ойногондугу эпикалык планда сүрөттөлсө, Нурпеисовдун "Кан менен тер" роман үч илтиги - орус купеци Федоров менен казак балыкчыларынын ортосундагы социалдык конфликттер, балыкчы Елемандын акыры Федоровдун жасаган ырайымсыздыгына чыдабай эл тагдырына күйүп бышып аны өлтүрүүгө чейин баргандыгы, деңиз, ак көңүл, берешен гана болбостон жардамсыз балыкчылардын өлүмүнө да, себепкер экендиги аталган романда кенен планда сүрөттөлөт. Балыкчы темасына А.Сарсибаев "Капитандын баласы" повестинде (1961) да кайрылган. Андан кийин Зеин Шашкиндин "Темир-Тау" (1960), Т.Алимкуловдун "Боз ат" (1962), мал чарба темасына арналган Т.Николаеванын "Жолдогу согуш", Д.Гранпндин "Издөөчүлөр", Кочетовдун "Тууган Ершовдор", Тахави Ахтановдун "Буран" (1967) жана ар кандай темаларга арналган көптөгөн авторлордун очерктер жыйнагын атоого болот.

Ал эми поэзия жанрынын 60-жылдардагы негизги темасы эмгек жана гүлдөгөн Казакстан болгондугун М.Алимбаевдин "Менин Казакстаным", Жансүгүровдун "Талаа" поэмаларынын идеялык мазмуну далилдейт. Ал эми бул темаларга караганда Мулдогалиевдин "Жесирлер турмушу" поэмасы өзүнүн лиро-эпикалык мотивде жазылып, мурунку заманда бай-бийлердин запкысынан жесир атка конуп, көрбөгөн кордукту тартышы, Айшанын жаңы заманда жаңы коомдон өз ордун табышы, сюжеттик окуяларга байлыгы

менен башка поэмалардан өзгөчөлөнүп турат. Мындай караганда Айшанын турмушу казак элинин тарыхый доору, турмушу менен тыгыз сүрөттөлгөндүгү поэманын идеясынан ачык көрүнөт. Баарынан да Айшанын Мулдашка болгон сүйүүсү, Уразга болгон достук мамилеси казак элинин канына, аң-сезимине сиңген адамгерчилиги, ар-намысы көркөм жалпыланган. Бирок ушундай жетишкендиги менен поэмадагы кемчилик: сюжеттин узундугу, окуялардын баш-аламандыгы, кээ бир образдардын сөзсүз шарттуу түрдө кирип калышына карабастан поэма өз мезгилинин жүгүн көтөрө алгандыгы менен эсте калат.

Аталган жылдарда өзүнүн философиялык тереңдиги, ачыктыгы, социалдык диапозонунун кенендиги менен өзгөчөлөнгөн поэма А.Тажибаевдин "Портреттери" болду. Поэманын сюжетиндеги окуялар лирикалык каармандын баяндоосу аркылуу башкы каарман - паровоздун машинисти душмандар менен салгылашууда ок тийип өлсө, анын тракторист иниси тап душмандары тарабынан, карындашы согушта өлүп, калган үй-бүлөсү согуштун кыйынчылыктарын тартышат. Тажибаевдин бул поэмасы Абайдын индивидуалдык жана типологиялык гуманизмин, лиро-эпикалык традициясын улантуу менен казак поэзиясында жаңы тарыхый доорду ачкандыгын белгилөөгө болот. Дагы бир белгилөөчү нерсе аталган жылдарда поэмада тарыхый инсандарга кайрылуу күчөгөндүгүн Д.Мулдагалиевдин Муса Жалилге арналган "Маобит тетрады", К.Эргалиевдин атактуу импровизатор, акын, композитор, ырчы Курмангазыга арналып анын жаркын көркөм образын чагылткан "Курмангазы", О.Сулаймановдун патриотизм темасына арналган "Жер адамга жүгүн" поэмасында Ю.Гагариндин өлбөс-өчпөс баатырдыгы, космосту багындырышы сүрөттөлгөн.

60-жылдары жазылган казак лиро-эпикалык жанрдагы поэмаларына Тажибаевдин "Шайтан" сатиралык, Мулдагалиевдин драмалык "Ыр өлбөйт", Саргонбаевдин "Уулум жөнүндө ой" ж.б. кошууга болот. Өз мезгилинин талабына ылайык партия темасына арналган Сырбай Мауленовдун "Жердин сүтү" (1965) поэмалары менен бирге Алимкуловдун, Тажибаевдин, Алимбаевдин эмгек, ата-мекен, эл жер, сүйүү темасына арналган бир нече ырларын көрсөтүүгө болот.

Жаңы заман жана анын жетишкендиктери проза, поэзиядай эле драматургиядан да байкалгандыгын Ш.Хусейновдун чындыкты калыбына келтирүүдөгү Лениндик нормалардын ролун берген "Кечээ жана бүгүн", (1956) "Рабига" ,(1960) Т. Ахтановдун "Сауле" (1962) жана замандаштардын турмуштук кагылыштарын, ички психологиясын ачып берген Тажибаевдин "Бирдей ойлоочулар", (1963) нравалык темага арналган А.Абишевдин "Менин атам ким?", Т.Мусреповдун "Сен кантет элең?", С.Адамбековдун "Күн жана көлөкө", К.Мухамеджановдун "Шапка алдындагы карышкырдын баласы" жана улуу инсандарга арналган С.Мукановдун "Ч.Валиханов", Тажибаевдин "Майра", З.Шашкиндин "Заман ушинтип башталган" жана комедия жанрындагы Мухамеджановдун "Кайнене келди", Сатыбалдиевдин "Эл алдындагы сүйүү", "Каардуу ит", Тажибаевдин "Той алдында" драмалары кийинки жылдардын драмаларынын өнүгүшүнө жана идеялык тереңдешине түздөн-түз түрткү болду.

# Түркмөн адабияты

Түркмөнстан 1921-жылы 7-августа Түркстан АССРинин составында Түркмөн областы катары уюшулган. 1924-жылы 27-октябрдан Түркмөн ССРи. Орто Азиянын түштүк батышында, түндүгүнөн казак, түндүк чыгышынан өзбек, түштүк чыгышынан Афганистан, түштүгүнөн Иран, батышынан Каспий деңизи менен чектешет. Аянты 488,1 миң км, калкы 80-жылдын эсебинде 2759 миң. Борбору - Ашхабад

Түркмөндөр оозеки чыгармачылыкка өтө бай. Ошонун ичинен жөө-жомоктор көрүнүктүү орунду ээлейт, жанрлык жактан: айбанат, сыйкырдуу-кереметүү же фантастикалык новеллалык же турмуш-тиричилик болуп бөлүнөт. Дагы бир айырмачылыгы жөө жомокторунда индия, иран, түрк элдерине ортоктош сюжеттер орун алгандыгы. Түркмөн фольклорунун ири эпостук формасы - дастан болуп саналат да чыгышы жагынан: китептик, фольклордук болуп бөлүнөт. Биринчи китептик дастандардын чыгыш тегинин сюжеттик өзөгүн чыгыш адабияты болуп саналган араб, перси жомокторунун кайрадан иштелип чыгышы түзүп, ага түрктөрдө кезиккен «Лайли менен Мажнун», «Юсуф менен Зулайка» ж.б. кирет.

Экинчи сюжеттик өзгөчөлүк жергиликтүү легенда, жомоктордун негизинде түзүлүп улуттук колорит ачык чагылдырылат.Ага мисал: «Шасеним менен Гариб» 1587-1628-жылдары Сефевид династиясынын мезгилиндеги Абас шахтын бийлиги учурунда жаралган укмуштуу окуялуу, сүйүү темасындагы дастаны. Илимий булактарда аталган бул дастанда Борбордук Азиянын территориясында жашаган көптөгөн улуттардын огуз урууларына тиешелүүлүгү, ушундай эле огуз уруусунун пайда болушу, Огуз кагандын жүргүзгөн иштери жөнүндө баяндаган «Огузнаме» эпикалык чыгармасы да түркмөн адабиятында чоң роль ойнойт.

«Огузнаме» – Огуз түрктөрүнүн түпкү атасы менен мифтик бабасы Огуз каган (Огуз кан) жөнүндө эпикалык чыгарма»[1] дешсе, кээ бир адабиятчылар: «Огузнаме» (Огуз жөнүндө жомок), «Огуз каган» эпосу – текши түрк калктарынын баарына бирдей тиешелүү эпостук чыгарма» дейт. Ал эми маркум адабиячы Ж.Шериев: «Огузнаме» мифологиялык ары көркөм, ары тарыхый чыгарма. Бул чыгарма кара сөз, проза түрүндө жаралган көркөм чыгарма экендиги талашсыз, бирок адаттагы кара сөздөн айырмаланып, ал белгилүү бир ыргакка келтирилип, сөздөрдүн ички уйкаштыгына салынган учкул, жорго сөз менен жазылган. Ошол себептүү кээде аны «Огуз ыры» же «Огуз кагандын» аскердик иштери, баатырдын кан майданындагы согуштук эрдиктери чагылдырылган ыр деп да айтсак болот. Анткени, андагы негизги маселе – элдерди биримдикке, эрдикке, адамгерчиликке үндөө, калкты тышкы душманга каршы күрөшкө чакыруу»[2] экендигин белгилейт

Чындыгында эле «Огуз каган» жөнүндөгү дастан мурдатан бери аалымдарды кызыктырып келгендиги маалым.

Айрыкча кайра куруу заманы башталгандан бери өзгөчө илимий чөйрөнү бул дастандын тарых таржымалы кызыктырууда. Ошого

---

[1]Кыргыз совет энциклопедиясы. Фрунзе. 1979, 450 –бет.
[2]Ж.Шериев. Байыркы жана орто кылымдагы түрк адабияты. Б.1996.61-бет

байланыштуу 1987-жылы Рашид ал-динге таандык «Огузнаменин» Стамбулдагы түп нускасы илимий жагынан кайрадан каралып Баку шаарынан чыкса. 1988-жылы казак илимпозу Кулмат Өмуралиевдин «Огуз кагандын тили» деген эмгеги Казакстандан чыгат. Ал эми кыргыз тилинде бул дастан толук түрдө которулуп чыкпаса да Ч.Өмуралиев 42 түрмөктөн турган үзүндүсүн, акын Абдылда Карасарт уулу дастандын айрым жерлеринен таржымалдап «Заман Кыргызстан» газетине басып жарыялады. Мындан тышкары Абылгазынын варианттарынан «Кыргыздар» жыйнагында да бар. Ошентип Кыргыз адабиятында «Огузнамени» которуу, ага илимий маанайда мамиле жасоо бизде солгун. Бирок канткен менен түрк элинин байыркы тарыхын үйрөнүү кайра куруу заманынын башталышынан бери жандануу процессине ээ болду десек жаңылышпайбыз.

Кийинки мезгилдерде кыргыз адабиятында кызыгууну туудурган «Огузнамени» изилдөө б.а. байыркы түрк элинин тарыхын изилдөө, мейли анын тарыхый түпкү теги мифологияда чагылабы, мейли элдин көркөм ойлоосунда масштабдуу чагылабы, канткен күндө да түрк элинин байыркы тарыхы ушул күнгө келип жеткендигинин өзү баалуу казына. Мына ошондой казыналардын бири, «Огузнаме» б.а. байыркы коомдо түрктөрдүн тарыхын чагылдырган эпикалык чыгарма. Бул көз караштан алганда Абдаллахтын «Коркут ата китеби» да байыркы Түрк элинин тагдырын чагылдыргандыгы менен өзгөчөлөнөт. Анткени анда Өгүз урууларынын чыгышы, таралышы, тарыхый тагдырлары, жашоо тиричилиги, салт-санаасы, үрп-адаты жөнүндө ыр түрүндө, айрым элдерде кара сөз түрүндө кездешет.

Бүгүнкү биздин кыргыз адабияты байыркы адабияттын тарыхына суусап турган мезгилде «Огуз намелер» тууралу болгондо да алардын варианттарын бөлүп көрсөтүү, аларга анализ жасоо студенттер жана адабият сүйүүчүлөр үчүн керек материалдардан. «Огуз намелердин» түп нускасы колдо болбогондон кийин биз сөз кыла турган материалды илимий-теориялык булактардан жана Көр уулунун көз карашын таяныч кылуу менен Ч.Өмуралиев, Абдылда Карасартов, профессор Ж.Шериевдин илимий ой-пикир, таржымалдарын негиз кылуу менен чечмелеп берүүгө аракеттенебиз.

«Огуз наме» түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгында мүнөзү жагынан:1) Ирандык 2) Түрк - Огуздук деп бөлүнүп кетет.

Иран маданиятынын элементтери түрк элдеринин оозеки чыгармаларынан болуп эсептелген эпикалык жанр, тактап айтканда жомок, дастандарда сакталып калса, ал эми түрк – огуз компоненти фольклордун бардык жанрларына өзгөчө лирикалык ырлар менен эпосторго мүнөздүү.

Түрк элдеринин ичинен өзгөчө огуз-түркмөн уруулары кайсы гана элдик оозеки чыгармаларында болбосун генеалогиясына мүнөздүү белги катары жөө жомок, жомок, миф, легендаларында өзүлөрүнүн биринчи башкаруучусу Огузхан (Огузкаган) жөнүндө айтып, баяндап келишкен. Бул адабий чыгармалардын бардыгы ошондуктан ошол мезгилдерден бери «Огузнаме» термини менен аталып бүткүл түрк элине таркалып кеткендиги баарына маалым. Биринчи «Огуз наме» түрк элинде өгүз – түрк уруусунан чыккан Египеттик тарыхчы Абу-Бакир бин Абдаллах бин Айбек ад-Давадари XIV кылымда б.а. 1309-жылы араб тилинде «Даңкталгандардын тарыхындагы каухарлар» чыгармасынан үзүндү жарыялайт. Бул тарыхчынын айтуусуна караганда Абу Муслим Хорасандын казынасынан орто кылымдагы

персн тилинде жазылган белгилүү Мервидеги сасанилик вазир Анушраван (531-579-жылдарда бийлик кылган) Бузуруг-Михру Бахтаган Фарсиге таандык китеп табылган. Ал түркчөдөн которгондо «Слово Улухан ата битигчи» же бизче айтканда «Башкаруучу атанын Улуу сөзү» деп аталган эпикалык чыгарма болгон.

Халиф Харун ар-Рашид (763-809) бийлик жүргүзүп турганда арабчага Багдаддык сириец Жебраил Бахтаяш таржымалдаган экземпляр биз жогоруда эскерткен Абу Бакир тарабынан пайдаланылган.

Андагы легендада Огуз кан Алп Арслан Балаажугу татар уруусунан чыгып, балалык чагында көк жал карышкырдын тарбиясында чоңойгон деген уламышка таянылган.

Абу Бакирдин баяндоо хроникасы боюнча, «Огузнамеде» Жалгыз көз жөнүндө айтылат, ал баян кийинчерээк «Коркут атанын китебине» киргизилгендиги жөнүндө төмөндөгүдөй эскертилет: «Түрктөрдүн арасында кеңири таанымал китеп «Огузнаме» аталат. Анда түрк урууларынын алгачкы общиналык коомдогу турмушу жана алардын биринчи башкаруучусу Огуз жөнүндө баяндалат жана ал жогорудагыдай эле белгилүү баатыр жана «Жалгыз көз» деген адамдын турмуш окуялары, б.а. ал түрк өлкөсүн кырып-тонон гана тим болбостон эң улуу, көрүнүктүү адамдарын өлтүрүп жок кылгандыгы эскертилет.

Бирок ок менен атса өтпөгөн, сууга салса чөкпөгөн Жалгыз көз баатырды эң жакшы уруудан чыккан күчтүү, баатыр Арустун баласы Басат өлтүрөт. Себеби өзүлөрүнүн эле арасында тең өскөн, күч жагынан өзү теңдүүлөргө жеңдирбеген намыскөй баатыр кыздын сураныч Басатты Жалгыз көз баатырды өлтүрүүгө түрткү болсо, экинчиден, Басат бул баатыр кызды күрөштө жеңип чыгып атасына сүйүнчүлөйүн деп келсе, атасынын: - «Ии, мен, Жалгыз көздү өлтүрдүм – деп сүйүнчүлөп жаткан окшойт десем, кызды жеңгендигиңди сүйүнчүлөп жаткан турбайсыңбы!» - деген какшыгы Басаттын намысына тийип, аны өлтүрүүгө себепкер болгондугу баяндалат. Бирок алардын кантип күрөшүп жана кандайча Басаттын Жалгыз көздү өлтүргөндүгү окуянын андан аркы уландысында берилет.

«Огуз наменин» XIV кылымда уйгур тамгалары менен жазылып Париждин улуттук китепканасында сакталган жападан жалгыз экземплярындагы картиналар мифке өтө жакындыгы менен айырмаланат. Анткени андагы окуялардын өнүгүшүнө караганда түрк элинин байыркы салт-санаа, үрп-адаттары чыгарманын эки бөлүгүндө сүрөттөлөт. Биринчи бөлүгү жалаң мифтерден турса, экинчисинде Огуз каган жана ал башкарган байыркы түрк урууларынын согуштук жүрүштөрү баяндалып олтурулат.

Эскерге кетүүчү жагдай, эстеликтин автору башкы каарман Огуз кагандын жаралышын - энесинин көзүнө жарыкчылыктын назарынын түшүп, бүт тулку боюна сиңген касиетинен улам боюна бүткөндүгүн, ошондон улам Огуз кагандын бети - көк, оозунан кызыл алоо жалын чыгып тургандыгын, көзү нурлу кызыл, чачтары капкара болгондугу, бул касиеттүү керемет Огуз кагандын балдарында андан ары улангандыгын белгиленет.

Ал эми анын сырткы түзүлүшүнө караганда келечектеги баатырдын буту буканын, бели карышкырдын, ийни буйволдун, көкүрөгү аюунун б.а. тотемдик карышкырларга окшош болгондугу белгилүү. Ошондуктан Огуз каган чабуулдарга чыгуу алдында өз уруусуна жана жигиттерине: «биздин

жоо-жарагыбыз жаа менен жебени жана өзүбүздү көк жал карышкыр колдоп, жолубузду ачсын» – деп бата тилечү экен. Анткени көк жал карышкыр Огуз каганга кыйынчылыкта жол көрсөтүп багыт берип, андан тышкары күндүн жарыгы аны дайыма коштоп жүрүп олтурган делинет.

Уйгур кол жазмаларындагы мифологиялык бөлүгүндө Огуз кагандын айрым касиеттүү күчтөр менен күрөшкөндүгү эскертилет. Ошонун бири киши жегич жырткыч менен болгон күрөшү. Эч кимдин күчү жетпеген бул касиеттүү жырткычты өлтүрүү үчүн ага каршы Огуз каган бир күнү жаа, жебе, канжар жана кылычын алып жолго чыгат. Ал токойго жеткенде касиеттүү жырткычты сыноо амалында маралды кармап аны жыгачка байлап коюп, эртең менен келсе, киши жегич ат аны алып кеткендигин көрөт. Эртеси аюуну кармап, белине чейин арчага ороп бекитип, кечкурун кетип, эртең менен келсе, аны да киши жегич ат алып кеткен болот. Үчүнчү күнү өзүнүн сөлөкөтүн жасап даракка берки экөөндөй кылып байлап коюп түндөсү ошол жерде акмалап отурат. Бир маалда киши жегит ат келип Огуз кагандын сөлөкөтүн жейм деп жатканда кылычы менен башын кесип өлтүрөт.

Бул окуядан эч кандай ашыра салыштырууларды деле байкабайбыз. Болгону кадимки укмуштуу, кереметтүү жөө жомоктордогу эле сюжеттик өзөк берилет.

«Огузнамедеги» мифологиялык көркөм мурастарга карап булардын ар кандай мезгилде, убактарда жаралгандыгын көрөбүз. Анткени бул мифологиялык материалдарда түрк урууларынын (чыгышына) пайда болушуна чейинки элдик оозеки чыгармачылыктардын кездешкендиги байкалат. Мисалы Огуз каган менен жалгыз мүйүздүү жырткыч айбандын күрөшү жана тулку бою жезден болгон жырткыч менен болгон салгылашуунун өзү жездин пайда болушу, алгачкы общиналык түзүлүштөгү өндүргүч күчтөрдүн бөлүнүшүнөн кабарлагансыйт.

Адабий мурастын (эстеликтин) экинчи бөлүгүндө адамдар жана Огуз кагандын согуштук чабуулдары реалдуу картиналар аркылуу берилет б.а. адам мүнөздөрү турмуштук деталдарды камтыган эпикалык сүрөттөөдөн тарыхый мүнөзгө өтөт.

Конкретүү айтканда Огузду башкаруучу катары көрсөтүүдөн мурда анын башкаруучулукка татыктуу сапат, мүнөздөрүн жана кудуреттүү касиетин, деги эле эркектерге таандык сапаттардын бири – баатырдык өзгөчөлүктөрүн реалдуу баяндаган. Баатырдык жөнүндө сөз болгондо Огуз каган өзүнүн баатырдыгын жаш кезинен эле жырткыч айбандар менен күрөшүү аркылуу көрсөтө алгандыгы бизге жогоруда маалым эмеспи.

Ал жаш кезинен асман сулуунун жүрөгүн багындырып, андан: Күн, Ай, Жылдыз сыяктуу үч уулдуу болсо, жер сулуу менен болгон байланышан кийин: Көк, Тоо, Деңиз сыяктуу уулдуу болот. Баатырларга тиешелүү ушундай атрибуттарга таянып аны Каган аташкандыгы бекеринен эмес жана андан аркы окуяларында элдик-эпикалык традиция сакталуу менен улантылгандыгын Огуз кагандын эң чоң той берерден мурда айыл аксакалдарын чакырып кеңеш сурашынан б.а. бул салттык формуланын түрк – огуз элинин оозеки эпикалык чыгармаларынан болгон «Коркут ата китеби», «Гөр уулу», «Жусуп жана Ахметтерде» уланышынан көрүүгө болот. Б.а. бул жерде эпикалык апыртып сүрөттөөлөр жок тескерисинче баяндоо эң жай формада өнүгүп отурат.

Кыскача айтканда бул жерде түркмөн урууларынын ортосундагы мамиленин түзүлүшү, аксакалдар кеңеши жана ар бир уруунун чабуулга чыгаар алдында өзүлөрүнө башчы тандашы жана дайындашы сыяктуу маселелерден тышкары Огуздун өзүн-өзү каган көрсөтүп, ага каршылыксыз элдин баш ийишин талап кылышы, кимде-ким анын сөзүн эки кылса, сөзсүз башы кесилээри эскертилет. Мындай өкүмгө каршы чыккандарды чыныгы өлүм жазасы күтүп тургандыгы урум каган окуясынан кийин бүткүл каганга дайын болушу мунун айныткыс далили.

Огуз кагандын чабуулу ар дайым жеңиш менен аяктай тургандыгы коңшулаш урууларды жеңип өзүнө каратуусунан б.а. Муз тоодон Индияга жана Иракка чейинки аралыкты өзүнө багындыргандан кийин өзүнүн алты уулун алдына чакырып: бүткүл түрк – өгүз элинин, Көкө Теңирдин алдында өзүнүн ардактуу милдетин аткарып, элин душмандардан коргоп келгендигин айтып, уулдарына өзүнүн башкаруучулугун парз катары өткөрүп бергендиги реалдуу маанайда баяндалып. Огуз кагандын образы өзүнүн тарыхый реалдуулугу менен алдыңкы планга чыгат.

Биз сөз кылып жаткан уйгур вариантындагы «Огузнаме» эң байыркы эпикалык образдардын пайда болушунда, жаралышында зор мааниси бар салттык формадагы эстелик болуп эсептелет. Мисалы: «Огузнамедеги» баатырдын чоңоюшу тууралуу сыйкырдуу кереметтин б.а. баатыр төрөлгөндө эле энесинин сүтүн бир ооз ийип эмбей коет да чийки эт жеп, шарап ичип сүйлөй баштайт. 40 күндүн ичинде саат, минут сайын чоңоюп, басып, ойноп башташы түрк урууларынын башка эпикалык чыгармаларында да кездешет. Мисалы Манасты алсак болот.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, «Огузнаменин» уйгур варианты башка варианттардан өгүз этнониминин – уруулардын - 24 өгүз уруусунун жоктугу же алардын аттары аталбай эле Өгүз кагандык жортуулдарынын сүрөттөлүшү, Өгүз каган өзүн уйгурлардын каганы атап дүйнөнүн төрттөн бир бөлүгүн бийлеп турушу, бул деген VI-XI кылымдагы түрк урууларынын үч жолу биригип эң кең аймакты – Түркстандан Африкага чейинки территорияны ээлеп, каганат түзүлүшү сыяктуу тарыхый окуялар менен байланышта тургандыгы А.М.Щербактын гипотезасы менен кандайдыр бир деңгээлде байланышы бардай сезилген адабий мурастагы окуялар архаикалык мүнөздө экендиги менен өзгөчөлөнөт. Анткени бул мураста Караханид доору (X к) тууралуу эч кандай тарыхый материалга тиешелүү элементтер кездешпейт. Бирок аталган кылымдарда башканы коелу тарыхта белгилүү болгондой «түрк», «түркмөндөр» терминининин да кездешпегендиги маалым эмесби.

Анын үстүнө Караханиддер мусулман болгондуктан динге ишенбөөчүлөр менен «ыйык согушка» чыгышкандыгы, ошол доордогу өкүм сүргөн ислам дини жөнүндө да бул дастанда эч кандай маалымат эскерүүлөр жок. Бул жердеги «Огузкагандагы» «уйгурлардын жоортуулдары» деп аталган чабуулдары Огуз сельджуктардыкы катары каралышы да чындыкка жакыныраактай. Бул өзгөчөлүктөн караганда Масар хандыгынын Шагам (Сирия) менен Баракканы багындырып алуусу өзгөчө көңүлдү бурат. Себеби тарыхтан белгилүү болгондой бул өлкөлөр XI кылымда сельджуктар тарабынан багындырылып алынган.

Эгерде бул тарыхый фактыларды туура анализге ала турган болсок

анда уйгур тилинде жазылган бул «Огузнаме» дастаны байыркы түрк элинин эпикалык эстелиги гана болбостон, өз ичине бүткүл түрк элинин эпикалык тарыхын камтуу менен каганаттын тарыхый өзгөчөлүгүн, тактап айтканда, эң башкы уйгур урууларынын тарыхын чагылтып көрсөткөндүгү менен айырмаланат.

Ал эми биздин күнгө чейин сакталып жеткен байыркы түрктөрдүн эпикалык чыгармасынын катарына Хива ханы Абулгазынын «Түркмөндөрдүн санжырасын» да киргизүүгө болот. Автор бул чыгармасында орто кылым историографиясынын традициясын улантып биринчи – Адам атанын жаралышын Библия менен курандарга таянып ал – (Огузкаган) түрк элинде кудайдын кудурети аркылуу жаратылгандыгын изилдөөгө аракет кылат.

Абулгазы – Чыңгыз хандын уругу болгондуктан түрк урууларынын чыгышын монголдор менен байланыштырат. Анын көз карашы боюнча уйгур каганы Огуз – Алынжахандын Караханынын баласы. Ал эми экөөнүн биринин эгиз баласы болуп, биринин аты татар, экинчиси могол болгон делинет. Чындыгында дастандагы окуяларга, өзгөчө жасаган жортуулдарына караганда Чынгызхандын чабуулдары Огузкагандын тарыхый жүрүштөрүнө окшошуу менен анын образын жалпылагыч образ катарында көрсөтөт.

Өзүнүн эмгегинде Абулгазы көптөгөн тарыхчылар Рашид ад-дин[...] Шараф ад-дин, Али Йездинин чыгармаларын, пайдаланган сыяктуу. Мисалы. Огузкагандын жоортуулуна байланыштуу легендалар, айрым-калач, карлук, кыпчак, канглы сыяктуу уруулардын негизделишин ж.б.у.с. Көр углу өзүнүн эмгегинде[1] эскертип кетет.

Өзгөчө Абулгазынын бул эмгеги Борбордук Азияда жашаган түрк элинин эпикалык чыгармалары легенда, уламыштарды өз ичине камтыгандыгы менен кызыктуу. Айрыкча ушул убакка чейин Абулгазынын «Түркмөндөрдүн санжырасы» эң биринчи жазуу жүзүндө сакталган эстелик гана болбостон, Борбордук Азиядагы Өгүздөрдүн даанышман атасы Коркут жөнүндө[2] легенда болуу менен Орто Азиядагы улуу акылман, даанышмандар жөнүндө жазылган биринчи уламыш болуп саналат.

Абулгазынын чыгармасы өгүз элинин баатырдык эпосу «Коркут ата» китебин таанып билүүдө баа жеткис мааниге ээ болуу менен бирге, айрыкча бул китеп «Коркут ата китебиндеги» көп факты, материалдарды тактаганга жардам бергендиги менен баалуу. Мисалы: Абулгазынын өгүз уруусунан чыккан баатырлар жөнүндөгү билдирүүсү анын «Күнхандын улуу уулу Кайыхандын хандыгы» тууралуу баяны кирет. Белгилей турган нерсе Абулгазынын баяны «Коркут ата китебинен» фактылуулугу менен айырмаланат. Себеби «Коркут ата китебинде» бул фактылар жок, болгону кайы уруусу жөнүндө гана маалымат бар. Себеби Огуз–түрк уруулары Кавказга анда ı Кичи Азияга оогонго чейин өзүнчө хандыка ээ боло элек болсо керек деп божомолдойт, айрым адабиятчылар. Ал эми Абулгазынын вариантыда бул уруу жөнүндө кенен маалымат бар. Болгонда да Коркут ата ошол урууга киргендиги менен айырмаланат. «Коркут ата китебинде» бул кичи баят уруусунан делинет.

---

[1]Х.Көр Оглу Туркменская литература. М. 1972.26-бет
[2]Аталган китептин 27-бети

Андан тышкары Абулгазынын вариантында түрк–огуз уруусунун ичинен салар, байындыр же-иль уруусун баштаган – Кылыкбек, Казанбек, Караманбектер Маншышлакка б.а. тарыхтан белгилүү болгондой Кавказ жана Кичи–Азияга жана Ирак менен батыш Иранга оогондугу айтылат. Ушул эле XV кылымдарда түрк–өгүз урууларына мусулмандар аралаша баштагандыгын Хайдар–Кази менен анын уулу Сулайман казынын бул уруулардын тарыхында белгилүү адамдардан болгондугу ага айгине.

Эки чыгарманы байланыштырып жана байыркы эстеликтерден экендигин далилдеп турган дагы бир далил, экөөндө тең «казы» терминин колдонулушу б.а. ислам дини колдонулганга чейин баатырлардын бардыгы «казы» аталуу менен Батышка өгүздөрдүн чабуулуна чейин (X к. ч) бул аталыш менен аталгандыгын белгилейт жана Сулайман казынын атасы Хайдар казынын небереси Кадан алп менен «Коркут ата китебинде» окшош экендиги билгиленет. Ошондой эле салар менен иль урууларынын чыгышы эки китепте тең бирдей фактылар менен далилденген. Бирок «Коркут ата китебинен» Абулгазынын «Огуз намеси» конкреттүү фактыларды камтып алар тарыхый окуяларды өз ичине камтыган сюжеттүү легендалар, жомок–дастандар түзгөндүгү менен айырмаланат.

Ошондой легендалардын бирине «Боорхандын бийлиги жөнүндөгүсү» кирет. Легендадагы Боорхан Карахандын баласы гана болбостон ал Бухараны, Самарканды, Хорезмди багындырып, көптөгөн жылдар бою бул жерлер менен шаарларды өзүнө каратып бийлеп турган. Карыган кезинде өзүнүн бийлигин ортончу баласы – Көзү-Тегинге өткөрүп берип, тынч өмүр сүрө баштаганда өтө акылдуу, өтө боорукер үч уулунун энеси болгон аялы өлүп калат. Өзүнүн сүйүктүү аялынын өлүмүнө чыдабаган Боорхан өзүн жоготуп, өтө чөгүп, сырткы дүйнөдөн кызыкчылыгын үзө баштайт. Муну көрүп турган башкаруучу баласы атасын алаксытыш үчүн иль авшар уруусунан чыккан сулуу кыз Көрке–Йакшыны алып берет. Ал кызга жаш хан куда түшүп барганда: «Мени өзүнө жакындатыш үчүн алып берип жатса керек» деген ойдо атасына турмушка чыгат. Бирок кыздын оюу таш каап, Хан ага эне катары мамиле жасаганга өгөй – эне хандан өч алуу үчүн жаманатты кылууну ойлоп, күңүнө өзүнүн үйү менен хандын үйүнүн ортосундагы кардын үстүнө уурдатып келген хандын өтүгүнүн изин калтырып туруп: «Мага хан түндөсү келип койнума кирди» – деп чуу чыгарат. Аны күңү да ырастайт. «Ак ийилет, бирок сынбайт» эмеспи акыры «жаш эненин» бети ачылып, өлүм жазасына тартылат. Бул эпизоддо көрүнүп тургандай фольклор аз болгону менен көрө албастык, эки жүздүүлүк темасы бир эле өгүз – түрк уруусунан эмес Борбордук Азияда жашаган ар бир түрк тилинде сүйлөгөн улуттарда кездешээри маалым, өзгөчө Түркстан элдеринде ал гана эмес Батыш менен Чыгышта кездешээри да түшүнүктүү.

Тилекке каршы бул легенданы Абылгазы кайсы булактан алганы белгисиз. Балким түрктөрдүн «Жусуп менен Зулайкасы» таасир эткендир. Анткени бул чыгармадагы эң өзөктүү тема көрө албастык менен карасанатайлык болгон менен сюжети жагынан экөө эки башка. Бирок аялдардын каршылыгы, карасанатайлыгы, эркектердин туруктуулугу жагынан Абулгазынын легендасы «Жусуп менен Зулайка» поэмасына окшоп кетет. Анткени бул чыгармадагы башкы каарман – Зулайканын кул күйөөсү болсо Абулгазынын варианттарында ханышанын уулу хан. Бирок эки

чыгармада тең эле башкы каармандардын ойлорунун туура эместиги окуянын жүрүшүндө ачылат. Мисалы өзүбүзгө белгилүү Абулгазынын варианттарында жаш ханга өчөшкөн Көрке-Йакшынын ханды элге маскара кылы турган ою ишке ашпай калса, «Юсуф Зулайкада» өзүнүн аялынын кулу Юсуф менен болгон мамилесин өз көзү менен көргөн хан аялы Зулайканын алдамчы сөзүнө ишенип Юсуфту жазалайт. Ошентип, Абулгазынын чыгармасында адилеттик акыры сайран курса, «Жусуп менен Зулайкада» чындык өз ордун таппай калат. Бирок канткен менен Абулгазы бул элдик поэмадан таасирленип, өзүнүн чыгармасына өзөк кылып алгандыгы көрүнүп турат.

Дагы бир эскерте кетүүчү жагдай балким Абулгазы Фирдоусинин «Шахнамесинен» же Низами аль–мулктун (XI к) «Саясат намесинен» таасирленгендир. Себеби анда легендарлуу Иран ханы Кей–Кавустун аялы Судабе өгөй баласы Сиявушту сүйүп аны менен мамиле кылууга аракеттенет. Бирок Судабенин сүйүүсүнө, жалынып жалбаргандыгына көнбөгөн өгөй уулунун бетин кара кылып өлтүрүүнү тилеген Судабе күйөөсүнө өзүнүн ич кийимин тытып алып барганда хан зороастриялык диний уюмдун кеңеши менен уулун отко салып өрттөөгө буйрук берет. Кудайдын кудурети болуп Сиявуш алоолоп жанган оттон күйбөй таптаза чыгат.

Бул сюжеттин Абулгазынын варианты менен жалпылыктары бардай көрүнүп турат. Алар биринчиден: ханшалардын өгөй балдарын сүйүп калышы, экинчиден энелери сүйгөн жаш ханзадалардын патриархалдык доордогу традицияларды кармашы, үчүнчүдөн, ханшалардын өч алыш үчүн карасанатайлыкка барышы, төртүнчүдөн, бети ачылган ханшаларды эң катуу өлүм жазасы менен жазалоо. Ал эми Фордоусинин вариантында бул сюжет конкреттүү берилгендиги менен айырмаланат. Анткени Сиявуш боорукерлик кылып, өгөй эненин жасаган күнөөсүн кечирет.

Бирок чыгармадагы окуянын жүрүшүнө, андагы каармандардын кулк мүнөзүнө б.а. образына, образдык курулмаларга карап олтуруп бул үч сюжетте типологиялык жалпылык бар экендигин (Боорхан, Жусуп менен Зулайка жана Иран эпосунун) белгилөөгө болот.

Дагы бир жагдай Абулгазынын вариантында жалгыз аялы (башка хандарга окшоп көп аял алган эмес) өлгөн хан бир жыл аза күткөн. Муну менен Абулгазы өзү хандын ички үй-бүлөлүк тартибин жана мусулман калкынын үйлөнүүдөгү шарияттык нормаларын жакшы билгендиги көрүнүп турат. Ага дагы бир далил башкаруучулардын ички казнадагы интригаларын сүрөттөп бергендиги Арслан хандын уулу Козутегиндин өз кол алдындагылары менен болгон карама-каршылыгы мисал. Анда Козу Тегин бир чабуулдан кайтканда колго түшкөндөрдүн арасында ата-энеси өлгөн бир жаштагы баланы кошо алып келип аны тарбиялап өстүрөт. Бала – Сувер - өтө акылдуу, тарбиялуу болуп өсөт. Аны көрө албаган сарайдагы бийлөөчүлөр, ал баланын ханша менен байланышы бар деп ханга ушактап барышат. Буга ишенбеген Козу Тегин оорумуш болуп жатып калат. Көп күн өткөндөн кийин ханша, хандын өлгөндүгүн кабарлайт. Ошол мезгилде ханды акыркы сапарга кантип узатууну ойлошпостон, хандын мал-мүлкүн талап-тоной башташат. Ошондо муну уккан Сувер келип аларды өлтүрө баштайт. Ошондо хан кайра тагына келип чыккынчы жан-жөөкөрлөрүн ар кимисин өз кылмышына жараша жазалайт. Бул эпизоддон Абулгазы феодалдык коомдогу хан сарайындагы ситуацияларды гана көрсөтпөстөн орто кылымдагы болгон

окуяларды чагылдырып берүүгө аракет жасаган жана бул окуяны Абулгазы өзүнүн хан ордолук турмушунан алышы да толук мүмкүн.

Акырында айтаарыбыз Абулгазынын «Огузнамесинин» акыркы эки бөлүгү жалаң легенда, уламыштардан турат. Ошолордун ичинен көрүнүктүүсү «Огуз илесинен чыккан бек кыз жөнүндө» деп аталат. Анда Кармыш байдын кызы Барчын-Салардун баатыр чыгышы, анын даңкы Иле уруусуна гана эмес Орто Азиядан баштап Волга, Кавказ жана Кичи Азияга чейин белгилүү болушу айтылат.

Абулгазынын вариантынан тышкары XVII-XIX кылымдарда Орто Азияда чагатай тилинде жазылган "Огузнамелер" бар. Аларда түрк элдеринин тарыхый турмушу легенда жана уламыштар аркылуу Чыңгызхандын келишине чейин чагылдыргандыгы белгиленет. Бир гана түркмөн жазуучусу (XVIIIк) Андалыптын вариантындагы «Огузname» монголдор тарыхына байланышпагандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Кантсе да биз жогоруда белгилет өткөн «Өгүз намелерде» байыркы өгүз түрк урууларынын келип чыгышы, алардын жашоо-шарты, колдонгон үрп-адат салттары, тарыхый тагдырлары, ошол уруунун тарыхында чоң роль ойногон тарыхый инсандары тууралуу маалымат берген Абулгазынын варианты менен уйгур вариантын салыштырууга аракет жасадык. Айрым колдо бар материалдарга таянып: белгилөөчү нерсе, Абулгазынын варианты өзүнүн конкреттүүлүгү, окуяларды элестүү жана көркөм бергендиги менен айырмаланат. Мына ушуга таянып адабият изилдөөчү Көр уулунун көз карашына айныбай кошулууга болот. Анткени бул өзгөчөлүктөрдүн баарын ал белгилеп көрсөтөт. Ошентип уйгур вариантына караганда Абулгазынын варианты тарыхый чындыкка жакындыгы менен баалуу.

«Зуура менен Тахир» сюжети эки сүйүшкөн жаштын трагедиялык тагдырын баяндаган повесть. Анын сюжетине караганда бул дастан дале эл арасында айтылып жүргөн жомок легендалардын негизинде XIXк жашаган акын Молланепес тарабынан жазылган.

Ал эми кошок жана легенда мотивинде жаралган «Асли менен Керем» - мусулман Керем менен армянка – християнка Аслинин бактысыз сүйүүсүн баяндайт. Андан тышкары хан, бий-бектердин зулумдугун чагылдырган жана фантастикалык баатырдыктын айрым элементтери камтылган же айрым тарыхый доордо коомдук орду бар инсандардын турмушунан алынган ар кандай темадагы дастандар кездешет.

Дастандардын көпчүлүгү жогоруда белгилегендей бизге 2 формада келип жеткен, ошондой дастандардын бири китептик дастан «Лейли менен Мажнун» болуп саналат. Автору XVIII кылымда жашаган Андалыб. Бул автор - Нурмухаммед Гариб Абдалыб – 1711-жылы туулуп, болжол менен 1770-жылдары өлгөндүгүнөн башка эч кандай маалыматтар жок. Бирок ал тарабынан көптөгөн дастандар жазылып калтырылгандыгы белгилүү. Бир жагдай «Лейли менен Мажнун» дастанынын сюжеттик өзөгүнө келгенде андан Низаминин, (XII) Навоинин (XV) деги эле орто кылымдагы орток адабияттын таасири көрүнүп тургандыгы. Ал да толук болушу мүмкүн. Себеби Андалыб Бухара, Хива медреселеринде окуп жүргөндө улуу акындардын чыгармалары менен тааныштыгы толук ыктымал көрүнүш, бирок акын өз чыгармасынын негизги мазмундук өзөгүн алардан алган менен сюжеттик-композициялык курулушу жагынан өзгөчөлөнүп бир нече эпизоддорду кошкон.

Тээ илгерки заманда Басра менен Багдаддын ортосунда көчмөн уруулар жашап, аларды башкаруучулардын экөөнүн тең баласы жок болот. Көптөгөн жылдар кудайга сыйынууларынын натыйжасында бири уул көрүп, атын – Кайс, экинчиси кыздуу болуп атын Лейли коюшат. Экөө бирге чоңоюп, окууга да бирге барышып, улам чоңоюшкан сайын экөөнүн ортосунда ширелишкен ажырагыс терең сүйүү пайда болот. Экөөнүн ортосундагы бул мамилени байкашкан ата-эне кызды окууга барууга тыюу салат. Кайс аны угуп ого бетер кайгыга батат. Атасы уулунун кайгысын көрүп туруп кызга жуучу жиберет. Бирок кыздын атасы балаң жинди (межнун) деген күнөөнү коюп макул болбой коет. Аны уккан Кайс - Мажнун үйүн таштап талаа кезип кетет. Ата-эненин аны үйгө кайтарууга жасаган далаалаты текке кетет. Ушул убактарда Лейлини макулдуксуз күйөөгө бермекчи болушат. Макулдугун бербей өз Кайсын сагынган Лейли сары оору болуп бул дүйнө менен кош айтышат. Лейли өлөөр алдында керээз катары апасына өзү жөнүндө билдирүүсүн өтүнгөндүктөн, ал Кайсты тоолордун арасынан таап, болгон ишти кабарлайт. Аны уккан Кайс Лейлинин мүрзөсүнө келип өзүн-өзү өлтүрөт.

Андалыбдын бул дастаны проза менен ырдын коштоосунда жазылган. Ушундай фольклордук формадагы дастандардын эл арасында көп кездешкени "Шасенем менен Гариб" болуп саналат. Анткени бул вариант бир гана Борбордук Азияда эмес, Кавказда, Балхан жарым аралында, Кичи Азияда кезиккендеги менен өзгөчөлөнөт, бир өзгөчөлүк түркмөндөрдөгү вариант өзүнүн архаикалык мүнөзүн сактап калгандыгы. Анткени аталган дастан XIX кылымдан баштап литографиялык ыкма менен басылып турган. Ошол себептен бүгүнкү күндө Түркмөн Илимдер Академисында анын ушул ыкма менен басылган 14 кол жазмадагы чыгарылышы сакталып турат.

Анын кыскача мазмуну төмөндөгүчө: Диярбекирде өз элин башкарып, жашап турган Аббас шах болгон. Ал кандай жыргал турмушта жашабасын вазири Хасан экөө баласыз өмүр сүрүшкөн. Экөө тилек кылып жүргөндө «эгер уул-кыздуу болсок, куда болобуз» деп сөз бекитишет. Көп өтпөй шах-кыздуу, вазир-уулду болуп экөө бир чоңоюп, бирге окуп жүрүп, экөөнүн ынтымагы сүйүүгө айланат. Тилекке каршы баласын үйлөнтөөргө жакын вазир дүйнөдөн кайтат. Керээзинде хан экөөнүн убадасын баласына эскертип, аны аткарууну суранат. Бирок хан вазири өлгөндөн кийин өз убадасынан кайтып, кайра алардын үй-бүлөсүн шаардан кууп жиберет. Куулган Гариб бакчы чабан, шахтарга ырчы болуп, өз үй-бүлөсүн багат. Ошондой абалда жүрсө да ар кандай амал айла менен хандын сарайына келип Шасенемге жолугуп кетип жүрөт. Аны билген хан Гарибге ар кандай жаза колдоноордо ал изин жашырып эл кыдырып жөнөп кетчү. Ошондой бир сапарында узак Халап Ширванга жол тартып кетет. Гарибдин узак мезгилдер дайынсыз жоголгонуна байланыштуу эл аны «өлдү» деп чыгарышат. Ушундай кырдаалды күтүп жүргөн Аббас өзүнүн кызын полководец Шаваледге берүүнү чечет. Бирок Гарибди күткөн Шасенем тойду ар кандай шылтоолор менен узарта берет. Акыры убактысы жетип, той болоор мезгилинде шаарга көпөс Эзбер кожо келип, Гарибдин тирүү экендигин Шасенемге кабарлайт. Шасенем анын тез Халап Ширванга барып Гарибди алып келүүсүн өтүнөт. Ошентип Гариб тойго ырчы болуп келип, амалын таап, ошол тойдо Шасенемге үйлөнөт.

Белгилөөчү нерсе, түркмөн элинин элдик оозеки чыгармаларында элдин турмуш-тиричилиги, көз-карашы, айрым бир гиперболалык сүрөттөөлөргө жол берилгендигине карабастан сакталып калгандыгы же айрым сценаларда катышкан каармандардын турмуштук көз-караштарынын реалдуу берилгендиги. Аталган дастан формалык жактан мурдагы дастандардай эле кара сөз жана ырдан куралган.

Дагы бир жагдай түркмөндөрдө XVII-XVIII кылымдардан баштап дастандар айрым бакшылар тарабынан аткарылып келген. Ошондой элдик поэтикалык баатырдык эпостордун бирине «Көр уулу» кирет. Бул эпос алдыңкы Орто Азияда б.а. Кавказда азербайжанда, грузияда арменияда, түндүк Кавказдын кээ бир элдеринде, жакынкы чыгыштан Турцияда, Түндүк Иранда, Орто Азиянын түркмөндөрүндө, өзбектерде, казактарда, тажиктерде кездешет. Бул эпостун орусча басылышы 1856-жылы Тбилисиден чыкан б.а. бул китеп орус дипломаты Ходзько тарабынан 1842-жылы Азарбайжан варианты англис тилинен которулган.

Бизге Улуу Октябрь Революциясына чейин литографиялык ыкма менен басылган азербайжан, өзбек, турциялык варианттары жеткен. Ал эми түркмөн варианты бир гана оозеки түрдө жашап келген. Болгону 1935-38-жылдары түркмөндөрдөн 5 варианты ар кандай бакшылардын айтуусунда жазылып алынган.

Аталган эпопеянын сюжеттик негизинде азамат, кайраттуу эл массасынын коргоочусу Көр уулунун образы жатат. Бардык эле эпосторго тиешелүү традициялык форма сыяктуу эпопея Көр уулунун төрөлүшүнөн башталат.

Б.а. Чандибил Жигали бектин үч уулу болот. Чоңу - Генджим, ортончусу - Момун, кичинекейи – Адыбек. Күндөр өтүп Жигали бек карыганда өзүнүн бийлигин кичүүсү Адыбекке өткөрүп берет.

Адыбек үйлөнүп аялы ай-күнүнө жетип калганда күтүүсүз жерден өлүп калат. Көп өтпөй Адыбек өзү да өлөт. Эң жакшы көргөн уулунан айрылуу Жигали бекке жүрөгү толо кайгыны алып келет.

Бир күнү Генджимдин койчусу, короодогу бир эчки күн сайын көрүстөн жакка кетип, ал жерде бирөөгө эмизип келип жаткандыгын кабарлайт. Генджим эчкинин артынан түшүп аңдыса Адыбектин аялынын көрүнө барып келип жатканын билип, болгон окуяны атасына кабарлайт. Муну уккан Жигали бек өзүнө жакындарын алып мүрзөнүн жанына келишсе, ачылган мүрзөнүн ичиндеги бала бекинип калат, баланын ким экендигин текшериш үчүн алар мүрзөнүн үстүнө куурчак менен чүкөнү коюп турушат. Алардын дабышын укпаган бала жөрмөлөп чыгып чүкөлөрдү ойной баштайт. Уул экенин билген Жигали бек уулунан туяк калганына сүйүнүп баланы эптеп кармоого буйурат. Жигали бек небересин кармагандан кийин эл арасындагы акылмандар баланын атын Раушан (жарыктык) коюшат. Ал эми карапайым адамдардын ошол жердеги өкүлү Көр уулу болсун деп өтүнөт. Ошентип бала эки атка ээ болот. Ал эми азербайжан вариантында Көр кишинин уулу болгондуктан Көр уулу делинет. Мындай вариант түрк элинин көпчүлүктөрүндө кездешет.

Равшан шамдагай, акылдуу болуп өскөндүктөн тегерегинде жакшы достору дайым жандап жүрүп аны Көр уулу деп аташчу.

Бир күнү Көр уулу жолдоштору менен базарга кирип көпөстөрдүн

саткан буюмдарын талкалап кетишет. Буга арданышып өчөшкөн көпөстөр аны өлтүрүүнү чечишет. Муну уккан чоң атасы небересин мурдагы өзүнүн душманы коңшу хан Хункарага барып баш пааналашат. Хункара аларды салкын тосуп алып, небересин жылкычы кылып коет. Бир күнү Хункара Көр уулу менен Жигали бекти чакырып алып жылкыларынын арасынын тулпарды таап бер деп буюрат. Тажрыйбалуу Жигали бек үйүрдүн арасынан өтө алсыз көзгө комсоо, кулунду жетелеп келет. Муну көрүп өзүн маскара кылды деп түшүнгөн Хункара Жигали бектин көзүн оюп салууга буюрат. Мына ушундан баштап Раушандын мурдагы Гөр уулу деген аты дагы бир жолу бекемделет. Хункара албай койгон кулунду Жигали бек таптап чоңойтуп (Көр уулу чоң атасы менен) өз элине кайтышат. Чоң атасы өлгөндөн кийин Көр уулу өз элине хан болуп шайланат.

Андан кийинки окуяларда Көр уулу ак ниет, чынчыл, адилеттүү шах болуп, узак сапар бийлик кылып, желмогуз дөөлөр менен кармашып өзүнүн баатырдыгы менен перинин кызына үйлөнөт. Эң жаман ситуацияларда өзүнүн уул, неберелерине дайыма жардамга келген боорукер чоң ата, адилеттүү башкаруучу болуп жашап калат.

## XII-XVIII–кылымдагы Түркмөн адабияты

Аталган кылымдарда Түркмөндөрдүн территориясында пайда болгон биринчи жазма чыгармалар сопучу-дербиштик мүнөздө болгон. Улуу чыгыш таануучусу Е.Э.Бертельстин белгилөөсүндө ал мезгилдеги адабият жаңыча деле эмес, болгону маани-маңызы жагынан Иран жазуучуларына тиешелүү түрк тилиндеги (чагатай) адабият болуп, аны негиздөөчүлөрдүн бири Ахмед Яссави - же Кулкожо Акмат эсептелинет. (Анын өмүр баяны өзбек адабиятында өтүлгөн)

Сопучулук адабияты жөнүндө сөз кылаардан мурда, бул агымдын келип чыгышы жана сопучулук адабияттарынын жаралышы тууралуу маалымат берүү максатка ылайык болчудай. Анткени агымдын өкүлдөрү жөнүндө сөздөө анын маани-маңызын билбей туруп чаташкан түшүнүккө алып келээри баарыбыз үчүн түшүнүктүү. Дегеле мусулман чөйрөсүндө пайда болгон сопучулук агымы деген эмне? деген суроонун тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү.

Ислам дүйнөсүндө кеңири тараган жана чоң мааниге ээ болгон диний-философиялык агым, сопучулук идеялары – ислам дүйнөсүнүн түрдүү чөйрөлөрүнө: укук таануу, философияга, саясатка, диний адеп ахлак эрежелерине, искусствого жана айрыкча, адабиятка, өзгөчө Чыгыш классик поэзиясына күчтүү таасир көрсөткөн окуу болуп саналат.[1] Сопучулук Чыгыштын мусулман мамлекеттеринин коомдук жана маданий турмушуна терең сиңип, илим, маданият жана адабияттын өнүгүшүнө өз салымын кошкондугуна байланыштуу XI кылымдан баштап Чыгыштын дээрлик бардык элинин акын-жазуучулары, анын ичинде окумуштуулары сопучулуктан азыктанып, анын гуманисттик жана атуулдук идеяларына сугарылгандыгын эске алып, атактуу окумуштуу Е.Э.Бертельс мындай дейт; «Сопучулук адабиятын үйрөнбөй туруп, орто кылымдардагы Чыгыш элинин

[1] М.Закиров. Тасаввуф таълимоти хакида. Шарк юлдузу, 1990, № 7, 171-бет

маданий турмушу жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес… бул адабияттан кабардар болбой туруп, Чыгыштын өзүн билүү кыйын».[1] Мына ушул себептен улам орто кылымдагы түрк адабиятына киришүүдөн мурда сопучулуктун келип чыгуусун чечмелөө өтө татаал маселе болсо да аны чечмелөө зарылдыгы туулат. Чыгыштагы сопучулуктун башталышын узак тарыхый өнүгүштөрдөн алсак, анда бир нече кылым аралыгында адабияттан өтө чоң орун ээлеген философиялык көз караштардын жыйындысы катары кароого туура келет. Эгерде ислам дининин пайда болуусунан мурун анын айрым системалаштырылбаган көрүнүштөрү бар болгон болсо да, бирок негизинен ислам дини майданга келгенден кийин, феодал-клерикал реакциянын, зулумдуктун өсүшүнүн, адилетсиздиктин, жакырчылыктын жана буларга каршы көтөрүлгөн наразычылыктардын алоолоп от алышынын негизинде өнүгүп, системага түшүп, бир канча бутакчаларга ээ болгон философиялык агымга айланган. Сопучулуктун пайда болушу жана өнүгүшүндө буддизм да бир топ роль ойногондугун чыгышта өтө белгилүү болгон Платон (Афлатун), Плотин неоплатончулар, гностицизм, Аристотелдин (Арасту) идеалисттик, инстикалык жактары да чоң маниге ээ болуп, таасирин тийгизген.[2]

Сопучулук сыяктуу татаал маселелердин мусулман дүйнөсүндө пайда болуу себептерин түшүнүү үчүн, баарынан мурда ал жаралган коомдун тарыхый абалын так элестетип билүү шарт. Ал үчүн ошол коомго көз жүгүртүү керек. Мусулман дүйнөсүн Мухаммед анын эки «орун басары» Абу Бакир менен Омор башкарган жылдары да араб коому-Мекке жана Медине өзүнчө бир диний община болгондугун, анда динсиз бийликтин такыр болбогондугун, ар бир мыйзам чыгаруучу жана административдик буйрук «Алланын түздөн-түз амири» деп кабыл алынгандыгын чоң ишеним менен айтууга болот. Абубакир менен Омордун жашоо турмушу общинанын ар бир мүчөсүнүн, жада калса материалдык жактан азыраак камсыз болгон адамдарынын турмуш-тиричилигинен анчалык деле айрымаланган эмес. Бийлик мүнөзү үчүнчү халиф Осмондун тушунда гана өзгөрө баштаган. Ал бизге жеткен маалыматтарга караганда, ыйыктык менен динчилдикти алып жүрүүчү, ар намыстуулуктун өкүлү катары белгилүү болгон менен, анын тушунда башталып, аны өлүмгө дуушар кылган толкундоолор анын ата-бабалары орноткон эрежелерди бузгандыгынын кесепетинен келип чыккан. Ал өзүнө бир нече үй салып, малын көбөйтүп, жерлерди ээлеп, өз туугандарынын байышына да шарт түзгөндүгү элдердин кыжырын кайнаткан.

Осмондун өлтүрүлүшү бийлик үчүн айыгышкан күрөштүн башталышына түрткү болуу менен, бул күрөш Али башкарып турган аз убакытты толук өз ичине камтыган. Бул күрөштөн Омайн уруусунун өкүлү - Муавийа Ибн Абу Суфйан пайдаланып, 661-жылы күзүндө бийликти өз колуна тартып алган. Ушул мезгилден тартып, Халифтер бийлиги теңчилдик диний мүнөзүн жоготот да, Омейеддер өз бийлигин бекемдөө үчүн халифтик тактыга умтулгандардын баарын биринчи кезекте, Алинин тукумдарын аеосуз акмалап аңдышкандыктан аларды эч кандай каада-салт токтото албаган, жада калса, ыйык Мекке Муавийинин бийлигинин тушунда да

[1] Е.Э.Бертельс, Суфизм и суфийская литература, М.1965, 54-бет

[2] Узбек адабиети тарихи, I том, Т. 1978, 140-141-беттер

кагылуушулардын аренасына айланып, курчоого алынган. Ал эми тескерисинче, Омейеддер өз жактоочуларына берешендик менен белек тартуулап, аларды сатып алууга аракеттенишкен. Бирок тартууланган белектин ордуна казынанын үзгүлтүксүз толукталып турушун талап кылган. Ошондуктан басып алынган аймактарды талап-тоноо күч алат, олжолорду бөлүштүрүүдө пайгамбардын тушундагыдай ар бир адамга тең бөлүштүрүү бузулат. Мүлктү бөлүштүрүү курч башталып, калктын жакыр бөлүгүнүн абалы өтө начарлайт. Бирок Омейеддер мамлекеттик иш чараларды кантсе да кандайдыр бир мыйзамдын негизинде диний нормаларга ылайыкташтырууга муктаж болот. Пайгамбар жашаган мезгилде мындай муктаждык жок эле, себеби ар кандай маселени ал өзү жеке чечип, аны Кудайдын ысмы менен бекемдеп койчу. Ал өлгөн соң абал кыйла татаалдашат. Анткени бир бүтүндүккө келтирилип жазылып коюлган болсо да, Куран ар бир эле суроого жооп бере албагандыктан, толуктоону талап кылган. Мындай толуктоолордун бирден бир булагы болуп пайгамбардын жан-жөкөрлөрүнүн тигил же бул сыяктуу учурларда пайгамбар эмне айтып, кандай аракет жасагандыгы жөнүндө эскертүүлөрү болушу мүмкүн эле. Мухаммеддин өлүмүнөн кийинки алгачкы жылдары мындай адамдарды табуу жеңил болчу. Ошентип, пайгамбар жөнүндөгү эскерүүлөрдү чогултуучу, жыйноочу адамдардын тобу пайда болот. Бул эскертүүлөрдү жыйноо жана жазуу маанилүү ишке айланып, өзүнчө бир кесип - мухадисттер, хадистерди (эскерүүлөрдү) жыйноочулар жана түшүндүрүүчүлөр кесиби пайда болот. Алар улам кеңейип бараткан халифаттын алыс жерлеринен материал жыйноо үчүн сапарга чыгышат.

Алгачкы мухадисттер калк арасында чоң кадыр-баркка ээ болушкан, анткени алар факих (укук биленмандары) болуп да эсептелишкен. Алар, албетте, Куранды окуп, түшүндүрө билишкен, өздөрүнө ошол доордун диний жана юридикалык билимдердин суммасын камтышкан. Бирок Омейеддердин аракети калктын чукул наразычылыгын пайда кылганда мухадисттер карапайым калктын укугун коргомок турсун бийликтегилер тарабына ачык өтүп жаткандыгына элдин көзү жеткен соң, абал өзгөрүп, башка типтеги мухадисттер чыга баштаган. Алар мухадиске ишенүү керек, эгер ал хадистерди жыйнап гана бербестен, аларды аткара билсе деген жобону сунуш кылышат. А хадистерди аткаруу өз турмушунда исламдын негиздөөчүсүн көрсөтүүгө аракет кылуу болучу. Бирок мындай турмуш баарынан мурда аскеттик турмушу болмок, дайыма кудайдан коркуу жана тыюу салынган нерселердин барынан качуу эле. Ошондуктан мындай 2-типтеги мухаддистердин арасында аскеттик агым өнүгө баштайт, муну Бертельс «Сопучулуктун алгачкы түйүлдүгү деп кароого болот»[1] деп белгилейт.

Ошентип сопучулуктун алгачкы баштоочуларынан болуп, мухадисттер чөйрөсүнөн чыккан Омейеддердин бийлигине каршы оппозицияда турган катаал ригористтер – адеп-ахлак принциптерин, жүрүм-турум эрежелерин өтө катуу сактаган кишилер - болуп калышты. «Суфи» - деген термин ал убакта жок болучу. Бул багыттагы адамдарды захид (кечил) же абид - (кудай кызматчысы)-деп аташкан. Алар курандагы «... мен силерди эстешим үчүн, мени эске туткула!» дегенге ылайык Кудай ысмын эске тутууга өтө маани

---

[1] Е.Э.Бертельс. Суфизм и суфийская литература. М., 1965, 15-бет

кайталоого умтулушкан. Алардын турмушунда алал менен арамды айырмалоо маанилүү орунду ээлеген (алал - уруксат кылынган нерсе, арам - тыюу салынган нерсе). Кандай нерсени (иштеп тапкан нерсени) толук алал деп эсептөөгө мүмкүн экендиги тууралуу узакка созулган талаш-тартыштар жүргөн. Бийликтегилерден же аларга жакындардан келген нерсе, сөзсүз, арам экендигине макул болушкан, себеби бийликтегилердин байлыгы ак эмгегинен табылган эмес, толук зордук-зомбулук менен табылган деп эсептешкен. Алгачкы кылымдардагы захиддердин өмүр баяндары бул динчилдер халифтен же жакындарынан кандайдыр бир белек алуудан такыр баш тарткандыктары тууралуу аңгемелерге жык толгон. Алардын бирөөсү, жада калса, халифтин гвардиясынын аскери болгон коңшусунун үйүнүн үстүндөгү данды чокуп келгендиги үчүн өз тоогун «арам», мага тыюу салынган нерсе деп эсептеген. Бийликтегилерди ынандырып, кеңеш берүүнү өз милдетим деп эсептешкен, бирок алардан бир сындырым нан да алышкан эмес. Алгачкы захиддердин өмүр баяндарынын кызык жери ушунда, бул шайыктардын көпчүлүгү үчүн нан табуунун 2 жолунун бири гана мүнөздүү: 1-алар же талаадан тикенек (отун) терип базарда сатышкан, 2-же, суу ташышкан. Анткени тикенек да, суу да эч кимдики эмес, баалуу да эмес. Алар алыскы жерден пайдалануучу жерге жеткирилгени үчүн баалуу. Демек, аны алып келген киши товар үчүн эмес, алып келген эмгеги үчүн акы алат. Башкача айтканда бул жерде захид өзүнүн күч эмгегин гана сатып, бирөөнүн эмгегин өзүмдүк кылган жери жок. Чындыгында сопулардын салтында өтө аз нерсе менен канаат кылуу шарт. Шом сопулары дарактын тобурчагын сокуга жанчып, жапайы арпанын унуна кошуп, атала бышырып жеп жүрүшкөн, деп маалымат берет Адам Мең. Экинчиден колунан иш келген ар бир сопу пайдалуу иш жасаган, жана өз мээнети менен табылган нан гана алар үчүн алал эсептелген. Мисалы: Шайх Зунун – боекчу, Сары Сакатий - соодагер, Абусаид Харрез - өтүкчү, Шайх – Мухаммед Соконий – бычакчы (уста), Шайх Абдулаббос -касапчы, Шайх Баннон – жүкчү, Кожо Бахоуддин – кымкапка гүл салгыч, (ошол үчүн Накшбанд лакабын алган) Саид Кулол – кумура жасоочу жана пакса урган шайыктардын айланасындагы дербиштер да биргелешип, коргондорду курушкан, дың жерлерди иштетишкен, багбанчылык, малчылык сыяктуу иштерди аткарышкан.[1] Кыскасы сопулар бешене тер менен күн көрүшкөн. Сөз арасында эскерте кетүүчү жагдай сопучулукка жалпы көз менен карап, анын баарын бир өлчөө менен өлчөп, баары бир кыл түстө, бир түрдүү деш туура эмес. Анткени ал өзүнө конкреттүү жана тарыхый мамиле жасоону талап кылат.

Сопучулук бир канча багыттарга, булактарга бөлүнөт.
Бирок алардын бул дүйнөгө, табиятка, андагы жашоого, Ислам динине болгон мамилелеринин мүнөзүнө карап, аларды, негизинен 3 агымга бөлүүгө болот.[2]

Биринчиси, Мансур Халлож, Фаридиддин Аттор, Жалалиддин Руми жана башка ушул сыяктууларга тиешелүү болгон агым. Белгилүү болуу үчүн буларды экстазчы сопулар деп атасак болот. Анткени алардын кээсинде,

---

1 Н.Комилов Тасаввур. 52-бет, Китепте: Гойиблар хайлидан енган чираклар, Т., 1994.
2 Узбек адабияти тарихи. I том, Т., 1978, 142-бет.

мисалы: Румиде Асыл гуманисттик мотивдер да бар. Бирок, канткен менен алардын дүйнөгө болгон көз караштары өтө карама-каршы болгон.

Ошентсе да сопуларга, кудай алдына биригүүгө умтулуу үчүн, аны менен кошулуу учун 4 (айрымдарында мындан көп, айрымдарында мындан аз) баскычтан өтүү керек:

1. Шарият: - диний үрп-адаттарды жана шарият ишенимдерин эрежелерин аткаруу: кудайга сыйынуу.

2. Тарикат (исламдын) тышкы эрежелерин, каада-салттарын аткаруу – шайык же дербишке шакирт түшүп, жер жүзүндөгү жыргалчылыктан баш тартуу, напсини тыюу, берилүү менен кудай жөнүндө ойлоо, рухий махабатты тереңдештирип, бир гана кудай туурасында кыялдануу, ойлоо, эстөө:

3. Маьрифат (окуу, билүү) – бардык нерсенин бүткүл барлыктын негизи кудай экенин: нерселер анын алдында түккө арзыгыс эч нерсе экенин, өзүнүн жана кудайдын жаны менен бир экендигин билүү жана аныктоо. Мында адам үчүн бардык диндер, дүйнөнүн бардык таң калаарлык окуялары бирдей айырмасыз, мааниси, кереексиз болуп көрүнө турган, аларга адам кош көңүл карай турган болот.

4. Фано: - мында ал өзүн кудайдын алдына жеттим, бириктим, кошулдум деп билет, ушуну менен ал фоний наамын алууга акылуу болот жана «анал-хак» дей алат.

Фоний болуу, ошол сопуларча, кудайга айлануу, кудай болуу дегенди билдирет. Кошулган, «амал-хактыкка» жетишкен, кудай менен бириккен адам ар кандай азап-тозоктордон кутулат. Ал – баары болот, баарына айланат, ал да өтө сулуу, чексиз түбөлүктүү бактылуу болот, тыю салуулардан кутулат, же болбосо сопулардын түшүнүгүндөгү кудай кандай касиеттерге ээ болсо ошондой сапаттарга ээ болот. Акыйкат болот. Сопучулуктун экинчи агымын «эклектик» агым деп атасак болот. Бул агымга татыктуу болгондор, жогоруда айтып өткөндөй сопулардын пикирлерин белгилүү даражада жана бир аз кабыл алгандар, бирок алар ислам дининин эреже-тартиптерин өнүктүрүүгө умтулушуп, сопучулук агымы менен ислам динин бириктирүүгө, кошууга аракеттенишип, электик көз караштарды жаратууга аракетенишкендер. Муну менен алар жогоруда объективдүү реакциялык роль ойногон сопучулук агымын ислам дини менен бириктирип, келиштирип, өтө жогорку реакцион электик багытты жаратышкан.

Бул агымдын эң көзгө көрүнөрлүк өкүлү жана негиздөөчүлөрүнүн бири атактуу Зайниддин бинин Мухаммед Имам Газзалий «Ислам документи» деген лакапты алган эле.[1] Анткени эгерде куран жоголуп кетсе, аны Газзалийдин чыгармалары боюнча ордуна келтирсе болот дешкен. Газзалий араб, фарс тилдеринде бир канча чыгармаларды жазып, бүткүл Чыгышка белгилүү болуп, чоң кадыр-баркка ээ болгон.

Мезгилинде илим өкүлдөрү тарабынан Газзалийге каршы кескин күрөш жүргүзүлгөн. Маселен, белгилүү философ Ибн Рушд Газзалийдин көп окууларынан баш тартып, аларга каршы Испанияда атайын чыгарма да жазган эле. Рушд негизинен, Газзалийдин инсандык рухунун (жанынын) өлбөстүгү жөнүндөгү окуусун жаратпай койгон. Бул көз караш чоң мааниге ээ болуп, кийин Чыгышта абдан ийгиликтүү роль ойногон.

---

[1] Абу Хамид Мухаммад Ибн Мухаммад Газзалий. Кабр азоби, Т., 1994, 6-бет

Орто Азияда XII кылымдын башталышында майданга келген яссавийчилик өтө кеңири тараган эле. Яссавийчилик өз таасирин өз өлкөсүнөн сырткары маселен Иранга чейин өткөзө алган. Бул агым бир топ мезгил ичинде ислам дини менен биргеликте кеңири күч жайып, атактуу суфийлерди, жолдон тайбас издештерин, жолун жолдоочуларын жараткан эле. Ахмед Яссавий – Газзалийге окшоп сопучулук менен ислам динин бириктирүүгө, жакындаштырууга урунган эклектик.

Суфизмдин акыркы негизги бир агымына токтололук. Ал XII кылымдын акырында Орто Азияда күч алган, кулач жайган. Бул агым жогоруда аталган агымдардан дүйнөгө болгон айрым принципиалдуу көз караш маселелеринде белгилүү даражада 4 принциби боюнча айрымаланган. 1.Хилват дар – ажуман, 2.Сафар дар – ватан, 3.Назар дар – кадан. 4.Хуш дар – дам.

Жогуруда сопучулуктун келип чыгуусу, пайда болуусу, анын бөлүнүшү, айрым ири өкүлдөрү жөнүндө сөз кылдык. Негизинен алганда сопучулук деген эмне? суроо коюп «Сопулук» термининин келип чыгышы туурасында сөз кылууга туура келет.

Орус окумуштуусу О.Ф.Акимушкин англис окумуштуусу Ж.С.Тримингэмдин «Суфийские ордени в исламе» деген китебине жазган баш сөзүндө «сопулук эмне? деген суроо коюп, ага төмөндөгүчө жооп берет: Тилекке каршы, азыркы учурда «сопучулукка» бир түрдүү аныктама бериш мүмкүн эмес, анткени илимде бул өтө татаал бөлүнүштөргө ээ болгон жана кеңири кулач жайган, бүткүл ислам ааламы жана Испания, Сицилия, Балканда да кеңири таралган диний көз караш жөнүндө бир гана жыйынтыкка келүү мүмкүн эмес».[1] О.Ф.Акимушкиндин айтышынча, "сопучулук" термини 1921-жылы немецтин изилдөөчүсү профессор Ф.А.Толук тарабынан илимий чөйрөгө киргизилген.[2] Бул батыш илимпоздорунун оюнча, бирок "сопучулук" Чыгыштын өзүндө пайда болгондугу жөнүндө Чыгыштын көрүнүктүү адамдары ар түрдүү ойлорду айтышкандыгы белгилүү.

Абдурахман Жами "Бахористанда" минтип жазат: "Шайык Абу Саид Абдулхайрдан: «Тасаввуф (сопучулук) эмне?» - деп сурашат. Ал: "Башыңдагы бардык нерселерди чыгарып салуу, денеңдеги бир нерсени берүү, башкалар сага канчалык азап-тозок келтирсе, баарына чыдоо-«сопучулук» - деп жооп берген.

"Сопучулук" эки иш, - дейт Имам Газзалий - бири Алла буюргандай туура жүрмөк, туура турмак. Экинчиси - шарият жол бербеген иштерде башкалардан бөлүнмөк. Кимде-ким Алланын буюрганын толук аткарса, жүрүш-турушу, мүнөзү, адамдарга болгон мамилеси жумшак жана боорукер болсо, ошол адамды чыныгы сопу деш мүмкүн.[3]

Сопучулук (тасаввуф) эмне деген суроого Шайх Нурий: "Сопучулук напси жыргалдарынан баш тартуу" десе, Шайх Сафий Алимшах: " Сопучулук - напси баскычтарын басып өтүү", Шайх Равим: "Сопучулук Кудай жолунда напсиден кечүү". Атактуу сопу акын Баба Тайир ачыгыраак мындай жооп берет: «Сопучулук - өлүм, же болбосо айбанча жашоодо өлмөк жана адамдык турмушта жашамак»[4] Кашифий сопу сөзүн төмөндөгүчө түшүндүргөн.

---

[1] Дж.С.Тримингем. Суфийские ордены в исламе. М., 1989, 3-4-беттер
[2] Аталган китептен. 209-бет
[3] Садриддин Салим Бухорий. Дилда ер. Т., 1993, 23-бет.
[4] Комилов Тасаввуф ва бадий ижол. Ешлик, 8-сан, 1991-жыл

"Сопучулук" - көңүл хилватканасын чоочун ойлордон тазалап, жалгыз достун (Алланын) ою, эрки менен болуу.

«У» - сырды өтө бекем сактоо, жада калса, шайтан уурдай албасын үчүн бул деңгээлге ыклас менен гана жетүү мүмкүн. Кимде-ким ыклас менен ушул жолго кадам таштаса, билгин, ошол киши Исадир.

"Ф" - сулуулукту алып жана сулуулукту бермекке татыктуу же өзүнөн жогорудагылардан (пирлерден) сулуулукту алып, өзүнөн төмөндөгүлөргө тартуулоо.

"И" - чечкиндүүлүк.[1]

Чыгыштагы түрдүү сөздүктөрдө бул туралуу ар түрдүү пикирлер баяндалган. "Сопулук" терминин келип чыгышы жөнүндө бири-бирине карама-каршы болгон бир бир канча ойлорго туш келебиз.[2]

1. "Суф" термини (сафодон же болбосо сыпалык, тазалык дегенден алынгандай. Сопу болгон кишилердин дили таза, сыпаа болуп, алардын жазган чыгармалары да чындык делет. Белгилүү сопу Бишрул Хофий дили таза кишилерди сопу деп айтабыз) - дейт.

2. "Суфий" термини "сафф" (сапка, катарга туруу) дан алынган, сопулар кудайдын алдында биринчи сапка турушат, анткени алар кудайга жакын туруучу инсандар деп түшүндүрүлөт.

3. "Суф" термини "Суфо" сөзүнөн алынган. Атап айтканда, Мухаммед пайгамбардын заманында Ясриб - Мадинадагы мечиттин түндүк тарабында чоң бир супа болуп, анда ар тараптан келген жана ислам динине ыклас койгон кишилер жашашкан. Алар пайгамбар алдында чоң кадыр баркка ээ болуп, тынымсыз сыйынуу менен алек болушкан. Куурулган арпадан даярдалган талкан алардын күндөлүк тамагы болуп эсептелет, алар ар түрдүү дүр-дүйнөдөн, рахаттан баш тартышкан. Бул адамдар "Супа жашоочулары" деп аталган. Кээ бир аалымдар "суфий" термини мына ошол "супа жашоочулары" деген сөздөн алынган дешет.

4."Суфий" термини "суф" дан алынган деген пикир да кеңири тараган. Араб тилинде "суф" деп төөнүн жүнү айтылат. Сопулар төөнүн жүнүнөн токулган одуракай кийимдерди кийип жүрүшкөн. "Суфий" термини ошол "суф" га байланыштуу берилген дешет. Көп окумуштуулар бул пикирди макулдашат.[3] Алгачкы суфийлерден Хасан Басрийдин айтышында "Пайгамбар менен Бадр урушунда катышкан 70 пайгамбардын кызматкерлерин көрдүм, алардын кийген кийимдери суфдан эле"[4]-деп белгилейт.

Мухаммед пайгамбардын кадыр-барктуу жардамчыларынын бири **Абу Мусал Ашьарийдин** маалыматына караганда, пайгамбардын өзү да, ар дайыма суфдан тигилген кийим кийип жүргөн.[5]

5."Суфий" термини "суфвоттан" алынган, "суфвот" арабчада – ындыны өчүү, үлдүрөгөн жана ар кандай жамандыктан таза - деген маанини берет.

---

[1] Садриддин Салим Бухорий. Дилда ер. Т., 1993, 23-24-беттер
[2] М.Зокиров. Тасаввуф таълимоти хакида. Шарк юлдузи. 1990, №7, 171-бет
[3] М.Зокиров. Тасаввуф таълимоти хакида. Шарк юлдузи, 1990, № 7, 171-б. Садриддин Салим Бухорий. Дилда ер. Т., 1993, 25-бет Н.Комилов. Тасаввуф. Китепте: Гойиблар хайлидан енган чироклар. Т., 1994, 17-бет.
[4] «Барикан Махмудия ва тарикан Мухаммадия» шархи, 2-бөлүм, 142-бет.
[5] Аталган чыгарма, 143-бет.

Демек, сопулар ар кандай ындыны өчүү, үлдүрөгөн тагыраак айтканда, аллага ишенимди ар түрдүү шектенүүдөн алыс болгон кишилер деген пикир да бар.

6.Абу Райкан Беруний "Осорул бокия..." чыгармасында ушул сөздү грекче "суф", же философ сөзүнүн акыркы бөлүгүнөн жасалган деп көрсөтөт.[1]

Эгерде бул агымдын чыгышы жөнүндөгү пикирлерди улантсак ал жөнүндө миңден ашуун пикирлерди көрсөтүүгө болот. Ошондуктан жыйынтыктап айтканда, айтылган маселелерди кенен-кесири чечпей туруп, сопучулуктун эң ири өкүлдөрүнүн бири, орто кылымдагы түрк элинин улуу акыны Ахмед Яссави Рабгузий, Ахмад Югнакий, С.Бакыргани, Дурбек тууралуу билбей туруп, ал жөнүндө сөз кылуу мүмкүн да эмес.

Ахмед Яссави өз өмүрүндө санат-насыяттарды жазып, аны өз устаттары тарабынан эл арасына таркаткан. Анда ислам дини, анын эрежелери, пайгамбарлар, элдерди актыкка чакыруу тууралуу баяндалган. Өз мезгилинде Ахмед Яссавини пессимист катары айыпташкан. Бирок динге ишенип, актыкка умтулуп, ыплас дүйнөдөн безе качкан сопуну антип күнөөлө менимче бир жактуу болуп калмак.

## XVIII-XX-кылымдын башталышындагы түркмөн адабияты

Бул кылымдарда өнүккөн Түркмөн адабияты сопучулук дидактикалык поэзияны уланткан менен алардын чыгармаларынан эл менен биригүү, коомдун актуалдуу маселелерине кайрылуу, эң негизгиси өз чыгармаларын элге түшүнүктүү тил менен жеткиргендиги. Түркмөн адабиятын жаңы багытка бургандардын пионери катары Азад акындын уулу Махтым Кули болду (анын жашырын аты Фраги). Акындын туулган, өлгөн жылы белгисиз. Бирок айыл мектебинен жана Хивадагы медреседен билим алгандыгы, Орто Азия, Азербайжан, Иран фольклорун жакшы билгендиги, Ирандыктарда туткунда болгондугу белгилүү. Махтым Кулинин калемине лирикалык ырлар, лирико-эпикалык поэмалар таандык. Өкүнүчтүүсү алардын бир далайы акындын жерине баскынчылар басып киргенде жок болуп кеткен, сакталып бизге жеткени 10 миңден ашуун сап ыр. Айрым ырларына пессимисттик жана диний маанай мүнөздүү. Лирикалары менен тааныша келгенде айрыкча алардын ичинен граждандык лирикага өзгөчө орун таандык экендигин байкайбыз. Анткени ал урууучул чыр чатактарга каршы чыгып, элди биримдикке үндөп, коомдун кемчилик жактарын көргөзүп, байлар менен колунда жоктордун өз ара мамилелери, тиричилик үчүн болгон күрөш жөнүндө терең ойлонууга чакырып, реакциячыл динчилердин бейадеп иштерин, кылык-жоруктарынын бетин ачат.

М.Кулинин дагы бир өзгөчөлүгү философ катары гуманисттик мүнөздөгү коомдук-философиялык, моралдык-этикалык маселелерди көтөрүп, атасынын мамлекет, эл-журт, жаратылыш жөнүндөгү ойлорун конкреттештиргендиги. Анын лирикаларындагы белгилеп кетүүчү нерсе элдин акылман ой-пикирлери фольклор менен тыгыз органикалык

[1] Гайиблар хайлидан енган чироклар. Т., 1994, 17-бет.

байланышта болуп, курч, элпек чыккандыктан ырларынын көп саптары учкул сөзгө айланып кеткендиги.

Дагы бир нйгилиги түркмөн поэзиясынын тилин өзгөртүп аны элдик тилге жакындаштырып арузду элдик силлабикалык система менен алмаштыргандыгы. Анын чыгармаларынын баалуулугу ошондо – кийинки муундун акындарына чоң таасир тийгизгендиги болуп эсептелет.

## 1917-1920-жылдардагы Түркмөн адабияты

Борбордук Азияда жашаган элдер сыяктуу түркмөн эли да көркөм мураска бай элдерден. Анткени илгертен көп кылымдар бою улуттук мамлекети жок маданий-экономикалык жагынан начар өнүккөн түркмөн эли өзүнүн адабиятын оозеки өстүрүү менен араларынан атагы чыккан көркөм сөз устаттарын чыгарышкан. Көлөмү жана жанры боюнча ар түрдүү болгон элдик оозеки чыгармаларында элдин ой-тилек мүдөөлөрү чагылдырылган.

Түркмөн адабиятынын классиктеринен Махтым Кули, Зелили, Сейди, Кемине, Молдонепестин чыгармаларында элдик идея чагылып, карапайым адамдардын рухий жактан баюусуна демилге берип, эртеңки келечекке ишендирүү, үмүттөндүрүү менен гана тим болбостон, оозеки чыгармачылык менен классикалык поэзиянын прогрессивдүү салттары жаңы революциячыл чыныгы замандын шартында улантылып андан ары жаңы күч менен өнүгүп байыды.

Элдик даанышмандыктын бермети болгон макал-лакаптар, элдик ырлар эреже катары дутардын же туйдуктун коштоосунда аткарылган. Кыздар ырлары, салттык ырлар, жомок, уламыш-легендалар, дастандар, эпикалык айтуулар түркмөн адабиятындагы жанрлардын пайда болуп андан ары өнүгүшүнө бирден-бир булак болуп берген.

Фольклордук чыгармалардын каармандары башта белгилеп өткөнүбүздөй эл ичинен чыккан жөнөкөй, эмгекчил, тапкыч, адилеттүү, бей-бечаралар үчүн ичкен ашын жерге койгон эл массасынын өкүлү болгон. Мисалы, легендарлык каармандар - Кемине, Миралы, Солтон-Союн, ага-ини Жапбакилер аркылуу Алдар Көсөө, Эфенди, Эсенполаттардын ысымдары менен көптөгөн жомок, легенда, анекдоттордун идеялык циклдери байланышкан. Адилеттүүлүк үчүн кандай кыйынчылыкка болбосун каршы турууга даяр турган бул каармандардын иш аракети аркылуу, эл массасы өз күчтөрүнө ишенип эзүүчүлөрдүн зордук-зомбулугуна каршы чыгышкан.

Фольклордун жана классикалык адабияттын баа жеткис мындай булактары албетте, жаңы түркмөн адабиятынын түзүлүп, калыптанышына чыныгы булак болуп бергендиги менен баалуу.

Ошондон улам жаңы түркмөн адабиятын баштоочу акын-жазуучулардын чыгармаларында фольклордук образдарга, ыкмаларга кайрылышып, андагы гуманисттик идеяларды өнүктүрүшүп, элдик тилдин түгөнбөс байлыгын пайдаланууга умтулушкан.

Канткен менен түркмөн жаңы адабиятынын жаралуусуна Улуу Октябрь Революциясынын негизинде пайда болгон социалдык чындык чечүүчү роль ойногон. Революциянын жеңиши, Түркмөнстанда орношу менен анын адабият тарыхынын жаңы этабы башталып, жаңы түркмөн адабиятынын негизги темасы революциялык жүрүш менен ишмердүүлүктүн

чагылдырылышы, элдин Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши үчүн болгон баатырдык күрөшү, революциянын тап душмандары, контреволюционерлер жана англис интервенттерине карата жек көрүү сезимдери болгон.

Түркмөн жаңы адабиятынын өнүгүүсүнүн баштапкы этабында (1917-24-ж.) оозеки чыгармачылыктын салттары менен классикалык адабияттын байланышы толук сакталган. Анткени революцияны жеңүү мезгилинде Түркмөнстанда басма сөз органдарынын жоктугунан көркөм чыгармаларды оозеки таратуу салты өнүккөн. Ошондуктан жаңы жазылган ырлар кол жазма экземплярында тарап, эң жакшы үлгүлөрү оолдон оозго өтүп, кээде айрым талантуу бакшылар популярдуу элдик ырлардын музыкасына салып, дутардын коштоосунда эстеринде калганын ырдап келишкен.

Аталган жылдары түркмөн адабиятында негизги жанр поэзия болсо да, мазмуну жактан революцияга чейинки поэзиядан айырмаланып турган, б.а. күнүмдүк окуялар, керектүү коомдук саясий маселелер чагылдырылып, жөнөкөй, элге түшүнүктүү болгондуктан эл массасы барган сайын көркөм адабиятты курч идеологиялык курал катары таанышып, элдин кызыкчылыгын коргошун түшүнө башташкан. Ал эми көркөм формасы, чыгармаларды аткаруу, жаратуу жагынан анча деле айырмаланбаган.

Түркмөн жаңы адабиятынын баштапкы мезгилиндеги көрүнүктүү өкүлдөр катары Байрам-шайыр, Көрмолдо, Молдомурут, Дурды Кылыч, Ата Салых ж.б. элдик шайырлар эсептелип, алар Түркмөнстандагы Октябрдын жеңишинин орношун элге жар салган элдик акындардан болгон.

Элдик акындардын (шайырлардын) чыгармачылыгынын мүнөзү жөнүндө сөз кылганда алар сабатсыз болсо да, көптөгөн фольклордук жана классикалык чыгармаларды жатка билишкедигин белгилей кетүү парз. Алар тойлордо, майрамдарда өздөрүнүн ырлары менен гана чыкпастан, көркөм адабий мурастарды жаратуучу катары да чыгышкан. Буга караганда алар – бахшыларга (элдик ырларды аткаруучулар) жакын болушкан.

Шайырлардын чыгармачылыгы түркмөн элинин эмгекчи массасына жеткиликтүү жана түшүнүктүү болгон, себеби, алардын чыгармачылыгы эл жашоосу менен тыгыз байланышкан, анткени өзүлөрү эл арасынан чыгышып, эски турмушту өз баштарынан өткөрүшүп, эки коомдун күрөшүнүн (жек көрүү, эзүү, зордук, зомбулук жана эмгекчи элге эркиндик, бакыт алып келген революциянын улуу күчү) күбөсү болушкан.

Революцияга чейин эле акын катары таанылган Молдомурут Октябрь революциясын толкундануу, кубануу менен тосуп алып, аны өз ырларында чагылдырып эл алдына ырдап чыккан.

Өзгөчө, түркмөн адабиятынын тарыхындагы революция, граждандык согуш темасы Көрмолдонун "Большевик", Ата Салыхтын "Достор, большевик жеңилгис", Байрам-шайырдын "Мен силер менен күрөшөм", "Сен эмне жасадың?" чыгармаларында көркөм чагылдырылган. Аталган чыгармалардын ички мазмунунан совет өкмөтүнүн орношу үчүн болгон күрөштү, элдин граждандык согуш мезгилиндеги ар кандай окуяларга жасаган мамилелерин, адабиятта ар кандай из калтыргандыгын түшүнүп, таанууга мүмкүнчүлүк алабыз.

Ошол мезгилдеги Көрмолдонун "Большевик" одасында акындын дүйнөгө болгон реалисттик көз карашы эл менен тыгыз байланышта

чагылдырылып, формасы жагынан элдик поэзияга жакын турган одада большевиктердин батыштан баштап, Туркменияддагы революциянын очогу болгон Кызыл-Арватка чейинки баатырдык чабуулу жөнүндө баяндалып, жөнөкөй элдин большевиктерге болгон симпатиясы берилет. Белгилөөчү нерсе аталган ода түрмөн адабиятындагы биринчи көлөмдүү чыгарма деп эсептесе боло тургандыгын акын өз позициясында да ачык белгилеген, большевиктердин адилеттүүлүк, элдик бакыт үчүн күрөшкөндүктөрүн даңктап, элдик душмандар - меншивиктерди жектөө менен алардын бетин ачат.

Түркмөнстандагы эмгекчи эл массасынын большевиктер менен биригип контрреволюциялык күчтөргө каршы күрөшү жана алардын батышка чегинүүсү Байрам-шайырдын чыгармаларында чагылдырылган. Байрам-шайыр Кормолдо сыяктуу өзүнүн "Мен, силер менен күрөшөм", "Жүргүлө басып кирeбиз" чыгармаларында классикалык поэзиянын салттуу формасын колдонуп, поэтикалык диалог формасына кайрылган. Бул ыкманы чыгыш поэзиясында өзгөчө МахтыКули, Молдонепес, Сеиди, Элмилилер өтө көп колдонушкандыгы белгилүү.

Акын бул жерде эл өкүлү катары эл атынан чыгып, меншивиктерге карама-каршы турат.

Байрам-шайырдын бул ырлары түзүлүшү боюнча Махтым Кулинин ырына окшош болсо, сүрөттөөсү жана мазмуну боюнча Молдонепестин Каджар династиясынын өкүлү менен болгон диалогуна окшош.

Шайырлардын оозеки поэзиясы жөнүндө сөз кылганда Түркмөниядагы эң көрүнүктүү акын Дурды Кылыч жөнүндө белгилебей кетүү мүмкүн эмес. Анткени революциядан кийинки алгачкы жылдарда жазылган ырлары менен кошо, бүтүндөй чыгармачылыгы түркмөн жаңы адабиятынын жаралуу мезгилиндеги адабий процессти туура түшүнүүдө кызыгууну туудурган, бул акындын чыгармачылык ишмердиги революцияга чейинки жылда эле башталган, бирок поэтикалык талант катары совет мезгилинде таанылып, гүлдөп-өскөн Дурды Кылыч башка акын-шайырлар сыяктуу эки мезгилдин күбөсү болгон жана өзүнүн поэзиясында хандардын, бектердин, байлардын эзүүсүнүн астындагы эмгекчи дыйкандардын оор турмушун реалдуу чагылдырып, революциядан жаралган жаңы коомдук түзүлүштүн улуулугун жана күчүн мактап ырдаган.

Дурды Кылычтын "Чыгырык" (1918) ырында кедейдин түйшүктүү эмгеги, ал эле эмес, кичинекей жерди сугаруу үчүн ага унаасы жок болгондуктан чыгырыгынын дөңгөлөгүнө өзүн чегип, жерин сугаргандыгы жөнүндө айтылат.

Революцияга чейинки караңгы айыл турмушу "Эмгек үстүндөгү чабандес" (1918), "Чатма" (1918) ырларында сүрөттөлөт. Ал эми түркмөнчө Чатма – түшүнүгү - бечара кедей-кембагал баш калкалаган аянычтуу алачык маанисин берет.

20-жылдардын башында жазылган Дурды Кылычтын башка чыгармаларынан мазмуну жактан айырмаланган "Байлар", (1924) "Кедейлер" ырларын белгилөөгө болот, анткени акын "Байларда" революцияга чейинки эмгекчи элдин оор турмушу, баштарынан кечирген кайгы-капасы, ырайымсыз эксплуататорлордун баюу үчүн жасаган жанталашы, жанкечтилиги жөнүндө өзүнүн ачык оюн көркөм жалпылап байлардын пардаланган жүзүн

ачса, "Кедейлер" ырында кедейлердин большевиктер партиясы менен биригип, алардын жетекчилиги менен эркиндик, теңдикке жетишип, өз тагдырларына өздөрү ээ болгондугун В.И.Лениндин аты менен байланыштырылып сүрөттөлөт.

Революциядан кийинки алгачкы жылдардагы элдик шайырлардын поэзиясы мазмуну жактан жаңы, формасы жактан эски салттуу формада болуп, өзүнчө бир звеного айланып, революцияга чейинки түркмөн адабияты менен жаңы гана жаралып жаткан жазма түркмөн жаңы адабиятын байланыштырып тургандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Түркменияда жаңы Өкүмөттүн орношу менен (1917) Түркстан АССРинин составында Түркмөн улуттук областынын түзүлүшү (1921) менен элдин жашоосунда түпкү тамырынан тарта өзгөрүүлөр жүрүп, шаар, кыштактарда мектептер ачылып, улуттук областтык өкүлдөр үчүн Ташкентте атайын курстар, окуу жайлар, басма сөз ишканалары пайда боло баштайт.

Ташкенттен чыккан "Түркмөн тили", "Муштум" журналдары, Бакудан чыккан "Молдо Насирдин" журналы эс массасына кеңири таркай баштап, ишканаларда, окуу жайларда адабий, драмалык кружоктор түзүлүп, ал жерде жаштар боордош элдердин адабияты, маданияты менен башкача айтканда азербайжан, өзбек, татар, орус адабиятынын жана искусствосунун көрүнүктүү өкүлдөрү жана алардын чыгармалары менен таанышышкан. Кийинчерээк түркмөн улуттук маданиятынын жана профессионал адабиятынын өнүгүшүнө бул булактар чечкиндүү таасирин тийгизген. Өзгөчө өзбек драматургу Хамзанын, прозаик Абдулла Кадирийдин, азербайжан акыны Сабирдин, сатиралык журналдар "Муштум", "Молдо Насердиндин" таасирлеринин натыйжасында Б.Кербабаевдин, К.Бруновдун, Молдомуруттун чыгармачылыгы калыптанып, өнүккөн.

20-жылдары элдик акын-шайырлар Көрмолдо, Дурды Кылыч (революцияга чейин чыгармачылык ишмердиги башталган), Молдомурут, Байрам-шайырлар менен катарлаш адабиятка жаш акын-жазуучулардын келип кошулушу жаңы адабияттын башталышы катары таанылган.

Жаңы түркмөн адабиятынын жаралышы, калыптанып андан ары өнүгүшү үчүн улуттук басма сөздүн болушу чоң роль ойногондуктан, биринчи кезекте "Түркмөнстан" (1920) газетасы, 1922-жылы "Түркмөн тили" журналдары уюштурулуп иштей баштап, андан кийинки жылдарда б.а. 1924-жылы орус тилинде "Түркмөн жалыны", 1925-жылы "Дыйкан", "Жаш коммунист" газеталары, "Токмок", "Большевик" журналдары түркмөн тилинде чыгып 20-жылдардын ортосунда Түркмөн Мамлекеттик басмаканасы ишке кирет.

1926-жылы түркмөн тилинде балдар үчүн "Пионер" журналынын чыгышы балдар адабиятынын жаралышы, түзүлүшү жана андан ары өнүгүүсүнө байланыштуу. Анткени ушул эле жылы борбор шаар Ашхабаддан азербайжан тилинде "Жалдануучу" газетасы чыгып, кийинчерээк "Эмгек" деп аты өзгөрөт. 1927-жылы орус тилинде өлкө таанытуучу журнал "Түркмөн таануу", 1928-жылдын ортосунан "Түркмөн маданияты" кийин "Маданий революция" болуп өзгөрүп чыга баштайт. Андан башка "Түркмөн совет адабияты", "Совет адабияты" журналдары, 1929-жылдын аягынан "Жаңы село" журналы, 1930-жылы "Кызыл кошун" газетасы, 1931-жылы "Аялдар үнү" журналдары жарык көргөн.

Ошентип Түркмөнияда жаңы өкүмөттүн орношу менен айрыкча улуттук-мамлекеттик территорияны бөлгөндөн кийин саясий, илимий, көркөм адабияттарды басып чыгаруу жолго коюлуп, жыл өткөн сайын бул көрүнүш активдешет.

Басма сөз беттеринде түркмөн жазуучулары Б.Кербабаевдин, К.Бруновдун, Я.Насырлинин, Молдомуруттун чыгармалары басылып чыгат.

Түркмөн жаңы адабиятынын түптөлүү этабында башка боордош элдердин адабиятындай негизги жанр поэзия болгон, мындай көрүнүштүн болушу закон ченемдүү эле. Себеби, улуу Октябрь революциясына чейин адабияты оозеки, көбүнчө поэзия түрүндө өнүккөн эл, теориялык билими бошоң акын-жазуучулар үчүн салттуу формадан чыгып кетүү кыйынга турган. Ошондуктан революциядан кийинки алгачкы жылдарда поэзия жанры алдыңкы планга чыгып, мезгилди көркөм чагылдырып, жаңы заман жаңылыктарын сүрөттөп берүү Азадинин, Махтым Кулинин, Талыбинин, Молдонепестин, Митаджинин ырларына таандык.

Ушул жылдары өз демилгелүү көркөм ийримдердин биринчи жолу эл алдына чыга башташы идеологиялык иштин эң чоң таасир берүүчү формаларынын бири болгон. Аталган ийримдерде биринчи улуттук пьесалар жаралып, алардын бири Ата Каушутовдун “Закаспий фронту” (1922) жана Кызыл-Арваттагы вагон ремонттоочу заводдун кызматкери Хаджа Аташевдин “Кызыл Армиянын Кызыл-Арватты алышы” (1919) пьесалары.

Түркмөн драма жанрынын биринчи бетин ачкан бул пьесаларда эл массасынын революция жана граждандык согуш мезгилиндеги эркиндик үчүн болгон күрөшү чагылдырылган.

Ушул жерде дагы бир жолу эскерте кетүүчү жагдай, түркмөн драматургиясында драмалык чыгармалардын жазылышына өзбек драматургу, көп кырдуу талант Хамза Хакимзаде Ниязынын таасири чоң, анткени бул мезгилдерде анын драмалык чыгармалары Орто Азияда коюлуп, эл арасына тарай баштаган болучу.

Ошентип, баштапкы мезгилдеги түркмөн жаңы адабиятын учур окуяларын көркөм жалпылап чагылдырып жаткан жаңы этап катары эсептесек болот. Түркмөнстанда жазма жаңы адабиятынын жаралышы менен поэзиядан башка жаңы мазмундагы жаңы адабий жанрлар менен кошо аңгеме, фелетондор, драмалык чыгармалар пайда болгон.

1925-жылы Түркмөнстандын өз алдынча Советтик Социалисттик республика болушу менен Түркмөн эли экономикалык жана маданий өнүгүүнүн жаңы этабына өтүүдө сабатсыз калктын сабатсыздыгын жоюу кеңири кулач жайган тарыхый чоң окуя поэзияда ачык чагылдырылган.

1925-жылы “Туркменистан” газетасы менен “Токмок” журналынын айланасында адабий-чыгармачылык ишмердиктер менен адабий бирикмелердин топтолушу түркмөн жаңы адабиятынын түзүлүшүндө жана өнүгүшүндө чоң роль ойносо, улуу муундун өкүлдөрү Б.Кербабаев, К.Брунов, Молдомурут, А.Насирам, Ш.Керими республикалык басма сөздүн ар түрдүү редакцияларында иштешип, улуттук адабияттын өнүгүшүнө чоң салым кошушкан.

1925-жылдын 15-февралында Полторацк (Ашхабад) шаарында Советтердин биринчи съезди болуп, анда Түркмөнстан өз алдынча ССР болуп жарыяланып, ушул эле жылдын май айында СССРдин составына кирген. Бул

тарыхый окуяга акын К.Брунов "Саламдашуу" ырын арнап, чыгармада Лениндик улуттук саясат бардыгын жеңүүчү күч, революциялык жеңиш элдин сыймыгы экендиги бийик пафос менен берилген.

Советтердин биринчи сьездине жалпы эле Түркмөн элине Б.Кербабаев, Я.Насырли, О.Ташназаров ж.б. өз чыгармаларын арнап, кайрылышкан.

20-жылдардагы түркмөн поэзиясында лирикалык жанр өзгөчө активдешкендигин ошол мезгилдин поэзиясы менен тааныша келгенде адегенде көзгө агитациялык-чакырык мүнөзүндөгү ырлар, дидактикалык, сатиралык, поэтикалык чыгармалар жаңы социалисттик чындыкты даңазалоочу касиетке ээ болгондугу менен күчтүүдөй сезилүүсүнөн көрүүгө болот.

Өзгөчө бул жанрда жогоруда аты аталган акын-жазуучулар үзүрлүү эмгектенишкен.

Поэзиянын тематикасы, көтөргөн маселелер: революция, коммунисттик партия, боштондукка чыккан түркмөн аялы, эскичиликке каршы күрөш ж.б.у.с. болуу менен "октябрь", "революция", "большевик", "партия" сыяктуу жаңы сөздөр поэзияда эл эркиндигинин символикасына айлангандыгын Я.Насырлинин "Лениндин китеби", "Биринчи жаңылык", Б.Кербабаевдин "Ленин", Молдомуруттун "Ленин, К.Бруновдун, О.Ташназаровдун чыгармаларынын идеялык-мазмунунан көрүүгө болот.

Б.Кербабаевдин "Ульянов Ленин" ырында Түркмөн элинин чоң бакытка ээ болушуна улуу жол башчыбыз Ленин жана анын улуттук саясаты, улуу революция себепкер экендиги белгиленсе, Я.Насырлинин "Лениндин китеби" ырында Б.Кербабаевдин идеясы кеңири планда андан ары уланып, Ленин маяк катары чыгыш элдерине эркиндик жолун жарык кылып көрсөтүп турат.

Я.Насырлинин "Биринчи жаңылык", Б.Кербабаевдин "Ленин", Молдомуруттун "Ленин" ырларында В.И.Лениндин өлгөндүгү түркмөн элине бүтпөс кайгы-капаны алып келгендиги бүткүл совет элинин кайгы-капасы менен биримдикте сүрөттөлүп Лениндин идеясы жана жасаган иши өлбөс-өчпөс экендиги даңазаланган.

Түркмөн жаңы адабияты пайда болуп, калыптангандан тартып эле эл массасын партия менен өкмөт уюштурган иш-чараларына активдүү катышууга чакырган бул маселелерди өз убагында түшүнүшкөн улуу муундун өкүлдөрү өзүлөрүнүн чыгармаларын аталган проблемалардын иш жүзүнө ашырылышына активдүү көмөктөшкөндүгүн негизи катары К.Бруновдун жер-суу реформасын ишке ашыруу керектиги жөнүндө "Дыйкан" (1925) газетасына жарыялаган "Оңдоого болот" ырын атоого болот.

Анткени караңгы түркмөн элинин дыйкандары жер-суу реформасынын ийгиликтүү ишке ашышын колдошкон, бирок, эки жүздүү бай-бийлердин, дин өкүлдөрүнүн тескери үгүттөөлөрүнүн натыйжасында өзүлөрүнүн жер, суу үлүштөрүнөн баш тартышкандар да болушкан. Мындай кырдаалда, албетте үгүт-агитациялык мазмундагы ырлардын таасири чоң болгондугу түшүнүктүү. К.Бруновдун бул ырынын идеясын "Дыйкандарга теңдикте" (1925) улап жана тереңдетиши 20-жылдардагы түркмөн адабиятынын башкы темаларынын бири – жер, суу реформасынын маселелери болгондугунун далили. Кээ бир жазуучулар аталган темага кийин дале кайрылышкандыгы А.Дурдыевдин "Анна-гөзал өзүнүн укугу үчүн күрөшкөн" (1927) аттуу

аңгемесинде караңгы, эскичиликке белчесинен баткан күйөөсүнө каршы чыгып, эшен алдап тартып алган жерин кайра андан кайтарып алган кайраттуу Анна-гөзал жөнүндө айтылат. Кыска, бирок учур максатына ылайык жазылган публицистикалык бул аңгемеде жазуучу окурмандардын алдына айыл-чарба экономикасындагы жаңынын эски менен күрөшүүсүн, дыйкандардын күнүмдүк турмушунда кабылып турган проблемаларды алдыңкы планга алып чыккандыгы менен баалуу.

Чындыгында жер-суу реформасынын проблемаларын чагылдыруу түркмөн адабиятында чоң из калтыргандыгы өзгөчө поэзия жанрында жаралган циклдик ырлардан көрүнсө, прозада бул көрүнүш солгунураак болгондугу байкалат.

20-жылдардын экинчи жарымында чоң саясий тема: Кызыл Армия жана анын катарына жаштарды чакыруу болгондугу Молдомуруттун "Кукен", "Кел", "Кызыл Армиянын кызматы", "Кызыл Армия", "Жоокерлер", "Кош келиңиздер" ж.б., К.Бруновдун "Кызыл Армиячылар", А.Ниязовдун "Замандаштарга", Ш.Кекиловдун "Менин жолум" ж.б. көптөгөн чыгармаларда ар түрдүү улуттагы жаштардын Кызыл Армиянын катарына кызмат өтөөгө умтулгандыгы чагылдырылат.

Түркмөн адабиятынын негизги өзгөчө белгиси болуп, 20-жылдардагы коомдук проблемаларды камтыган жаңы темаларды чагылдыруу болуп эсептелинген. Өзгөчө маданий революциянын проблемаларынын ичинен аялдардын эркиндикке чыгуусу көптөгөн чыгармаларда кеңири планда ишке ашырылган.

Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай, Түркмөн совет жазуучуларынын ичинен Молдомурут элге Лениндин идеясын колдоп "окуу жана окуу" девизин тараткан активдүү акындардан болгондугун анын "Түркмөн кыздары", К.Бруновдун "Үмүтүбүз мугалимдерде", "Билим жарыгын тараткандар", Дурды Кылычтын "Сенин убактың келди" ж.б.у.с. ырларынан көрүүгө болот.

Жаңы түркмөн адабиятындагы поэзия жанрында жаңы коомдук өзгөрүүлөрдү көркөм чагылдырууга ыңгайлуу болгон, саптары рифма менен байланышпаган эркин ыр формасы иштелип чыккан. Бул форма акындарга интонацияны ар түрдүү кылууга, диалог киргизүүгө, түрдүү көркөм ыкмаларды пайдаланууга мүмкүнчүлүк бергендиктен, 20-жылдардагы көпчүлүк поэмалар ушул формада жазылгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

20-жылдардын экинчи жарымында өз мезгилин кеңири сүрөттөө менен замандаштардын образын ар тараптан ачып берген көп пландуу чыгармаларды жазуу зарылдыгы туулган, бул жагдайдан чыгуунун алгачкы кадамын Б.Кербабаев, К.Брунов, Я.Насырли, А.Аламышевдер жасашкандыгын Б.Кербабаевдин "Кыз дүйнөсү" (1927) поэмасынын ички мазмунунан көрүүгө болот. Башкача айтканда поэманын сюжетинен түркмөн аялдарынын революцияга чейинки оор турмушу менен жаңы коомду куруудагы кыйынчылыктары сүрөттөлүп, ага активдүү катышууга чакырат. Бирок поэманын эпилогу чыгарманын жалпы сюжети менен логикалык жактан жетишээрлик деңгээлде байланышпай калган, ага себеп, поэмада индивидуалдаштырылган көркөм образдын жоктугу.

Бул поэмага караганда А.Аламышевдин "Сона" (1928) поэмасы өзгөчө орунду ээлейт, анткени автор поэманын бүт түзүлүшүндө жаңы коомду куруучулар, анын душмандарынын ортосундагы курч конфликти ачык

көрсөтүү менен окурманды жаңы коомдо жаңыча жашоого чакырган. Себеби поэмада советтик адамдын бири-бирине болгон гумандуу мамилеси, сүйүүсү, достугу, ишеними б.а. эң жогорку сезимдеринин биримдиги – асылзаадалык касиетинин башкы каарман Сонанын образына сиңирилип синтезделгендиги. Сона эскиден мурасталган улуттук-салттарга, өзгөчө жашы жете элек кыздарды кудалап сатууга каршы күрөшкөн өз мезгилинин активдүү көз караштагы кызы. Ал бардык аялдардай эле өзүнүн тагдырына өзү ээ болуп, жаңы коомдук турмушка активдүү катыша алган каарман. Сонанын сүйгөнү Анна – адеп ахлактуу, жаңы жашоону сүйгөн, эркин сүйүүнү эңсеген, эски феодалдык салттардын кишенинен бош адам.

Поэманын идеялык-тематикалык-көркөмдүк деңгээлине карап туруп, "Сона" поэмасы жаштарды жаңы турмушту курууда активдүүлүккө чакырган эң сонун чыгармалардын бири деп тартынбай эле айтууга болот.

20-жылдардын башындагы түркмөн адабиятында алдыңкы планга сатира жанры чыккан, буга Хордем-Кыял (туруксуз) деп кол коюлган "Кичинекей фелетон" чыгармасы далил. Чыгарманын аталышындагы фелетон түшүнүгүнүн берилишинин өзү жаңы жанрдын пайда болушунан кабар берет. Ушул көрүнүштүн өзү эле түркмөн адабиятындагы саясий сатиранын пайда болуп өнүгүшүндө чоң роль ойногон. Кийинчерээк бул жанрда К.Бруновдун "Лорда Керзондун күтүлбөгөн өлүмүнө байланыштуу", (1925) "Улуу урматтуу чемберленге эскерме", (1927) Б.Кербабаевдин "Буктурмадан атышат" сыяктуу фелетондору жарык көргөн.

20-жылдардын экинчи жарымында жаңы түркмөн адабиятында саясий лириканын бай циклдери улуу муундагы акын-жазуучулар менен кошо жаңыдан адабиятка кошула баштаган жаш күчтөр - Шали, Аман Кекилов, А.Аламышевдер тарабынан жаралган б.а. колониялык эзүүгө каршы чыгып, өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн Кытай, Индия, Араб ж.б. чыгыш өлкөлөрүнүн эр жүрөк элдерине тилектештигин билдирген чыгармалардын катарына К.Бруновдун "Жумушчуларга тынчтык", "Буржуазияга тынчтык", "Англияга көңүл айтабыз", "Эмне үчүн жануу", Молдомуруттун "Эркиндик үчүн бардыгы биригет", "Капиталисттер эски ырын ырдашат", "Түлкүлөр" ж.б. ырларында түркмөн элинин дүйнөдөгү эзилген элдерге болгон тилектештигин билдирсе, экинчи жактан империалисттик мамлекеттердин колониялык саясатына болгон жек көрүү сезими К.Бруновдун "Кеңеш күнөөлүбү?", "Ким күнөөлүү?", Молдомуруттун "Москваны күнөөлөшөт", "Чемберленге", "Дүйнөнүн капиталисттери", Ш.Кекиловдун "Чемберленге" чыгармаларында ачык сүрөттөлүп берилет.

20-жылдардагы поэзия барган сайын көркөмдүк жактан бийиктеп, тематикасы ар түрдүүчө өнүгүү менен бирге проза, драматургия жанрынын жаралуусуна түрткү болгон.

Октябрга чейинки түркмөн адабиятында проза болбосо да бүгүнкү биздин түшүнүгүбүздө ал Кемине, Мирали, ага-ини Солтан Союн, Жапбаковдордун ысымдары менен байланышкан Алдар көсөө, Эфенди, Эсен-Полоттун кызыктары жөнүндөгү кыскача аңгеме, анегдоттору чоң мааниге ээ.

Өзгөчө "Көр уулу" дастанындагы эпикалык планда сүрөттөлгөн окуялар кайрадан иштелип чыгып прозалык формада берилген, ал эми ырлары каармандардын ички психологиялык толгонууларын ачып берүү максатында пайдаланылган. Ошентип түркмөн адабиятындагы проза жанры –

фольклордук циклдерде б.а. жомоктордо, жөө жомоктордо колдонулган менен анегдоттордой оозеки түрдө гана жашап, жазма түрүндө кездешкен эмес.

Ал эми жаңы түркмөн адабиятындагы проза жанры жогоруда эскертилип өткөндөй коомдо болуп өткөн же учур маселесин камтыган темалардын тегерегинде жүрүп, газета беттеринен орун ала баштагандыгын "Түркмөнстан", "Дайхан" газеталарындагы "Хекал" рубрикасы камтыган кыскача очерк, аңгемелердин мазмунунан көрүүгө болот. Ал аңгемелерге натуралисттик, примитивдүү сүрөттөө мүнөздүү болуп, көркөмдүк жактан күчсүз, салыштырууларсыз, схемалуулук жагдай басымдуу болгондугу байкалат.

Бирок адабияттын 10 жылдыгы алдында түркмөн адабиятын республиканын сыртына алып чыгып, көркөм прозага чыйыр салган алгачкы прозалык чыгармалар пайда боло баштайт.

1926-жылы акын Я.Насырли "Түркмөнстан" газетасына "25 жылдан кийин" деген кызыктуу повестинен үзүндү жарыялайт. Повесттин үзүндүлөрүндө автор Түркмөнстандын келечегин романтикалык формада сүрөттөөгө аракеттенип, 25 жылдан кийинки Түркмөнстандын келечегин, экономикасын – Сона, Марлен, Майсы, Ашыр, Чары сыяктуу каармандардын коомго болгон адилет, гумандуу мамилеси аркылуу ачып берүүгө жасаган аракети повесть анчалык деңгээлде бышып жетилбегендиктен, эртеңки келечекти реалдуу сүрөттөө, аны көз алдыга келтирүү окурманды анча ынандырбай калган, ошентсе да автордун келечектеги 25 жылдан кийинки өз өлкөсү жөнүндөгү үмүттөрү ага чейин жүзөгө ашкандыгы автордун эртеңкисин көрө билген оптимист жазуучу экендигинен кабар берет.

20-жылдардагы түркмөн прозасында поэзия жанрындай эле эң чоң орунду жер, суу реформасына байланыштуу жазылган прозалык чыгармалар ээлеген. Эгерде поэтикалык чыгармаларда акындар реформанын мазмунун түшүндүрүүгө умтулушуп, дыйкандарды жер, суу алууга чакырышса, жазуучулар прозалык чыгармаларында түркмөн айыл кыштактарында реформа иш жүзүнө кандай деңгээлде ашкандыгын көрсөтүшкөн.

Бул көз караштан алганда "Ударниктер толкуну" жыйнагына кирген А.Дурдыевдин "Анна-гөзал өзүнүн укугу үчүн күрөшөт" аңгемеси кызыктуу.

Аңгемеде эки каарман Гельди-ага менен анын аялы Анна-гөзалдин образдары карама-каршы коюлат. Анткени Гельди-ага мурун эшенге тиешелүү болгон жер, сууну жаңы өкмөт аларга бөлүп берсе да аны алуудан баш тартат, ал аркы дүйнөдө жооп бере турган күнөөдөн коркот. Бирок Анна гөзал караңгы, сабатсыз аял болсо да турмушка туура ой жүгүртүп, аны туура чечүүгө аракеттенген эмгекчи аял катары биздин көзүбүзгө элестейт. Анткени ал: "Ким аркы дүйнөдөн келиптир? Эгерде мага бирөө байлык берип, наркы дүйнөдө кайтарасың десе, мен ойлонбой туруп алам, себеби, мен бул дүйнөдө өзүм төрөп, жакшы тилек менен өстүрүп жаткан балдарымды багышым керек!" деген бүтүм чыгарган, чыгармадагы карапайым аялдын көз карашы, түшүнүгүнөн улам эски, караңгычылыктан бошонуп, таптык аң-сезимдин ойгоно баштагандыгы окурманга маалым болот. Чындыгында ал мезгилде Анна гөзал сыяктуу чечкиндүү аялдар сейрек болгону менен бирөө болсо да кездешкендиги чындык экендигин А.Дурдыев өз чыгармасында көрсөтүү аркылуу айыл-кыштактардагы аялдардын көз карашындагы өзгөрүүлөрдү өз

мезгилинде сүрөттөп бергендиги колдоорлук көрүнүштөрдөн.

Мындай көрүнүш түркмөн адабиятынын бардык жанрларында борбордук проблемага айлангандыгына дагы бир мисал: Б.Кербабаевдин "Макулдашылган кудалашуу" аңгемесине да тиешелүү. Кийинчерээк бул аңгеме кайрадан иштелип чыгып, повесть катарында жазуучунун алты томдук чыгармалар жыйнагына кошулган. Аңгеменин мазмунунда эки түркмөн кызы – Аджап менен Абадандын тагдыры жатат. Дурдынын Абаданга үйлөнүшү, жашы жетпеген карындашы Аджапты калыңдын ордуна турмушка берүүгө аргасыз болот да, кайчы куда болушат. Эски салттын негизинде тарбияланган кыздар үндөбөй каршылыксыз турмушка чыгышат. Бирок тез эле Аджаптын күйөөсү өлүп, ата-энесинин үйүнө кайтып келет, анын ордуна башка кыз барымтага берилип, эки үй-бүлөнүн ортосунда чыр-чатак башталат.

А.Дурдыевдин "Бүркүт чеңгелиндеги сулуу", (1928) "Багдаддагы бактылуу кыз" (1928) чыгармалары түркмөн аялдарынын боштондук үчүн күрөшүнө арналат. Биринчи аңгеменин башкы каарманы – мүнөзү оор, басырыктуу, жоош кыз Акжамал, байлардын эзүүсүнө чыдабай өзүн-өзү өрттөп жиберет. Ал эми экинчи аңгемедеги эже сиңдилер Дюрли менен Дюрсолтан өз укугу үчүн күрөшүп адилеттүүлүккө жетет.

Б.Кербабаев менен А.Дурдыевдин чыгармалары 20-жылдардын аягындагы проза жанрынын бышып жетилишин айгинелегендигин аталган жылдар ичинде "1916-жыл" повести менен "Ачкачылык" аңгемесинин жазылышы "Чечүүчү кадам" романына жол ачкандыгынын өзү түркмөн прозасынын идеялык-эстетикалык деңгээлинин жогорулай баштагандыгын көрсөтөт.

Түркмөн драматургиясынын жаралышы театралдык искусствонун өнүгүшү менен байланыштуу. Түркмөниядагы профессионал театры өз демилгелүү ийримдердин базасынан чоңоет. Анткени 20-жылдарда өз демилгелүү ийримдер, коллективдер Кызыл-Арватта, Ашхабадда, Теджентте, Каахкеде, Бахарденде ж.б. шаарларда жана республиканын райондорунда иштешип, анын катышуучулары ырларды көркөм окуу менен аткарып, кыска инсценировкаларды коюу менен эл алдына чыгышкан.

1919-жылы белгилүү өзбек драматургу Хамза Хаким Заде Ниязи жетектеген Түркстан фронтунун саясий бөлүмүнүн театралдык труппасы Түркмениянын кээ бир райондорунда, анын ичинде Кызыл-Арватта болушкан. Ушул труппанын койгон спектаклдеринен таасирленип жөнөкөй эмгекчил, түркмөн Хожо Аташев "Кызыл-Арватты Кызыл Армиянын алышы" пьесасын жазган. Өкүнүчтүүсү пьесанын тексти бизге жетпей калгандыгы.

Ашхабаддагы борбордук советтик партиялык мектептин драмалык кружогу кыскача которулган пьесаларды коюшуп жүрсө, 1922-жылы кружоктогулардын күчү менен "Закаспий фронту" пьесасы жаралган. Көрсө, ошол мезгилде "Ороз-Сердар" деген ат менен белгилүү болгон анын автору Ата Каушутов кийинчерээк көрүнүктүү жазуучулук даражага жеткен. Пьесада Закаспийдеги граждандык согуш сүрөттөлөт.

Кружоктун койгон башка пьесаларынын ичинен "Айжамал" (1925) пьесасын белгилеөгө болот. Автору эне тил мугалими Шамседин Керим. Пьесадагы окуялар Түркмөнияда совет өкүмөтүнүн орношундагы алгачкы жылдардагы окуяларды кучагына алат. Эркиндикти сүйгөн жөнөкөй кыз

Айжамал, эскичиликтен кутулуп, өз эркиндигин алуу үчүн өмүрүнүн акырына чейин күрөшөт, байдын баласына зордук менен турмушка берилген кыз, ага тийип, өмүр бою көз каранды болгондон көрө өлгөндү артык көрүп, өзүн-өзү өлтүрөт. Пьесанын трагедиялык аягы, зордук зомбулукка каршы протест экендиги өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Түркмөниянын тарыхындагы чоң окуя түркмөн драма студиясынын ачылышы болуп саналат. Алгач ирет студияда өздүк репертуарлары жок орус, татар, өзбек, азербайжан тилинен которулган пьесаларды сахналаштырып коюп келишкен. Кийинчерээк студия өзүнүн улуттук репертуарын жаратуу максатында түркмөн жазуучуларын биргелешип иштөөгө чакырат. Мына ошондон кийин 1927-жылы Б.Кербабаев "Эмчи-домчу жана апийим чегүүчү" пьесасын жазат, бул жазуучунун драматургиядагы алгачкы тажрыйбасы болсо да, идеялык жактан апийим чеккендерди, табыптарды маскаралап, элди жаңыча таза жана сергек жашоого чакыргандыгы менен өзгөчөлөнөт.

А.Каушутовдун "Кандуу токой" пьесасы аялдарды жаңыча жашоого, жаңы маданияттуулук үчүн умтулууга үндөгөн чыгарма. Чыгарманын негизги идеясы совет мектебинде окуган түркмөн кызы Назик, өз улутунун аялдарын, жаңы коомдо, жаңыча жашоого жетишүү үчүн тайманбай күрөшүүгө чакырат. Назиктин мүнөзүндөгү мындай сапат таптык душмандардын кыжырына тийип, тилекке каршы Назик алардын колунан өз ажалын табат. Бирок чыгарманын аягында Назикти өлтүргөндөр табылып, адилет сот алдында өз жазасын алышат.

20-жылдагы түрмөн адабиятынын обзордук жыйынтыгында поэзия жанрын өзгөчө белгилеп көрсөтүү абзел. Анткени ал бул жылдары эң жемиштүү өнүккөн жанрлардын бири катары өз коомунун алдына коюлган проблемаларын көркөм өздөштүрүүдө чоң роль ойноп, поэзия жанры жаңы форма, жаңы көркөм-сүрөттөө, шарттуу образдар, салыштыруулардын молдугу менен чоң ийгиликтерге жетишкен. Тематикалык жактан алдыңкы планга Октябрь революциясы жер, суу реформасы, өлкөнү коргоо, күчүн чыңалтуу, империализм менен колониализмдин жүзүн ачуу, аялдарды эркиндикке, окууга, жаңыча жашоого үндөө чыккандыгын көрөбүз.

Проза жанрында революциянын алдындагы тарыхый окуялар, жер, суу реформасы, аялдардын боштондук үчүн күрөшү чагылдырылса, бул этапка түркмөн драматургиясынын жаралыш жана калыптаныш мезгили кирип, анда жаңы заман темасы өкүм сүргөндүгүн байкоого болот.

Ошентип, 20-жылдардагы түркмөн адабияты өзүнүн пайда болуш, жаралыш процесинде чоң өзгөрүүлөргө учурап, тематикасы кеңейип, жаңы мазмунга, жаңы жана жогорку идеяга, жаңы жанрдын жана форманын жаралышына шарт түзгөндүгү менен баалуу болуп эсептелет.

## 30-жылдардагы түркмөн адабияты

Согушка чейинки беш жылдыктар түркмөн адабияты үчүн өсүү, өнүгүү жана негизги адабий жанрлардын пайда болуу мезгили болгондугу менен шартталат. Кыска мөөнөттө түркмөн адабиятынын жетишкен бул ийгиликтери түркмөн элинин социалдык-экономикалык жана маданиятынын өнүгүшү менен тыгыз байланыштуу.

Адабияттын өнүгүүсүндөгү негизги факторлордун бири, түркмөн элинин адабий мурасын жана боордош элдердин адабиятынын жана искусствосунун реалисттик традицияларын чыгармачылык менен өздөштүрүү болуп саналган. Классикалык мурастарды изилдөө 20-жылдардын 2-жарымынан башталып, 1926-жылы жазуучу Б.Кербабаев түркмөн поэзиясынын классиги Махтымкули-Фрагинин ырлар жыйнагын даярдап басмадан чыгарат. Улуу классик акындын чыгармаларынын жарыкка чыгышы, эл массасына кеңири таралышы түркмөн элинин классикалык мурасы жана анын учурдагы ролу жөнүндө дискуссияларга алып келген.

Өткөн доордогу акындардын чыгармаларынын айланасындагы мындай талаш-тартыштар газета-журналдардын беттеринде 30-жылдардын орто ченине чейин басылып турган. Көпчүлүк адабиятчылар классикалык мурастардын баалуу болушун туура түшүнүү менен бул элдин рухий өнүгүүсү үчүн ошол кездеги советтик мамлекеттин камкордугу катары түшүнүшсө, айрым чыгармачыл кызматкерлер, улутчулдар жана пантюрхисттер тескерисинче жаңы социалисттик маданиятка каршы деп чыгышкан.

Алланын атына бекинишкен дин кызматкерлери элдин кудайга ишенишинен, сабатсыз, караңгылыгынан пайдаланышып, дыйкандарды социалисттик өзгөрүүлөргө каршы үгүттөшкөн.

20-жылдын аягында 30-жылдардын башында түркмөн жазуучулары диничил фанатизмге каршы күрөшкө чыгышып, өздөрүнүн чыгармачылыгында алардын бетин ачып, калкка түшүндүрүү ишин жүргүзүшкөн. Ошондой акындардын катарына Молдомурут, Ата Салых, Б.Кербабаев, К.Брунов, Дурды Кылыч ж.б. советтик түзүлүштүн душмандарына каршы сатиралык ырлары менен чыгышкан.

30-жылдарда классиктердин традицияларын өздөштүрүүгө каршы чыгышкан душмандар классикалык адабияттын барктуулугун, асылкаадалыгын ж.б. реалдуу, оптимисттик позицияларын танып, өзгөчө Махтымкулинин чыгармаларына буржуазиялык идеяларды жамашып, аны буржуазиясынын өкүлү деп санашып, анын чыгармаларында элдүүлүк жок деп эсептешүү менен түркмөн тилинде жаңы адабиятты жазуу мүмкүн эмес деген ойлорун айтышкан. Жана түрк тилинде араб-перси лексикасын колдонууга өтүү кереКтигин белгилешип, советтик интернационалдык лексикадан баш тартышып, орус адабиятынын тажрыйбасын колдонууга каршы чыгышкан.

Мындай үгүттөөлөр кээ бир адабиятчыларга таасир этип, классикалык адабияттан, улуттук маданияттан баш тартышып, советтик маданиятка жана анын идеологиясына каршы чыккан батыштык панисламизмди жана пантюркизмди жактоочулардын пропогандасы экенин түшүнүшкөн эмес. 20-жылдардын аягында буржуазиялык улутчулдардын жана пантюркисттердин жүзүн ачуу, түркмөн совет маданиятына каршы чыккандардын идеологиялык жактан жеңилүүсүнө алып келген.

Көрүнүктүү классикалык чыгармалардын белгилүү (популярдуу) болуу маселесине бир тараптуу мамиле кылган көп жазуучулар өздөрүнүнката позицияларын кайра иштеп чыгышкан. (О.Ташназаров ж.б.) Ошентип 30-жылдарда классикалык адабияттарды басмадан чыгаруу жана изилдөө иштери бир кыйла кеңейген. Бирок 30-жылдардын экинчи жарымында байыркы адабиятты изилдөөчүлөр революцияга чейинки бардык түркмөн

адабиятынын өкүлдөрүн классиктердин катарына киргизишкен. Мындай тенденция албетте революцияга чейинки түркмөн адабиятын үстүртөн изилдөөгө алып келген.

1932-жылдын 23-апрелиндеги ЦК ВКП(б) БКнын "Адабий-көркөм уюмдарды кайра куруу" жөнүндөгү токтому түркмөн адабиятында жана ошондой эле бүткүл көп улуттуу адабиятыбызда кадрларды тарбиялоо жана уюштуруу жагын бекемдөөгө эң керектүү жардам болгон.

Токтомду ишке ашырууда "Токмок" журналынын жана "Совет Түркмөнстаны" газетасынын жетишпестиктерин жана каталарын оңдоо боюнча Түркмөнстандын ЦК Компартиясы жана ЦКнын идеологиялык иштер боюнча коллегиясы көп иштерди жүргүзүшкөн.

Түркмөн совет адабияты жаңы жаш күчтөр: А.Кекилов, Ч.Аширов, Ш.Кекилов, М.Сараханов, Х.Дурдыев, Н.Томма ж.б. менен толукталган менен жаш жазуучулар уюмуна боордош элдердин жардамы ошол кезде өтө керек болгон.

Белгилөөчү нерсе, М.Горькийдин демилгеси менен Түркменияга орус совет жазуучуларынын келиши (1934-35-жылдар) түркмөн адабияты үчүн эле баа жеткис мааниге ээ болбостон, алардын адабиятынын тематикасынын кеңейишине да өбөлгө болгондугу Л.Леоновдун, П.Павленконун, К.Паустовскийдин, В.Луговскийдин ж.б. ошол кезде жаралган чыгармаларынын идеялык мазмунунан совет окурманы жаңыланган түркмөн жери, эли, адамдары менен таанышкан жана революцияга чейин пайда болгон орус-түркмөн адабий байланышы 30-жылдары айрыкча бекемделген.

30-жылдардын башында котормочулук иши кеңири колго алынып, эреже катары таржымалдоо жазуучу, акын, драматургдар тарабынан жүргүзүлгөн. Көркөм котормолордун үстүндө иштөө түркмөн жазуучулары үчүн чоң чыгармачыл мектепке айлангандыгын, турмушту реалисттик сүрөттөөнү бардык элдердин адабиятынын бай тажрыйбасынан үйрөнүшкөндүгүн айрыкча А.Пушкиндин, В.Маяковскийдин, Д.Бедныйдын, А.Лахуттинин, С.Вургундун, Хамза, Г.Гулямдын чыгармалары түркмөн акындарынын улуу муунуна 30-жылдары котормо аркылуу жетип, жаш муундарга устаттык мектеп болуп калган. Бул маселени (котормону) ишке ашырууда бүткүл союздук аренага түркмөн жазуучулары - А.Ниязов, Б.Кербабаев, О.Ташназаров, Н.Сарыханов ж.б. чыгышкан.

Ал эми күндөлүк окуяларды өз чыгармаларында чагылдырып активдүү эмгектенген Х.Чарыев, О.Ташназаров, А.Салых, Ш.Кекилов, Ч.Аширов, Х.Дурдыев, Р.Сеидов ж.б. агитациялык мазмундагы ырлары менен бир топ ийгиликтерге жетишкен.

Орус жазуучулары сыяктуу түркмөн адабиятчылары да чыгармачыл командировкаларга барышып, өздөрү күбө болгон окуялар жөнүндө чыгармаларды жаратышы жаңы мазмун, жаңы форма, жаңы жанрдын пайда болушуна алып келди. Мунун күбөсү катары Б.Кербабаевдин чыгармачыл командировкадан кийинки 1931-жылы жарыкка чыккан очерктер жыйнагы, А.Ниязовдун Москвадан жарык көргөн (1934) "Акыркы түн" повести, А.Дурдыевдин айыл турмушу тууралуу жазып жарыкка чыгарган аңгемелер циклдери түркмөн адабиятындагы проза жанрынын бир кыйла деңгээлде өсүп бара жаткандыгынын далили болду. П.Павленко, Н.Тихонов, В.Луговскийдин, В.Козиндин Түркменияның турмушу жөнүндө жазылган

чыгармалары адабий байланышты ого бетер бекемдөөгө түрткү болсо, В.С.Иванов, Л.Леснов, П.Павленко, В.Луговский, Г.Санниковдун заман турмушун чагылдырган ырлары, очерктер цикли, аңгеме повесттери коомдук саясат идеологиясын улантууга көмөктөш болсо, түркмөн жазуучулары орус адамдарынын образдарын А.Ниязов "Тарыхтан үзүндү" поэмасында, Н.Сарыханов "Үмүт" аңгемесинде, А.Каушутов "Перман", Б.Кербабаев "Чечүүчү кадам" романдарында беришсе, «Эне», "Болот кантип курчуду", "Чапаев", "Темир сел", "14-69 Бронепоезд", "Тынч Дон" чыгармаларын түркмөн тилине которуу ишинин жүргүзүлүшү түркмөн жазуучулары үчүн чоң мааниге ээ болгон.

30-жылдардын орто ченинде түркмөн тилине дүйнөлүк адабияттын классиктери - Шекспир, Гете, Гюго, Шиллер жана башкалардын чыгармалары которулат.

Түркмөн жазуучуларынын чыгармачылыгында эл аралык тематика чоң орунду ээлеген. Ошол мезгилдеги чыгармаларда япон жазуучуларынын революциялык иш-чаралары чагылдырылып, жазуучулар Испаниянын, Германиянын, Кытайдын, Араб өлкөлөрүнүн эмгекчилеринин жашоо-турмушу жөнүндө жазылган Молдомуруттун, Ата Салыхтын, Б.Сейраковдун, Т.Эсенованын саясий лирикалары, А.Дурдыевдин "Япондук солдат" повести менен кошо өзгөчө поэзияда интернационализмдин мотивдери Дурды Кылычтын "Москва жөнүндө поэма", "Достук жөнүндө поэма", Ата Салыхтын "Билесиңерби бул Ильич", "Ата Мекенимди билем", "Бирдиктүү менин элим", О.Ташназаровдун "Менин Түркменстаным", "Бактылуу муундар". Н.Помманын "Менин мекеним", "Эки закон" ж.б. лирикаларында жогорку деңгээлде чагылдырылган. 30-жылдардагы түркмөн адабиятында формалык жетишкендиктин тенденциясы, жанрлык жактан байышы ачык көрүнүп турат. Өзгөчө элдин турмушун кеңири жана реалисттик маанайда сүрөттөгөн чыгармалардын идеялык-көркөмдүк деңгээлинен реалисттик чыгармаларды жаратууга алгачкы кадамдар жаралгандыгын айгинелейт.

Эгерде биринчи он жылдыкта жана 30-жылдардын башында түркмөн адабияты фольклордук таасирден чыга албаса, экинчи жарымынан баштап Б.Кербабаевдин, А.Дурдыевдин, Н.Сарыхановдун, А.Каушутов ж.б.у.с. жазуучулар чыгармаларында реалисттик чыгармачыл тажрыйба топтошкон менен 30-жылдардын башындагы окуяларды сүрөттөөдө каармандар индивидуалдаштырылбастан, бүткүл көңүл алардын өндүрүштүк ишине бурулуп калган. Мисалы, А.Ниязовдун "Акыркы түн" повести, Б.Кербабаевдин "Байрам" повести, Х.Чарыев менен Ш.Кекиловдун "Каракумдун кумдарында" пьесалары кирет. 30-жылдардын экинчи жарымындагы бул кемчиликтер Н.Сарыхановдун "Үмүт", "Шүкүр бахши" (Аман, Мамед, Шүкүр, Гуламдын образдары), А.Дурдыевдин "Бактылуу жигит", "Баялы молдо" (Анна-кулү, Алтын, Баялы молдо ж.б.), Б.Кербабаевдин "Чечүүчү кадам" (Артык, Айша), Т.Эсенованын "Шемшат" пьесаларында оңдолгон.

Б.Кербабаевдин "Чечүүчү кадам" романы, А.Каушутовдун "Жума" пьесасы, "Родинанын уулу" повести, К.Брунов менен Б.Амановдун "Кеймиркөр", Т.Эсенованын "Миллионердин кызы" ж.б. чыгармалары тарыхый-революциялык темада жазылса, экинчи он жылдыктын экинчи жарымында жазылган чыгармаларынын баш каарманы эл массасы болгондугу менен айырмаланат.

Ошентип, 20-жылдардын акыркы, 30-жылдардын башындагы түркмөн адабиятында социалисттик реализм методунун масштабы кеңейип, тамырлап бара жаткандыгы байкалат.

Түркмөн адабиятындагы прозалык жанрлар (аңгеме, повесть) 20-жылдары эле жаралган болсо, 30-жылдарда калыптанып бүткөндүгүн эң кичине жанр аңгемеден баштап, роман жанрына чейин көтөрүлгөндүгүнөн байкоого болот.

Дагы бир белгилөөчү нерсе, Түркмениядагы коллективдештирүү мезгилинде жазуучулар өзүлөрү тарыхый окуялардын катышуучулары жана күбөлөрү болушуп, ар түрдүү райондордун турмуш-шарты менен кенен тааныишкандыгы алардын чыгармачылыгынын турмуш менен тыгыз байланышына түздөн-түз жардам берген. Мисалы биз жогоруда белгилеп өткөн Б.Кербабаевдин "Чындык" аттуу жыйнагы түркмөн адабиятындагы очерк жанрынын калыптанышында чоң мааниге ээ болгон. 1931-жылы жарык көргөн бул китепке 62 очерк кирип, анын ички сюжеттик өзөк окуялары бири-бири менен тыгыз байланышкан. Б.а. бардык очерктерде колхоз турмушу, курулуш, эл массасынын социалисттик заманды бекем орнотуудагы ролу, орду, каармандардын ар кандай проблемалары сүрөттөлгөн.

Б.Кербабаевдин очерктеринде учурдагы чындыкты кеңири эпикалык планда чагылдырууга умтулуу сезилген менен эрте жарык көргөн бул жыйнакта профессионалдык устаттыктын жетишпестиги байкалып турат. Анткени көпчүлүк очерктердеги маанилүү окуялар негизги эмес окуялардан бөлүнбөй калган.

30-жылдарда жазылган очерктердин негизги тематикасы социалисттик эмгек процессиндеги жаңы адамдын образын ачып берүү болгондугун А Кекиловдун "Ашыр ага алданган жок", Б.Кербабаевдин "Чыккан үндүн кайдан экенин билбеди" ж.б. очерктери мезгилдин талабына ылайык курч тап күрөшүнө арналышынан көрүнүп турат. 30-жылдардын орто ченинде очерк жанры идеялык-көркөмдүк жактан калыптанып, тематикасынын масштабы кеңейе баштагандыгын А.Каушутовдун, Д.Асамамедовдун, Н.Сарыхановдун, Б.Сейтаковдун, А.Назаровдун очерктеринен көрүүгө болот. Мисалы, А.Кекиловдун "30 буроваясында" түркмөн нефти казуучуларынын эмгектеги ийгиликтери чагылдырылса, К.Ишановдун "Кара Дервиш", А.Каушутовдун "Кан кечирбейт", "Ашхабад - Москва" ат чабыштын катышуучуларынын эрдиги жөнүндө, А.Дурдыевдин "Биздин кыздар", К.Ишановдун "Эмгекти сүйүүсү" колхозчулардын пахтадан мол түшүм алуу үчүн жүргүзгөн социалисттик мелдеши жөнүндөгү очерктери окурмандар арасында белгилүү боло баштады.

Аталган мезгилдердеги түркмөн адабиятында алдыңкы планга аңгеме жанры чыгып, анын негизги тематикасы тап күрөшү, айыл турмушу, андагы адамдардын жашоо-тиричилиги, интернационализм, рухий жаңылануу болгон менен өзгөчө жумушчулардын эмгеги, социалдык проблемалары жөнүндө прозалык чыгармалардын аз жазылгандыгы өкүнүчтүү нерсе. Бирок бул жетишпестик, албетте, өндүрүштүк борборлордун аздыгы менен түшүндүрүлмөкчү.

Б.Кербабаевдин "Марал", А.Каушутовдун "Малчылыктан трактористикке чейин", К.Ишановдун "Адашкан жолун тапты", А.Кекиловдун "Катуу таасир" ж.б. аңгемелеринде социализмге өтүүдөгү түркмөн элинин аң-

сезиминдеги өзгөрүүлөр чагылдырылган. Бул жыйнактардын жарык көрүшү коомдук теманын алдыңкы орунга чыгышын күбөлөндүрүп олтурат. Өзгөчө бул проблемалар А.Дурдыев менен Н.Сарыхановдун чыгармаларында кенен чечилгендиктен окурмандардын сүймөнчүлүгүнө айланды. Б.а. А.Дурдыевдин "Жеңилген шамал" аңгемесинде колхозду куруудагы жетишкендиктер, маданий революцияны жүзөгө ашыруудагы ийгилик-кемчиликтер жөнүндө жазылып, Баба атанын колхоз турмушунун алгачкы жылдарындагы мүнөзүн 30-жылдарга салыштырганда таптакыр башкача өзгөргөндүгүн б.а. активдүүлүгү, гумандуулугу артып, өз кадырын туюп, сөзе билгендиги, принциптүүлүгү арткандыгын сүрөттөө менен автор коллективдештирүү мезгилиндеги курч таптык күрөштө түркмөн эмгекчи дыйкандарынын мүнөзү түп тамырынан өзгөргөндүгүн чагылдырып көптөгөн фактылардын арасынан эң негизгисин тандай алат. Муну А.Дурдыевдин ушул жылдарда жазылган "Социализмди куруучулардын ударниктери" (1932) аңгемеси күбөлөндүрөт. Турмуштук көрүнүштөрдүн реалисттик духта сүрөттөлүшү Б.Кербабаевдин, Ниязовдун, Каушутовдун, Ишановдун чыгармаларынын эң күчтүү жагы экендиги байкалат.

30-жылдардагы аңгемелердин тематикасы мурдагы жылдарга караганда бир топ кеңейүү менен негизги мазмуну эски турмуш менен жаңынын ортосундагы күрөштүн зор роль ойногондугун Б.Кербабаевдин эски салттын ырайымсыздыгы жөнүндөгү "Ушул адатпы?", "Ким жеңди?" аңгемелеринде сүрөттөлсө, А.Дурдыевдин «Сигнал» аңгемесинде табыштардын жүзүн ачып, эски менен жаңыны салыштырып, жаңынын артыкчылыгын көрсөтүү менен баяндайт. Н.Сарыхановдун "Ширин" аңгемесинин башкы каарманы өз алдынча эскичиликке жана түрү суук салттарга каршы тура албай аларга баш иет. Мунун өзү айылдык Шириндин жаңы коомдук өзгөрүүдөн алыстыгы жана ага жакын адамдарынын - апасынын, кайненесинин эски турмушту жактагандыктарынын натыйжасы экендигинен көрсөк болот. Бирок Ширин канткен менен жаңы коомдо жашайт. Анын тегерегинде достору, мугалими, айылдын алдыңкы жаңы коомду куруучулары жана социалисттик коомдо чоңойгон замандаштары жардамга келип Шириндин өзүн эркин сезүүсүнө жакшы адамдардын кудурети түрткү болгондугу түркмөн адабиятында биринчилерден экендигин белгилөөгө арзыйт.

Согушка чейинки жылдарды А.Дурдыевдин чыгармачылык талантынын эң ачылган жылы катары таанууга болот. Анткени, анын юмордук, сатиралык "Балы молдо" аңгемесинде жазуучу эскичиликтин тескери көрүнүштөрүн Балы молдонун образы аркылуу мыскылдап, бой көтөрүүчүлүктү, жеңил ойлуулукту, аялдарга жасаган феодалдык мамиленин социалисттик коомго жат экендиги көркөм жалпыланып, чагылдырылат. Аңгеме юморлуу жазылгандыктан, өз мезгилинде эл арасында өтө белгилүү болгон.

Б.Кербабаевдин "Марал", Н.Сарыхановдун "Сүйүү", "Үмүт" аңгемелеринде үй-бүлө достуктун, сүйүүнүн, тең укуктуулуктун негизинде түзүлүш керектиги айтылса, А.Дурдыевдин "Ата мекенди сүйүү", "Жердин чеберлери", К.Ишановдун "Жаңы адамдар" аңгемелери советтик патриотизмдин улуулугун жана ыйыктыгын чагылдырып, Түркмөн айылынын жаңыча жашоосу Н.Сарыхановдун "Акыркы алачыктар", "Ак

үйдө", Б.Кербабаевдин, А.Дурдыевдин ж.б. аңгемелеринде сүрөттөлүү менен бирге окуяларды эпикалык планда чагылдырып берүү байкалат. Мындай чыгармалардын бирине А.Ниязовдун "Акыркы түнү" (1933) кирип, чыгарма түркмөн совет адабиятында заман темасындагы биринчи повесть болуп саналат. Чыгарманын сюжетине автор өзү күбө болгон Фараб районундагы окуялар камтылгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Повесттин өзөк окуясын камтыган негизги конфликт кой терисин жамынып колхозго өткөн Розыбай жана аны жактоочулары менен коммунисттер Чары, Эсен ж.б. ортосунда жүрүп, Розыбай, бай Аллаярбек, Молдо Ныяз эми эле түзүлгөн 5 колхозду түптөндүрүүнүн ордуна четинен жеп, чычканча үйгө ташып, талаптоногондугу көркөм жалпыланып сүрөттөлөт. Бирок автор оң каармандардын образын жеткилең, толук кандуу сүрөттөй албай калгандыгын анын кемчилдиги катары эсептегенибиз менен 30-жылдардын таланттарынан мындай объективдүү, субъективдүү жагдайларга ылайык ийгиликти талап кылыш деле туура эмес. Анткени кандай болгондо да бул түркмөн адабиятында жаралган алгачкы повесттин өз орду бар деп эсептөөгө тийишпиз. Ошол себептен улам болсо керек бул чыгарма 30-жылдарда эң маанилүү чыгармалардын бири болгондуктан тез эле орус тилине таржымалданып, Москвадан жарык көргөн.

Ошол эле жылдары Б.Кербабаевдин "Байрам", (1934) А.Дурдыевдин "Бактылуу жигит", (1938) А.Каушутовдун "Родинанын уулу" (1939) чыгармалары жарык көрөт. "Бактылуу жигитте" автор советтик коллективдин жаңы адамды тарбиялай ала турган күчү жөнүндө сүрөттөп, башкы каарман Анакулинин образы эволюциялык процессте берилет. Биринчи бөлүмүндө Анакули армияга чейин жалкоо, шалаакы экендиги сатиралык планда сүрөттөлүп отурат да, экинчи бөлүмүндө армияга кеткен Анакули - эмгекти сүйгөн, максатка умтулган жаңы адам болуп кайтып келет.

Каушутовдун "Родинанын уулу" повестинин сюжети чек арачылардын жана ошол чек арада жашаган элдердин душмандар менен болгон күрөшү, жаңы адамдын проблемасы Чарынын (бүт дүйнөсү менен совет өлкөсүнө берилген), Шириндин, Морозовдун, кары мергенчи Халмергендин образдары аркылуу элдердин боордоштугу бир максатка умтулган ой-тилеги сүрөттөлгөн. Андан тышкары согушка чейинки беш жылдыктарда жазуучулар тарыхый революциялык темаларга кайрылышкандыгын А.Дурдыевдин "Меред" (1937) повестинде жер, суу реформасына байланыштуу таптык кагылышуулар реалисттик маанайда сүрөттөлгөн.

М.Сарыхановдун "Шүкүр бахшы" повестинде түркмөн элинин башынан өткөргөн тагдырына кайрылган б.а. Шүкүр бахшынын образында эң сонун ырчы, көрүнүктүү тарыхый личносту, искусствонун кол жеткис улуу күчү даңазаланат. Шүкүр бахшы Иран ханынын бахшысы менен мелдешип, аны жеңип, туткунга түшкөн агасын бошотуп алат. Повестте автор элдин турмушундагы искусствонун ролу жөнүндөгү эң татаал проблеманы көтөрүп чыккандыгы байкалат. Эскерте кетүүчү жагдай повесть боюнча киноматографтар "Дал келүү" аттуу фильм тартышкан. Н.Сарыхановдун экинчи тарыхый повести "Кулдар" - революцияга чейинки аялдардын оор турмушун сүрөттөйт. Өкүнүчтүүсү повесттин бүтпөй калгандыгы. Б.Кербабаевдин "Чечүүчү кадам" (1940), Х.Дарьяновдун, "Кандуу сөөктөр"

(1937) романдары революцияга чейинки түркмөн элинин турмушу жөнүндө жазылып, 30-жылдарда бул чыгармалардын айрымдары жарыкка чыккан. Ошондуктан романдардагы коюлган маселе - социалисттик революциядагы түркмөн элинин чечүүчү кадамын сүрөттөөдө дагы эле жазуучулар тарабынан чечиле элек маселелердин бири болсо да, эмгекчилердин катаал тагдырын, чуулгандуу турмушун, байлардын ырайымсыздыгын реалдуу боектор аркылуу окурманга көркөм жалпыланып тартуулангандыгы аларды толкундандырган. Бирок, бул чыгармаларда да кемчиликтер жок эмес. Мисалы, Х.Дарьянов социалисттик түзүлүштү курчутуп көрсөтөм деп, формалдуу жасалма ситуацияны жаратып, кээде улуттук чындыктан четтеп кетсе, Б.Кербабаевдин романында ошол мезгилдеги таптык кагылышууларды сүрөттөөдө турмуштук деталдардын ийне-жибине чейин көңүл бурулган, кийинчерээк авторлор экинчи басылууда өз кемчиликтерин эске алып, кайрадан иштеп чыгышкан. Мисалы, Х.Дарьянов айрым кемчиликтерин жоюш үчүн өз чыгармасынын үстүнөн иштеп, кайрадан "Тагдыр" деген ат менен басмадан чыгарган.

А.Каушутов "Перман" романын Улуу Ата Мекендик согуштун алдында жазып бүтүрүп, үзүндүлөрүн "Совет адабияты" журналына жарыялайт.

Ошентип согушка чейинки жарык көргөн үч роман тең тарыхый же тарыхый революциялык темада жазылган менен бирок алардын ичинен бирөө толук бүтпөй калган. Ошондой болсо да бул изденүүлөр түркмөн адабиятында жаңы роман жанрынын пайда боло баштагандыгын күбөлөндүрүп турат.

Ал эми согушка чейинки беш жылдыктарда мурда белгисиз болгон жаңы поэтикалык жанр - лирикалык поэма, ырлар жана тамсилдер пайда болуп, сюжеттүү ырлардын, философиялык, саясий лирикалык, эпикалык поэмалардын тематикасы кеңейген.

Поэзияга коюлган жаңы талаптар, маселелер жаңы формаларды да талап кылган, анткени, эски поэтикалык окшошуу, ал мезгилдин поэтикасын артка тарткан.

Кээ бирлери ырдын формасына көңүл буруп мазмунун унутушса, башкалары эски поэтикалык үлгүлөргө окшотууга умтулушкан. Мисалы: А.Бекназаровдун "Бактылуу турмуш" чыгармасы советтик чындыкты сүрөттөө менен дастан формасында жазылган. Мындай традициялуу формаларга окшоштуруу 30-жылдары сейрек кездешкен.

30-жылдардагы адабий маселелердин бири болгон котормочулукка Б.Кербабаев, К.Брунов, А.Аламышев, Х.Чарыев, А.Ниязов, Я.Насирли, К.Ишановдор биринчилерден болуп кайрылышып, Пушкин, Лермонтов, Шевченко, Руставели, Тихонов, Луговский, Лебедев-Кумач, Чуковский, Гулямдын чыгармалары менен түркмөн окурмандарын тааныштырышкан. Котормочулук улуттук маданияттын байышына жана түркмөн акындарынын профессионалдык деңгээлин калыптандыруунун практикалык мектебине айланып, советтик элдердин адабий жана маданий байланыштарын кеңейткен. Анткени түркмөн окурманы 20-жылдары орус ж.б. адабияты менен татар, азербайжан, өзбек тилдеринде таанышкан болсо, 30-жылдардын аягында улуттук тилдеги таржымалдардын негизинде тааныша алышты.

Ушул эле мезгилде адабий-маданий карым-катнаштардын территориялык чек аралары да кеңейген. Мисалы, Улуттук тилдеги

таржымалардын негизинде украин акыны Шевченко, Грузин акыны Руставелли түркмөн окурмандарынын сүйүктүү акындарынын биринен болуп калышкан. Андан тышкары Б.Кербабаевдин, О.Ташназаровдун, Ата Ниязовдун, Н.Сарыхановдун чыгармалары бардык элдердин тилдеринде которулуп басылып чыга баштаса, Ата Салыхтын, Б.Кербабаевдин, О.Ташназаровдун лирикалык ырлары өлкөнүн маданиятынын бир бөлүгүнө айлана баштагандыгы менен баалуу.

Элдик жана профессионал акындардын эпикага жакын, тарыхты сүрөттөгөн поэтикалык чыгармаларынын арасынан "Москва жөнүндө поэма", "Биримдик жөнүндө поэма", Ата Салыхтын "Эгерде өткөндү эстесең" лирикалык поэмасын, Б.Кербабаевдин "Большевик", О.Ташназаровдун "Родина", "Менин Түркмөнстаным", Х.Чарыевдин "Жетимиштик мага дос" сыяктууларын атоого болот.

30-жылдардын лирикалык поэзиясында А.Кекилов, Ата Салых, Я.Насырли ж.б. чыгармачылыгындагы башкы каармандар - замандаш, социализмди активдүү куруучу кадимки, жөнөкөй түркмөн дыйкандары, анткени элдердин боордоштугу, достугу - бул Октябрдын баалуу жеңиши болгондуктан бул темада 30-жылдары Д.Кылычтын "Биримдик жөнүндөгү поэмасы" жазылган. Колхоздук курулуштун алгачкы жылдарындагы поэзия эскичиликке каршы маданий революциянын ишке ашышында активдүү күрөш жүргүзгөн. Өзгөчө түркмөн акындарынын агитациялык ырлары (динге каршы, адамдарга түз багытталган) чоң тарбиялык мааниге ээ болгон.

Республикада советтик маданияттын, жаңы замандын курулушун ишке ашырууда Молдомуруттун, Ата Салыхтын, Б.Кербабаевдин, А.Кекиловдун, А.Ниязовдун чыгармачылыгындагы интернационализм идеялары ачык далил б.а. түркмөн поэзиясынын жаңы каарманы - советтик патриотизмдин жана интернационализмдин идеяларын алып жүрүүчү активдүү каармандардын болгондугу. Мындай өзгөчөлүктү О.Ташназаровдун, Х.Чарыевдин, Н.Памма, А.Кекилов, Б. Сейтаков, Н.Аннаклычевдин, Ата Конек Мергендин, К.Ишановдун ж.б. чыгармаларынын идеясынан ачык байкоого болот. Молдомурут, Б.Сейтаков, А.Чарыкулиевдин чыгармаларынын темалары Ата Мекен, аны тышкы душмандардан коргоо, согушту бүтүрбөө, батыштагы жаңы согуштун очогу Гитлердик Германия согуштун жаңы баштоочусу экендигин айтып берүү болсо, Ата Мекен, аны коргоо - элдердин биримдиги темасында О.Ташназаровдун "Родина", "Менин Түркмөнстаным", "Бактылуу муун", Н.Памманын "Менин Родинам", Х.Чарыевдин "Келейлик- менин досум", Ата Салыхтын "Менин элим биримдик", "Родина", "Ленин жөнүндө поэма", "Кеңештер", "Жашасын", Б.Кербабаевдин "Эки көз", "Родинанын уулу", "Большевик", Ата Конек Мергендин "Сыймыктанам", "Биздин эл", Н.Аннаклычтын "Менин элимдин күчү", К.Ишановдун "Кеңеш өлкөсүндө" ж.б. чыгармалары жазылган.

30-жылдарда түркмөн поэзиясында эпикалык пландагы чыгармалар кеңири өнүгүп, бул мезгилдин башындагы жаралган поэмаларда негизинен колхозду куруу процессиндеги таптык кагылышуулар сүрөттөлгөн. (А.Кекиловдун "Алдыга" поэмасы ж.б.)

Аталган жылдарда түркмөн акындары тарыхый жана тарыхый-революциялык темадагы поэмаларды да жаратышкандыгын

О.Ташназаровдун "Батрак", "Байрам Али", Х.Исмаиловдун "Париж комунасынан" «Степан Разин», Х.Шукуровдун "Малчы", Т.Эсенованын "Болот кыз", М.Памманын "Женщин", Б.Сейтаковдун "Отто", Р.Саидовдун "Революциялык жолдо", А.Кекиловдун "Акыркы жолугушуу", А.Ниязовдун "Тарыхтан үзүндү" поэмаларында орус-түркмөн достугунун тарыхый фактыларынын булактары ачылып берилген

А.Кекиловдун "Акыркы түн" поэмасындагы каармандардын турмушу, жашоосу революциялык окуялар менен тыгыз байланышуу менен элдин өткөн турмушунун, революция жылдарындагы, анын күрөшүн кеңири сүрөттөп, колхоздук курулуштун айланасындагы курч таптык күрөш - түркмөн поэзиясынын үзгүлтүксүз, токтобогон темасына айлангандыгы менен бирге жаңы проблематиканы өздөштүрүү, жумушчулардын эмгегин, жашоосун сүрөттөөдө түркмөн поэзиясы көптөгөн кыйынчылыктарды баштан кечиргендиги байкалат. Анткени Б.Солтонлязовдун "Донбасс", Ш.Кекиловдун "Кызыл Арваттагы вагон ремонттук заводдо" поэмалары көркөмдүк жактан начарлыгы, натуралдык деталдардын жыштыгы менен көзгө урунуп, авторлор жумушчулардын турмушун ишендирээрлик деңгээлде образдуу жарата алган эмес. Бирок, ошол мезгилде түркмөн поэзиясында Б.Кербабаевдин "Аму-Дарыя" (1931) поэмасы талашсыз ийгиликке жетишкен б.а. сүрөттөөнүн реалисттик принциби романтикалык боектор менен шайкеш келип, түркмөн жери жөнүндө" дүйнөдө эң чоң канал курулуп, суусуз кара кум чөлү гүлдөгөн бакка айланып, өз мөмө-жемиштерин элге берет",- деп элестеткен. Биздин күндөрдө акындын эңсегени чындыкка айланып, түркмөн каналына келген Амунун суулары чөлдү жандандырып, мурда какыраган жер азыр бейишке айланган.

20-жылдарда пайда болгон түркмөн драматургиясы улуттук драмтеатрдын ачылышы менен жаңы өнүгүү тепкичине кадам шилтеген. Бул театрда коюлган алгачкы пьесалар тематикасынын актуалдуулугу менен өзгөчөлөнгөн А.Халдурдыевдин "Калыңсыз" (1929) пьесасында 30-жылдардын биринчи жарымындагы драмалык чыгармаларда мүнөздүү кемчиликтер кезигет.

Ал мезгилде түркмөн адабиятында профессионал драматургдар болгон эмес, пьесалар театралдык студияны жаңы гана бүтүргөн артисттер же 20-жылдардын орто ченинде адабиятка келген акын-жазуучулар тарабынан жаралган. (К.Бруновдун «Чөкөндөрдөн 18», "Пахта үчүн күрөшүүчүлөр", А.Карыевдин "Пахта", Б.Сейтаковдун "Кечки айылда" ж.б.)

Сынчылар түркмөн драматургиясын чыгыш адабиятынын салтынын негизинде болуш керек деп таанышкан. Бирок сынчылардын башка агымы музыкалык театр түзүп, анда европалык жана американлык музыканы пайдалануу керек деп чечишкен. Түркмөндөрдүн театр түзүүгө эч кандай мүмкүнчүлүгү, таланты жок дегендер да болгон. Мунун бардыгы, түркмөн драматургиясынын ийгиликтүү өнүгүшүнө тоскоолдук болгондугу өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

Бул жылдарда орус жана дүйнөлүк адабиятынын эң белгилүү драмалык чыгармаларын которуу биринчи орунда болгондугун Д.Фурмановдун "Козголоң", К.Гольдинин "Эки мырзанан кулу", Локе де Веганын "Койдун булагы", Шиллердин "Сүйүү жана кыянатчылык", "Каракчылык", Мольердин "Скапендин жоруктары", Гогольдун "Текшерүүчү", Дж.Джабарычынын

"Оттун келини", А.Корнейчуктун "Эскадрондун өлүмү", М.Микитенконун "Биздин өлкөнүн кызы", ж.б. чыгармалары түркмөн тилине которулуусунан көрүнүп турат. Жогорудагы чыгармалардын көпчүлүгүн акын К.Брунов которгон 30-жылдардын экинчи жарымында жана Улуу Ата Мекендик согуш учурунда, "Кемир көр" (Б.Аманов менен), "Сейди" пьесалары, "Шасенем менен Гариб", "Лейли менен Мажнун" операларына либреттолорун, "Алдар көсөө" балетин жазышы адардын жеңиштүү чыгармачылыгы жөнүндө айгинелейт. 30-жылдардын орто ченине чейинки улуттук драматургияда анча жетилген драмалык чыгармалар жаралган эмес, бирок бир канча пьеса өзүнүн жаңычылдыгы, материалдардын актуалдуулугу менен айырмалаган. Мисалы, Ш.Кекиловдун "Кара кумдун кумдарында", (Х.Чарыев, М.Клычевдын) 1929-1932-жылдары Түркмөнстандагы басмачылар менен болгон күрөш чагылдырылган. Бирок пьеса идеялык алсыздыгы, көптөгөн кайталоолордун кездешкендиги, чыгарманын ички мазмунун тайыздыгынан кабар берет. Бул жылдарда драматургия жанрдык жактан жетилгени менен идеялык жактан жогоркулардан айырмаланбаган. А.Ниязовдун "Кызыл орден", Г.И.Карповдун "Кель" (Плешивый), Дурдыевдин "Биздин айылдын комсомолдору", "Маска кийген адам" пьесалары жаралганы менен булардын сахналык жашоосу көпкө созулган эмес.

"Маскачан адам", "Биздин айылдын комсомолдору" пьесалары колхоздук курулуш мезгилиндеги таптык күрөш жөнүндө жазылып, агитациялык мүнөздө, жаңы эмгекчил адамдын образын түзүүгө аракет жасалган. Алар көпчүлүк колхоздук айылдарда, мектептерде коюлуп, чоң ийгиликтерге жетишишкен.

А.Карлыевдин "Айна", (1935) Б.Кербабаевдин "Өйдөлүштө" (1936) пьесаларынын жаралышы түркмөн улуттук драматургиясынын жаңы этабын түзгөн. "Айна" пьесасында жаңы колхоз айылындагы эмгекчилер ачык сүрөттөлгөн. Эксплуататордук тактын калдыктарынын өкүлдөрү жаңы жашоону куруугa (Эсенбай), тоскоолдук кылып, элдин аң-сезимин караңгылатууга, партиянын саясатын бурмалоого (Баба), активисттерди жок жерден жалган жалаа жабууга аракеттенгени берилип, алардын эң негизги максаты - түзүлгөн колхоздорду жоюу болгондугу чагылдырылган. Бирок, эл колхоз, советтик өкмөт деген эмне экендигин жакшы түшүнүп калгандыктан Эсенбайдын бакма кызы дагы социалисттик коомдун тарабын талашып, кыз - кыйын, бирок туура жолду тандап алып, колхозго мүчөлүккө өтүп, пахта терүүчүлөрдүн алдыңкыларынан болот. Эпилогдо кулактардын иштеринин жүзү ачылып, пландары бузулат. Айнанын, Хан-ала, Баба, Шекер-эже Эсенбайлардын образдары чеберчиликте тартылуу менен пьесада активисттер, партиялык жана советтик кызматкерлер катышышат. Өз мезгилинде А.Карлыевдин "Айна" пьесасы театрда көп жылдар бою коюлган, анткени анын идеялык-тарбиялык мааниси эбегейсиз чоң болуп эсептелет.

30-жылдардын экинчи жарымында тарыхый-революциялык темада А.Дурдыевдин "Ключ", Б.Солтониязовдун "Эркиндик же өлүм", К.Бруновдун "Сейид", А.Карлыевдин "1916-жыл", К.Бруновдун жана Б.Амановдун "Кеймир-көр", А.Каушутовдун "Жума", "Кеймир көр" пьесалары азыркы күнгө чейин республикалык театрлардын жана өз демилгечилик коллективдердин сахналарында коюлуп келе жатат.

"Кеймир-көр" (1939) пьесасы XVIIIк биринчи жарымында жашаган

түркмөн элдик баатырлардын легендарлык турмушу, элдин жыргал бакыты үчүн күрөшкөн эрдиктери менен тааныштырууда автор тарыхый фактыларга таянган. Пьесада XVIIIк. түркмөндөрдүн орус мамлекети менен болгон карым-катнашы сүрөттөлүп, бул окуя Туркмениянын экономикалык жана саясий өнүгүүсү үчүн зор мааниге ээ экендиги белгиленет. Хивалык хандардын, Бухара эмирлеринин, Иран шахтарынын адилетсиз басып алуучуларынан жакырланган жана талкаланган түркмөн эли аргасыз орус эли менен жакындашып, андан жардам күткөндүгү акыры түркмөндөрдүн орус мамлекетинин составына кирүүсү, аларды тынбай басып алуулардан, тоскоолдуктардан куткаргандыгы баяндалат. Анткени тарыхый булактарда, Яшумилер (Кеймир-көр алардын бири болгон) орус эли менен достук байланыштарын түзүүгө, соода иштерин жүргүзүүгө чоң кызыгуусун билдиришкени жөнүндө айтылат. Себеби XVIII кылымдын 40-жылдарында орус мамлекети түркмөндөр үчүн көп сандагы ун азыктарын сатуу үчүн бөлүп бергендиги белгиленип жүрөт.

30-жылдардагы драматургия жанры биринчи жолу фольклордук сюжеттерге жана образдарга кайрылган. Мындай пьесаларга Г.И.Карпов, М.В.Мавроцкий, Д.В.Варжиндин "Кель", Б.Кербабаевдин "Хурлукча Хемра" пьесалары (элдик дастандын сюжетинин негизинде жазылган) жана элдик легенданын негизинде жазылган "Бабалаксы" пьесасы кирет.

Көрүүчүлөрдүн көңүлүн Х.Чарыевдин жана Б.Амановдун биринчи музыкалык драмасы "Тахир менен Зухра" (XIX түркмөн классик акыны "Молланепестин дастанынын негизинде") ээлеген. Азыркы күндө да бул драма түркмөн академиялык драмтеатрдын сахнасынан түшпөй келе жаткан элдик чыгармачылыктын классикалык адабиятка кайрылышы, театрдын репертуарын байыткан 30-жылдардагы түркмөн драматургиясынын эң бир актуалдуу проблемасы социализмди куруучу жаңы адамдын образын түзүү болгон. Биринчи жолу А.Карлыевдин "Айна" пьесасында бул тема схемалык түрдө ачылган Д.Аламамедовдун "Колхоздук той" пьесасы "Айнага" мазмуну жактан жакын болгон менен, көркөмдүк жактан ийгиликтүү чыкпай калган. Буга караганда колхоз айылындагы адамдардын образын эсте каларлык кылып, Т.Эсенова "Шемшат" пьесасында бүткүл союздук аренага Туркмениянын биринчи комедиясын алып чыгарган. Килем токуучу кыз Шемшат жана анын сүйгөнү Акмурад аркылуу автор совет мезгилиндеги тарбиянын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Жаңы жашоонун таасири астында кары адамдардын да көз карашы өзгөрүп, эски салттын туткунунда жүрсө да кызын өз "душманынын" уулуна бергиси келбейт, бирок кийин өз көз карашынан баш тартат. Пьесада эгоист, бой көтөргөн, бар жокту билем деген терс каармандары да бар «Шемшат» түркмөн драматургиясынын тарыхында чоң роль ойногон баалуу чыгармалардан болуп эсептелет.

30-жылдары түркмөн адабиятында драманын жанр катары калыптанышы мезгили болгондугу К.Брунов, А.Каушутов, Б.Кербабаев, Б.Аманов, А.Карлычев, Т.Эсенова сыяктуу профессионал драматургдарын чыгармаларындагы фольклордук материалдын негизинде ("Кель", "Зухра менен Тахир") колхоздук айылдагы жаңы типтеги адамды сүрөттөгөн ("Айна", «Шемшат») революциялык тарыхый темадагы ("Кеймир көр", "Жума") драмаларынын пайда болушу менен чоң ийгиликтерге жетишиши, түркмөн адабиятында дагы бир бутак - драматургиянын пайда болгонун билдирген.

Б.Кербабаевдин, К.Бруновдун, А.Каушутовдун, Н.Сарыхановдун, А.Карлыевдин чыгармалары түркмөн адабиятынын реалисттик устаттыкка ээ болгон эволюциясын күбөлөндүрүү менен О.Ташназаровдун, Х.Чарыевдин, Шалы жана Аман Кекиловдун кээ бир поэтикалык чыгармалары убакыттын сыноосунан ийгиликтүү өтүшкөн.

## Берды Кербабаев (1894-1974)

Түркмөн совет адабиятынын көрүнүктүү негиздөөчүлөрүнүн бири Берды Мурадович Кербабаев 1894-жылы мурдагы Тажикстандын райондоруна караштуу азыркы Түркмөн ССРинин Тежен районунда дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Баштапкы билимин мектептен андан кийин жогорку конфессионалдык мектептен, медреседен, уланткан. Анын медреседен билим алуусу өтө оор жылдарга туш келген менен ошол жерден жакынкы Чыгыштын классикалык чыгармалары менен таанышып, араб перси, тилдерин үйрөнгөн.

Б.Кербабаев Түркменияда совет бийлиги орногондон кийин агартуу жана басма сөздү өнүктүрүүдө өзүнүн зор салымын кошуп, көптөгөн түркмөн газета журналдарын негиздеп, аны чыгарууда уюштуруучулардын алгачкыларынан болушу анын журналисттик ишмердигинин адабий чыгармачылык талантынын калыптанып өнүгүшүнө таасирин тийгизген. 1927-1928-жылдары чыгармачылыгын теориялык жактан бекемдеш үчүн Ленинград университетинин чыгыш таануу факультетине тапшырып, ден соолугуна байланыштуу аны бүтпөй калат.

Б.Кербабаевдин чыгармачылыгынын башталышы 20-жылдарга туура келет. Б.а. 1923-жылы "Дагы жок" деген сатиралык фелетону, "Англичандар жатып атышат" деген ыры жарык көрөт. 1925-жылы сатиралык "Токмок" журналынын редактору болуп иштеп, ушул жылдар аралыгында аялдардын эркиндигин даңазалаган "Кыз дүйнөсү" (1927) аттуу поэма жазып, Улуу Октябрь революциясына чейинки түркмөн кыздарынын оор тагдырын сүрөттөп, өткөн замандын салт-санаасын, нравасын ынанаарлык картиналар аркылуу чагылдырып берүүгө жетишкен.

Кийинки 1928-жылы жазылган "Левират" аттуу поэмасы "Кыз дүйнөсүнөн" идеалык-тематикалык мазмуну жагынан айрымаланбагансыйт. Анткени анда турмуштук фактылырды сүрөттөө бир жактуу гана болбостон натурализмдин элементтери басымдуулук кылгандыгына байланыштуу чыгарма эстетикалык-көркөмдүгү жагынан аксоого дуушар болгон сыяктуу.

Кербабевдин 3-поэмасы "Адат курмандыгы" да өткөн замандын реалдуу көрүнүшүн б.а. түркмөн кыздарынын мал катары калыңга сатылышын сүрөттөгөн тарыхый мүнөзүнө карабастан актуалдуулугун жоготпогон чыгармалардан болгондугу белгилүү.

Аталган поэмалардын түркмөн адабиятында пайда болушу ошол мезгил үчүн чоң мааниге ээ болгон. Анткени жаңы замандын жетишкендиктерин аялдардын эркиндигин сүрөттөөсүн ошол заманга (совет бийлиги орногонго чейин) жеткенге чейин түркмөн аялдары кандай оор тагдырды баштан өткөргөндүктөрү ар бир окурмандын жүрөгүндө калаары түшүнүктүү.

1930-жылы Б.Кербабев "Аму-Дарыя" аттуу көлөмдүү поэмасын жазат.

Чыгарманын сюжетинде жаңы замандын түркмөн жергесине орношу менен дыйкандардын жер, сууга ээ болушу көрсөтүлөт. Поэманын 1-бөлүгүндө байбийлердин дыйкандарды эксплуатациялашы, дыйкандардын оор турмушу сүрөттөлсө, 2-бөлүгүндө түркмөн элинин келечеги романтикалык пафосто чагылдырылат. Жыйынтыктап айтканда, аталган поэма - адам жана анын жаратылышты багындырып, аны жеңиши жөнүндөгү гимни болуп саналат.

Б.Кербабаев чыгармачылыгынын башталышында реалисттик методду кылдаттык менен колдонууга канча аракет кылган менен традициялык дидактизмден чыга албагандыгын байкайбыз, мунун өзү мезгил талабы менен алганда закон ченемдүү көрүнүш болуп саналат.

Б.Кербабаевдин акын гана болбостон өзүнүн дараметин драматургия жаатында да сынаган драматург катары таанымал экендиги 1926-жылы жазган "Дабалоочу жана апийим чегүүчү", (турмуш тиричилик темасындагы 1936-ж жазылган) "Өйдөлүштө", (согуш мезгилинде) "Махтумкули", "Хюрлюк менен Хемра" дастанын инценировкалашынан көрөбүз.

Убакыт өткөн сайын Б.Кербабаев проза жанрына оойт. Айрыкча согуш мезгилинде Түркмөн басма сөзү түркмөн жоокери Курбан Дурдуевдун эрдиги, ага Советтер Союзунун баатыры деген наамдын ыйгарылышы тууралуу ар кандай темадагы чыгармаларды жазышкан. Бул көрүнүш Б.Кербабаевдин чыгармачылыгында бош калбагандыгын баатырга арнап жазган "Курбан Дурды" повестинен көрөбүз. Ушул эле жылдары жазуучу "Айлар" аттуу ыр түрүндө повесть жазат. Анда совет мезгилинде төрөлүп чоңойгон тылда эмгектенип жүргөн Айлар согуш башталганда өз каалоосу менен фронтко медсестра катары кетип, жарадар жоокерлерди өлүмдөн сактап калууда өз кайраттуулугун көрсөтөт. Айрыкча бул эпизод Айлардын туткунга түшүшүнөн, фашисттер канчалык кыйнабасын ал өзү жөнүндө эле эмес партизандык отряд жөнүндө бир да ооз ачпоосунан көрүнөт.

Айлардын образын канчалык реалдуу сүрөттөөгө аракетенбесин айрым эпизоддордо аша сүрөттөөгө жол берилгендигин Айлардын жалгыз өзү немецтик офицерди жайлап, бүткүл немецтик штабды алдап, жигити кызмат кылып жаткан жоокерлердин бөлүгүнө туш келиши оозеки чыгармачылыктагы фантастикалык баатырлардын образын чагылдырып калгандыгы реалисттик чыгарманын көркөмдүк кадыр-баркын төмөндөтүп салгансыйт.

Ал эми бул чыгармасына карама-каршы тетирисинче Б.Кербабаевге бүткүл дүйнөлүк даңк алып келген чыгармасы "Чечүүчү кадам" романы болду. Жазуучунун 1936-жылы аталган чыгармасынан үзүндү "Айна жана Артык" андан кийин 1940-жылы бул романдын биринчи бөлүгү жарык көрүп, түркмөн адабиятынын тарыхында жаңы агымды ачкандыгы менен баалуу болду.

Өзүнүн эскерүүсүнө караганда аталган романдын үстүндө 20 жылдан ашык эмгектенгендиги жана анын адабий эмгегиндеги эң негизгиси экендиги менен айрымаланат. Жазуучунун тарыхый монументалдык бул эмгеги түркмөн элинин эки доордогу б.а. граждандык согуш жана революция мезгилиндеги тарыхый тагдыры, укугу орус жумушчу большевиктеринин жетикчилиги менен күрөшкө чыгуусу эпикалык планда чагылдырылат. Б.а. чыгарманын өзөк окуяларын түркмөн элинин тагдыры түзүп, жаш дыйкан Артык Бабалы өз мезгилиндеги замандаштарынын типтүү образын алып

жүргөн башкы каарман.

Романдагы негизги окуя түркмөн айылдарынан эч айрымаланбаган бай-бийлердин эзүүсүнөн баш көтөрө албаган, бирок башка айылдар сыяктуу эзүүчү топко болгон кыжырлануусу, толкундануусу күчөгөн Гоша айылында өтөт. Негизги конфликт эки таптын өкүлү б.а. кедей кембагалдарды эзип, аларды диндеги шарияттын ар кандай заң-законун пайдалануу аркылуу өйдө баш көтөртпөгөн эзүүчү таптың типттүү өкүлү Халназар бай менен кедейлердин өкүлү Артыктын ортосунда жүрөт. Анткени Артык кичинекей жердин, жепирейген үйдүн ээси. Ал эртеден кечке жаны тынбай эмгектенген менен анын үй-тиричилигі оңолмок тургай кайра күн өткөн сайын жашоосу кыйындагандан кыйындайт. Ал эми Халназар байдын канчалаган үйү, короо-короо кой, уй, төөлөрү, жээрге тонналаган буудайлары гана болбостон бүт айыл анын колунда.

Ал эми "пайгамбардын мураскору" аталган Момедвели кожо анын жолдошу болсо, уездин башчысы анын теңтушу.

Ар жыл сайын күздө айылдын суу башын дайындашчу. Бул жылы ал орунга чынчыл, ак көңүл Артыкты эл шайламакчы болушат. Бирок бийлик деген бийлик эмеспи ал кызматка Халназар бай шайланып, элге суу берүүдө кедей кембагалдарды алдап алакчылайт. Аны көрүп турган Артык байдын жасаган тескери кылык-жоруктарынын бетин ачып, эл арасында уят кылганга чейин барат. Артыктын ар бир жасаган ишин жүрөгүнө түйгөн бай андан өч алуунун жолдорун ойлой баштайт. Ошол мезгилдерде падыша согушка ат алып калат. Учурдан пайдаланып, Артыктын үй-бүлөсүн багып турган атын падышага ат тапшыруучулардын 1-тизмесине кошуп жазып, Артыктан өчүн алып, анын белин майыштырат. Мындай өчөшүү эпизоддору андан ары Артыктын сүйгөнү Меред дыйкандын кызы Айнаны аялы өлгөн уулуна зордуктап алып берүүгө түзгөн планынан көрүнөт. Бирок Халназардын аракети Артыктын той алдында Айнаны уурдап кетүүсүнөн улам оңунан чыкпай калат.

Байдың өчөшүүсү күндөн-күнгө күчөйт. Анын ички дүйнөсүн сезе билгенсип, Ак падыша согушка түркмөндөрдөн солдат берүүсүн талап кылат. Бул жолу да Артыктын аты тизмеге биринчи жазылат. Бирок Артык байга оңой менен баш ийбестен айылдан дайынсыз жоголот.

Күн өткөн сайын элдин байга болгон наарazылыгы күчөйт. Анткени элдин башын жалган сөз берүүлөрү, алдамчылыгы менен айландыра баштайт. Эгерде элди "падыша бизден эч нерсе талап кылбасын десеңер жыйнаган үрөөнүңөрдү сатып, акчасын ага жөнөткүлө"- деп элди ачка калтырмак, жерин тартып алмак да, жалаң сызга отургузмак.

Ушундай ситуацияда бир айылдан өзүн "Хан", "баатыр" эсептеген Эзиз Чапыков чыгып кыйналгандан кай жакка башын катаарын билбей айласы кетип турган элди Ак падышага каршы үндөп, шаар менен темир жолду басып алууну көздөйт. Артыктын бул көтөрүлүш туура эмес уюштурулгандыгын белгилеп айтканына карабастан Эзиз баштаган элдик көтөрүлүш башаламан уюштурулгандыгына байланыштуу оңунан чыкпай калат. Жарым жылдагы окуяларды камтыган романдын биринчи бөлүгү ушул окуялар менен аяктайт. Белгилөөчү бир нерсе, романдагы окуялар системалуу түрдө тездик менен биринин артынан экинчиси өнүгүп элдик бай-бийлерге болгон кыжырдануу, жек көрүү сезимдери курчуп, таптык карама-каршылык күчөй баштагандыгы

белгилүү болот.

Романдын 2-бөлүгүндө Улуу Октябрь Революциясынын Түркменияда орношу Артыктын досу Ашырдын өз элинде салтанат курушуна жасаган салымдары, айрыкча 1926-жылдары Россияга айдалган досу Ашырдын Россияда жүрүп большевиктерден таалим-тарбия алып, саясий көз карашы калыптанган деңгээлге өсүп жетиши, Эзиздин туура эмес жүргүзүп жаткан иштерин сезбестен Артыктын көз карашын колдошу, акыры ал күрөштүн туура эмес экендигин билгенден кийин кайра досу Ашырларга кошулушу реалдуу сүрөттөлгөн.

Романда Ашыр - кедей ким, бай ким ажыратып, большевиктердин идеясынын тууралыгын таанып билген, турмушта тажрыйбасы бар кедейлердин өкүлү, Артыктын досу. Ошондой эле романда орус коммунисти Иван Чернышевдин образы чоң роль ойнойт. Ал 1905-жылдагы кандуу жекшембиге катышкандыгы үчүн Түркменияга айдалган. Ал жерде да өзүнүн падышалык бийликке болгон саясий көз карашын Ашырга окшогон пикирлештерине таанытып алардын саясий көз карашынын калыптанышына түрктү болот. Ошон үчүн анын душмандары көп. Бирок совет бийлигин чыңдоо үчүн болгон күрөштө ага окшогондордун тобу бир эмес миңдеген эл массасы экендигин турмуш далилдеди. Бул көрүнүштү жазуучу өтө чеберчилик менен бере алган.

Аталган романдагы аялдардын образы өзүнүн көп кырдуулугу, туруктуу жана чынчылдыгы менен көзгө түшкөндүгү Айнанын образында чагылдырылган. Анын Артыкка богон сүйүүсү деңиздей чалкып мелмилдейт. Бирок ошол терең сүйүүгө жетүү, аны кадырлап кастарлай билүү оңойго турбастыгы, ал үчүн күрөшө да, жеңе да билүү керектиги Айна үчүн маалым жана ага даяр. Ошол үчүн өзү сүйбөгөн кишиге турмушка чыккандан көрө өлүмдү артык көрөт жана ал өзүндөгү өлбөс идеяны турмушка ашырууга Артыктын көмөктөш болушу Айнанын жашоого дилгирлиги өзүнүн тагдыр келечегин өзү курууга болгон аракети. Ал сулуу, намысчыл, кайраттуу, чечкиндүү гана болбостон өзүнүн сүйкүмүүлүгү менен адамды өзүнө тарткан жылдыздуу аял. Айнанын мүнөзүндөгү бул өзгөчөлүктөрдүн бардыгы романда өтө жеткиликтүү сүрөттөлгөндүгү Б.Кербабаевдин өтө чебер психолог жана сүрөтчү экендигин көрсөтөт жана бул роман түркмөн адабиятынын өнүгүшүндө өзүнүн оң таасирин тийгизгендигин чыгарма жарык көргөндөн кийин түркмөн адабиятында пайда болгон Б.Сейтаковдун "Туугандар" романын, Чары Ашыровдун "Кандуу суу бөлүмүнүн аягы" сыяктуу ыр менен жазылган повесттеринен көрүүгө болот.

1949-жылы аталган романынан кийин "Ак алтын өлкөсүнүн Айсолтаны" повести жарык көрөт. Андагы окуянын өзөгү башкы каарман колхозчу Айсолтан Рахманованын тегерегинде өтөт. Айсолтан өзүнүн новаторлугу, эмгектин баатыры экендиги менен өзгөчөлөнсө да баары бир Айнанын образынын учугун улап тургансыйт. Анткени Айна совет бийлиги орногонго чейинки турмушта жашап эскинин салт-санаасынан чыга албай ага каршы күрөштө такшалса, бул повесттеги Айсолтан жаңыча түшүнүктөгү бардык кырдаалга жаңыча көз караш менен караган жаңы заман адамы. Айсолтан баардык нерседен эмгекти 1-планга койгон түркмөн аялдарынын типтүү образы.

Повестте айылда өсүп эмгекке бышкан кайратман комсомол

комитетинин секратары Бегенчтин образы реалдуулугу менен эсте калат. Ал жаш, чын дили менен Айсолтанды сүйөт, Айсолтан да Бегенчтин сүйүүсүн түшүнүү менен кабыл алат. Бири-бирин түшүнгөн эки жаш бул жашоодо өзүлөрүн бактылуу сезишет.

Повесттеги жакшы ачылган образдардын катарына колхоздун төрагасы Аннак жана партиялык комитеттин секратары Чарынын образдары кирет. Булар элдин кызыкчылыгын алдыга коюп, эмгек десе ичкен ашын жерге койгон патриот каармандар. Атаган повесть өзүнүн поэтикалуулугу жана идеалдык тереңдиги, Б.Кербабаевдин прозадагы чеберчилигинин дагы бир жагын ачып бергендиги менен баалуу.

Б.Кербабевдин андан кийинки бараандуу чыгармасы "Небит-Даг" романы. Романда кылымдар бою жерден башы көтөрүлбөгөн түркмөн элинин 50-жылдары өнөр жайдын өнүгүшүнө көмөктөшүшү б.а. улуттук техникада интеллигенциянын калыптанышы тууралуу баяндалат.

Романдагы окуя буровой мастери Атабай, анын аялы Мамыш, кичинекей баласы Нуржан, улуусу Амандын тегерегинде өтөт. Булардан тышкары романда буровойдун начальниги Аннатуваку Чавдуров, башкы геолог Султан Рустамович Сулейманов, башкы инженер Андрей Николаевич Сафроновдор катышат.

Автордун жетишкендиги ошол ар бир каарманынын ички жана тышкы көрүнүштөрүн ар биринин өзүнө ылайык мүнөздүк өзгөчөлүктөрү менен ачып берип, алардын типтүү жүрүм-турумун, кайталангыс обликтерин көркөм жалпылоого жетишип окурманга тартуулай алгандыгы.

Сүрөткердин кайсы чыгармасында болбосун турмуштагы орчундуу эсептелинген проблемаларды көтөрүп, аны көркөм чындык менен синтездештирип так, күчтүү мүнөздөрдүн катышуусу жана кагылышуусу менен сүрөттөп бергендиги Б.Кербабаевдин кадыр-баркын андан да жогору көтөрүп, анын талантту көркөм сөздүн чебери экендигин далилдегендигин айгинелейт.

## 40- жылдардагы Түркмөн адабияты

Согуштун биринчи эле күндөрүндө Ата Салыхтын жана Дурды Кылычтын ырлары Түркмения боюнча кеңири тарап, улуулардын артынан бүткүл элдик күрөшкө фашизмге чакырган. Кара Сейталиев "Менин элим" ырында душмандар менен адилеттүү күрөшүүгө өз элин чакырса, согуштун биринчи күндөрүндө жана айларында жазылган көпчүлүк ырларда акындар радиодон же газетадан угуп, окуп билген фронттогу окуяларды чагылдырышкан. Советтик информбюродон оор жараланган советтик жоокерлердин өмүрүн сактап калган кыз Клавдия жөнүндөгү окуя, Б.Сейтаковдун "Ортактар" поэмасына негиз болгон.

Бирок бара-бара уккан, окуган чыгармалардан көргөндөрү жөнүндө жазылган чыгармалар озуп өтөт. Ошентип, фронтовик Шалы Кекиловдун "Карель токоюнда" поэмасында акын «бактылуу балдар кыздардын жүздөрүн» көрбөйт, алар тынч мөмө-жемиш чогултпайт, дыйкандар тынч гана эмгектенбейт", - деп айткан. Ушул эле идея автордун "Иван байке"

поэмасында сүрөттөлүү менен андан ары тереңдетилет.

Түркмения акындары мекендин коргоочусу совет адамынын эрдигине өзгөчө көңүл бурушкан. Ага К.Сейталиевдин "Пагондуу кыз" ырындагы кыздын сулуулугу, анын кайраттуулугу менен дал келип акындын берейин деген идеясы окурманды табийгыйлыгы менен ынандырат.

Көркөм адабий чыгармаларда ар бир түркмөн үй-бүлөсүнүн башынан өткөн окуялары дагы чагылдырылгандыгы коргоо фондуна чогултулган каражат акчаларды гана эмес, кымбат баалуу буюмдарды, алтын жана күмүштөн жасалган аялдардын тагынчактарын тапшырышкан. Бул элдик кыймыл Ата Нияздын "Аульбастан" поэмасынын мазмунуна негиз болгон.

Ошентип, акындар ар тараптан Ата Мекенин коргогон патриот баатырдык үрп-адат-салттарынын баштальшын бекемдөөгө умтулушкан. Поэзиянын лейтмотиви болуп, түркмөн элинин башка боордош элдер менен биригүүсү, жашоодогу максаты эрдиктеринин булагынын жалпылыгы эсептелет. Ушундай чыгармаларга Якуб Насырлинин "Орусча", ыры кирет. Ырдагы оң каармандын образы - жоокердин баскынчылардан эл-жерин бошотуу үчүн жасаган эрдигин акын улуттук классикалык адабияттын салттарын ийгиликтүү колдонуу менен сүрөттөп берген. Илгертен элдин сүйүктүү каармандары - жаш жигиттер жана кыздар даңкталган. Өткөндүн прогрессивдүү акындары Махтымкули, Сейди, Зелили, Кемине, Молланепестер патриоттук эрдиктер жөнүндө көптөгөн ырларды жазышкан. Жигиттин курч кылычы жана аты жөнүндө чыгармалар да аз эмес. Мисалы: "Көр уулу" эпосунда мекенди коргоочулардын тайманбастыгы жана каармандыгы ырдалып, даңкталгандыгы да бекеринен эмес.

Россияга бириккенге чейин Түркмения чар жайыт жашаган жана аны күчтүү феодалдык Хива ханы Бухара эмирлери, Иран шахтарынын мамлекеттери курчап, түркмөн элин багынтып алууга умтулушкан. Ошондуктан бул элдин тарыхы көптөгөн баатырларды кайраттуулук менен өз жерин коргоодон такшалткандыгы айрыкча XVIII кылымдын аягы жана XIX кылымдын башындагы поэзияда кеңири айтылган.

Улуу Ата-Мекендик согуш учурунда мына ушундай өткөндүн салттарын пайдалануу салтка айланган поэтикалык формаларды, мүнөздү терең реалисттик сүрөттөөнү, деталдаштыруунун тактыгын талап кылган.

Түркмөн дастандарындагы баатыр, жомоктук мотивдеги каармандар өз сүйгөндөрүн издеп, мифологиялык жандыктар менен салгылашкан. Каармандар дастандардагы специфкалык образдуулук, традициялык жигиттердин образдары - курч кылыч менен аттын үстүндө салгылашкан каармандар - бул сүрөттөөлөр чындыгында согуштун оор күндөрүнүн жүгүн көтөрө алган эмес, б.а. советтик адамдын ички рухий дүйнөсүн ача алган эмес. Буга М.Д.Агамедовдун "Курбан Дурдынын баатырлары" ыры мисал боло алат. Мындай традициялык образдуулук айрыкча элдик акындардын чыгармачыл фантазиясын кысып турган. Өз чыгармаларында алар бүгүнкү замандын баатырларын орто кылымдын адабиятынын баатырларына теңеп салыштырууга аракеттенишкен. Буга караганда реалисттик образдуулукту үйрөнүүдөгү кыйынчылыктар Б.Кербабаевдин "Айлар" повестинде дурус ишке ашкан. (Түркмөн кызынын баатырдык эрдиктери)

Б.Кербабаевдин мурунку поэмаларында түркмөн аялы үй-бүлө рамкасынан чыга албаса, "Айлар" поэмасында Зоя Космедемянская, Лиза

Чайкина, Лиза Швецовага жакын образ жаратылган. Поэманы реалисттик мүнөздө жазса да, автор башкы каармандын образындагы реалисттик мүнөзүн ачык ачып бере алган эмес. Биринчи бөлүмүндө Айлардын иш аракеттери реалдуу, жандуу болсо, фронтко баргандан кийин дастандарга мүнөздүү шарттуулукка оойт.

Түркмөн поэзиясында тылдагы эмгекчилерди сүрөттөө да чоң ийгиликке жетишкен. Мисалы, А.Кекиловдун "Сүйүү" поэмасында автор жаш каармандарынын мүнөздөрү аркылуу ошол кездеги түркмөн совет адабиятында биринчи жолу социализм мезгилинде түзүлгөн улуттук интеллигенциясынын мүнөзү ачылат. Анткени алар кыйла бай рухий турмушта жашашат. Ошондуктан Аламышевдин, Кербабаевдин, А.Каушутовдун мурунку чыгармаларынын каармандарына караганда "Сүйүү" поэмасында түркмөн адабиятынын классиги Молланепестин дастанынын тийгизген таасири чоң экендиги байкалып турат. Ал өзгөчөлүк сюжетгин курулушунан, каармандардын ички мүнөзүн, дүйнөсүн ачып көрсөтүүдөн байкалат. Ошол эле мезгилде Пушкиндин "Евгений Онегининe" да окшош. Согуштан кийин А.Кекилов бул чыгарманын үстүнөн иштеп, экинчи бөлүмүн жараткан. Поэмада кемчиликтер болсо да, А.Кекиловдун "Сүйүү" поэмасы түркмөн совет адабиятындагы чоң салым болуп эсептелет.

Улуттук адабияттын тарыхында улуу Ата Мекендик согуш учурундагы көркөм проза көрүнүктүү орунду ээлейт. Согуштун алгачкы жылдарында поэзия сыяктуу эле прозада дагы өз ысымдарын түбөлүккө калтырган баатырлардын образдары жаралган. Советтер Союзунун баатырларына арналган чыгармалардын арасынан түркмөн элинин баатыр уулу Курбан Дурды жөнүндөгү Б.Кербабаевдин повестин атоого болот. А.Аборскийдин "Клыч тылдагы душмандыкында" аңгемеси советтик чалгынчыларды (разведчиктерди) даңктагандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Түркмөн акындары жана прозаиктери улуттук жашоону көрсөтүү менен чектелбестен жакынкы жана алыскы боордош коңшулар жөнүндөгү очерктерди, аңгемелерди жазышкан. Бул улуттук адабияттагы жаңы көрүнүш, фронтовик жазуучулардын чыгармачылыгы аркылуу бекемделген. Бул жылдары орус, украин, азербайжан, өзбек, армян, грузин ж.б. элдеринин турмушунан алынган чыгармалар жаралган. Буга Д.Халдурдыевдин "Днепр", "Мегихеддеги түндөр" ырлары, Ш.Кекиловдун "Карель токоюнда", Р.Алиевдин "Сталинград", Н.Памманын ырлары, Х.Исмаиловдун "Эки атанын уулу" жана "N шаарында" сыяктуу Аshировдун повесттерин киргизсе болот.

Таланттуу прозаик Н.Сарыханов согуш окуяларын чагылдырган аңгеме ж.б. чыгармаларды жараткан. Анын "Таң атаар алдында" повести, "Тагдыр", "Эне" аңгемелери окурмандардын көңүлүн өзүнө буруп, адабияттын тарыхында ошол мезгилдин эң алдыңкы прозалары катары таанымал болгон.

Түркмөн адабиятында совет элинин эмгектеги баатырдыгы темасы өзгөчө орунду ээлеген. Аны Каушутовдун "Мергенчи Кандымдын үйүндө" (1944) аңгемесинен көрүүгө болот. Андагы Кандымдын образы автордун мурунку чыгармаларынан окурманга белгилүү. "Родинанын уулу" (1935) повестиндеги мергенчи СССР мамлекетинин чегин бузуучу контрабандисттердин изин таап, советтик чек арачыларга жардам берет. Автор бул образга согуш жылдары дагы кайрылгандыгы жогорку аңгеменин мазмунунан көрүнүп турат. Андагы жаш жигит, азыр 90 жаштагы оорукчан

чал, эми үй-бүлө башында болуп анын өзүн аябай эмгектенгендиги чыгармада ынанымдуу берилген. Бир күнү мергенчиликтен келип, үй-бүлөсүнүн аза күтүп отурганын көрөт. Көрсө небереси Мурат согушта курман болуптур. Чал ыйлагандарды сооротуп, мекен жөнүндө ар бир күнөөсүз төгүлгөн бир тамчы кан үчүн фашисттер жооп берери жөнүндө айтат.

Аңгемеде тылдагы эмгекчи карапайым калктын күнүмдүк күнү, баатырдыгы сүрөттөлөт.

Согуш мезгилиндеги эң бир көлөмдүү чыгармалардын бири Ата Каушутовдун "Мехри жана Вена" романы эсептелет. Автор романды 1942-жылы жаза баштап, 1946 жылы бүтүрөт.

Кылыч Мерген айылдын ардактуу аксакалы өз уулдарын, неберелерин Ата Мекенге берилген патриот кылып тарбиялаган. Романдын башкы каарманы - Вена, Кылыч Мергендин кичүү небереси, айылдык мектепте окуган, институтту бүтүрүп инженер болоордо согуш башталып армияга кетет. Ал жерде артиллерия бөлүгүнүн капитаны даражасына чейин жетип, немецтик фашисттик баскынчыларга каршы баатырдык менен күрөшөт. Түркмөн жигити Вена согушта орус солдаты Петр менен таанышып, достошот.

Чыгарманын дагы бир каарманы - Аман Пошчи, колхоздун председатели, жакшы уюштуруучу. Жазуучу бул каарманды сүрөттөө менен адамдын ачык образын жараткан. Жалганчы, жалаа жапкан душманы Хошлы Молдонун сөзүнө ишенип кичүү уулу Венаны үйүнөн кууп чыгат да бир нече жыл сүйлөшпөй кийин жарашат.

Борбордук персонаждардын бири Мурад, Сахат, Венанын мектептеги досу, офицер-чалгынчы, каардуу баатыр. Ал эми Мехринин образы романда өзгөчө орунда турат. Романда дагы бир персонаж Гурт Гарт жаш кезинен жетим калып, ууру, картежник болуп чоңоет. Бирок өткөн жашоосунан кол үзүп, согушта каармандык, баатырдык көрсөтөт. Гурт Гарт туткунга түшүп, немецтердин кыйноосуна чалдыгат. Туткундан качып, советтик армияга кайтып келет.

"Мехри жана Вена" романы кемчиликтен да куру эмес. Советтик жазуучулардын чыгармалары менен салыштырганда композициясы эң начар, каармандардын мүнөздөрү жакшы ачылбаган, фронттогу окуялар үстүртөн сүрөттөлүп калган.

Улуу Ата Мекендик согуш учурунда түркмөн драматургдарынын иши эки багытта (классикалык адабий мурастарды пайдалануу Б.Кербабаевдин "Туугандар", "Хурлыкча менен Хемра", "Махтымкули" пьесалары, "Курбан Дурды") өнүккөн.

Бул жылдары драматургияга Б.Кербабаев зор салым кошкон. Анын "Хурлыкча жана Хемра" (1942) сүйүү дастандарын инсценировкалоо боюнча биринчи тажрыйбаланган драма болуп эсептелет. Дастанда реалисттик элементтер күчөтүлүп берилип, башкы каарман фантастикалык каарман эмес, болгону сүйгөнүнө берилген сүйүктүү кыз. Драмада реалисттик ситуациялар жана мүнөздөр жыш.

Улуу классик акындын турмушуна Б.Кербабаевдин "Махтымкули" (1943) драмасы арналып, ишмер, өз элинин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн, элине өз жүрөгүн, ойлорун, билимин арнаган акындын образы берилген.

Автор каармандын гумандуу көз карашын ачык айтып, анын көз карандысыздык үчүн жүргүзгөн күрөшүн элге, дыйкандарга кайрылган ырларында, сөздөрүндө адамдардын бактылуу болушундагы жашоого болгон терең үмүт, ишенимин ачык билдирилгендигин сүрөттөп берет. Бул чыгармада сахналык көрүнүштөр аз, бирок драманы коюуда, окуганда лирикалык чыңалуунун бийик болушу драманы бийиктетип жибергендиги автордун чеберчилигинен кабар берет. "Туугандар " драмасында каармандардын мүнөзү бир кыйла курч, күчтүү сүрөттөлгөн. Бирок окуянын башындагы кагылышуулар кийин жакшы өнүкпөй, сюжеттик начарлоого дуушар болгон. Кийин бул кемчиликтер белгилүү деңгээлде "Туугандар" драмасында «Родинанын уулу" киносценарийинде оңдолгондугу колдоорлук көрүнүш. Б.Кербабаевдин согуш мезгилиндеги эң жакшы чыгармаларынын катарына "Абадан" операсынын либреттосу кирет. Анткени ал лирикалык тереңдиги жана бай боектуулугу менен башка драмалардан айырмаланып турат. Айрыкча Абадан кыздын образында назиктик, сүйүкүмдүүлүк менен патриоттуулук ширелише сүрөттөлгөн. Арияларда жана хордун либреттолорунда жашоого болгон оптимизм, кубанычтуулук, гуманизм, адамдардагы чыныгы сүйүү, сулуулукка берилгендик чыгарманын бийик пафосуна айланган. Согуш жылдарындагы түркмөн адабиятында каармандардын согуштагы, эмгектеги баатырдыгына классикалык салттардын айкалышы мүнөздүү экендиги. Авторлор адамдын асылзаадалыгын бийиктетүүгө умтулушат, анын максаттуулугун ачып, мекендин көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн күрөштө көрүнгөн жаңы сапаттарын чагылдырууга аракет жасашкан. Поэзия, проза драматургия жанрлары өз элинин баатырдык традицияларын, муундардын байланышы аркылуу сүрөттөп берүүгө далаалат кылышкандыгы ачык байкалат. Бул Ата Мекендик согуш учурундагы түркмөн адабиятынын жаңы сапаттарына ээ болушун мүнөздөйт.

## 50- жылдардагы Түркмөн адабияты

Согуштан кийинки жылдарда поэзиянын тематикасы кеңейип, көп акындардын чыгармачылыгында публицистикалык поэзия биринчи планга чыгып, ыр түрүндөгү плакаттар терең традицияга ээ болуп, мазмуну жактан элдик поэзияга жакын болгондугу Ата Салыхтын, П.Нурбердиев, А.Чарыкулиев, К.Сейталиев сыяктуу акындардын чыгармаларынан көрүнөт.

Бул жанрдагы новаторлук ырдын интонациясын чечкиндүү өзгөртүүгө умтулуу болгон Маяковскийдин интонциясына жакындашкан бул ырлар окурманга курч, публицистикалык сөзү менен таасирдүү келген.

Тынчтык турмушту сүрөттө акын-агитатор, акын трибундардын чыгармачылыгында башкы темага айланган. Мисалы: К.Сейталиевдин каарманы Айнабаддын пахтасынын сулуу жана кардай аппак болушунун себеби, анын жан дүйнөсүнүн жылуулугун берип эмгектенгенинен жана асыл сапатка ээдерлигинен экендигин айгинелейт. Анткени эмгектеги жеңиштер менен элдин өткөн жолу өлчөнөт. Эгерде эски түркмөн ырларында курандын сүрөөлөрү болсо (Кудайга кайрылып, жамгыр сураган) ал эми азыр адам өзү жаратылыштың ээси.

П.Нурбердиевдин "Эмгектин баатыры" ырында адам баласы күн менен мелдешет. Күн колхозчудан кеч турганына кайгырат, бирок баатыр алтын колдордун ишин көрүп эртеси күн миң эсе ачык жаркырап жайнаганга аракет жасайт. Эмгектин баатыры асмандан күч менен эркти ыйлап сурабай, өз эмгеги менен аларды багындырат.

Эмгеги менен даңкталган адамды сүрөттөөдө А.Кавусов лирикалык гана эмес балладалык ыкмаларды да пайдаланат. Кичинекей Гюзель экрандагы кинодон, өз атасын 5 айдан бери чоң курулушта чөлдө жүргөндүгүн көрүп, атасы дале аны сагынган менен аларды багуу үчүн эмгектин туткуну болгондугун жаш кыз кайдан туйсун. Чыгарманын аягы балладалык ошол эле мезгилде түркмөн фольклорунун композициялык ыкмалары менен айкалыша келиши, чыгарманын идеялык жактан бийиктешине шарт түзгөн. Кавусовдун ырлары образдарынын тактыгы менен гана эмес сөздөрү менен да өзүнө көңүлүңдү бурат. Мисалы, "автокараван" сөзү жаңыча угулат себеби аны айтуу менен биз эски чыгыш поэзиясындагы образдуулукту б.а. Караван дегенде адамдардын жана төөлөрдүн оор, кыйын, күнү- түнү дебей түркмөн чөлүндө жүргөн жолун элестетебиз. Бул чөлдү Гюзелдин атасына окшогон эмгекчилер гүлдөгөн бакка айландыргандыгы чыгарманын бүтүмүндө белгилүү болуп чыга келет.

Таланттуу акын Рахмет Сейдовдун чыгармаларында күндөлүк турмуш жана салттуулук проблемасы поэзиясынын негизги предметине айланган. Сейдов бул теманы канондук жана наватордук искусствонун полемикалык формасында ачып көрсөтөт. Новатордук менен салттуулукту бири-бирине салыштыруу же карама-каршы коюу жок, тескерисинче жашоонун жаңы көрүнүштөрүн поэтикалык ойдун жаңыланышы менен билдирүүнү жаңы формада талап кылынганын далилдеп берүү зарылдыгынан улам түркмөн аялынын сулуулугун мактап ырдаган акындар үчүн социалисттик Түркменияны куруучу учурдагы аялдын сулуулугун, анын ички дүйнөсүн ачып сүрөттөп берүү кыйынчылыкка турган. Ошону менен бирге Сейдов учурдагы лирикалык формадагы ырларынын ички мазмуну өткөндөгү поэтикалык үлгүлөрдөн да жат эмес болгон акындардын катарына кирет. Мисалы: "Фирюзанын булагы", "Мергенчи жейренди атпайт" ж.б. чыгармалары.

Түркмөн акындарынын аксакалы Б.Кербабаев - поэзияны ой катары мүнөздөгөн поэтикалык багыттын улуу устаты.

Лирикадагы бул багыт акындан философиялык ойду, идеяны мазмундуу жөнөкөй кылып берүүнү талап кылган. Б.Кербабаевдин «Ленин багында» ырын эске салат. Анда тынчтык эстелиги турган жерде акындын ички сезими, ой толгоолору ырдын улуттук калоритин белгилүү деңгээлде жогорулаткан сүрөткердин улуу акылман менен жолугушуусу Кербабаев үчүн Ленин – элдердин жол башчысы, ал гениалдуу оюу менен чыгармачылыкка жол көрсөтөт. Мындай бийик сезимдер Кербабаевдин поэзиясын философиялык жактан байыткандыгы менен көңүлдү бурат. Ар башка мезгилде ар түрдүү жолдор менен түркмөн адабиятына келген ар түрдүү акындар, мисалы: Ата Салы тын жана Тоушан Эсенова, Кара Сейталиев жана Б.Кербабаевдердин чыгармачылыгын бир катарга коюп тааныштыруу туура болмок эмес.

Анткени ар биринин өз чыгармачылык жолу, өзүнүн кыйынчылыктары, дүйнөлүк көркөм маданият жөнүндөгү түшүнүгү жана өзүнүн билими ар

башка болгондуктан согуштан кийинки түркмөн адабиятынын өнүгүшүн баалаганда, сырткы декоративдүү көрүнүш, ички тереңдик жана (көрүнүштүн) сулуулуктун ордун баспашын белгилөө зарыл. Бул совет элдеринин улуттук маданиятынын бакттуулугу менен түшүндүрүлүшү керек.

Согуштан кийинки түркмөн поэмаларынын авторлору өз көңүлдөрүн тынчтык күндөгү эмгекке бурушкан. Каармандардын согуштан кайтып келиши менен сүрөткерлер мурунку ондогон чыгармалардан белгилүү болгондой ички конфликтерге кайрылууга туура келген. Түркмөн акындары согуштан кийинки турмушту сүрөттөөдө эң мыкты чыгармаларында эски трафареттик ситуацияларды кайталаган эмес. Мындай ийгиликти үч фактор аркылуу шарттоого болот:

1. Өткөн согуштун таасири астында совет элдеринин нравалык өнүгүү процессин ачып берүүнүн зарылдыгын түшүнүү.
2. Элдик, баатырдык, таза нравалык образдардын бийик моралдык идеясын талап кылган улуттук традицияга берилгендик.
3. Орус классик адабиятынын байлыгы болгон гуманизмди, согуштан ыйманы менен чыккан адамдын ички көркөм дүйнөсүн изилдөө.

А.Кекиловдун «Сүйүү» поэмасынын каармандары революцияга чейинки мезгилдеги оор турмуштук жолду басып өтүшкөн. Революция тарбиялаган советтик адамдардын мууну жаш каармандардын башына түшкөн оңой эмес сыноолор идеялык ишенимдерине таасир тийгизбейт. Каармандардын тагдырынын оор, катаал бурулуштарында мугалим Огульнабод, фронтовик, жаш илимпоз Акмурад Ашировдор туура чечкиндүү чечим чыгарышат. Эң негизги чечүүчү карама-каршы шарттарды автор бир кызды сүйүп калган эки жигиттин алдына койбостон кыздын алдына коет. Ага балалык чагы чогуу өткөн Бесенч кымбат, ары ал Мекенди коргоп согушта жүрөт. Бирок Ашировдун сүйүүсүн дагы аттап өтө албайт. Ал акылдуу, билимдүү, кыйын күндөрдө колдоп жардам берет. Огульнабод Бесенчке берилип, аны күтүүгө акыркы чечимин чыгарат. Бул чечим ага оңой менен берилбейт. Бирок поэманын аягы бактылуу жомоктук аяк эмес, чыныгы бүтүм. Бесенч менен Огульнабод биринчи баласынын туулушун күтүп жатканда Бесенчтин денесинде калган осколок анын акыр түбүнө жетет. Бирок Огульнабод уул төрөп, келечекке жарык жол ачып, автор поэманы оптимисттик саптар менен аяктайт. Поэманы психологиялык чындык мүнөздөйт. Мунун негизинде оң каармандын көп тараптуу образы түзүлүп ачылат.

Орус поэзиясын мыкты билген түркмөн акыны ыр саптарында, рифмаларында, композициясында Пушкиндик, Лермонтовдук үлгүлөрдү пайдаланган. Автор бул чыгармасын ыр түрүндөгү роман деп белгилеген.

Ч.Аширов «Кандуу суу бөлүгүнүн бүтүшү» поэмасын тарыхый повесть деп атаган. Чындыгында, татаалдаштырылган коомдук тарыхый мазмундагы сюжетке, мезгилдик факторлорго бай чыгармада көп жолу көрсөтүлгөн этаптарга кайрылышы, композицияга өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Бул Чары Ашировдун чыгармаларынын көркөм өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

Башкысы коомдук-тарыхый өнүгүүнүн чагылдырылышы, акындын өз элинин башка элдер менен тыгыз байланышы, айрыкча орус эли менен болгон байланышты көрсөтүү менен улуттук спецификалык өзгөчөлүгүн

чагылдырууга умтулгандагы анын жетишкендиги деп эсептөөгө болот. Поэмада суу үчүн болгон күрөш негизги орунду ээлейт. Тирүүлүктүн негизги булагы үчүн эки лагерге бөлүнүп күрөшүшөт. Ч.Аширов күрөштүн мазмунун тирүү образдар аркылуу бере алгандыктан окурман ынанаарлык деталдарда көркөм жалпыланган. Түркмениянын шарттарында көп жылдар бою кедейлердин жана байлардын ортосундагы күрөш чыгармалардын негизги предмети болуп келген. Ошондуктан биринчи планга эки персонаж – жөнөкөй кедей, кембагалдардын кызыкчылыгын жактаган – Чарыяр жана каардуу жырткыч – Байли чыгат. Кедейлердин коргоочусу өз күрөшүндө эрктүүлүктү көрсөтө албагандыгы Чарыярдын трагедиясы катары каралат. Качан гана айылдын аксакалы эркsиз адам коркок болушун түшүндүрмөйүнчө бул көрүнүш улантылат. Бир күнү Чарыяр муну түшүнөт жана сууну өзүнө буруп алган Байлини кармап алып аны өлтүрөт. Чарыярга кандык өч алуу коркунучу туулуп качып кутулат. Степан жана анын достору Ялкабды, кийинчерээк Чарыяр дагы революционерлердин катарына кошулат, поэмада чечүүчү эпизод – түркмөн кембагалынын (Чарыяр) большевиктер партиясынын атынан Орто Азияга жөнөтүлүп Куйбышев менен жолугушуусу болуп эсептелет.

Ашировдун поэмасы хронологиялык принципке баш ийгендиктен кээ бир мезгилдерде түркмөн элинин тарыхы чагылдырылып калган.

Түркмөн поэмасына өз салымын поэтикалык сөздүн улуу устасы Б.Кербабаев дагы кошкондугун, анын «Түркмөн поэмасы» чыгармасынын көрүүгө болот.

Биринчи саптан акырына чейин заман жүгүн чагылтуу менен Кербабаев учурдагы теманы терең өздөштүрүп, аны поэтика менен айкаштырып, түркмөн поэзиясынын негизги бир кемчилигин жеңүүнүн мисалы катары өз чеберчилигин көрсөткөн. Бирок тескерисинче – коздоо, көркөмдөө чындыкты жөнөкөйлөтүү кемчилиги Д.Ильмурадовдун «Айгүл», Р.Сейдовдун «Бактылуулар», Т.Эсенованын «Гүлдөр» поэмаларында даана көрүнөт.

Кербабаев «Түркмөн поэмасында» өтө татаал, бирок туура жолду тандаган. Анткени учурдун талабына ылайык калыбына келтирүү жылдарды, жаңы курулуштарды, жаңы техниканы, элдик жашоонун жаңы жактарын жазуу өзгөчөлүгү түркмөн адабияты үчүн дале Кербабаев жана башка түркмөн жазуучулары үчүн согушка чейинки жемиштүү изденүүлөрдүн уландысы болуп саналат.

«Түркмөн поэмасында» бардык конфликтер, окуялар башкы каарман инженер Набат менен байланыштуу. Набат аял киши болгону менен инженерлик кесипке ээ болушу, эже-сиңдилери, апасы үчүн бул чоң бакыт эле.

Поэмадагы дагы бир катышуучу бургулоочу (бурыльщик) Ата Курбанов. Ата жана Набат экөө тең жаштан, турмушу жаңы гана башталып жашоосунун негизги мааниси – алардын бири-бирине болгон сезимин ойготуп, өстүрүп акырында гармониялык, биргеликте иштеп, жашоонун ысык-суугуна чыдамкай жаштардын элеттен өсүп чыгышы.

Атанын өндүрүшүндө авария болуп, ал бир өлүмдөн калат. Аны болгон окуяга жоопкерчилик сезими кыйнайт. Набат Атанын кыйналганын көрүп, анын күйөөсүн да сезет. Бул өзүнүн кылмышын сезе билүү, баалоо жана өзүнө жакын адамдарды түшүнүү, аларды бири-бирине дагы жакындаштырат.

Ата менен Набаттын ысык мамилеси менен поэма бүтөйт. Поэмада

мүнөздөрдүн, типтердин, массалык көрүнүштөрдүн көптүгү кайсыл жерде Түркменияның аты аталбасын ал, байлыгы, нефтиси менен индустриянын күчтүүлүгү коомдук инициативасы жана поэмадагы коллективдик каарман – эл экенин көрүп сыймыктанууга туура келет. Мунун өзү акындын поэзияга эпикалык башталыш киргизгендиги менен мүнөздөлөт. Согуштан кийинки беш жылдыктардагы каармандардын образдарын көрсөтүүдө биз чыгармачыл күчтүн булагын – партиянын идеяларына берилгендик, коомдук законддорго баш ийүүчүлүктөн көрөбүз.

## 60-жылдардагы Түркмөн адабияты

Бул жылдардагы түркмөн адабияты жазуучулардын элдик турмушка көп кириши, ага мүнөздүү окуяларды чагылдырышы, учурдагы адамдардын рухий дүйнөсүнүн көп түрдүүлүгү жана тереңдиги менен мүнөздөлгөндүгүн байкайбыз.

Айрыкча А.Кекиловдун ыр түрүндөгү «Сүйүү» романы, Б.Сейтаковдун «Санемдин сүйүүсү» поэмасы, К.Курбаннепесовдун «Таймаз ата», «Ата жана бала», «Ачуу жана таттуу күндөр», «Кум үстүнөн табылган жүрөк» поэмалары, А.Атажановдун тарыхый ыр түрүндөгү повести «Кушка чеби» чыгармалары өзгөчөлөнөт. Поэтикалык түшүмдүн молдугун К.Сейталиевдин, М.Сеидовдун, А.Хаидовдун, Б.Кудайназаровдун, К.Гангрыкулиевдин, Л.Теркулиевдин ж.б. ырлары жана поэмалары күбөлөндүрүп турат. Улуу муундун акындары Р.Алиев, Т.Эсенова жана жаштар А.Агабаев, К.Эзизов, А.Тасанов, И.Нурыевдер да активдүү иштешкен.

Учурдагы түркмөн прозасында роман жанры активдүү өнүккөндүгү Б.Сейтаковдун «Туугандар», Б.Кербабаевдин «Небит таг» жана «Сыйкырдуу төрөлүү», Х.Дерьяновдун «Тагдыр», Б.Солтониязовдун «Сумбар агат» ж.б. романдары бардыгынын көңүлүн бурган. Таланттуу прозаиктер К.Кулиев, К.Курбансахатов, И.Жумаев, С.Атаевдердин аттары түркмөн прозасынын тарыхына жаңыдан кирген.

Белгилүү ийгиликтерге жазуучу-очеркисттер А.Атаджанов, К.Бердыев, Б.Атаев, А.Мамедов, Б.Овезов жана М.Бадаевдер жетишишкен.

Түркмөн адабиятынын өнүгүшүнө боордош элдердин адабияттары менен болгон байланышынын кеңейиши да түрткү болгондугун республикада Россия Федерациясынын адабиятынын жумалыгы жана орус маданиятынын декадасы тажик, өзбек, кыргыз, казак адабияттарынын жумалыктары ийгиликтүү өткөндүгү буга күбө. Түркмөн жазуучулары өздөрүнүн чыгармачыл отчеттору менен Москвада, Өзбекстанда, Казакстанда, Тажикстанда, Кыргызстанда, Закавказье республикаларында чыгышкан.

Республиканын алдыңкы прозаиктери Б.Кербабаев «Сыйкырдуу төрөлүү», Б.Сейтаковдун «Туугандар», И.Жумаевдин «Жоош келин», К.Кулиевдин «Катаал күндөр», К.Курбансахатовдун «Чакыруу» ж.б. чыгармалары бүткүл союздук окурмандардын айныгыс мүлкүнө айланган. Белгилүү акындар жана котормочулар – В.Луговской, Г.Санников, А.Адалис, Ю.Гордиенко, А.Кронгауза, Л.Козловский, И.Гребнев ж.б. түркмөн поэзиясынын эң мыкты үлгүлөрүн орус тилине которушкан. Өз учурунда

М.Шолоховдун «Тынч Дон», А.Макаренконун «Педагогикалык поэма», К.Симоновдун «Тирүүлөр жана өлүүлөр», Ю.Слидуланын «Муз китеп», Ч.Айтматовдун «Жамийла», «Биринчи мугалим» чыгармалары түркмөн тилине которулуп, басмадан чыккан. М.Горькийдин 100 жылдыгына карата Түркменияда улуу орус жазуучусунун чыгармалары топтоштурулуп 16 том болуп чыккан.

Жылдан жылга түркмөн адабиятынын эл аралык байланыштары кеңейип, Европанын көп өлкөлөрүндө Азияда, Африкада Б.Кербабаев, Б.Сейтаков, А.Кекилов, А.Кобусов, Т.Эсеновалар болушкан. Окурмандар Б.Кербабаевдин ГДР, Индия, Бириккен Араб республикалары, Мали, Сенаал, Гвиния, Б.Сейтаковдун Афганистан, А.Кекиловдун Монгол элдик республикасы ж.б. жөнүндөгү очерктерин кызыгып окушкан.

50-жылдардын экинчи жарымында түркмөн поэзиясы активдешүү менен тематикасы кеңейген. Декларативдүүлүк, риторикалуулук, коздук деталдардын конкреттүүлүгүнө жана чыныгы окуяларды терең жыйынтыктоого орун бошоткон.

Б.Кербабаевдин «Ленин скверинде» жана К.Сейталиевдин «Ленин жөнүндө балладасы» кызыктуулугу менен айырмаланган. Б.Кербабаев Лениндин жөнөкөйлүүлүгү, улуулугу жана дүйнөлүк пролетариаттын жол башчысына арналган ички сезим, адамдык каалоолор жөнүндө өз оюн ортого салган.

К.Сейталиев «Ленин жөнүндөгү балладасында» Ашхабаддык жер титирөөдөн кийин өлкө кантип өз жараларын айыктырганы жөнүндө эскерет.

Ленин жөнүндө жазган түркмөн акындары сөзсүз өз ойлорун «октябрь», «революция», «эркиндик» деген сөздөр менен байланыштырган учурдагы замандаштардын лирикалык портреттери тартылган, чыгармаларга Б.Кербабаевдин «Бахор бийикте келе жатат», «Коммунист», Ата Атаджановдун «Гүлжамал» жана «Атанын алаканы», Т.Эсенованын «Күн жана келин», К.Сейталиевдин «Герман, сен баатырсың!», А.Хамдовдун «Тайманбас жылдар», М.Саидовдун «Баатыр менен сүйлөшүү» жана башкаларды кошууга болот.

Түркмөн поэзиясындагы тематикалык рамканын кеңейиши эл аралык темадагы ырлардын пайда болушу менен күбөлөндүрүлөт. Анткени түркмөн акындары кайсыл жерде гана болбосун өзүнүн улуу өлкөсүнүн өкүлдөрү катары чыгышкан. Мисалы: Б.Кербабаевге жана Б.Сейтаковго, К.Сейталиевге, А.Кекиловго, Р.Алиевге жана А.Ковусовго эл аралык темадагы көптөгөн ырлар таандык. Бул жерде К.Сейталиевдин «Индиянын гүлдөрү» ырлар жыйнагы идеялык көркөмдүк жактан өзгөчөлөнүп, бөлүнүп турат. Анда түркмөн акыны учурдагы Индияга, анын элдерине, байыркы эстеликтерине, ыр-бийлерине көңүл буруп, бир канчасын Бхиландагы металлургиялык заводдун курулушуна арнаган. Андан тышкары Индиянын жаш балдарына арналган ырлар да арбын. Акын байыркы өлкөнүн келечегин жаш муундардын тагдыры менен байланыштырат.

А.Ковусовдун Чехославакия, Афганистан жана Турция жөнүндөгү ырлары, Р.Алиевдин «Биз бутубузга турабыз» жыйнагы түркмөн поэзиясында белгилүү орунга ээ.

А.Ковусов театр музейи, окуу жайлары, эстеликтери, өлкөнүн көркөм жаратылышы жөнүндө жазган. Ал Афганистан элдик ырчысын угуп

(Хыялды), Герируд дарыясына кайрылып, Стамбулдун жашоочулары менен жолугуп, Анатолийский талаасынын койчулары менен сүйлөшүп маектешет. Годжа Хамалдын килемдерине суктанып Праганы мактап ырдайт.

Түркмөн поэзиясынын өнүгүшү эпикалык пландагы чыгармалардын пайда болушу менен мүнөздөлүп, тарыхый жана учурдагы заман темасында бир канча поэма жаралган. Андай маани-маңыздагы поэмаларга Ч.Ашировдун «Дүлөй бала», Т.Эсенованын «Ленин жөнүндө легенда» жана «Чабандын кызы», К.Курбаннепесовдун «Таймаз чоң ата», «Ата жана бала», Б.Сейтаковдун «Санемдин сүйүүсү», А.Атаджановдун «Кушка чеби», Б.Худайназаровдун «Ачуу талаа», А.Кекиловдун ыр түрүндөгү романы «Сүйүү» кирет.

Ч.Ашировдун «Дүлөйдүн уулу» поэмасы (1962) 30-ж. жазылган менен «Кандуу суу бөлүгүнүн бүтүшү» ал поэманын уландысы болуп саналат. Чыгармадагы негизги образдардын бири Эджегыз (дудук кыз) көп жылдар бою жетиштестикте, оор кыйынчылыкта жашаган ал адилеттүүлүк үчүн күрөшүү жолуна чыгат. Башында анын кыжаалатчылыгы жалгыз уулу менен байланыштуудай сезилет. Бирок чындыгында Эджегыз – чыныгы күрөшчүл аял. Ал өзүнүн баласын атасынын элесине татыктуу кылып чоңойткусу келет. Эджегыздын мүнөзү, жалгыз уулу Ялкабды чөлгө алып кетебиз дегенде ачык ачылат. Эне аябай кыйналат, бирок башкаларга окшоп чачын жулуп, көйнөгүн жыртпай, активдүүлүгүн көрсөтүп, Джемилинин жардамы менен Ялкабдын качышына жардам берет.

Чары Ашировдун «Дүлөйдүн уулу» поэмасындагы каармандардын андан аркы тагдыры жөнүндө поэманын үчүнчү бөлүгүндө «Гекайлалык жигиттер» поэмасында айтып берүү жөнүндө сөз берет.

К.Курбаннепесовдун «Таймаз чоң ата» поэмасында оор турмуштук жолду басып өткөн адамдын образы берилип, Октябрь революциясынын түркмөн элинде да орношу эмгекчил дыйкандардын алдында сонун келечекти ачып бергендиги жөнүндө айтып, сүрөттөйт.

«Таймаз чоң ата» поэмасы эки китептен турат. Биринчисинде Улуу Октябрь революциясы орногондон баштап өлкөдөгү коллективдештирүү мезгилине чейинки элдин жашоосу жөнүндөгү окуя сүрөттөлүп, бул мезгил курч таптык күрөшкө, көптөгөн окуяларга бай болгондугу, поэма Таймаздын жаш кези жөнүндөгү аңгемеден башталып, окурмандын көз алдында өткөн турмуш элестейт.

Экинчи китеп элдин өз бактысы үчүн күрөшүүсүнөн башталат. Таймаз жер-суу реформасын ишке ашырууда активдүү катышып, колхоздук курулуштун жеңиши үчүн күрөшүп, эл душманы Түлкү-бай жана аны жактоочулар менен бетме-бет келет.

Экинчи китептеги "Лениндин эстелигинде", "Крымдагы окуялар", "Сен белең, Аннамурад" главаларында өткөн турмуш ашкереленет.

Поэманын кемчиликтери катары жомоктук элементтин реалисттик сүрөттөө менен айкалышпай калышы болуп саналат.

Акыркы жылдарда түркмөн акындары элдин көз карандысыздыгы жана өз бактысы үчүн күрөшү жөнүндө жаза баштагандыгы Алаберды Хамдовдун "Аба-Сердар" (1959) поэмасында XVI кылымда Атрек жана Гурген дарыяларынын жээгинде болуп өткөн түркмөндөрдүн Иран шахы Тахмаспа Іге каршы күрөштү баштаган Аба-Сердар жөнүндө баяндалат. Поэма

тарыхый булактардын жана элдик уламыштардын негизинде жазылган. А.Атаджанов жумушчулар, солдаттар, дыйкандар, депутаттар кеңеши жөнүндө жазылган ыр түрүндөгү "Кушка чеби" повестинде сөз кылат. Повестте элдик күрөштүн кеңири понарамасы ачылып, анын ичинде Иван Цибизов, Маргунов, Зайцев, Колесов, Замон, Атчанар, Телия, генерал Востросаблин ж.б. образдары аркылуу интернационалдык биригүү идеясы менен байланыштырылып, Лениндин аты бактылуу келечектин символуна чейин өсүп чыгат.

А.Атаджановдун ыр түрүндөгү бул повестинин жетишкендиги - тарыхый темадагы чыгармалардын эң мыктыларынын катарына киргендигинде.

Лениндин образы жөнүндө өзүнчө башкача трактовканы түркмөн акыны Тоушан Эсенова берет. Анын "Ленин жөнүндө легенда" жана "Чабандын кыздары" поэмасында да чыгыш аялынын кулчулуктан бошонушу, Лениндин аты менен байланыштырылат. Т.Эсенова чабандын кызынын образы аркылуу Нурсолтандын (образы б.а.) тагдыры түркмөн элинин жашоосунда Лениндик идеялардын улуу күчүн алып жүрөт. Акындын бул чыгармасы белгилүү даражада автобиографиялык чыгарма болуп эсептелет.

Чыгармадагы сюжеттин өнүгүүсүндө өз тагдырын совет өкмөтү Шасалтан Караджаева менен байланыштырган биринчи түркмөн аялы - Нурсолтандын тагдыр таржымалы - Ш.Караджаева өз убагында жоопкерчиликтүү чоң постто туруп, түркмөндөрдүн арасында агартуучулук ишин жүргүзгөн аял. Өз мезгилинде Ленин менен жолугушкандыгы жөнүндө архивдик документтерде да кездешет. Т.Эсенованын жетишкендиги биринчиден ушул фактыларга таянгандыгында.

Нурсолтан атасы Ходир менен байдын койлорун кайтарып чоңоет. Жаш кезинен апасынан ажыраган Нурсолтан, Мамедге турмушка чыгат. 20 жыл байдын коюн кайтарган Ходир койлорду күйөө баласына өткөрүп берет. Бирок Мамед чөлдө жоголуп, үйүнө кайтып келбейт. Жакын адамынан ажырап Нурсолтан карыган атасы жана баласы Гаиб менен калат. Ал айылдан биринчилерден болуп совет өкмөтүнүн катарына өтүп, активдүү ишмер болуп, Москвага барып В.И.Ленин, Н.К.Крупская менен жолугушат. Поэма Нурсолтандын бул жолугушууларын баяндап берүүсү менен кубанычтуу аяктайт.

Түркмөн адабиятынын аксакалы А.Кекилов ыр түрүндөгү "Сүйүү" романынын үстүнөн 10 жыл эмгектенип, аны 1962-жылы аяктайт. Романдагы окуя улуу Ата Мекендик согуш учурун сүрөтөө менен башталат. Огульнабад, Бесенч бирин-бири аябай сүйөт. Огульнабад мугалим болуп айылда иштесе, Бесенч мекенди коргоо үчүн согушка кетет. Согуштан оор жаракат алат. Бесенч Огульнабадга үйлөнөт, бирок көп өтпөй жараатынан ал көз жумат.

Экинчи китепте Огульнабаддын кайгы-капасы жана ага ички дүйнөсү кең, жүрөгү таза Орозалынын жардам бергени жөнүндө айтылат.

Огульнабад жана Акмурад экөөнүн достугу жөнүндө үчүнчү китепте айтылат.

Бул роман согуштан кийинки түркмөн адабиятынын эң маанилүү чыгармаларынын бири болуп эсептелүү менен бирге сүйүүнүн, адамгерчиликтин, кайраттуулуктун гимни катары кабыл алынгандыгы

менен баалуу болуп саналат.

Б.Сейтаковдун "Санемдин сүйүүсү" (1957) поэмасына сынчылар бирдей баа берген эмес. Бирок чыгармадагы өткөн замандын эскичиликтин калдыктары ачык сүрөттөлүү менен бир караганда күрөш бир үй-бүлөнүн ичинде гана жүргөндөй сезилет. Колхоздун башкы бухгалтери Сары Меред жана анын карындашы Санем экөөнүн ортосундагы пикир келишпестиктер жөнүндө баяндалат. Меред Сары үйүндө өтө зомбучул, аялы менен карындашынын кыңк этпей баш ийүүсүн талап кылат. Меред эки жүздүү экенин эч кимге билдирбейт. Ал эл арасында өтө кичи пейил, адилеттүү, бардыгы менен күлө саламдашат, жылуу сүйлөшөт. Өзүнүн үйүндө болсо, ал ата-бабасынын мыйзамдарын сактаган эски адам. Карындашы Санемди калың үчүн сатаарын билгенде, кыз сүйгөнү Шады менен качып кетүүнү чечет. Анын сүйгөнү бар экенин билген Меред Санемди оор жарадар кылат. Тилекке каршы Санем менен Шадынын образдары ачылбаган менен, Мереддин образы жакшы чыккан.

К.Курбаннепесовдун "Ата бала" поэмасынын сюжети "Санемдин сүйүүсүнө" окшош. Бирок бул жерде атасы менен баласынын ортосундагы күрөш чагылдырылат. Алар ар түрдүүчө түшүнүшүп, турмуш жөнүндө бир катар ойлонушат. Бир тарапта эскичиликти жактаган атасы Кетджал жана Каджар-усса - бир тарапта Эсен, Рыхана, Айогазель Кеджал менен Каджар-усса "арзан бааланбайт" деп кыздардын сатылышын жакташат. Кеджал баласы Эсенди өзү тандаган кызга үйлөндүрмөкчү болот, бирок Эсен көнбөстөн, өз сүйгөнү Каракыз үчүн өлүмгө дагы даяр экендигин билдирет. Баласынын көнбөсүнө көзү жеткен атасы досунукуна көчүп кетет дагы эски адат жеңилүүгө учурайт.

Учурдагы түркмөн адабиятында негизги орунду Каракум каналынын курулушу жөнүндөгү тема ээлейт. Б.Худайназаров өзүнүн ушул темадагы поэмасын "Ысык талаа" (1957) деп атоо менен ысык кумдагы талааны гана эмес, каналдын куруучуларынын жүрөгүндөгү ысык жалындын күчтүүлүгүн даңазалаган поэма болуп эсептелет.

Б.Худайназаровдун поэмасынын негизги борборунда жаш канал куруучулардын жаштык өмүрүнөн эпизоддор камтылган. Чын көңүлү менен ал орус адистери Иван Васильевичти, Зинаны жана түркмөн жигиттери Сапар, Вели, Байгерьди жана кыргыз Кайназардын эмгегин бүткүл совет элине берилгендик деп билет.

Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндөгү ой толгоолор элдин ички жан дүйнөсүндө терең из калтыргандыгы К.Курбаннепесовдун "Ачуу жана таттуу күндөр", Б.Кудайназаровдун "Адам кылымдар чокусунда" поэмаларында чагылдырылат.

Аталган авторлор поэмаларында сырткы көрүнүш менен эле чектелишкен. Бул кемчилик көбүнчө Курбаннепесовдун поэмаларына таандык. Бирок мурунку этапка салыштырганда түркмөн поэзиясы кыйла эпикалык жанрдагы жаңы чыгармаларга байыгандыгы түркмөн элинин жашоо-турмушун акындар түшүнүп, аны жан дүйнөсү менен чагылдырууга аракеттенгендигин көрөбүз.

Түркмөн элинин тарыхый турмушуна байланыштуу жазылган чыгармалардын катарына улуу акын Махтымкули жөнүндөгү жазылган повесттерди атасак болот. Акындын образын жаратуу, анын 225-жылдыгына

арналгандыгы менен мүнөздөлөт.

Тарыхый личносттун чыныгы образын жаратуу анын автобиографиясы элдин тарыхы менен тыгыз байланышта экендигин көркөм ачып берүү - Махтымкули жөнүндөгү чыгармалардын бийик пафосу. Бирок Махтымкулинин биографиясы бизге жеткен эмес. Ошондой болсо да анын өмүрү - чыгармаларда жаткандыгы К.Кулиевдин "Катаал күндөр" романы, К.Курбансахатовдун "Чакыруу" повести, жаш прозаик С.Аннасахатовдун "Издөөдө" чыгармаларынын ички мазмуну менен ырасталат.

К.Кулиев Махтымкулинин образына биринчи жолу кайрылган жок. Улуу түркмөн акынына башка повестеринде айрым главалары арналган болчу. Махтымкулинин өмүрүнүн акыркы жылдары анын "Суз күндөр" романында чагылдырылган. К.Кулиев акындын образын, анын өзүнүн сөзү, поэзиясы аркылуу ачып берүүгө умтулгандыгы кубаттаарлык көрүнүштөрдөн. Түркмөн адабиятынын тарыхында маанилүү орунду Хыдыр Дерьяевдин "Тагдыр" романы ээлеп, (1-китеп 30-ж. жазылган) кийинки күндөрдө жазуучу романды түп тамырынан өзгөртүп, оңдоп жазып, 60-жылдардын экинчи жана үчүнчү китептерин жарыкка чыгарган.

Аталган чыгармаларда Октябрга чейинки жана граждандык согуш мезгили чагылдырылган. Б.Кербабаевдин романы дагы ушул темага арналган.

Х.Дерьяев "Тагдыр" романында элдик ишке чоң, кеңири понарама берип, түркмөн кызы Узуктун образы өзүнчө бөлүнүп турат. Жазуучу каарманды өтө сүйкүмдүү көрсөтүп, романдагы бүт окуяларды аны менен байланыштырат.

Роман төмөнкүдөй эпизод менен башталат: Мурад-аганын үйүнө Сухан гаты Узукту Бекмурат байга аялдыкка алуу үчүн жуучу түшүп келет. Мындай башталыш түркмөн жазуучуларынын көп чыгармаларына мүнөздүү. Бирок "Тагдыр" романында психологиялык деталдарга көп көңүл бурулгандыгы Узуктун ата-эңеси, сүйгөнү Берды менен болгон ажырашуусу, ой-толгоолору басымдуулук кылгандыгынан байкалат. Каармандын жүрүш-турушу эски адат салттарга болгон каршылыгын билдирет.

Романда бир гана Узук жана Берды эмес, Мурад-ага, Нурсал-эдже, Аллак Худайберды жана Аннадурды-усалардын тагдырлары да кызыктуу сүрөттөлгөн.

Мурад-ага өмүр бою Сухан-гатынын койлорун багып, кыйынчылыкта, жакырчылыкта жашаган өтө түнт кишы болот. Ал жалгыз кызы Узукту бошотуп алам деп, Чарынын колунан өз өлүмүн табат. Узуктун кайгы-капасы - кедейлерди күрөш жолуна түртөт.

Романдагы Берды биринчи бөлүмдө жөнөкөй, жоош жигит катары көрүнсө, кийинчерээк ал чыныгы адилеттүүлүк үчүн күрөшүп, революцияга да катышкан толук кандуу образдардан болуп чыга келет.

Бекмурад бай, Сухан-гаты, Сейдахмет-имам, Меред-арчиндин образдары да чыгармада ачык берилген.

Х.Дерьяевдин "Тагдыр" романы али бүтө элек романдан болуп эсептелет.

Б.Сейтаковдун "Туугандар" (1965) романын тарыхый роман деп атаса да болот, автор элдин жаңы турмуш үчүн жасалган чечүүчү кадамын көрсөтүүгө аракет жасаган. Күрөш, дүйнө таануу боюнча рухий жактан ага-инилер

романдын башкы каармандары Сапармурад, Касым, Ефим жана Ягмур ж.б. персонаждар бири-биринен айырмаланып, улуттары ар башка болгон менен аларды келечек үчүн болгон күрөш бириктирет, жетекчиси орус жумушчусу Ефим.

Ефим - Б.Сейтаков үчүн орус жумушчусу, революционер каармандын эң мыкты сапаттары чогулган, элге Лениндик эркиндик идеяларын жеткирип туруучу жигит. Ал Сапармурадды, Касымды, Ягмурду, Черкести туура жолго баштаган революционер.

Б.Сейтаковдун "Туугандар" романы чоң эпикалык көрүнүш гана болуп саналбастан, жазуучунун чыгармачылык изденүүлөрүнүн көп жылдык эмгеги болуп эсептелет. Роман стили жактан өтө кызыктуулугу менен окурмандын эсинде көпкө сакталат.

Б.Солтонinformazовдун "Сумбар агат" (1960) романында дагы тарыхый көрүнүштөр сүрөттөлөт. Романдын башкы каарманы жалгыз атын сатып, өз сүйгөнү сулуу Гульзарды тез-тез көрө албаган Шукурбек жашоонун татаал жолун басып өтөт.

Өз заманынын каармандарына арналган Б.Кербабаевдин "Небит таг", "Кереметтүү төрөлгөн" романдарында, И.Жумаевдин "Уяң колукту", Б.Худайназаровдун "Салгылашуу талаасы" повести; Т.Тагамовдун "Гүлжамал" ж.б. чыгармалары бар. Б.Кербабаевдин "Небит таг" (1957) романы түркмөн жумушчу табы жөнүндө жазылган биринчи көлөмдүү чыгарма. Жазуучу бул чыгармада ар түрдүү адамдардын мүнөздөрүн сүрөттөгөн. Чыгармада карыган бургулоочу (буровик) Атабай-ала, анын уулдары Нурджан жана Аман, бургулоочу контoранын начальниги Аннатубак Човдуров, анын атасы Таган ала, эжеси Айгүл, башкы инженер Сафонов ж.б. катышат.

Аннатубак Човдуровдун образы өтө кызыктуу образдардан. Согушка барып келген, өз ишине берилген, кээде эгоисттик жагы бар адам, досторунун сынынан кийин ойлонуп оңолуу даражасына жетет. Жазуучу анын административдик методдорун курч сынга алуу менен сүрөттөйт.

"Кереметтүү төрөлгөн" (1967) романы түркмөн элинин уулдарынын бири, коммунисттик партиянын көрүнүктүү ишмери К.Атабаевдин көркөм биографиясы, жазуучу негизги каармандын өмүрү боюнча чоң материал жыйнап аны чыгармадагы окуялардын өнүгүшүндө колдонуп ал аркылуу каармандын мүнөзү чыңдалып, ички дүйнөсү өзгөрүп, жашоого болгон көз карашы тереңдегендиги чыгарманын ички мазмунунан ачык байкалат.

Түркмөн кызынын сүйүктүү образын Н.Жумаев "Уяң колукту" (1962) повестинде жараткан. Бул повестте дагы эски менен жаңынын күрөшү берилип, Сельби Жемшидди катуу сүйүп, калыңсыз, эскини жактаган Шамурад менен Маралдын үйүнө келин болуп келет. Сельби күйөөсүн өтө сүйгөндүктөн эч качан эне-атасына каршылык көрсөтпөйт. Жемшид акырындап мүнөзүн өзгөртүп, өз эскичиликтери менен коштошуп өзү аялынын яшмагы (бет жапкыч) менен боругун (кептакыя) өрттөп салат. Бирок небересинин туулган күнүнө чоң атасы борукту жасалгалоочу жасалгаларды белек кылып берет. Муну менен эскини жаңы жеңип, салтанат куруу идеясы даңазаланат. Аталган мезгилдерде түркмөн прозасында көркөм очерк жанры да кеңири тарап, прозанын кичинекей жанры аңгеме - очеркке орун бошотуп берген. Очеркте жаңы күчтөрдүн келиши даана байкалып, орус адабиятынын,

орус очеркисттеринин таасири күчтүү сезилгендиги акын Ата Атажановдун "Менин замандаштарым" очерктер жыйнагын басмадан чыгарышынан, очерк жанрында өзүнүн адабий ишмердигин Б.Обязов жана Р.Эсеновдор да көрсөтүшкөндүгүнөн, К.Бердыевдин "Адам күчү", А.Мамедовдун "Жаңы жылдыздар" очерктер китептери да жарык көрүшүнөн көрөбүз. А.Атаджановдун очерктеринде каармандардын ички дүйнөсү, иштери, камкордугу даана чагылдырылат.

Очерк, портрет, проблемалык очерк, очерк зарисовкалар газет-журналдардын беттеринде тез-тез чыга баштайт.

Пьесалардын саны көбөйгөн менен түркмөн драматургиясы дале артта болгон. Драматургия Б.Кербабаевдин "Чечүүчү күч", Х.Дерьяевдин "Тагдыр" романын, А.Атаджановдун "Кушка чеби", К.Кулиевдин "Суз күндөр" поэмаларынан алынган инсценировкалардын негизинде байыган. Жаш авторлордун (Т.Тагановдун, А.Эсеновдун, Г.Гельдыевдин, О.Акмамедовдун) драмалык чыгармалары театрда сахналаштырылганы менен идеялык-мазмундук-көркөмдүк жагынан анча жетилген эмес.

Бул этапта түркмөн драматургиясын бир гана автор Г.Мухтаров алдыга тарткандыгы, анын калеминен жаралган бир канча пьесалар Мисалы: "Аллaндын үй-бүлөсү" (1949-ж.) же ыр түрүндөгү комедия "Мургаб жээгинде" (1955-ж.) далилдейт.

Өзгөчө Г.Мухтаров "Отуз жыл" (1957) пьесасын элдик драма деп атаган. Анткени Г.Мухтаров пьесасына Бесенч, Сахра Малик-мерген жана Көр ырчы бахшы, Кайкы бай жана баласы Черкездер сыяктуу элдин ар түрдүү катмарларынын өкүлдөрүн киргизген. Бир караганда окуя Бесенч менен Сахранын сүйүүсүнүн негизинде курулгандай сыяктанат. Бирок Черкездин пайда болушу менен, Сахраны талашышы, конфликти социалдык мүнөзгө өткөрүп жиберет. Анткени, Бесенчтин тарабында Малик мерген, комсомолецтер - жаштар болсо Черкездин тарабында бийлик башындагылар болгондуктан Бесенчтин өз бактысы үчүн күрөшү, элдин эркиндиги үчүн күрөшүнүн бир бөлүгү катары сыяктанат. Г.Мухтаровдун драмасынын баалуулугу автор турмуштук курч конфликтерден качпайт. Башка тарыхый темадагы пьесалардан айырмаланып "Отуз жыл ичинде" пьесасынын аягы трагедия менен бүтөт. Теңсиздик үчүн күрөштө башкы каармандар Бесенч жана Сахра курман болушат.

А.Эсеновдун "Падышанын кызы" (1959) пьесасы түркмөн драматургиясында белгилүү из калтырган чыгарма. Пьесада совет өкмөтүнүн жаңы орногон мезгилиндеги Каракумдагы окуялар чагылдырылып, курч конфликттин негизинде курулгандыгы менен айырмаланат. Драмада Бибинин, Мулки бай жана анын баласы Гули-жиндинин, Хайты молдонун образдары ынанымдуу сүрөттөлүп, Эсеновдун терс каармандары оң каармандарга караганда толук кандуу чыккан.

Түркмөн драматургиясында тарыхый тематика үстөмдүк кылган менен жаңы заман темасы көз жаздымында калган дешке да болбойт. Анткени өз мезгилинде колхоз турмушу жөнүндө А.Карлыевдин "Күрөштө чыңалган", Т.Мухтаровдун "Күн чыгышта", "Эркин операция", Т.Талановдун "Каракуль терисинин сыры" ж.б. пьесалары көрүүчүлөрдүн кызыгуусун туудурган. Бирок театрлардын репертуарларында алар көпкө чейин кармалып, сакталган эмес.

Ошентип, түркмөн адабиятынын бул этабы эпикалык чыгармалардын

пайда болушу, эл турмушундагы өзгөрүүлөрдү даана чагылдырылышы менен белгилүү болду. Ал эми түркмөн поэзиясынын жана прозасынын бул мезгилдеги негизги сапаттары - психологиялык анализдин тереңдиги, адам мүнөзүнө тереңирээк киришүү болуп эсептелингендиги.

# Өзбек адабияты

Орто Азиядагы пахтага эң бай өлкө Өзбекстан - түндүк батышынан Казакстан, чыгышынан Кыргызстан, түштүктөн жана түштүк батышынан Түркмөндөр менен чектешет. Калкынын саны жагынан (26 млн.) Орто Азиядагы эң чоң өлкөлөрдөн. Борбору - Ташкент.

Өзбекстандын өткөндөгү тарыхый байлыгына кайрылганда Байсун көлүнүн тегерегиндеги райондордо согдийлик, хорезмдик маданият өнүккөндүгү менен айырмаланат жана борбору болуп турган Бухара, Самарканд башкача айтканда көрүнүктүү маданият борбору Саманиддер, караханиддер, сельджуктар, Тимур хандарынын бийлиги астында болгон. Ошондой эле азыркы Өзбекстан Бухара, Хива, Коконд сыяктуу үч хандыктан туруп, Өзбекстан Россиянын составына кошулганга чейин бүткүл Орто Азияга кирип (тажик, түрк, казак, кыргыз, кара-калпак, өзбек) Түркстан генерал-губернаторлугуна караган жана алар кылымдар бою басып алуучуларга каршы согушуп, элдик көтөрүлүштөргө бирге чыгышып, архитектуралык курулуштарды бирге курушуп, жерди бирге иштетишип, түшүмдү бирге алышкан жана баатырдык дастандарды, фантастикалык жомокторду бирге айтышкан элдерден болушкан.

Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши Орто-Азия элдериндей эле Өзбекстанга да келип, капиталисттик коом кулатылган.

Азыркы мезгилдерде Казакстандан кийинки эле өнөр-жай, техникасы, айыл-чарбасы, илимий потенциялы жогору өнүккөн өлкөлөрдөн.

Өзбек эли ар кандай этникалык б.а. түрк, чыгыш ирандык, согдийлик, хорезмдик, тажиктик элементтерден турат. Анткени XVIII кылымдарда гана көчмөн өзбек эли Орто Азияга келип отуруктashып калышкандыктан, анын маданий өнүгүшү чыгыш иран элине тиешелүү. Б.а. V кылымда түрк каганатынын түзүлүшү менен XI кылымдагы караханид мамлекетинин түзүлүшү өзбек улуттук маданиятынын түрк, иран элдери менен гармониялык тыгыз байланышта өнүгүшүнө алып келген. Бул өзгөчөлүк Өзбек республикасында Улуу Октяюрь Революциясынын жеңишинен кийин да өз касиетин бийиктетип, жоготпой өнүгүп келе жаткандыгы менен айырмаланат.

Кыргыз оозеки чыгармаларындай эле өзбек элдик оозеки чыгармачылык үчкө бөлүнөт:

1. Лирикалык;
2. Эпикалык;
3. Дидактикалык.

Ошолордун ичинен негизги орунду эпикалык жанрдын бир теги болгон: баатырларга, сүйүүгө, көрүнүктүү тарыхый окуяларга байланыштуу аткарылган көлөмдүү поэмалар б.а. дастандар ээлейт. Ошондой дастандардын бири "Алпамыш" болуп эсептелет. Ал көп айтуучулар, аткаруучулар аркылуу белгилүү. Ага 1926-55-жылдын аралыгында эле 11 вариант жазылып алынгандыгы мисал. А, жазылбагандары канча. Эпостун көп варианттары ыр, айрымдары кара сөз түрүндө кездешет. Аларды айтуучулар - бахшилар деп аталып, музыкалык инструменттин жардамы - кобуз же дутардын коштоосу менен аткарышат. Ошол аткаруучулардын

ичинен эң көрүнүктүү, атактуусу Фазыл Юлдашев бахшы. (кыргызча ырчы жомокчу дегенди билдирет)

Бул эпос бир гана өзбек элинде эмес, казак, кара калпак жана түрк тилдеги элдердин көпчүлүгүндө кездешет жана татар башкыр элдеринде кара сөз түрүндө аткарылып жүрөт. (жогоруда эскерткенбиз)

Эпостогу окуя Байсун көлүндө жашоочу коңурат уруусунан башталып, кийинки окуя калмактардын жеринде уланат. Коңурат уруусунун башкаруучулары бир туугандар Байбөрү менен Байсары экөө бири-бирине эгер уулдуу болсок дос, уул, кыздуу болсок куда болобуз деп сөз бекитишет. Көп өтпөй Байбөрү уулду болуп, атын Хаким коет. Ал баатыр чыгат. Анын биринчи жортуулунан кийин эле ага "Алпамыш" (баатыр)- деген ат ыйгарышат. Ал эми Байсары кыздуу болуп атын Барчынай коет. Эки бир туугандын бири-бирине жасаган туура эмес мамилесинен улам чатакташып (ар кандай вариантта айтылып жүрөт) Байсары өзү башкарып жүргөн эли менен кошо калмактар тарапка көчүп, ооп кетишет.

Окуя эки бөлүктөн турат, биринчиси - жаш Алпамыш өзүнүн кудалашкан жери бар экенин билип, калмактарга каршы чыгат. Ал жерден калмактын баатыры Каражан Барчынайга жуучу жиберсе, кыз "кудалашкан жерим бар" деп коет. Ошол мезгилде Алпамыш барып Каражан менен беттешке чыгат. Экинчи бөлүктө Каражанды жеңген Алпамышты желмогуз кемпир Сурхаил амал менен колго түшүрүп калмактардын ханынын зынданына салдырат. Жети жылдан кийин хандын кызынын жардамы менен аты экөө ордон чыкса, Алпамыштын аталаш бир тууганы Ултан зордук менен Барчынайга үйлөнмөкчү болуп жаткан болот. Ошол мезгилде Алпамыш алардын тоюнун үстүнөн чыгып, Ултанды өлтүрүп, кайрадан өзү башкарып жүргөн коңурат уруусуна башчы болуп, Барчынайга үйлөнүп жашап калат.

Изилдөөчүлөрдүн божомолдоруна караганда бул эпос VI-VIII кылымдарда түштүк Алтайлыктар тарабынан түрк каганаты бийлик кылып турган мезгилде чыгарылган да XVI кылымда Шейбани хандыгынын учурунда көчмөн өзбектерге оозеки ыр түрүндө тарап улам жыл өткөн сайын эпоско айланып, каракалпак, казак, өзбектерге өтүп отурган сыяктуу деп белгилеп жүрүшөт.

Бул эпостун көп кылымдар жашашына алардын варианттарына тиешелүү ар кандай мүнөздүк өзгөчөлүктөрдүн таасири күчтүү экендиги анын мазмунунан көрүнөт. Мисалы: кээ бир варианттарда Алпамыштын далысында саяпкер Султандын беш колунун тагы бар делип жүрөт. Муну менен ар бир элдин өзүнүн диний көз-караштарынын жыйындысын алып жүргөн элдик идеянын сакталышы, ошол чыгармалардын идеялык-сюжетинен көрүнүшү байкалат. Кээ бир изилдөөчүлөр бул чыгарманы диний түшүнүктөгү чыгарма дешсе, айрымдары элдик чыгарма деп талашып келишкен. Мына ушундай талаш-тартыш 1956-жылы Ташкентте өткөрүлгөн кеңешмеде каралып эпос өз баасын алып, элдик эпос аталды.

Эпостун ички мазмунунан чыгыш элинин айрыкча ирандыктардын таасирин көрүүгө болот. Анткени Алпамыштын образынын "Шахнамедеги" Рустамдын образына окшоштугу, айырмачылыгы лиризмдүү жана санат-насыяттын терең жана күчтүүлүгү болуп саналат.

Эпос түрк элдерине тиешелүү традициялык ыр түрүндө жазылып, баяндоо формасында өнүгүп, лирикалык ырлардан, монологдордон, эпикалык

драмага жакын юмордук элементтерден түзүлгөндүгү менен өзгөчөлөнөт.

**"Гөр уулу"** - кырк поэмадан турган дастан. Бул дастан Кичи Азиядан баштап Казакстанга чейин ар кандай варианттарда азербайжан, армян, түрк, курд; Орто Азиялыктарда тажик, өзбектерде кездешет. Мисалы: Закавказиялыктарда башкы каарман Көр уулу Көрдүн уулу, ал эми Орто Азиялыктарда - Көр уулу-гөрдө туулган уул, кийинки адилеттүү хан катары кездешет. Чыгарманын сюжетине келсек, гөр уулу - түркмөн урууларынын эң ири өкүлү. Анын чоң атасы Толубай түркмөн ханынын буйругу менен саяпкер сынчы катары кармалып туткунга түшкөн адам. Анын кызын хан зордук менен аялдыкка алып, андан Раушан төрөлөт. Раушан хандын душмандары Кызыл башы хан тарабынан колго түшүрүлүп өзүнө ат багар кылып алынат. Ал ат багып жүрүп ошол жерде бир күнү майчы кишинин өлөйүн деген кунанын көрүп, ханга ошону сатып алуусун, андан атагы алыска кеткен күлүк чыгаарын айтып суранат. А хан малчынын бутунда зорго турган кунанын көрүп мени шылдың кылат деп, каарданып Раушандын эки көзүн оюп салат. Бирок, айласын таап Раушан ал кунанды ээсинен сурап алып, таптап, табына жеткенде өзүнүн боюнда бар аялын таштап элине качып кетет. Ай күнүнө жеткен аялы төрөй албай өлөт да, мүрзөгө коюлгандан кийин Гөр уулу төрөлөт. Аны койчу алып, бээсинин сүтү менен багып чоңойтот. Ал кичинекейинен эле бейбаш чыгып, бай-бийлердин балдарынын адебин берет. Гөр уулунун кабарын уккан хан аны өлтүрүүгө буйрук кылат, ошондо Гөр уулу өзүнүн бээсине минип, атасынын жерине качып барып, атасын жана урук-туугандарын табат. Кийин атасы өлөр алдында Гөр уулуна керээз катары эч нерседен коркпогон, тайманбаган, адилеттүү элди сүйө билген жигит болгун деп эскертет. Ошол осуятын актап өзүнүн бээси менен атасы минип келген күлүктөн туулган Кират деген атынын жардамы менен адилетсиз хандарга каршы көп жолу күрөшкө чыгып, жеңет.

Эпосто Гөр уулу ар дайым Манас сыяктуу кырк жигитинин коштоосунда жүрүп, адилеттүү чабуулдарга чыгышат. Анын образын толуктоочу каармандардын дагы бири анын бакма уулу Абаз. Алардын карама-каршысындагы ар дайым конфликтеги душманы өзүлөрү менен Чамбулда жашаган абасы Ахмад болуп эсептелет.

Биз жогоруда белгилеген 40 поэманын "Гулихирамон" деген бөлүгүндө Гөр уулу Абазга 40 үйүнүн ачкычын берип, «эң акыркы бөлмөнү эч качан ачпагын» - деп суранат. Бирок ачпагын деген бөлмөнү ачып, андагы дүйнөдө сулуулугуна теңдеши жок кыздын илинип турган сүрөтүн көрүп, сүйүп калып издеп жөнөйт. Суусуз чөлдөрдү басып жүрүп, акыры Гулихирамонго жетип, экөө бири-бирин сүйүп калышат. Кыз Абаздын сунушуна макул болуп кайра өз элине кайтып келе жатканда артынан Гулихирамондун атасынын жоокерлери кууп жетип, ошол жерде каттуу кармаш болот. Абаз жарадар болгондо, анын куралын алып Гулихирамон аларга каршы согушуп жатканда Гөр уулу жардамга келип калып, душмандарды жеңип, өз эли Чамбулга жеңиш менен кайтышат. Дастандагы мындай романтикалык-баатырдык бөлүмдөр "Миң бир түн» жомогу сыяктуу традициялык ыкмалардан турат. Мындай поэмаларына Абаздын жортуул мезгилиндеги тоюна байланышкан "Кундуз менен Юлдуз", "Малика менен Анар" ж.б. кирет.

Ошентип өзбек фольклорундагы дастандарды жалпы жонунан төмөндөгүдөй классификациялоого болот.

1. Баатырдык эпостор: Ага "Алпамыш", "Гөр уулунун" айрым бөлүктөрү;
2. Романтикалык дастандар: "Күн туумуш", "Ширин менен Шакар", "Арзыгүл", "Тахир менен Зуура" жана "Гөр уулунун" айрым бөлүктөрү, "Рустамдан" үзүндүлөр;
3. Тарыхый мазмундагы дастандар: "Шейбани хан", "Күн баатыр";
4. Согуш тибиндеги дастандар: "Юсуп жана Алмаз", "Алибек жана Балибек" эл оозунан кайрадан иштелип чыккан "Фархад менен Ширин", "Санаобар хандын жоруктары" ж.б.

Биз жогоруда белгилеп өткөндөй өзбек элинин элдик оозеки чыгармачылыгынын бөлүнүштөрү кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы менен бирдей болгон менен типологиялык жактан айырмачылыктары бар экендигин айтпай кетүүгө болбойт.

Ал эми дастанчы жана лирикалык ырларды айтуучуларды - ашиллачи деп аташат. XIX - XX к.к. андай айтуучуларга элдик акындар Жуман Халмурад уулу, Юлдаш Маматкул уулу жана булардын шакирттери: Шайыр Эргеш Жуманбулбул уулу (1868-1936), Фазыл Юлдаш уулу (1872-1955), Пулкан Шайыр (1874-1941), Исмайил Шайыр Назар уулу (1874-1953) ж.б. кирет.

## Байыркы Орто кылымдагы Өзбек адабияты

Орто кылымдагы өзбек жазма адабиятын үйрөнүүдө V-XIV кылымдагы фарси тилинде жазылган байыркы түрк эстеликтеринин мааниси эң чоң.

Рун, уйгур тилиндеги бул эстеликтер бир гана өзбек эли үчүн эмес, бүткүл түрк тилиндеги элдерге тиешелүү адабий мурас болуп эсептелет. Бул эстеликтер ошондой эле V-VIII кылымдарга таандык таш бетине чегилип жазылган бул жазуулардын сырын ачууда орус окумуштуулары Н.М.Ядринцев, В.В.Радлов, П.М.Мелиоранский, С.Е.Малов ж.б. айрыкча даниялык окумуштуу Вильгелм Томсэн 1893-жылы рун алфавитинин толук сырын ачкан. Бул таш эстеликтериндеги жазуулар "чоң" жана "кичине" жазуулардан туруп, Орхон дарыясынын жээгине жайланышкан түрк каганы Могиланга жана анын агасы хан Култегинге арналып жазылган. Анда ар кандай жанрдагы элдик көркөм чыгармалар кездешет.

Ал эми XI кылымда өзбек эли уйгур, андан мурда чагатай тилин колдонуп келишкен. Тарыхый маалыматтарга караганда уйгур тили өзбектерде түрк элдери араб алфавитине өткөнгө чейин колдонулуп, чыгармачыл адамдар өз чыгармаларын чагатай тилинде жазып келгендиги маалым. Уйгур тили XI кылымда түрк караханид мамлекети түзүлгөндөн баштап жоголуп, эл түрк тилинде жазууга өтөт. Мына ошол таасирдин натыйжасы 1069-жылы Кашкарда Жусуп Баласагын тарабынан жазылган "Кут билими" болуп эсептелет. Китеп 72 главадан (13 миң 290 сап) туруп, төрт адамдын Күн тууду, Айтолду, Акдилмиш, Өткүрмүштүн бири-бирине карата

айтылган философиялык-этикалык-дидактикалык баяндарынан турат. Негизги идея башкаруучунун адилеттүүлүгү, жалганга, жаманга каршы турушу.

1074-жылы Махмуд Кашгари тарабынан жазылган "Түрк тилдеринин сөздүгү" 3 миңден ашуун түрк тилиндеги элдердин элдик төрт саптарын, макал ылакаптарын, поэтикалык ж.б.у.с. чыгармаларын өз ичине камтыйт.

XI кылымдагы түркий калктардын табышмактуу даанышманы - Махмуд ибн Ал-Хусейин Ибн Мухаммед ал - Кашгаринин "Диванын" жалаң түшүндүрмө сөздүк десек жаңылышпайбыз. Анткени ал орто кылымдагы мурастардын үлгүлөрүн өз ичине алган көөнөрбөс, баалуу тарыхый эстелик болгондугу менен айырмаланат жана баалуу. Жалпы орто кылымдагы адабий мурастарды изилдеген илимпоз И.Э.Стеблева «Развитие тюркских поэтических форм в XI века»[1] деген эмгегинде "Дивандагы" ырларды өзүнчө бөлүп карап, транскрипциялап, ага кошумча орусча котормолорун берип, келип, ал ырлардын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн анализге алат да, бул ырлардын Баласагындын "Кут билими" Орхон-Энесайдагы таш жазуулары менен тыгыз байланышы бар экендигин белгилейт.[2]

Эскерте кетүүчү нерсе, сөздүктө эпостук баян түрүндөгү ырлардын үзүндүлөрүнөн баштап, жоктоо, акыл-насаат айтуу, табият лирикасы, айтыш сыяктуу 1000 сапка чейин жеткен ырлар, андан тышкары ар кандай темадагы макал-лакаптардын кездешкендиги. Бул өзгөчөлүктү Махмуд Кашгари өзү белгилеп мындай дейт: Мен бул (китепти) алфавиттеги ариптерди тартибине ылайыктап жана накыл сөз (хикма), уйкаштуу проза (сажь), макал (масал), ыр (шыр), ражаз (ыр өлчөмүнүн бир түрү ) же проза (насыр) менен чегелеп жаздым.[3]

Ошолордун ичинен биринчи эпостук баяндагы үзүндүлөр менен таанышканыбызда алардын бүгүнкү кыргыздын эпостук ырларына көп жагынан үндөш экендиги байкалат. Мисалы: И.В.Стеблеванын которуусундагы "Уйгурлар менен салгылашуу" деген топтолмосунун мазмунун окуп көрөлү. «Керек-жарактын баарын аттарга жүктөп алып, уйгурлар менен татарларга каршы кушча учуп жөнөдүк, кызыл байрак алоолоп, куйругу түйүлүп, теңирге жалынып, аттарды камчылап биз жоого бет алдык, аларды алдап качып, кайыкка отуруп Или суусунан өттүк, уйгурларга учурай баштап, Мыцлак эрлерин майкандадык»[4] - деген 6 куплеттен турган ыр түрмөктүн мазмунунан көрүнүп тургандай ошол мезгилдеги жоокерчилик замандын чагылышынан бир үзүм экендигин "Диванды" окуган адам дале котормосуз түшүнө алат:

Кудруг катыг түгдүмиз,
Тенриг өгүш өкдүмиз,
Камшыб атыг такдымыз,
Алдап йана качтымыз.[5]

---

[1] И.В.Стеблева. Развитие тюркских поэтических форм в XI веке. М., Наука, 1971
[2] И.В.Стеблева Түрк тилиндеги байыркы адабият. Б.: Кыргызстан, 1993, 441-бет
[3] Рифат. 3 томдук. 1915-17, 4-5-8-бб.
[4] И.В.Стеблева. Развитие тюркских поэтических форм в XI веке. М., Наука, 1971, 125-132-бб.
[5] Ушул китептин 125-бети. (мындан кийинки котормолор ошол китептин негизинде берилет)

Кыргызчасы:

Куйругун каттуу түйдүк биз,
Теңирге окулду өктөбүз,
Камчылап атты такымдадым да,
Алдап (жоону) качтык биз.

же

Түн ичинде бастык биз,
Ар тараптан кастык биз,
Ат жалдарын кырктык биз,
Миңдегенин астык биз.

Душман жолун торойлук,
Аттан түшүп торойлук,
Арстан сымал турайлык,
Жоонун күчү бошошкон.

Айланасында куш учар,
Эрге ашын таттырган.
Жоонун мизин кайтарган,
Туруп мойнун кайрыган.[1]

Биринчи котормонун мазмуну боюнча сөз кылганда жоокерлердин жоого даярданышын кабарлайт. Анткени жоого даярдануунун биринчи белгиси жакшы атты даярдоо, ошол максатта жоого аттанарда Теңирге - кудайга сыйынышып, аттарыбыздын куйруктарын түйүп (себеби шамдагай болуш үчүн), жоого бет алдык жана аларды дүргүтүп, алаксытып качтык биз десе, экинчи котормодо дагы жоокерлерди ынтымактыкка, кайраттуулукка чакырып аттан түшүп душмандардын алдын тосуп, туш-тараптан ороп, арстан сындуу айбатыбыз менен турсак, бизди көргөндө душман күчү өзүнөн-өзү бошошот дейт. Ал эми кийинки топтомдо айланасы куш учар зоодо эрлер өлүмгө башы кыйылып, жоонун мизи кайрылгандыгы ар бир төрт саптарда окуялар элестүү, образдуу берилген. Ырдын көркөмдүгүн арттырууда колдонулган бул компоненттер бул топтомдордун мазмунун улам тереңдетип олтурган. Мындан аркы "Тангуттар менен салгылашуу" деген ыр топтомдорунда дале кадимкидей композициялык ырааттуулук сакталган. Б.а. окуянын башталышында Катунсыны аттуу кол башчынын Тангуттардын беги менен кармашканы сүрөттөлүп, андан ары экөөнүн жана эки кол башчынын жоокерлеринин согушу баяндалат. Кандуу кармашта көп каң төгүүлөр болуп душмандар күч жагынан алсырай баштаганда Катунсынына тангуттардын ханы алдап, азгырып туруп оор жарадар кылган менен дале душмандар тарап баары бир жеңилет. Колго түшкөндөр көп болгон менен аларга кайрымдуулук кылынып кайра бошотулушу менен аталган топтомдогу окуя аяктайт. Өзгөчөлүктөргө белгилүү болуп тургандай аталган топтомдо баяндалган окуяда белгилүү бир системалуулук бар. Анын үстүндө автор жоокер башчыларынын образдарын элестүү чагылдыруу менен байыркы

[1] Эскертүү, бул котормо өзбекчеден Н.Батыров, Ж.Шериевдин таржымалында берилген

бири-бирин тоноп басып алган замандардагы тарыхый окуялардан баян берген үзүндүлөрдү илимпоз, тилчи барган жерлердеги эл ооздорунан жыйнап алып, аны "Диванына" ыктуу пайдалангандыгы кийинки урпактар үчүн тарыхыбызды билүүдө баалуу мурас катары баа жеткис нерсе болуп калды.

Эпикалык жанрдын бир учугу болгон жоктоо ырлары "Түрк сөздөрүнүн жыйнагында" кеңири кездешкендиги анын "Алп эр Тонганы жоктоо" деген ыр түрмөгүнөн көрүнөт:

Алп эр Тонга алдимү,
Эсиз аздын калдымү.
Өзлөк одшин алдымү.
Эмди йүрөк йыртылүр.[1]

Котормосу:

Алп эр Тонга өлдүбү,
Ээсиз дүйнө калдыбы.
Тагдыр өчүн алдыбы,
Эми жүрөк жыртылды.

Өзлек йарай кезетти,
Овры тузак узатты.
Беглер бегин азытты,
Кача калы күртүмүр.[2]

Котормосу:

Тагдыр жаратып күзөттү,
Оору салды тузакты.
Бектер бегин узатты.

Кача албай өмүр кыркылды - деп башталып, андан ары бул дүйнөдө өлүм ар бир адамдын башында бардыгы, андан эч ким кутула албастыгы, эртеби–кечпи бир өлүм кимге да болсо келээри, өлүү, жок болуу бир гана адамга тиешелүү эмес, ал бизди курчап турган жаратылыш көрүнүштөрүнүн бардыгына, б.а. бизче түшүндүргөндө бир клеткалуу жаныбардан баштап, жан-жаныбарлардын баарына тиешелүү, ошол үчүн өлүм атылган ок, ал эч кимди чоң-кичине, даражасына, байлыгына карабай алып кете берет. Өлүмдүн заарлыгынан көздөн жаш, көңүлдөн дарт кетпей турган кези, канчалык кайгырып жаш төксөм да, кайра келбестигин билип турсам да, жардамчымдын о дүйнө кеткени жаныма чексиз батты - деп лирикалык каарман өз мезгилинин эри – баатыры - Эр Тоганын өлүмү аны каттуу кайгыга салганын ичи эшерилип жоктоосу менен Эр Тоганын эли-журту алдында опончолук абийир, кадыр-баркы бийиктиги, орду бар экендигин бергиси келгендиги ырдын жогорку мазмунунан көрүнүп турат.

Андан кийинки дагы бир ушундай мотив "Белгисиз баатырды жоктоо" ыр топтомуна тиешелүү. Бул ырда да ле өлгөн баатырга карата болгон кайгы-капа, ыйлап-сыктоо мотиви негизги планга чыгып, каттуу карманга ок тийип

[1] Аталган китеп, 153-бет
[2] Аталган, 154-155-беттер

өлгөн баатырдын конкреттүү элеси лирикалык каармандын ички психологиялык толгонууларында жеткиликтүү көркөм жалпыланат.

Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү ыр топтомдорунда кездешкен дагы бир тема табият темасы б.а. пейзаждык лирика эч кандай техника информация жок, эл жана табият биримдикте жашаган орто кылымда аалымдар менен акындардын башкы темасы ушул болоору закон ченемдүү нерсе. Мына ушундай шарттуу зарылдыктан болсо керек ал эле эмес кийинки кездерде эле жаралган биздин эпикалык чыгармаларда табият темасы башкы орунда турат. Ага "Төштүктөгү" Төштүк баатырдын аюу, жолборс, кумурска ж.б. менен дос болушу жана алардын жардамы, ошондой эле кыргыздын эпикалык чыгармаларынын кайсынысында болбосун табийгаттын коoздугуна суктануу, айрыкча өсүмдүктөргө, гүлдөргө жана башкаларды өзүнө жакын сезүүнүн басымдуулугу байыртадан боло келген типтүү салт окшобойбу. Ошол салт элибиздин фольклорунда гректердин пирамидаларындай түбөлүктүүлүгүн улантып келе жаткандыгын Махмуд Кашкаринин "Диванында" кездешкен табийгат лирикалары ырастайт. (мындагы котормолор К.Артыкбаевдин, Ж.Шериевдин, А.Батыровдун таржымалдарында кетет).

Жаркырап жылдыз турганда,
Ойгонуп келип карармын,
Таттуу үндүү куш өтсө,
Тамшанып тыншап калармын.

Эдил суусу агып жатат,
Толкундары жээкке урат,
Балыктары оюн курат,
Суу күчтөнүп көлгө куят.

Теңирим баарын жаратты,
Тунгуюк аалам айланат,
Алмашып күнү түн менен,
Жылдыздар көккө байланат.

Жараткан жашыл ааламда,
Тынымсыз күн да түн да өтөт.
Каракчы өңдүү жылдыздар,
Күн менен түндү күзөтөт.[1]

Эдел суусу агып жатат,
Аска түбүн барып урат.
Астында бака, балык жатат,
Көлдүн түбүн толтуруп.

Кыш азыгын даярда,
Берекелүү жаз келгенде.
Билинбей өтөөр ай-жыл,
Күн түн өтүшү менен бирге.

---

[1] К.Артыкбаев, Акыйкат сабагы. Б.: Адабият, 1991. 46-47-бб.

Жамгыр жаап басылды,
Түрдүү гүлдөр ачылды,
Бермет бүрлөр жазылды,
Чын атыр жыт буркурайт.

Кар-муздар эриди,
Тоо суулары агылды,
Көктө булут калгыды,
Кайык сымал ойношуп.

Булут чагылган өтмөктө,
Жамгыр мөндүр жамакта,
Шамал аны куумакта
Созулар канча белгисиз.

Теңир аалам жаратты,
Асман дайым айланар,
Күн ордуну түн басар,
Жылдыздары шайланаар. ж.б.[1]

Табигат темасындагы жогорку ырларда табияттын гана коозлугу сүрөттөлүп тим болбостон алардын түбөлүктүүлүгү, бир кубулуштун экинчи көрүнүшкө айланышы, бирисиз экинчиси өмүр сүрбөшү, элестүүлүгү, мазмундуулугу философиялык тереңдиги менен айырмаланат.

Бул сөздүктөгү дагы бир белгилей кетүүчү нерсе табигатты жандандырып сүрөттөөнүн күчтүүлүгү "Кыш менен жайдын талашы" аттуу ыр топтомунда экөөнүн айтышы формасында берилген. Мындан биз кыргыз фольклорундагы жана акындар поэзиясындагы айтыш жанры кечээ же бүгүн эле келе жаткан жанрдын бир түрү эмес экендигин таанууга болот. Ал эми ыр топтомунун мазмунуна келгенде кыш менен жай бири-бирине жарак-жаасын тагынган касташкан душман катары элестетилип сүрөттөлөт. Адегенде сөздү кыш баштап: жай сенин келишиң менен менин мезгилим күч алып турган учурда карга тумчугуп жаткан жер, чөп, жан-жаныбарлардан баштап курт-кумурскаларга чейин менин чыкыроон чилдеме тумчугуп жата бербей сенин келишиң менен баарына жан кире башташы мен үчүн зыян деп нааразы боло баштаганда, жай андан ары сөзүн улайт. Сенин учуруңдагы суук, тоңуу, жансыздыктын баары менин келишим менен нөшөрлөгөн жамгыр жаап, жер түркүн түстөгү гүлдөрдөн көйнөк кийип, жыпар жытын себет. Төрт түлүк мал төлдөп, семирип, булбул куштардын ар түркүн үнү чыгып сайрашып, адам көңүлүн ачып, айлана шаңга толуп, жандуу заттар салтанатка батып, жаратылыш бейпил турмушка бөлөнөт - деген саптарда бу дүйнө өзү кыш, жайдан, ысык-сууктан, ак-карадан, жаман-жакшылыктан турары табигаттын закон ченемдүү көрүнүшү экендиги тилчинин философиялык баамынын тереңинен орун алгандыгын байкайбыз.

---

[1] Ж.Шериев, Байыркы орток түрк адабияты. Бишкек 1996, 101-105-бб (Н.Батыров экөөнүн таржымалында)

Мындан тышкары "Түрк сөздөрүнүн жыйнагында" элдик поэзияда кеңири өнүккөн дидактикалык чыгармалардын да үзүндүлөрү кездешет. Маданияттын гүлдөп өскөн мезгили болгон орто кылым доорунда дидактикалык чыгармаларды жаратып, өз элине жана кийинки урпактарга мурас катары калтыруу ошол мезгилдеги акылман өкүмдарлардын арасында салттуу көрүнүшкө айланган. Мындай даанышмандык кийинки урпактар үчүн түгөнбөс акыл казынасына айлангандыгы баа жеткис мурас. Мына ушундай асылзаада ойлордун топтомдорунан келтирсек.

Конокко көрсөт ызаат,
Даңкыңды жайсын узакка - деп, адамдын ички туюм дүйнөсүнүн кеңендиги анын адамдарга көрсөткөн мамилесинен көрүнө тургандыгын баяндаса, карыгандыктын белгиси биринчи - көз нурунун кетишинен, экинчиси дененин алсыздана баштагандыгынан сезиле тургандыгын:

Кетти көзүмдүн нуру,
Аны менен денемдин руху - дейт.
Ал эми уулумдун карыган атасынын мыкты сапаттарын, болгондо да улуу аалым болуп илимин үйрөнүшүң сенин улуу адам болушуна алып келет деген ой түрмөктөрү:

Алгын уулум, менден кеңеш, мыкты сапат ал,
Мендей улуу аалым болуп, илимиңди жай – саптарында айтылса,
Келсе эгер үйүңө азган карып мейман,
Бар нерсеңди кой алдына, болгун мээрман - деп, мусулман элинде карыптан өткөн улуу мейман жок, ага берешендигиңди, мээрмандуулугуңду көрсөткүн деп адамдарды гумандуулукка чакырат.
Бул жашоодо жамандык менен жакшылык ар дайым эриш-аркак жүргөн сыяктуу адамдар да мүнөзү боюнча жаман-жакшыга бөлүнөөрүн, ал мүнөздүк касиеттер алардын иш-аракетинен, адамдарга жасаган мамилесинен көрүнө тургандыгын:

Сараң үй ээси мейманын ууру тутаар,
Бергенин милдет кылып жүзгө ураар.

же

Сук адамдар мал-мүлккө умтулар,
Өлүмтүккө ташталгандай кузгундар.

же

Ысык күн нуру каптады,
Дос жамандык каалады.

же

Кыш, жай менен беттешти,
Кыңыр көз менен тиктешти. - десе, айрым бир ыр саптарында жалпы эле адамдарга акыл-насаат айтып аларды адилеттүүлүккө, берешен-айкөл, марттыкка, боорукер-сыйкорлукка барып-келип эле гумандуулукка үндөйт.
Ыр түрмөктөрүн толук окуп көргөнгө аракеттенели.

Ук, эне-атаны,
Сөздөрүн кадырла.
Мал-мүлкүң көбөйсө,
Бой көтөрүп кутурба.
Үйрөн анын билимин,
баргын сен да ал сындуу.
Катуу ишке урунгун,
Бой көтөрүүнү нары куу.

Такыр айтпа суук сөз,
Кара ниет, жүзсүз саранга.
Жагымдуу, ак көңүл бол,
Калсын атың көп жылга.

Жолдошуңду урмат кыл,
Башкаларга жүздөнбө.
Багалбастан тоокту,
Куш багам деп сүйлөбө.

Куш аң көрсө, бийиктиктен төмөн түшөөр.
Аалым киши насаат айтса, дароо жетээр.

Бардык мүлкүң сүйөсүң,
Ага азыраак сүйүнгүн
Кеткен малга ачынба
Ага азыраак күйүнгүн.[1]

Ошондой эле

Кирген суу ташты жарып тоодон өтөөр,
Суу жетсе - өсүмдүктөр тез жетилер.
Аппак куу учуп чумкуп өтөр,
Кузгундун сайрай албай үнү бүтөөр.

Улуу киши чакырса,
Тезирээк кел жүгүнүп.
Кургакчылык, журт болсо,
Калба элиңен бөлүнүп.

Көрктүү тонуң өзүңө
Таттуу даамың меймангa.
Ыраазылык ак сөзүн,
Мейман айтаар ар жанга.

Баалап эл да сүйө албас
Жуткур, жүздүү саранды.
Уулум укчу журт сүйөт,
Кичи пейил адамды.

[1] Аталган китептен. 101-105-бб.

Берсем кайра аласын,
Кардын тойсо жинденбе,
Калаар баары артында
Кара көргө киргенде.

Тил алып ата-энени, сыйлай билгин,
Кут консо кутурбастан жөндөп жүргүн.

Таштаба жолдошуңду жакшыны издеп
Тоогуңду ач калтырба казды көздөп.[1]

Бул котормолор И.В. Стеблевада мындайча берилген:

Тамга сувы ташра чыкыб тагыг өтөр,
Артучлары тегрө өнүп тизгин йстер.
Кардай кугу анда учуб йумтып өтөр,
Кузгун йапан сайраб анын үни бүтөр.

Үндөп улуг табару,
Таврек келиб йүгүртил.
Кургак йылын буздун көр,
Канда түшөр коды ил.

Көрклүг тонуг өңүнгө,
Татлыг ашы аздынка,
Туттгыл конук агырлык,
Йаздсун чавын буздунка.

Бакмас будун севгүгсүз,
Йудкы йүзли саранка.
Казган улыч түзүнлүк,
Колсун чавын йарынка.

Бермиш тавар сениң бил,
Йалынук тапар карынка.
Калмыш тавар аздынның,
Кирсе кара орунка.

Эмтиб ата-аннаңнын савларыны кадырма
Көң кут булуб кувезлик кылныб йана кутурма.
Калдасы биле йарашгыл каршыб алдын өдүрме,
Бек тут йаваш такаты сувлин йазын өдүрме.[2]

деп жалпы окурманды моралдык-этикалык жактан гумандуу болууга үндөйт жана ага чакырат.

---

[1] К.Артыкбаевдин котормосу жогоруда аталган китеп. 49-бети
[2] И.В Стеблеванын китеби. 215-233-235-беттер

Аталган "Диванда" мындаң тышкары арман мотивиндеги ырлар, көңүл, махабат ырлары да кездешет.
Мисалы:

Кетти көзүмдүн нуру,
Аны менен демимдин руху.
Кайда экен (сүйгөнүм)
Кечелери жок уйку.

Кучагында жатып тигиле жүзүнө,
Акыл - эстен танаар анын сөзүнө.
Миң киши ашык болуп өзүнө,
Курмандыкка чалар өзүн көзүнө.

Сыйкырдуулар көзү,
Мусапырдай өзү.
Толгон айдай жүзү,
Жаралады дилимди.[1]

Бердим көздүн жарыгын,
Алды жүрөк тамырын,
Канда күйөт жалыным,
Эми уйкудан бездим.

Өзөгүм мени козгоду.
Сагыныч дагы коштоду.
Көңүлүм аңсап боздоду,
Саргайып азап чектим.[2]

Жогоруда биз мисалга алган ырлардан элдик оозеки поэзиядагы күйгөн-секетпай ырларынын үлгүлөрү сакталгандыгы көрүнүп турат. Анткени, элдик ырларга мүнөздүү болгон сүйгөн адамына суктануу, ага болгон арзуу, ички дүйнөсүн бүт аралап өтүп, ага теңдешсиз эч нерсе таппай бушайман чегет.

Бул ырларда сүйгөн адамдын ички сезиминдеги ашыктык гана берилбестен сүйүүгө - махабатка аяр, аздек, бийик жоопкерчилик, терең адамгерчилик менен кароо, өмүр бою бул ыйык сезимди ар кандай тоскоолдуктардан сактап өтүү сыяктуу милдеткердик да бар экендиги көркөм жалпыланып чагылдырылган. Көрсө, махабат лаззатына болгон мындай мамиле орто кылымдардан бери түгөнбөс булак болуп келген окшобойбу.

"Түрк сөздөрүнүн жыйнагындагы" адабий мурастардын дагы бири дидактикалык чыгармалардын арбындыгы. Айрыкча, макал-лакаптардын тематикалык жактан кеңдиги, мазмуну жактан тереңдиги. Мисалы: Эмгек элчиде калмас. Мааниси: башына сыноо келген байкуштардын мүшкүлү жондорунан түшпөй калбайт. Бул (макал) Улук (Теңирдин) сөзүнө маанилеш: "кыйынчылыкка эриш-аркак жеңилдик да келет" (инна маъз-л-ъзсран). (100-бет): Аталган макалда жашоодо турмуш жолу оңой эмес, анын суугу менен

[1] Ж.Шериев. Байыркы орток түрк адабияты. Б. 1996.101-105-бб.
[2] К.Арыкбаевдин котормосу аталган китептин 51-бети

кошо ысыгы да бар, бүгүн кыйналсаң эртең ал унутулуп ошол кыйналганыңдын акыбети кайтып жакшы жашайсың - деп бул жашоодогу адамзатын "Шариятта" айтылгандай сабырдуулукка, чыдамкайлыкка үндөйт.

"Темир" - деген сөзгө маани бергенде Махмуд Кашгари "Көк темүр кирү турмас" деген макалды алып аны: көк темир аракетке келбей тынчыбайт, б.а. кандайдыр бир нерсеге тийбей калганда ал жарабай калат - деп түшүндүрүп келип, анын башка да мааниси бар экендигин мындайча түшүндүрөт. Кыргыз, йабаку, кыфчак ж.б. бирөөгө касам ичиргенде (халлафуу) же аны менен келишим (мисак) түзгөндө кылычты кындан сууруп чыгышат да, тигинин алдынан тосуп, мындай деп айтышат. "Бик көк кирсүн, кызыл чыксун". Мааниси: бул Темир ылайым көк бойдон кирип, кызыл болуп чыксын, б.а. эгерим убадага каршы чыксаң жана аны бузсаң - ал канга боелсун - дегени.

Б.а. ал адам темирден өлүп, демек, темир андан өч алат.

Бул (жөрөлгөнүн себеби) - алар темирди өтө аздектешкен.[1]

Ал эми “Хан иши болсо, катун иши калыр” - деген макалдын маанисин: хандын иши чыкканда, хатундун (канышанын) иши четте калат, - деп түшүндүрмө берген. "Анасы теилүк йувка йатаар, оглы тетик коша кабаар". Мааниси: эне өз уулу үчүн өтө жука көмөч жабууга тырышат, ал эми баласы болсо - улам экиден катып кеткенге тетик. Бул (макал) бири-биринен өткөн эки кытмыр тууралуу келтирилет. "Каныг кан бирле йумас". Мааниси: канды кан менен жуубас. Б.а. козголоң ар дайым тынчтык келишими менен аяктайт – дегени.[2]

М.Кашгари "Тойын" - деген сөзгө түшүндүрмө бергенде - каапырлар жамаагатынын башчысы, ал алар үчүн биздеги аалымдар жана муптулар сыяктуу, (киши) ар качандан бир качан буттун (идол) жанынан чыкпайт да, каапырлардын каттарын (китептерин) окуп, өкүмдөрүн жарыялап турат - Алла-Таала андан бизди колдосун! - деп, "Бир тойын башы огрыса, камуг тойын башы огрымас" деген макалды мисалга алат. Мааниси: бир бакшынын башы ооруса, жалпы бакшылардын башы оорубайт - дегенди билдирет.

Үй-бүлө таалими, нравасы тууралуу орто кылымда эле Махмуд Кашгари баа жеткис асыл-ой жыйынтыгын чыгарып койгондугун "Атасы, апасы ачыг алмила йеса, углы кызы тиши камаар", деп ата же эне күнөө кылса, ал үчүн балдары жооп бербесин сөздөйт, “Бириң-бириң миң болур, тама-тама көл болур” мааниси: "Бирден миң, тамчыдан көл" же, "эки кочнар баши бир ашачта былимас", мааниси: "Эки кочкордун башы бир казанга кайнабайт" деп бири-биринен бийлик, байлык ж.б. талашкан адамдар тууралуу айтса, адамдарды акыл тутуп, иш кылууга үндөгөн, кара күчкө ишенген адам ар дайым жеңилүүгө учураарын "Алың арслан тутаар, күчин сычган тутмас" - "Айла, акыл менен – арстанды тутууга болот. Кара күч менен - чычканды тутууга болбосун" айтат.

Махмуд Кашгаринин макал-лакаптарын окуй келгенде идеялык багыты, таалим-тарбия берүүчүлүк мааниси жагынан өтө бай, масштабы кенен экендигин көрөбүз. Оюбузду улантып, андан ары окуп көрөлү, мисалы, адамгерчилик баалуулугун көрсөткөн "Карындаш келди дегенде кайрылбай, кайын келди дегенге кайрыл", “Чакмак чакса тутанаар, кулак чалса билинер”, "Бутактуу жыгачка куш коноор, көрктүү кишиге мактоо жарашаар", "Көрктүү

[1] И.В.Стеблева. Махмуд ибн Хусейин кашгари. «Туркий тилдер сөз жыйнагы. 1993, 450-б
[2] Ошол китептин 450-455-беттери

кишини сөз ээрчийт", эмгек жана анын асылдыгын далазалаган, эмгексиз эч ким бийик бааны, түбөлүктүү даражаны ала албастыгын "Жазында эмгек кылсаң, кышында кубанаарсың", "Мээнеттин акыры рахат", "Тиктемейинче өнбөс, иштемейинче келбес", "Иши бышпас киши карчыга кармаар, шашпас киши ылаачын кармаар" кара санатайлык, зулумдук адам баласына жамандык гана алып келээрин, мындай адамдарга ырыскы-кешик эч качан жукпастыгын "Зулум эшиктен кирсе, ырыскы түндүктөн чыгаар", "Балыктын өзү сууда көзү сыртта", "Атын аябаган жөө калар", "Айтылган сөз - атылган ок", "Кур сөз кулакка жакпас", ж.б.у.с. ар кандай маани-мазмундагы "От түтүнсүз болбос, жигит жазыксыз болбос", "Жыгачты узун кес, темирди кыска кес", "Мышык баласы мийау тубар", "Тайган күлүгүн түлкү сүйбөс", "Бир карга менен кыш келбес", "Чекишпей адам жарашпас, жел жүрбөй асман ачылбас", "Көккө түкүрсө, көзгө түшөөр", "Кыш кылыч кынга сыйбас", "Кургак кашык оозго жарашпас", "Булут арасын жел ачаар, улук эшиги пара ачаар", "Тал солкулдагы өзүнө жарашаар, кайың катуулугу өзүнө жарашаар", "Бычак канча курч болсо да өз сабын кеспес", "Бөрү башчысын жебес", "Тоо менен тоо көрүшпөйт, адам менен адам көрүшөт", "Кудукка кулап түшсө, кургак бака да оор болоор", "Тегирменде жашаган чычкан тарсылдактан коркпос", "Төөгө минген кой ичине жашына албас" сыяктуу макал-лакаптар X-XI кылымдарда жашаган Теңир-Тоодо күн өткөргөн түркий калктардын залкар маалыматтарынын жыйындысы гана болуп калбастан, бүгүнкү күндөгү кыргыз, казак, уйгур, өзбек, алтай ж.б. элдердин тарыхый-маданий, социалдык жактан калыптанышында табылгыс роль ойногон мындай булак азырынча эч жерде жок экендиги чындык.

Ошентип, Махмуд Кашгаринин "Түрк сөздөрүнүн жыйнагы" орто кылымдагы түркий тилдүү элдерибиздин ички психологиясындагы жана морал-этикасындагы көбүнчө акыл-парасаты менен баамына мүнөздүү болгон терең ойлуулукту, ашкере даанышмандыкты, турмуштук асыл тажрыйбаларды, андан келип чыккан философиялык-этикалык корутундуларды так баамдап билип, туюу сезиминен өткөрүүдө, күнүмдүк жашоо-тиричиликте колдонууда өзгөчө макал-ылакап, дидактикалык чыгармалар бүгүнкү күндө бардык түркий тилдүү калктарда кеңири колдонула тургандыгын эстен чыгарбообуз керек.

Ал эми XII к. өзбек адабияты диний мүнөздө болуп, негизинен сопучулук адабияты өнүккөн, андай адабияттын көрүнүктүү өкүлдөрүнө Ахмед Ясавинин "Хикметтери", Ахмед ибн Махмуд Югнакинин "Чындыктан белек" поэмасы, Сулайман Бакырганинин "Акыр заман китеби" кирет. Айрыкча Юнгакинин поэмасы ушундай мүнөздө болуп, 4 бөлүктөн турат:

1-Динге киришүү,

2-Тилди кастарлоо тууралуу кеңештер,

3-Дүйнөнүн өзгөрүлүп турушу,

4-Адамдык мүнөздүн касиеттери - деп аталып, акырында өзү тууралуу билдирүү берген. Ал эми Ахмед Яссави жөнүндө сөз башка. Б.а. Кулкожакмат Кожо Акмат – Хоже Ахмед же Ахмед Яссави.

**«Жазылык Кулкожакмат** – мезгил карытып, кыйыр кезген ыйык окуунун данегин (сопучулук) карманып калган өз заманынын бир олуязаадасы. Күнү кечегиге чейин ар бир мусулман түрк баласынын оозунда

аздек менен айтылган бул олуянын жашоо жайы, окуусу, болбосо хикметтеринин жайын сөз салардан оболу дегеле айтпай, дебей коюуга мүмкүн болбогон айрым жагдайларга жалпы жонунан болсо да токтоло өтүүнүн зарылдыгы бар»[1] – десе, Ч.Өмүралиев а, белгилүү кыргыздын окумуштуу Хусеин Карасаев: «Хоже Ахмед 12-кылымдагы чыгаан акын, адабияттагы, тарыхтагы аты – Ахмед Яссавий. Суфизм идеясын эл ичине тараткан акындын «Хикмет» аттуу чыгармасы кыргыз арасына да кеңири таралган. Молдолор жогорку сыныптагы балдарга окута турган чыгармасында дин башчыларын, жогорку мансаптагы адамдарды катуу сынга алган. Анын мүрзөсүнүн үстүнө эки кылым өткөндөн кийин атактуу Амир Темир 1397-жылы укмуштуу күмбөз салдырган».[2] деп белгилейт. Көп эле маалыматтарга караганда, чындыгында Яссави тууралуу аргументтүү фактылар жок. Анткени Яссавинин туулган, өлгөн жылдары так эмес, болгону «Өзбек адабиятынын тарыхындагы» Яссави тууралуу маалыматтар эл оозунда жашап келген уламыш-болумуштардын негизине таянгандыгын танууга мүмкүн эмес. Ал маалыматтарга караганда Ахмед Яссави рухий шайыхтын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы – Ибрагим Яссы узак жылы Сайрамда шайыктык кылган жана анын көптөгөн окуучулары болгон. Көптөгөн уламыш-легендаларга караганда Шайык Ибрагим атасы – Махмуд, чоң атасы – Ифтикор ж.б. адамдар аркылуу Мухаммед пайгамбардын кызы – Фатимага үйлөнгөн. Ахмед Яссавинин балалык чагы Сайрамда өткөн. Ал жаш кезинен эле атасынан ажырап, Арстан деген эшендин колунда калат. Арстан бабанын көзү өткөндөн кийин, Бухарага барып, көрүнүктүү дин ишмери Юсуф Хамадонийдин көрсөтмөсү алдында билимин өркүндөтөт. Юсуф Хамадоний көз жумгандан кийин, анын ордуна калпалык кылат. Кийин көрүнүктүү, билимдүү адамдардын катарында Түркстанга кайтып келет. Ахмед Яссавинин активдүү шайыктыгы, динге жасаган мамилеси аны жогорку урмат-сыйга жеткирет. Ал жөнүндө кереметтүү легенда-уламыштар айтылып, ырлар ырдалып, «Мединада – Мухаммед, Түркстанда – Кожо Ахмед» деген сөз таркаган. Түрдүү жерлерден пирге кол берип, учурашуу үчүн атайын элдер келишкен.

Уламыштарга караганда Ахмед Яссави пайгамбардан артык өмүр сүрүүнү күнөө деп санап, 63 жашында жер төлөө каздырып, ошондо жашап, 60 күн-түнү менен орозо туткан. Айрым маалыматтарда Мавлона Хусамиддин Сигнокийдин баяндамасы боюнча Ахмед Яссави 130 жыл өмүр сүргөн делет. Ошондой эле Яссавинин 1166 (830) – жылы өлгөндүгү жөнүндө да маалыматтар бар.

Сайрам, Түркстан шаарларында жана алардын айланасындагы көптөгөн жерлерге Ахмед Яссавинин жана анын жакындарынын аттары коюлган. Сайрам – Яссавинин атасы Ибрагимдин, апасы – Карачачтын, ага-инилери – Латип жана Мустафакул аталардын күмбөздөрү бар. Ахмед Яссавинин өзүнүн сөөгү Яссыга коюлган. «Өзбек адабиятынын тарыхындагы» маалыматтарга караганда жоокер падыша – Амир Темир 1395-1397-жылдары Яссавинин (эскерүү) эски күмбөзүнүн ордуна чоң жана кооз күмбөз салдырган. Улуу Алтын Ордонун ханы Токтомуш Яссавинин мал-мүлкүн талагандыгы жөнүндө уламыштар айтылат. Токтомушту жеңген Амир

[1] Ч.Өмүралиев. Жазылык Кулкожоакмат «Ала-Тоо» № 10, 65-бет.
[2] К.Карасаев. Камыс наамадан жорон. Б. 1992, 35-36-беттер.

Темир ал мал-мүлктү кайра өндүрүп, ошол каражаттын эсебинен чоң медресе курдурууну буюрган. Бирок, Амир Темирдин өлүмүнөн кийин, буйругу ишке ашпай калат. Кийинки учурда деле Ахмед Яссавинин наамына сыйынып, күмбөзүнө барып зыярат кылган адамдар эчендеп саналат. Маселен, Кокон ханы – Амир Омор хан 1819-жылда, Түркстанды алаарда Яссавинин күмбөзүнө зыярат кылып, кудайыга 70 кой сойдуруп, шайыктарга белек бердирген.

Түркстандагы Ахмед Яссавинин чоң күмбөзүнүн жанына дагы бир күмбөз курулуп, ал Яссавинин кызы Жамалханымдын наамына арналган. (1896-жылы), Ахмед Яссавинин дагы бир кызы – Гаухар-Куштариге арналып салынган күмбөз азыркы күндө да бар. Айрым баяндамаларда Ташкентте (Госпитальная районунда) Яссавинин бир уулунун күмбөзү бар экендиги айтылат.

Ал эми Ч.Өмүралиевдин: «Кулкожоакмат XI кылымдын башында жашап өткөн. Таржымалы толук дайын эмес. Кай бир адабияттарда 1160-жылы өлгөн десе, кай биринде 1166-жылы өлгөн делет. Туулган жери – Йасы шаары, кийин Түркстан аталды дешет. Казак жергесинде Түркстан шаарында Аксак Темир тарабынан ага арналып курулган күмбөзү бар. Ушундан улам анын туулган жери Түркстан шаары деген көз караш талашсыз чындык катары туюлат. Бирок, менимче, бул талаштуу көз караш Түркстан шаарынын эски аты – Йасы болгонун тарыхый фактылардан, булактардан учурата албадым. «Түрк тарыхы» деген китептеринин авторлору Кафир Туйжо, Фазил Туйжанын айтуусунда Кулкожоакмат Түркстан шаарынан беш чакырым обочо Йасы деген айылда туулган. Демек, Түркстан – Йасы эмес. Ал эми анын өзүнүн жазгандарына серп салсак, ал өзү тууралуу кай бир биографиялык маалыматтарды хикметтеринде калтырып кеткендигин байкайбыз. Мисалы, 148-хикметте (насыйкат ырлары)

Йасы сувнуң арасы, йатур кавхар карасы,
Машайыглар сараси, Шайыгым Ахмед Йасави – деп жазат.

Сөз Йасы суусу тууралуу барат. Ал эми бул суу эскиден аты белгилүү, кадимки Өзгөндү (шаарын) жандай аккан Жазынын суусу болушу мүмкүн. Буга бизди Өзгөн деген аттын теги да ынандырат. Биздин оюбузча, ал Йасыкенди же жазыдагы шаар, калаа дегенди билдирет. Убакыттын өтүшү менен добушу өзгөрүп, Йасыкенд, Узгент, Өзгөн болуп айтылып калган чыгаар. Кулкожоакмат дал ушул Жазы боюндагы шаарда туулуп кийин Түркстан шаарында туруп калса керектир. Муну түз болбосо да мындай бир кыйыр далилдерди кошо келтирип, ырастап көрсө болор эле.

Байыркы Ош аймагы, Сулайман тоосу ээлтен ыйык жай саналып олуялардын мекенине айланган. Ал эми Каракандар дөөлөтү түзүлгөн сопулардын окуусунун да очогу болгон өңдүү. Өзгөндөгү мүрзө үстүндө коюлган таштагы жазууларга үңүлсөк, дээрлик басымдуусу шайыктарга арналганын көрүүгө болот. Бул болсо ушул чөлкөмдөгү суфизмдин көп жайылган чабытын аныктайт. Ошондой эле, санжыраларда Арсланбобдун эски аты – "Бабаштын тоосу" же "Бабаш Ата" деп аталары белгилүү Ал эми Арслан Баба-Кулкожоакматтын устаты, таанымал сопу болгон. Аны Кулкожоакмат өз хикметтеринин бир канча жеринде сүймөнчүлүк менен эскерет. «Кабыры ошол тоодо жайгашты» деген кеп да бар. Жер аты мына ушул себептүү кийин ыйык сопунун ысымына Арсланбаб болуп оошсо керек.

Кулкожоакмат бабабыздын туулган жери биздин Жазы болсо керек дегенибиздин да жөнү ушул».

Чындыгында Ч.Өмүралиевдин пикирин эл оозунда айтылып келе жаткан уламыштар ырастап тургансыйт.

Анткени, Өзгөн районунун Кызыл-Байрак кыштагында жашоочу Абразаков Кимсандын айтуусуна караганда Ахмед Яссавий – Кулкожоакмат азыркы Салам-Алик айылына караштуу «Күндө жаңы» – ажайып кооз токойдун жан-жака белинде жашагандыгын айыл аксакалдардан угуп жүргөндүгүн мындайча эскерет:

Өзгөн районунун чыгыш тарабындагы «Жазы» өрөөнүндөгү байыркы аты «Курбу таш», «Кызыл Таш» азыркы Эркин-Тоодо, үч дөбө турат. Ошол жерде Кулкожоакмат жашап өткөн дешет. Биз көргөндөн таятабыз Айдар сопу (менин да таятам) аваларыбыз Токтоболот, Молтой, Эшимбет ж.б. атактуу, кадырлуу сопулар кечээги 1945-жылдарга чейин жашап өткөндөр. Ошого чейин алар Кожоакматтын жашаган жерлерин ыйык көрүшүп сыйынып, ал жердеги «Тешик Ташта» шейхтер отурушчу экен. Кулкожоакмат ак илимди жайылтуу үчүн Сыр-Дарыя Арсланбаптан бери Өзгөндө көп аракеттерди жасаган дешет. Ал киши бүтүндөй куштардын тилин билип, өзү мүнүшкөрчүлүктү абдан жакшы көрүүчү экен. Ошол дөбөлөрдүн бирине чыгып саарлап оро-парасындагы токойлуу «Күндө жаңыңы» карап куштарды чакырып пөпөлөгөндө колуна ар күнү жаңы куш кончу экен. Аны кечке коенго, өрдөккө, кыргоол, кекиликке, тоодакка шилтеп тамаша жасап, кечинде кое берүүчү экен.

«Күндө жаңы» – дегендин мааниси – ошол токойдо куштар көп түнөп, сопу пөпөлөгөндө ар күнү жаңы куш колуна конуп турганынан аталыптыр.

Ал эми ошол жердеги «Миң туур» деген токойдо илгери миңдеген куштар балапандап, балдарын учуруп чыгып, кеткени кетип, калганы кыштап калуучу экен. Ошон үчүн «Миң түркүн» аталыптыр.

Кулкожакматты элибиз «олуя» аташчу экен. Анткени, элди ынтымакчылыкка, ыймандуулукка, исламга, ак илимге дилин буруу үчүн эмгек жасаган экен.

Кечээги элүүнчү жылдарга чейин атабыз Ботаяр уулу Абдыразакта Кулкожакматтын китеби болоор эле. Аксакалдар чогулуп келишип атама окутуп муюгандан ыйлашчу. Ошол китебин бир суроочу алып кайра бербей кеткенине көзү өткөнчө (1989-жылга чейин, ошондо 94 жашта эле) өкүнүп жүрдү. Бирок, ооз эки бизге ал кишинин азиздиги жөнүндө айтып берүүчү.

Ошол «Курбу Таштын» үстүндөгү чукурда бир тунук булак бар болучу экен. Ал жерде бир түп мажрүм тал өсүптүр, Кулкожакмат аялы экөө ошол булактын суусунан ичүүчү экен. Суусу абдан таза, тунук болуптур.

Кулкожакмат кеткенден кийин ал жерден ажыдаар жылан сойлоп өткөн деген жоромол бар. Чынында эле көргөн адам ишенгендей ажыдаар сойлогондой ийрек-буйрак жылгача пайда болгон.

«Күндө жаңы» жакта Кулкожакматтын «Кара бээ жайлоосу» деген да жер бар.

Ал киши атчан жүрүүнү абдан жакшы көргөн дешет. Куш салып атчан Жазыны башаягына чейин кыдырып жүрчү экен.

Мен 14 жашымда 1942-жылы таятам Айдар Сопунун колунда чоңоюп,

кушун ташка алып чыгып кекиликке ж.б. шилтеп жүрчүмүн. Сентябрдын орто ченинде таятамын үстүнө Токтогул деген сакалдуу адам бир куш тартууга алып келди. Чүйлү куш экен. Ошондо куштан сүйлөшүп олтуруп, Кулкожакмат «Чыттынын» кушу чыйрак жана чырылдак болот, алгыр болот деп баалаганын сөз кылышканы эсимде турат. Көрсө, ошол Токтогул аксакал «Чыттыда» жашап куштарга тор жайып, суусар кундуз жана башка баалуу аң терилерин улуктарга, кадырлуу аксакалдарга тартуулап тиричилик өткөрчү экен.

Ал аксакал азыркы биздин республиканын мурдакы спикери Матубраимовдун чоң атасы болгон.

Элдин жөрөмөлү боюнча «Салам-Алик» деген сөз (бул кыштактын аты) Кулкожакматка Мансур пайгамбар ушул жерде жолугуп, саламдашкандан аталып калган дешет. Ал эми «Көк тондуу» мазар ошол жерге сопунун сөөгү коюлгандан мазар болуптур. Ал мазардын касиетинин күчтүүлүгүнөн «Басыз уруусунан каза болгондорду Арка – Анжияндан болсо да сөөгүн ошол мазарга коюп келишкен.

Кулкожакматтын жашап өткөнүнүн далилдеринин дагы бири бул, ушул күнгө чейин төрөлгөн уул балдарга Кулу, Кожоакмат, Кулкожакмат, Акмат деген ат коюлуп келишинин өзү эле андай ыйык адамдын ысмын унутпай сактап келүүгө болгон мурас болуу керек.

Айтууда ал кишинин балалуу болгону, аялы да өзүнөн кем эмес, ашса-ашып түшкөн кереметтүү ургаачы болгону эскерилип келет.

Бир күнү экөө отурганда аялы: - ээ таксыр, ар күнү саар пөпөлөсөңүз колуңузга жаңы куш конуп жатат. Мунун керемети кимден деп сезесиз - деп сураптыр. Анда Ахмед бул керемет биринчи кудайдан, экинчи өзүмөн деген экен. Аялы кайра менден да болуп жүрбөсүн таксыр десе, жок, аял заттан болбосо керек деген экен.

Ошондон кийин эртеси эле аялы өзүнүн кереметин көрсөтүптүр. Көрсө Кулкожакматты ушунчалык урматтап кирпигине кир жугузбай, тамак ичкен идиштерин баягы тунук булактын суусуна 41 жолу чайкап анан оокат куюп берчү экен. Мындай мамиле жасоону кудай дилине салган экен. Эртеси 40 жолу чайкап тамак куюп бериптир. Ошол күнү дөңгө чыгып куштарды пөпөлөсө бири да келбей коюптур. Мындай болгонуна абдан таң калып, капаланып үйүнө келиптир. Аялы эмне болду сизге деп сураптыр. Ал айтыптыр бүгүн бир шумдук болду, куштар келип, колума конбой койду дептир. Анда аялы болгон окуяны айтып өзүнүн да кереметтүү жан экенин аял затынын өз жубайына болгон артыкча күйүмдүүлүгүн, сүйкүмдүүлүгүн айтыптыр.

Кулкожоакмат аялына там берип, кечирим сураган экен.

1942-жылы согуш күчөп турганда бир орто бойлуу сакал мойлоосуна көгала кирген адам «Курбу таштагы» үңкүрдө пайда болот. Аны «шпион» деп милициялар камакка алышат, бирок түрмөнүн кулпу кайра эле бир аздан кийин ачылып кете берет. Мырзакенин жана Өзгөндүн милициялары жадашат. Ал адам аты-жөнүн да айтпайт. «Бап барабар теп-тегиз заман болот», «Жеңиш болот», «Оомийин» – деп айыл аралап жүрө берет, биз да окуучу кезде бул адамды көрдүк, окуучу балдар-кыздардын көпчүлүгүнүн колу, бети ылжыраган котур жара болучу, окуудан келе жатканда токтотуп алып жараларын тили менен жалап чыгат эле. Андан көп өтпөй 2-3 күндөн

кийин балдар жараларынан айыгышкан. Көп ооруларды дубасы менен айыктырган. Элден дубаналык кылып эч нерсе тилебеген, тамак аш алып келсе кичине оозуна алып калганын кайтаруучу. Ал Ара-Көлдөн бир жубайга - Мурат кызына үйлөнүп, ошол үңкүр ташта жашайт. Кулкожакматтын жүргөн жерлеринде зыярат жасап жүрүп, мен чыгышка барамын деп кетип жоголгон. Ошого эл аны «Бап барабар» дубана деп атап коюшкан. Мына ушул адам да ак илиминен элирген, ыйык жерлерди билген адам экенин кийинчерээк карыялар баамдап ушул убакка чейин аңыз кылып жүргөнүн билгеним бар» - дейт. Бул айтуучунун (менин бир тууган бөлөмдүн) айткандары акындын чыгармаларында да даана чагылып турбайбы. Мисалы анын 149-хикметинде сопунун куш менен шүгүрлөнгөндүгү, аларды өтө сүйүп, алардын тилин билгендиги:

Карчыгайды куштаган, ылаачын шумкар таптаган. Сансыз шакирт баштаган, шайыгым Ахмед Яссави деген саптарында чагылат.

Түрк дүйнөсүнүн тарыхында өткөн акындар, сопулар арасында А.Яссавийчелик таасири зор бир да кишини учуратуу мүмкүн эмес. Анткени Орто Азиянын шайыхтары, эшендери Яссавини пири, устазы (устаты) катары таанышып билишкен. Ахмед Яссавиден кийин анын стилинде ыр жазмак түрк акындарынын арасында өзгөчө формага ээ болуу новаторлукка жетишүү дегендик эле. Өз мезгилинде акындын хикметтерин эл чогулган жерлерде, мечиттерде окушуп, идеялык таасири күчтүү, курч ыр жазып, жактап, көз карашын улантуучулар: Мансур ата, Абдумалик ата, Тож кожо, Саид ата, Сулайман ата, Исхак ата, Садр ата, Бадр ата, Али шайх, Мавдуд шайх, Камол шайх, Ходим шайх, Халил шайхтар болушкан менен булардын ырлары бизге чейин сакталып калган эмес. Ахмед Яссавини урматтап, сыйлагандардын дагы бири 1263-жылдарда көзү өткөн («Эшен Азим Кожонун хикметтери» деген ат менен) Азим кожо болгон. Андан тышкары Ахмед Яссавинин мектебин улантып «Санаттарынын» жыйнагы Ыстанбул басмасынан жарык көргөн Юсуф Байзавий менен Казандан жыйнагы жарык көргөн Кул Гариб болуп эсептелет. Орто Азия гана эмес Ахмед Яссави менен анын шакирти Сулайман атанын таасири татарлар арасында да чоң болгондугун, алардын санаттары эл арасында колдон-колго өтүп окулгандыгынан, ал гана эмес бир нече экземплярда басылып чыгып, эл арасына таркатылып күндөлүк турмушунда колдонулуучу дидактикалык колдонмого айлангандыгын карт тарых өзү айтып берүүдө.[1] Көрүнүктүү чыгаан түрк акыны Саид Эьмод Насими, түркмөн эл акыны Махтымкулинин чыгармачылыгына да Ахмед Яссавинин тийгизген таасири бар экендиги илимде далилденгендигинен кабар берет.

Яссавинин чыгармаларынын мынчалык чөйрөгө таралышынан улам анын чыгармачылыгын бир түрдүү карап, бир элге тийиштүү саноо менимче бир беткейликке алып келет. Ошондуктан анын чыгармаларын жалпы түрк элине тиешелүү мурас катары карап, ага оң мамиле жасоо ар бир мусулман илимпозмун дегендердин ыйык парзы экендиги бүгүнкү күндөгү адабиятыбыздын актуалдуу маселелеринен.

Демек, түрк акындарынын атактуу өкүлү («Девони хикмет» бизге) «Насыяттар» жыйнагынын автору Кулкожакматты терең изилдеп, иликтөөгө

---

[1] А.Рахим. А.Азиз. Татар адабиятынын тарыхы. «Феодализм доору» Б.1990

алуу бүгүнкү күндүн милдети. Ал албетте, тынбаган, талбаган эмгекти талап кылат. Ийне менен булактын көзүн тазалагандай жана андан оргуштатып суу чыгарып алуу ар бир элдин атуулумун дегендердин бардыгына тиешелүү.

Ахмед Яссави көптөгөн тажрыйбаларды пайдаланып, ислам динин таратуу үчүн кызмат кылгандардан болуп саналат. Анын «Хикмет» ыр топтомдору «Девон хикмет» деген ат менен таралган. «Девони хикметтин» жаралышы, анын ким тарабынан жана качан түзүлгөндүгү анык эмес. Мындай так эместиктин натыйжасы «Девонинин» кол жазма түрүндөгү түп нускасынын сакталбагандыгында. XV кылымда көчүрүлгөн төрт хикметти эсепке албаганда кол жазманын таркалыш доору XII кылымга таандык. Аталган ыр топтомдун басылма нускалары өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап таркала баштаганын тарыхтан билебиз. Ал басылмалар Ташкент, Казань, Стамбул шаарларында бир нече жолу басылып чыккан. Мисалы, 1896-жылы Казандан “Дивани хикмет” жарык көргөн. “Девони хикметтин” кол жазма түрүндөгүсү менен басылма нускаларынын ортосунда чоң айырмачылык бар экендигин байкоого болот. Анткени, алардагы ырлардын саны бирдей эмес, биринде бары экинчисинде жок, барлары да көлөм жагынан бирдей эмес. Андагы чыгармалардын аттары да түрдүүчө берилген. Маселен, “Девони хикметтин” көп сандагы ырлары камтылып, көлөмү жагынан эң чоңу делип эсептелген хикметтин Казандагы бешинчи басылышында 149 хикмет берилип, алардын ичинен 109 хикмет Ахмед Яссавинин аты менен байланышкан. Бул хикметтерде Яссави төмөндөгүдөй түрдүү аттар менен аталган: “Кул Кожо Ахмед”, “Яссавий мискин Ахмед”, “Ахмед Ибн Ибрагим”, “Султан Кожо Ахмед”, “Яссавий мискин Ахмед”, “Мискин Яссави” жана “Кожо Ахмед” формаларында берилген, айрым хикметтерде кыска гана “Ахмед” же “Ахмедий”, “Кул Ахмед”, “Мискин Ахмед” аттары колдонулган. Жогорудай аттар менен келген ырлар башка китептерде, маселен, Сулайман Бакырганинин “Бакырган китеби”, Молдо Шамиддин Өзгөнийдин хикметтеринде да учурайт. Мындан тышкары “Девони хикметтин” нускаларында: Кул Шариф, Кул Сайфиддин, “Баба Мачин, Кул Асад, Мискин Гариб, Кул Надрий, Мискин Касым, Мискин Азим ж.б. ысымга байланыштуу ырлар да арбын. Ал эми айрым ырлар кимге таандык экендиги дегеле белгиленген эмес. Айта турган дагы бир нерсе, тили же стили боюнча да хикметтин нускаларында бири-бирине окшобогон чоң айырмачылыктар кездешет. “Девони хикметтин” бир нускасы да Яссавинин нака тилинен боло албайт. Анткени, Яссавинин хикметтери оздон-оозго өтүп, китептен китепке көчүрүлүп, өзүнүн түпкү тилин алда качан өзгөртүп жибергени талашсыз чындык. Профессор А.К.Боровков белгилегендей: “Девони хикметтеги” ырлардын кайсы бири Ахмед Яссавиге таандык экенин белгилөө жана аларды так ажыратып аныктоого мүмкүн эмес. Бирок, ошондой болсо да, жогорудагы маалыматтар менен тааныш болгондон кийин “Девони хикмет” ырларынын кимге таандык экендиги жана өзгөрүп кетиши жөнүндө төмөнкүдөй болжолдуу түрдө ой жүгүртүүгө болот:

а) “Девони хикметтеги” ырлар түрдүү өзгөрүүлөргө учурагандыгына карабай, идеялык негизин Ахмед Яссавинин ырлары түзөт. Бул пикир көпчүлүк ырлар Ахмед Яссавинин ырларынын тили жана стили өзгөргөнү менен мазмуну сакталгандыгында;

б) “Девони хикмет” Ахмед Яссавинин түздөн-түз өзү тарабынан эмес,

кийинчерээк, анын шакирттери тарабынан түзүлсө керек. Эгер "Девони хикметти" Яссави өзү түзгөн болсо, мынчалык даражада өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн эмес.

в) Жашоонун узак агымында "Девони хикметке" түрдүү өзгөртүүлөр киргизилген. Мындай өзгөрүүлөргө ырлардын саны, сапаты, тили, стили учурап, кийинки доордун талабына ылайыкташып, ал доорго сиңип кеткен. Яссавинин хикметтеринин күчтүү таасири менен аларга окшогон жаңы хикметтер жаралган деп болжолдоого болот;

"Девони хикметке" Яссавинин ырлары же Яссавиге таандык ырлардан тышкары, анын шакирттери жараткан ырлар да кирип кеткен. Аны жогоруда белгиледик;

д) "Ахмед", "Ахмедий" аты менен байланышкан ырлар, профессор А.К.Боровков тастыктагандай, Ахмед Яссавинин ырлары эмес, ушул аттагы башка акындын ырлары болушу мүмкүн. Анткени Ахмед же Ахмедий аты менен байланышкан көпчүлүк ырлардын сапаттарындагы көрүнүш, тил жана стил жагынан XV кылымдын адабиятына жакындыгын көрсөтүп турат. А.К.Боровковдун болжолунда «Девони хикметтеги» Ахмед же Ахмедий Кемаллидин Иконинин окуучусу шайх Саид Ахмед (XV кылым) да болушу мүмкүн.

ж) «Девони хикмет» улам коом алмашылган сайын, ооздон-оозго өтүп, көптөгөн өзгөрүүлөргө учурап, Яссавинин көптөгөн шакирттери, билимдүү окуучулары тарабынан толукталып жүрүп отурган. Алар Яссавинин сунушу боюнча жана өз алдынча да ар түрдүү ырлар жаратышкан.

Демек, Яссавинин көркөм эстелиги, же көптөгөн кылымдардын адабий мурасы экендиги талашсыз чындык. Ахмед Яссавиге тиешелүү дагы бир касиет – ислам дининин нарк-насили, үрп-адатынын жыйындысы болгон шариятты, аны жайылтуу багытындагы жолду, кудайды таанып-билүү жана ага табынууну таркатууга далалат жасагандыгы. «Девони хикметте» мындай деп жазылган жери бар: «Эй, дербиш, шариятка ыклас кылгын, экинчи туура түшүнгүн анын жолун, үчүнчү үйрөнүүгө ниет кылгын, төртүнчү адал ишке оюң бургун. Сопу болуп бул төрт парызды аткарбаса – ал сопу эмес»… - бул төрт парыз куранда Мухаммед пайгамбарга багышталган аяттар аркылуу берилген. А.Яссавинин пикири боюнча таанып-билүүсүз шарият, шариятсыз акыйкаттык болушу мүмкүн эмес. Алар бири экинчисине баскыч болуп, бири-бирин толуктап турат. Бул төрт баскычта ар бир адам эртели-кеч шариятка ибадат кылып, сыйынып, куран окуп турушу керек. Бул парыздарды аткарган адам гана каалаганына жетип, бактылуу боло алат деген. «Девони хикметтеги» Мухаммед пайгамбарга арналган бөлүгү айрыкча адамдарды табынып, сыйынууга чакырат.

Ахмед Яссавинин ырлары адамдарды кудайга пенде, пайгамбарга үмөт болууну жана сыйынып ибадат кылууга чакырып, шариятты таркатуу менен ал ырлардын өзөгүн мистицизм жана аскетизм түзөт. Анын окуусу боюнча адам болгондон кийин дитин кудайга, адал ишке багыштап, андан башка нерсени кабыл алуусу керек эмес. Ошондуктан, жашоонун маңызы, ойлоп иштөөнүн максаты кудайга, чындык үчүн адалдыкка арналууга тийиш деп эсептеген. Ал өзүнүн хикметтеринде кудай жолун напсиден кутулуу, аны тыюу, айрыкча айлана-чөйрөдө болуп жаткан кылмыштарга жол койбоо керектигин издейт. Жакшылап ой жүгүрткөн адамга акындын хикметтери

жашоодон кол үздүрбөй, кайра жашоодогу наадандык, дүнүйөпарастык, бийликке умтулуу сыяктуу адамдардын ички дүйнөсүндөгү жугуштуу илдеттерге чулганган икир-чикир, тар көз караштардагы дүйнөдөн кутулууга аракеттентип, «акты-кара» деген молдокожолор менен бийлик ээси болгон акимдерге каршы өзүнүн оюн көркөм жалпылап, окурмандардын аларга болгон кыжырдануусун ойготот. Бирок ал башкаруучуларды, элди, айрыкча карып, бечераларды көп кыйнабоого, азапка албоого чакырган менен феодалдык коомдун өкүлдөрүнүн кол астында эзилген эмгекчилердин укуктары үчүн күрөшүүнү өз алдына максат кылып койгон, бирок анын жолун билбегендиги өкүнүчтүү.

Ахмед Яссавинин хикметтериндеги дагы бир өзгөчөлүк адамга өзү кылган жаман иши үчүн өзүн-өзү кечирбөөнүн сырларын үйрөткөндүгү. Башкача айтканда, акын ар бир адам өз жан дүйнөсүнүн эң чуңкур тереңине назар салууга тийиш. Анткени, ал тереңдиктеги эң зор касиет – ачык айкындык талаптарына чыдоо кыйынга тургансыйт. Бирок инсандык касиет, парызды актоо үчүн чыдоого туура келет. Бул идея акындын 54-хикметинде мындайча берилет.

Актын кулу дербиштер, Акыйкатты билгендер,
Ак сырына тилкелер, айкын жолго киргендер,
Ак жолуна киргендер, Алла дешип жүргөндөр,
Жарандар изин изилдеп, жар, баладан безгендер.
Теңдеши жок мустапам (бир мактап сый, кут алган)
Мээраж түнү бизди ойлоп, аалам түгөл кезген ал.
Ниетин бузбай жаманга, напси агытпай адамга.

Акты сүйгөн ашыктар – калайыктан кечкендер,
Дүр меники дегендер, дүйнө малын жегендер,
Таз жорудай куркулдап, тарпка батып өлгөндөр.
Жаназага тургандар, жалган дуба кылгандар,
Жаны-дили булганган – ал тамучка киргендер.

Казы имам болгондор, калп дилини соргондор,
Жоор эшекке айланып, жондон жүгү кетпестер.
Алдап жеген акимдер, арам болгон затын көр,
Бырчылдатып өз боорун былчылдатып жегендер.

Мукмин кулдар, садыктар, саадакка алган каныктар,
Ак жолунда аныктар, учмаг курун чечпестер.
Кулкожакмат билгейсиң. Ак жолуңа киргейсиң,
Ак дидарын көргөйсүң, Актын колу өчпөс нур![1]

деп, чын акыйкатты билип, актын кулу болуп сырын туюнгандар, анын жолунда жүргөндөр жалгыз гана дербиштер, ал эми дүнүйө меники деп, таз жорудай тарпка көзүн артып, жада калса жалган дуба окуп, жаназага туруп жан-дилин булгагандар, казы менен молдолор бирөөгө жакшылык кылбай өз элин өзү соргондор – бийлик акимдери. Мына ушулардын баарын көрүп турган акын өзүн-өзү:

[1] Ч.Өмүралиевдин котормосу. Аталган журналда.

Кулкожакмат биибейсиң. Ак жолуна киргейсиң.

Ак дидарын көргөйсүң. Актын жолу өчпөс нур! – деп, жамандан, жаман иш менен жоруктан алыс болуп, тазалыкка, фарзаналыкка моюн сунуу керектигин айтат. Анткени, ак жүрүү - өчпөс нур менен тең деп жаамы мусулман калкын ак жүрүп, адал өмүр сүрүүгө, талбай эмгек кылууга үндөйт.

Ахмед Яссавинин хикметтеринин түп нускасы биздин колго келип жеткен жок. Ошондой болсо да, анын ырларынын тили жана ыр түзүлүшү боюнча төмөнкүдөй пикирди айтууга болот:

«Девони хикметтеги» айрым ырлар (Мухаммед пайгамбарга арналган ж.б.) лиро-эпикалык мүнөзгө ээ болсо да, колдо бар хикметтерине таянып, анын ичиндеги көпчүлүк ырлар лирикалык мүнөздө экендигин көрөбүз. Ал эми лиро-эпикалык ырларында диндин жаралышы жөнүндөгү уламыштары баяндалган. Яссави лирикалык ырларында көбүнчө суроо-жооп ыкмасын колдонгон.

«Девони хикметтеги» айрым ырлардын идеясы таалим-тарбиялык маанини камтыйт. Мындай маанидеги ырлар көбүнчө элдик оозеки чыгармаларда, жазма адабиятта кеңири учурай турган көрүнүш. Яссави жана анын окуучулары өздөрүнүн диний жана тарбиялык маанайда жаралган ырларын кат-сабаты жоюлбаган карапайым элге жайылтуу үчүн, атайын кошок формасында жаратышкан. Ошондуктан төрт саптан курулган хикметтер, негизинен, а-а-а-б, в-в-в-б тартибинде жайгашкан жана биринчи саптын кийинки мууну, кийинки сaптардагы ойду улантуу үчүн ылайыкталган. «Девони хикметтеги» көпчүлүк ырлар 7 жана 12, 14 муундуу ыр формасында, мындай формадагы ырлар музыкалаштырууга (обонго салууга) өтө ыңгайлуу экендиги белгилүү. Ошол себептен, бул ырлардын көпчүлүгү шайыктар жана эл кыдырган календерлер тарабынан музыкалаштырылып, атайын эл алдында ырдалган.

«Девони хикмет» оздон-оозго өтүп, китептен-китепке көчүрүлгөнүнө байланыштуу анын түпкү тили (XII кылым) сакталбагандыгын башта айтып өткөнбүз. Ошого байланыштуу хикметтин көчүрмөлөрүнүн тили да бир кылда эмес, алардын ортосунда зор эбегейсиз айырмачылыктар бар. Алардын ичинде архаикалык элементтердин, диалектикалык, түрдүү түркий тилдеги, ал эле эмес фарсы-тажик тилдериндеги сөздөрдүн колдонулгандыгын көрүүгө болот. Хикметте: езух (күнөө), учмах (жаннат, арык) таза ж.б. архаикалык сөздөр – бад (жаман, кас) киши, бози (оюн, эрмек) обу, гил (суу жана топурак) фарсы-тажик сөздөрү жана «у» байламтасынын колдонулушу түрдүү басмаканаларда басылгандыгына байланыштуу көп түрдүү түркий сөздөрүнүн колдонулушунан кабар берет. Ошентип, атактуу түрк элине таандык Кулкожакмат-Ахмед Яссавинин өмүр жол, чыгармачылыгын илимий жактан изилдеп, тактоого муктаждыкты туудурган бүгүнкү адабий процесстеги актуалдуу маселелерден.

XIII кылымда Чыңгызхандын басып кириши Орто Азия элдеринин маданиятынын өнүгүшүнө тоскоолдук кылса да, XIV кылымда кайрадан түрк тилинде сүйлөгөн элдердин маданияты өнүгө баштаган, болгондо да, ошол мезгилдеги чыгармачыл адамдар түрк жана фарсы тилдеринде жазышкан, ага Рабгузинин "Пайгамбарлар тарыхы", Хорезмдин "Сүйүү жөнүндө" китеби, Дурбектин "Юсуф менен Зулейкасы" кирет. Хорезмдик-Рабгузий аталган өзүнүн чыгармасын 1311-жылы жазган. Анда жан жаныбарлардын тилин

билген адам тууралуу сөз болот. Мотиви жагынан "Миң бир түнгө" жакын.

**Хорезми** - бул адам тууралуу эч кандай так маалыматтар жок. Анын өзүнүн эскерүү сөзүнө караганда көп саякаттаган, ал эле эмес Алтын Ордого чейин барган адам болгон. Анын китеби хорезм элчисине арналган.

**Дурбек** - бул адам тууралуу да даректер жок. Ал эле эмес, биз жогоруда атаган чыгармасы да бизге толук келип жеткен эмес. Бирок, поэма 1409-жылы Балхада жазылган сүйүү-романтикалык сюжеттеги чыгарма экендиги маалым.

# XV-XIX кылымдагы өзбек адабияты

Тимур мамлекетинин убагында XV кылымда өзбек адабияты гүлдөп өнүктү. XV кылымдын I жарымында адабий борбор Самарканд болсо, 2-жарымында Герат 1405-жылы Тимур өлгөндөн кийин эки атаандаштын ортосунда такты талашуу күчөп, ал көпкө созулган. Акыры Тимурдун уулу Шахрух 1409-жылы эки мамлекет түзөт. Биринчиси - Шахрухтун башчылыгында Харасан мамлекетин түзүп, борбору - Герат, экинчиси Мавераннахр - борбору Самарканд, башчысы Шахрухтун уулу Улугбек болгон. Ошол себептен улуу илимпоздун башчылыгындагы өзбек эли илим, билим, адабият, искусство жактан гүлдөп өскөн, поэзия фарсы же тажик, өзбек тилинде, живопись, каллиграфия, музыка, архитектура боюнча бийиктикке жеткен. Мамлекеттин мындай жетишкендигин дин өкүлдөрү көрө алган эмес, ошондуктан Улугбек 1449-жылы 27-октябрда ошолор тарабынан өлтүрүлгөн. Башкаруучулук менен дин өкүлдөрүнүн ортосундагы мындай карама-каршылык жарым кылымды кучагына алган да акыры маданий борбор Гератка көчүрүлгөн. Ушул борборду уюштуруп негиздөөдө мамлекеттин улуу ишмери, улуу өзбек акыны Алишер Навоиге көп эмгек таандык.

Ошол кылымда поэзия ар кандай жанрда б.а. касыда, сүйүү ғазелдери, романтикалык поэмалар (Лютфинин «Гуль и Навруз») 5-8 саптар мунозир - буга Сакоккинин поэмалары, Саид Ахмаддын "Жаа жана жебе", Юсуф Амиринин "Тамбур менен чанч", "Вино жана апийим" сыяктууларын кошууга болот. Жогоруда биз атаган Сакокки (лирикалык газелдери незиздөөчү) Лютфи, Атоилер өзбек поэзиясынын диний лирикалык көз караштагы багытын өзүлөрүнүн турмушту туура түшүнө билген, аларда болуп жаткан жакшылыктарды, кубанычтарды жаратылыштын коoздугун, сүйүүнүн улуулугун ырдоо менен өзгөрттү. Ал эми Навои болсо поэзиядагы чектелүүчүлүктүн дыңын бузуп гана тим болбостон, ага социалдык-философиялык мазмун киргизди деген Айбектин пикирине кошулбай коюуга болбойт.

**Алишер Навои (1441-1501)** 9.02.1441-жылы Гератта түрк феодалынын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы - Гиесиддин. Кичине Шахрух хандын кол астында кызмат кылган А.Навоинин чыгармачылыгы Срто Азияда феодалдык доор кулай баштаган XV кылымдын экинчи жарымына таандык. Анткени, бул мезгилдерде Тимур тактан кетип, мамлекетти борборлоштуруу өз күчүн жоготуп, феодолдар менен карапайым элдердин, айыл-чарба менен саясий бийликтин ортосунда карама-каршылыктар күчөп, бошондой баштаган мезгил болучу. Айрыкча, Самарканд менен Хорасанда элдердин өз эркиндигин талашуу мезгилинин көп жылдарды өз кучагына алышы А.Навоинин чыгырмачылыгына түздөн-түз таасирин тийгизген. Анын гумандуулукту, адилеттүүлүктү жактаган ырлары өз мезгилинде бир гана өзбек элине эмес, ошол мезгилде бүткүл Орто Азияга тажик, иран, афганистан, индия, кытай, ж.б. өз таасирин тийгизген.

Акындын өзүнүн эскерүүсүндө белгилегендей мындай жетишкендиктери, анын 4 жашынан окушу, Саадинин фарсы тилиндеги классикалык поэзиясы, Аттардын "Куштардын сүйлөшү" поэмасы менен таанышышы болгон. Анын үстүнө акындын классташы белгилүү Гераттын

ханы Хусейин Байкара да акындын турмуш тагдырында белгилүү роль ойногон. Себеби, 1447-жылы Шахрух өлгөндөн кийин эки таптын каршылыгы күчөгөндө Алишердин атасы Иракка качып кетип 50-жылы кайра өз элине келет да Абдулкасым Бабурга кызмат кылат. Алишер болсо кайрадан живопись, каллиграфия, музыка, адабятты окуп өз билимин тереңдете баштайт. Атасынын жардамы менен Бабурдун кол алдында 15 жыл иштейт. Мына ушул жылдары ал чыгармачылыгын баштап, өзүнүн ырларын фарсы жана эски өзбек тилинде "Навои" деген повестин (орусча – «мелодичный», фарсча – фони – преходящий - смертный деген ат менен) жаза баштайт. Анын ырларынын күчтүүлүгүн, таасирдүүлүгүн Лютфинин: "анын кичине саптарын менин 10,12 миң ырыма алмаштырууга болот" деген баасынан байкоого болот.

Ушул жылдары Навои менен Хусейин Байкаранын достугу күчөйт. Анткени, эки дос тең Мешхедде жашап, Бабурдун кол алдында болушкан. Качан 1457-жылы Бабур өлгөндөн кийин шаарда эки таптын ортосунда карама-каршылык күчөйт. Байкара баш оту менен бийлик үчүн киришип (досу Алишерди таштап) кетет. Ошол мезгилде Алишер 1464-жылы Мешхедде, 1466-жылы Гератта, Самаркандда болуп, чыгармачылык менен иштөөгө эч мүмкүнчүлүгү болбойт.

1469-жылы 24-мартта Х.Байкара такка келет. Гератта, Харасанда карама-каршылык токтойт. Алишер кайра Гератка келип анын кол алдындагы басмаканада башчы болуп иштейт. 1472-жылы эмирдик наам, кийин увазир б.а. мамлекеттик катчы болот. Мына ушул мезгилдерде Алишер маданий очокту өнүктүрүүдө чоң роль ойноп, көптөгөн көпүрөлөрдү, архитектуралык ансамблдерди салдырып, искусствонун өнүгүшүнө таасир эткен.

Ал элинин маданиятынын гүлдөп-өсүшү үчүн ханга да сын айткандан тайманган эмес. Өзүнүн «Хамса» поэмасын 1483-1485-жылдары 5 илтигин жазган. 1487-жылы Байкара өзүнөн Алишерди алыстатып, Астрабадга айдатып жиберген. Ал жерде жөн отуруп калбастан оорукана, мектептерди салдырып, шаарды жасалгалоодо көп эмгек сиңирген. Ал өзү "Ойлордун кечи" деген китебин, "Бала кездин жаркын элестери", "Жаштык эңсөөлөрү", "Орто жаштын ойдо калгандары", "Карылыктын насыяттары" деген төрт китептен турган жыйнагын жазган. Ал жерде акынды бир нече жолу уулап өлтүрүүгө аракеттенишкенде кайра хандын буйругусуз Гератка келип, анын бир нече кысымына чыдоого туура келген.

1494-жылы жан досу Жамиден ажыраганда шаардагы Хусейин менен баласынын ортосундагы карама-каршылык басылып, даанышмандыгын көрсөткөн улуу акын 1501-жылы 3-январда өлгөн.

Акындын атагын алыска тааныткан 5 илтиги "Хамса"

1. "Хайратуль аброр" - "Куугунтукталган" - философоялык-дидактикалык;
2. Романтикалык сүйүү - "Фархад менен Ширин";
3. "Лейли менен Мажнун" - философиялык-романтикалык;
4. саясий - "Сабаи-Сайера" ("Жети планета");
5. Санат-насыят мотивиндеги "Искендердин чеби" - 53 миң саптан турат.

Биринчи поэмасында мамлекеттик башкаруучулар, алардын эзилүүчү таптарга жасаган ырайымсыз мамилелери, адилетсиз бийлик жөнүндө жазса, "Фархад менен Ширин", "Лейли менен Мажнун" сүйүү жана анын түмөн-

түйшүгү, адилетсиз жана ырайымсыздыгы бөлүмдөрдө диний түшүнүктөр менен байланыштырылып сүрөттөлсө, "Жети планета" легендарлык байыркы иран ханы Бахрамтур жана анын өз бийлигинен пайдаланып, элдин тагдырын башка биреөлөргө тапшыруусу адилетсиз бийлик экендиги айтылат. Бардык окуя анын сүйгөнү кытай кызы Дилорамга байланыштуу өнүгөт. Мына ушундай сүйүү жана патриотизм темасы "Искендердин чебинде" уланат. Б.а. бул поэмадагы окуя улуу полководец А.Македонский жана анын адилеттүү бийлиги, чабуулдары тууралуу сөз болот.

Ал бешилтигин гана жазып калтырбастан, эң сонун лирикалык ырларын, газалдерин, рубаилерди да калтырып кеткен. Анын поэзиясы орто кылымдын орток адабиятында эң жогорку идеялык көркөмдүүлүгү менен кылымдар бою баалуулугун жоготпой келе жатат.

**Захиридин Мухаммад Бабур (1483-1530).** Андижанда туулган. Ата-теги Тимур хан болгондуктан 12 жашынан Ферганадын ханы болгон. Ал өмүр бою башка элдердин бай-бийлери менен согушуп аларды өзүнө багындырып келген. Айрыкча, Шейбаниддердин көчмөн династиясы менен согушуп жеңилүүгө дуушар болсо да басынып калбастан Афганистан, Индияга чабуул жасаган. 1526-жылы Индиялык султан Ибрагим Лудини жеңип, ал жерде "Улуу Моңголдор империясы" деген мамлекетти негиздеген, мамлекет англичандар баш ийдирип алганга чейин өмүр сүргөн. Ошол жерде бийлик кылып туруп, орустарды достук байланышка чакырып, 327-жылы Москвалык княз Василий III гө элчисин жиберген. Бабур өмүрү өткөнчө Индияда жашап, Аграда дүйнөдөн кайтып, сөөгү Кабулга коюлат. Ал чет элде жашаса да өзүнүн эски өзбек тилин унутпай чыгармаларын ошол тилде жазып келген. Анын чыгармаларынан эң жогорку орунду автобиографиялык чыгармасы "Бабур-нааме" ээлейт. "Бабур-нааме" XV-XVI кылымдын тарыхый булагы, (1494-1529, жазуучунун Авганистан менен Индияга жасаган чабуулу гана сүрөттөлбөстөн ошол элдердин жаратылыш байлыгы, маданияты, этнографиясы, тарыхы жогорку деңгээлде сүрөттөлгөндүгү менен айырмаланат. Жазуучунун бул көлөмдүү чыгармасынан башка азын-оолак дивандары (4 саптары) келип жеткен. Аларда акын өзүнүн ички көңүл ыргактарын, өз жеринин сулуулугун, сүйүү жана анын кадыр баркын даңазалаган.

Өзбектердин тарыхында XVIII кылымдын аягы, XIX кылымдын башы эки таптын ортосунда аябай карама-каршылык күчөп турган мезгилге туура келет. Айрыкча дыйкан, кол өнөрчүлөрдүн толкундоолору күчөп, эл толкундап, феодалдар аларды басуунун күчтүү аракетинде болуп жатканда адабиятта феодалдык көз-караштагы тенденция күчөп өзгөчө мистика философиялык жана элдик поэзия өнүккөндүгүн байкайбыз.

Мистикалык феодалдык тенденциянын өкүлдөрү: Мухаммад Салих ("Шейбани наме"), Абулгазы («Байыркы түрктөрдүн чыгышы» - "Огуз нааме" тарыхый китеби) Хувайдо, Кокон ханы, Умар хан менен анын шакирттери Фазли, Афсус, Гози, Хиджолат акын-тарыхчы Мунис, Анаси ж.б.

Элдик тенденция Гульхани Махмурлардын чыгармалары сыяктуу эле XIX-XX кылымдагы өзбек адабиятынын өнүгүшүндө тарыхый орду бар аялдар Махзупа, Надира, Увайсанын чыгармаларынан орун алгандыгы белгилүү.

## XIX-XX кылымдагы өзбек адабияты

XIX кылымдын 2-жарымынан Орто Азия Россияга кошулгандан баштап, анын колониясына айланып, ал колониялык үстөмдүк кылуу 2 формада жүргөн. Башкача айтканда, Түркистан генерал-губернаторлугунун жана жергиликтүү Бухара, Хива хандыгынын бийлигинде түрк эли кош эзүүдө жашашкандыгы үчүн экономикалык, саясий-маданий, айыл-чарбанын өнүгүшүндө жаңы мүнөздүк белгилер пайда болгон. Бул өзгөчөлүктөр өзбек элинин өнүгүшүндө чоң роль ойногондугун XIX кылымдын 2-жарымында Ташкент жана Самаркандда китеп басмаканаларынын пайда болушунан, орус-тузем мектебинин ачылышынан, жашыруун агартуу идеяларынын Өзбекстанда жайылышынан ага Тажик акыны Ахмед Дониш жана анын идеясын улоочу өзбек акындары Мукими, Фуркат, Аваз, Отар уулдарынын кошулушунан көрөбүз.

## Жаңы өзбек адабияты

Өзбек совет адабиятынын өнүгүшү С.Айни менен Хамзанын чыгармаларына тыгыз байланышта экендигин Октябрь революциясы орногондун алгачкы күндөрү жазылган Хамзанын "Биз жумушчу", "Жашасын кеңеш" ырларына үндөш Айнинин "Эркиндик маршы", "Марсельезасы", "1-май маршы" ырларынан жана ал ырлардагы окуялар Хамза менен С.Айнинин көз алдында өтүп, өзүлөрү катышкандыгын экөө тең Орто Азиядагы совет бийлигин орнотууда маданий агартуу иштерин жүргүзүүдө, айрыкча өзбектердин тарыхында анын ичинде адабиятында чоң роль ойношкондугун белгилебей коюуга болбойт. Алардын чыгармачылыктары тууралуу маалымат берерден мурда, 1930-жылдардагы өзбек эли тууралуу жалпы маалымат берүүгө туура келет.

1924-жылы Өзбек ССРи орногондон кийин 20-жылдары эгерде 1911-жылы Түркстан крайында 476-башталгыч мектеп болуп, анда 30 000 окуучу көбүнчө орус улуту окуса, 1920-жылы Түркстан крайында 2022 мектепте 160 миң окуучу анын ичинен көпчүлүгү өзбектер болгон. Ал эми 1932-33-жылдары Өзбек республикасында, анын ичинде Түркстан республикасында 4666 мектепте 20 миң мугалим иштеген. 1920-жылы 1-жолу Орто Азияда Түрк мамлекеттик университети (САГУ) уюшулган. 1927-жылы латын тилинде окууга өтүп, 30-жылы толук өтүп бүткөн. 1911-жылы 118 миң тираж газета-журнал басылып чыкса, 1927-жылы 20 миң тиражга, 30-жылы 205 түрдүү газета-журналдардын ичинен 132 газет, 35 журнал өзбек тилинде чыккан.

Ушул жылдары Горькийдин "Эне", "Менин университетим", "Балалык", Серафимовичтин "Темир сел", Фадеевдин "Козголондору" өзбекчеге которулду жана өзбек адабиятында революциялык-саясий ырлар, фелетон, аңгеме, повесть сыяктуу жаңы жанрлар менен кошо элдик жанрлардын чыгармачылыгы өнүктү.

Өзбек жаңы адабиятынын өнүгүшүнүн алгачкы этабында өзбек адабиятын баштоочу катары С.Айни менен Хамза-Хаким-заде Ниязинин салымы зор. Өзбек жаңы адабиятынын негиздөөчүсү, адабиятчы, прозаик,

драматург, акын-обончу, композитор, режиссер, педагог Хамза-Хаким-заде-Ниязи 1889-жылы Кыргыз Республикасына караштуу Шахимардан селосунда туулуп, башталгыч билимди мусулман медресесинен алган. Ал окуган мектебиндеги билимине канааттанбастан, өзүнчө чыгыштын классиктери Фирдоуси, Низами, Навои, Мухими ж.б. чыгармаларын окуп, орусча тилди үйрөнүп, орустун классикалык чыгармалары менен таанышып 16 жашынан жаза баштаган. Анын алгачкы көрүнүктүү чыгармасы "Жаңы бакыт" повести, "Ууланган өмүр" пьесасы, "Нихон" пивдоними менен жарык көргөн ыр жыйнактары болуп эсептелет.

Акын совет бийлигин орнотууда өзүнүн гана энергиясын бербестен, драматург, акын, публицист, композитор, режиссер, окутуучу, элди үйрөтүүчү катарында эмгегин сиңирген. Ал граждандык согуш учурунда Көчмө драмалык труппа түзүп, өзүнүн саясий-агартуу иштерин жүргүзүү менен бир нече пьеса, ырларын жазып элге тартуулайт. Ошондой драмасына "Бай жана батрак" кирет. Бул драмада Өзбекстандын тарыхында 1-жолу эзилүүчү жана эзүүчү таптардын ортосундагы карама-каршылыктар ачык сүрөттөлгөн.

Хамзанын чыгармачылыгындагы аялдар темасы "Эркин аялдар" жөнүндөгү ырында – Улуу Октябрь Революциясына чейинки аялдардын тарткан азап тозогун, эркисздигин айтып келип, азыр аялдар, эркектер менен бирдей укукта экендигин далилдеп, өмүр бою жамынган паранжыдан өзбек, тажик аялдары кутулгандыгын (1927) "Өзбек аялдары" ырында далилдесе "Майсаранын жоруктары", "Паранжинин сыры", "Илгерки шайлоо" драмаларында эксплуататордук коомду жектеп, жаңы коомдун артыкчылыктарын көрсөтүүгө аракет жасаган.

Акын композитор, драматург Хамза Хаким заде Ниязи Ферганада улуттук инструменттердин негизинде духовой оркестр уюштуруп, өзүнүн ырларына жазылган обондорун ойногон. Хамзанын акындык эмгегин жогору баалап Өзбекстандын башкаруучу бийлиги "Өзбек акыны" деген наам берген.

Таланттуу коомдук ишмер 1929-жылы 18-мартта эзүүчү таптардын сыркындылары тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлгөн.

Анын чыгармачылыгына келгенде драмалык чыгармалары коомдун ритмин чагылдыргандыгын "Лашмандардын трагедиясы", "Хива революциясы", "Фергана трагедиясынан" көрүүгө болот. Мисалы: "Лашмандардын трагедиясында" 16-жылдагы революцияда өзбек элинин эң оор жана кайгылуу турмушун сүрөттөсө, "Хива революциясында" Хива элинин хандыктын туткунунан бошонушун, "Фергана трагедиясында" Фергана өрөөнүндө басмачылар менен салгылашууну чагылдырат.

Драмалык чыгармаларынын ичинен "Бай жана батрак" пьесасы тарбиялык мазмуну жагынан жогорулугу менен айырмаланып турат. Драманын сюжетинде Салибай байдын кол алдында иштеген кедей Гафур Жамиля аттуу сулуу кызга үйлөнөт. Кедейдин сулуу аялын бай тартып алгысы келип, ага ар кандай жалган жалааларды тагып, Сибирге айдатып жиберет. Күйөөсүнүн кабарын уккан Жамиля өзүн-өзү өлтүрөт. Гафур Сибирде жүргөндө революционерлер менен таанышып алардын жардамы менен туткундан бошонушу менен окуя аяктайт. Чыгарманын жаңылыгы ошо биринчи жолу карапайым кедейдин эзүүчү таптарга каршы чыгышы, жаңы заман, эркин жашоо үчүн күрөшүүсү берилгендиги. Ушул идея калган биз жогоруда токтолгон пьесаларында жана лирикаларында андан ары уланат.

Анткени, Хамзанын чыгармалары мазмуну жана формасы жагынан элдүүлүгү менен айырмаланып жүрөккө жакын келет.

Хамза Хаким заде Ниязи менен катарлаш өзбек жана тажик совет адабиятын баштоочулардын бири көп кырдуу талант, чебер сүрөтчү, окумуштуу жана коомдук ишмер Садриддин Айнинин өмүр жолу жана чыгармачылыгы өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

**Саидмураттын уулу Садриддин** - 1878-жылы 15-апрелде Бухаранын Гиждуин аймагындагы Соктар кыштагында кембагал дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Саидмураттын эки гектар жери болуп, андан түшкөн киреше менен үй-бүлөсүн багып, өтө тартышчылыкта күн кечирип тиричилик кылган адам болгон. Мээнеткеч ата үй-бүлөсүн багуу үчүн уста, токуучу болуп иштеген менен илим-билимди өтө урматтаган адам болуучу. Ошон үчүн 6 жашар Садриддин мектепке барып, кат таанып, билим алуусуна шарт түзүүгө аракеттенет.

Садриддин 11 жашка келгенде ата-энеси дүйнөдөн кайтат. Үй-бүлөсүн, инилерин багуу милдети Садриддинге калат. Атасы көз жумуп жатып баласына: "Оку, ар кандай кыйынчылык болсо да окуп адам бол! Бирок ортомчу, раис болбо" деген осуят калтырат.

Садриддин атасы өлгөнүнө бир жыл болгондон кийин анын осуятын аткаруу максатында Бухарага барып, 1890-91-жылдары Мир-Араб, 1892-93-жылы Олимжан, 1894-96-жылдары Бадалбек, 1896-99-жылдары Ходжа-Зохид, 1899-жылдан Күколташ медреселеринен окуйт. Ал медреселерде окуп жүрүп турмуш тиричилигинин начар, жетишпегендигинен колунда бар студентттердин кирин жууп, кааналарын тазалап, эптеп күнүмдүк турмушуна акча таап, ошол эле мезгилде өз окуусуна да убакыт таап окуп жүрөт.

1891-жылы сараң бай Шарифжан Махмуддун кол алдында 8 ай иштеп, андан тапкан акысы тамакка эсептелип, эптеп өлбөстүн күнүн көрүп жүрөт. Ал Шарифжан байдын үйүнөн биринчи жолу чыгыштын улуу классиктери Фирдоусинин, Омар Хайямдын, Согдийдин, Хафиздин, Ширазинин, Жаминин, Навои менен Бедилдин, Физулинин чыгармалары менен таанышып, өзү да аларга таасирленип ыр жаза баштайт. Ошентип, анын адабий чыгармачылыгы 1894-95-жылдары башталат. Ал өзүнүн чыгармаларын ар кандай жашыруун аттар менен жарыялап жүрөт. Анын 1896-жылы "Кызыл гүл" деген ыры «Айни» деген ат менен жазылат. Анда Нооруз майрамынын маңыз-мааниси чагылдырылып, турмуштагы теңсиздикке ыраазы эмес экендигин баяндайт. Анын чыгармачылыгындагы бурулуш Ахмад Донишке жолуккандан кийин башталат. Ахмад Доништин "Наварирул вакое" чыгармасы коомдо болуп жаткан турмуш чындыгын, Бухарада күч ала баштаган карама-каршылыкты өз мезгилинде түшүнүп, ага өз мамилесин туура билдирүүгө жардам берген. Бул китеп жөнүндө С.Айни: "Мен бул китепти башынан акырына чейин окуп чыктым. Китеп көп жакшы нерселерди таасир калтырды" деп эскерет. Чындыгында Ахмад Доништин аталган китебинде адамдар арасындагы бузукулук, эки жүздүүлүктү реалдуу ачып берүүгө жетишишинен жана Бухара медресесинде окула турган сабактардын түккө жарабай тургандыгын жалтактабай ачык, так ашкерелегендиги менен баалуу.

С.Айнинин чыгармачылыгына 1905-жылдагы революция өзге[illegible]р этип, анын көз карашынын, коомго болгон пикиринин ойгонуш[illegible]ер

болот. Ошондон баштап ал, таалим-тарбия системасындагы артта калуучулукту, диний көз караштын коомдогу ордун таанып, эски мектеп талабын четке кагып, илим-билимге умтулууну талап кыла баштаган жана өзүнүн талабын бекемдеп атайын мектеп үчүн 1909-жылы "Балдар тарбиясы" аттуу китебин жарыкка чыгарат. Мектеп турмушунда жаңылык катары таанылган бул китепке диний тексттер киргизилбестен, балдарды илим-билимге, эмгекке, боорукердик менен айкөлдүккө тарбиялай турган тексттердин киргизилиши китептин баалуулугун арттырган.

Ошол мезгилде акын революциялык көз караштан али алыс болсо да, анын чыгармаларынан демократтык көз караштарды сезген башкаруучу төбөлдөр ага салкын көз караш менен мамиле жасай баштайт. Ошол себептен Бухарадан Кызыл-Төбөгө качып келип, ал жерде пахта заводдо иштеп жүрүп, революционерлер менен таанышып, саясий көз карашы ойгонот.

Саясий көз карашы калыптанып келе жаткан С.Айни үчүн 1917-жылдагы февраль революциясы жазуучунун чыгармачылыгына чоң бурулуш алып келет. Эзүүчүлөрдү тап катарында жоюуда активдүү күрөшүүчүлөрдөн болот.

Өздүк башкаруу территориясында күчөп бара жаткан революциялык кыймылдан корккон эмир зулумдук менен өз акимиятына нараазы адамдарды камай баштайт. Алардын ичинде акын С.Айни да болот. Аны 75 жолу камчы менен уруура өкүм чыгарат. Ошол күндөр жөнүндө акын: "Адам өлтүргүчтөр менин денемди белимден мойнума чейин жанчып таштапты. Этим бир бөлөк, сөөгүм бир бөлөк болуп, камчы тийген сайын эттерим туш тарапка учуп жатты... Бирок, мен, бул ырайымсыз адамдар алдында тизе бүгүп ыйлагандыы уят көрдүм. Менде эч нерсеге сыйбаган күч, кубат пайда болду... Өксүп, өксүп жалынуунун ордуна алардын көзүнө тике карап, бүткүл азаптарга чыдадым" деп эскерет. Көп өтпөй С.Айнини орус солдаттары камактан бошотушат. Ал Кокон ооруканасында 52 күн жатып айыгып, 1917-жылдын 2-июнунда Самарканга жөнөйт. Көп өтпөй Улуу Октябрь революциясын кубаныч менен тосуп алат. Бирок ал жерде да С.Айнини жөн койбой эмирдин жигиттери аны өлтүрүү үчүн артынан барышат. Муну байкаган жазуучу 1919-жылы Ташкентке качат. Куугунтук бир аз жылдын аягында тынчыгандан кийин Самарканга кайтып келип мугалим болуп иштей баштайт. Кийин өзбекче "Мээнеткечтер үнү" газетасында, тажикче "Шуълан инхлоб" журналында эмгектенип жүрүп, 1920-жылы Бухара хандыгын кулатууга активдүү катышат. Аны өзү: «Менин чыгармаларымда адамдар үчүн жаман жакшы жактарына арзый турган нерсе дүйнөгө келген болсо, ал да революциянын шарапатыдыр. Мен кырк жашымда гана Октябрь мектебине жаңыдан кирдим. Кырк жаштагы бул мектеп мени тарбиялап, кайрадан төрөдү жана мени кайрадан жетилип калган мезгилге жеткирди» - дейт. Акындын бул эскерүүлөрүн анын "Октябрь революциясынын даңкына", "Октябрь революциясы", (1918) "Азаттык маршы", (1919) "Мектеп маршы", (1919) революциялык марштарынын идеялык мазмунун далилдеп тургандыгы да бекеринен эместир. Аталган ырларында акын революциянын жеңишин даңктоо менен гана чектелбестен, тажик поэзиясына жаңы мазмун, жаңы форма алып келгендиги менен да өзгөчөлөндү. Кийинчерээк бул ырлары "Революциянын учкундары" деген топтом менен тажик жана өзбек тилинде жарык көрдү.

Акындын "Октябрь революциясы" маршында октябрдын жеңиши

букара калкы үчүн азаттыктын орношун чын дилинен куттуктоо менен кылымдар бою эзилген пролетариаттын жеңишинин аныктыгы ынанымдуу чагылдырылат. Анын "Марсельеза" мотивиндеги "Эркиндик маршында" азаттыкты даңазалоо менен эзилүүчү тапка каршы чакырык добуштары жаңырып, окурманды революциялык көз карашка тарбиялоодо чоң роль ойноп, өз мезгилинде мектеп окуучуларынын маршына айланган. Акындын калган марштары да өзбек поэзиясынын алгачкы үлгүлүлөрү сыяктуу зор мааниге ээ болуу менен граждандык согуш мезгилинде поэтикалык чакырык мотивинде жаңырган.

С.Айни өзбек жана тажик совет прозасын баштоочу катары эки элдин адабияттарынын тарыхында өзгөчө орунду ээлейт. Анткени С.Айни 20-жылдардын башында эле проза жанрына ооп, анын үстүндө үзүрлүү эмгектене баштайт. Анын прозалык чыгармасы Бухаралык эмирлердин чыныгы жүзүн ачып ашкерелеген "Бухаралык желдеттер" (1920-жылы жазылып, 1922-жылы жарык көрөт) повести саналат. Аталган повесть алгач өзбек тилинде чыгуучу "Революция" журналынын беттерине жарыяланат. Анда жазуучу Бухарадагы "адам өлтүргүчтөрдүн" мамилеси аркылуу Бухарада пайда болуп жаткан кандуу окуялар жана аларга себепкер болгон эмир жана анын акимиятына каршы улам күчөп бара жаткан калк нааразылыктарын сүрөттөп берген. Жазуучунун бул повесттен кийин жарык көргөн прозалык чыгармасы 1922-жылы жазылып, 1924-жылы жарыкка чыккан "Кыз, же Халида" аңгемеси. Булардан да ирдүүсү жана С.Айнинин чыгармачылык тажрыйбасынын күн өткөн сайын өркүндөп өсүп бара жаткандыгын далилдеген "Тажик үнү" газетасынын 1924-жылдагы №11,14; 1925-жылдын №15, 31-сандарына чыккан, кийин 1927-жылы "Самарканд-Душанбе" басмаканасынан өзүнчө китеп болуп жарыяланган алгач "Кедей-тажиктин окуясы же Одина" кийин "Одина" деген ат менен чыккан повести болду.

Повестте жаш Одинанын жетимдик менен өткөргөн күндөрү, Арбап-Камалдын колундагы кыйынчылыктары, эксплуататорлордун кедей-кембагалдарга кылган зордук-зомбулуктары ачык сүрөттөлгөн. Чыгарманын баш каарманы Одина зулумдук менен жамандыктын алдында тебеленип калбастан, Арбап-Камалдын колунан качып чыгып, Андижандагы пахта заводуна келип кирип, жумушчуларга аралашып, күн өткөн сайын саясий көз карашы ойгоно башташына орус революционер жумушчулары менен таанышышы чоң роль ойнойт. Эки типтин ортосундагы карама-каршылыктын кайдан келип чыккандыгын түшүнүп турган турса да Одина алар менен кандайча күрөшүүнүн жолун билбегендиги реалдуу көркөм чагылдырылган.

Повестеги белгилей турган жагдай композициялык сюжет курулушунун татаалдыгы, окуяга байлыгы жагынан мурдагы повестинен өзгөчөлөнүп турат. Мындан окурман коомдук көрүнүштөрдүн турмуштук деталдарын, эмираттын тоолуу районундагы кооз жаратылышын көркөм, элестүү сүрөттөлгөндүгүн сезүү менен адам тагдырына өзгөчө көңүл бурулгандыгы Одина менен анын сүйгөнү Гүлбүбүнүн ортосундагы таза, тунук мамилелерден байкалат.

Одина менен Гүлбүбү бири-бирин сүйүп баш кошууну эңсешет, бирок ага жокчулук тоскоол болот. Калың берүүгө колунда сокур тыйыны жок Одина акча таап келиш үчүн Андижандагы пахта заводуна барып үч жыл

иштеп, бирткe акча алып келе жатканда аны эмирдин жигиттери жолдон тонол алып коюшат. Эми ал кайра акча табыш үчүн Ташкенге жөнөйт. Ал жерде каттуу ооруп калып, Улуу Октябрь революциясынын жеңишин орус революционери Ивандан угат, тилекке каршы жаңы замандын салтанат доорун сүрбөй калат…

Чыгармада башкы каармандардан тышкары Одинанын чоң энеси Биби-Айша, достору Сангин, Шариф, Шамирза сыяктуу эмгекчилер менен кошо эзүүчү таптын өкүлү, кыштактын старостасы Арбап-Камалдын образдары реалдуу ачылган.

Одина повести 20-жылдардагы өзбек, тажик прозасынын эң чоң ийгилиги болсо, ушул эле жылдарда жазылган "Дохунда" романы совет доорундагы роман-жанрына кошкон алгылыктуу эмгеги болду. Романдын 1927-29-жылдарда жазылып, 1930-жылы жарык көрүшү бир гана өзбек, тажик элиндеги роман жанрынын эмес, ошол мезгилдеги Борбордук Азия адабиятындагы биринчи романдын жаңы баскычы болду.

Романдагы окуя Улуу Октябрь революциясынын алдындагы кедей-кембагалдардын адам чыдагыс турмушу, сүткор бай-бийлер тарабынан эзилиши, турмуштун оордугуна карабай эзүүчү таптын үстөккө-босток аларга салык салышы өзгөчө Базар менен Сафардын үй-бүлөлөрүнүн өтө кыйынчылык турмушу аркылуу берилген.

Базар - ачык көңүл, ишенчээк, мээнеткеч дыйкан. Анын мүнөзүн билген байлар аны жыл маалы келгенде жерин иштеттириш үчүн талашышат. Бирок түшүм жыйноого келгенде адилеттүү өз акысын ала албай ар дайым ара жолдо калат. Мээнеткеч Базар канчалык кыйналып, бай-бийлердин зулумдугун башынан өткөрбөсүн аларга каршы сөз сүйлөп, наразылыгын билдире албайт. Динге катуу ишенген Базар акыры өз мээнетин алмак турсун бай-бийлерге карыз болуп ооруп калат да ошондон өйдө боло албай көз жумат. Базардын карызы уулу Ядгарга мураскору катары калат. Бирок Ядгар атасы сыяктуу бош эмес, өз мээнетин адилеттүү баалап, адилеттүү талап кылып алуу максатында байларга каршы күрөш жолуна өтөт. Белгилүү деңгээлде Ядгардын образы Одинанын образын элестетет. Бирок Одина зулумдарга каршы күрөшкө чыгуу керектигин билип, саясий көз карашы ойгонгон менен аларга каршы активдүү аракет жасай албайт. Ал эми Ядгардын көз карашы күн санап турмуштун татаал жолунда өнүгүп, өсүп олтуруп, саясий көз карашынын калыптанышына алып келишинде жакшы адамдар менен бирге коммунисттердин таалим тарбия таасири чоң роль ойнойт. Ага эмир түрмөсүндө Абдулла кожо менен бирге болушу, андан чыккандан кийин эмирге жана анын жан-жөөкөрлөрүнө каршы активдүү күрөшү мисал. Ядгардын мүнөзү бул күрөштө ар тараптуу ачылган динамикалык образ. Ал эл уулу катары сүрөттөлүп, элдин жыргалчылыгы үчүн болгон күрөштө өз ордун таба билип жана ал күрөштө тарбияланып такшалган образ катары чыгат.

С.Айни романдагы коммунисттердин образдарын өз-өзүнө тиешелүү мүнөздүк өзгөчөлүктөр менен ачып берүүгө далаалаттангандыгы Абдулла кожо менен Мискин Заденин образдарынан көрүнөт. Абдулла кожо табиятынан чыдамдуу киши. Аны эмирдин зулумдугу, анын зынданда көрсөткөн кордуктары темирдей бекем эркин майыштыра албайт. Кайра түрмөдө (зынданда) жаткандардын арасында коммунист катары үгүттөө

иштерин жүргүзүп, алардын саясий көз караштарынын калыптанышына таасирин тийгизет. Ал Ядгарды Түркстандагы коммунисттердин иштери менен тааныштырып, ага күрөшүүнүн жолдорун үйрөтөт. Ядгардын коммунисттик партиянын катарына өтүп, акырындык менен Бухаранын алдыңкы адамдарынан болуп өсүп чыгышына жакындан түрткү болгон да Абдулла кожо болот.

Романда Ядгар, Абдулла кожо менен бирге эзүүчү тапка каршы турган колунда кара күчүнөн башка эч нерсеси жок Ашур, Зуфар, Курбан жана башка кедей-кембагалдардын убалынан коркпой алынын жетишинче эзишкен зулумдар Якуббай, Азимшах, Султанхан, Байтимурлардын образдары ар кимисинин өзүнө ылайык мүнөздүк өзгөчөлүктөрү менен эсте калаарлык.

Белгилөөчү нерсе, романда аялдардын образы да көңүлдүн сыртында калбагандыгы Гүлнар, Мехримо, Феруза, Фатима ж.б. образы аркылуу феодализм мезгилиндеги эч нерсеге, жада калса, өз тагдырына ээ эмес укуксуз аялдардын оор тагдыры менен кошо баш көтөртпөгөн күнүмдүк көр тиричилиги көрсөтүлгөн. Гүлнар менен Фатиманын Гүлбүбдөн айырмачылыгы теңдик замандын өз элинде толук орношу үчүн күрөшкөн аялдардын типтүү өкүлдөрү экендиги. Өз эркиндиги үчүн Ядгар менен бир катарда басмачыларга каршы күрөшүп, раис катары эл алдында кадыр-баркка ээ каармандыгы.

Жыйынтыктай келгенде, "Дохунда" мүнөзү жагынан тарыхый-социалдык роман. Анткени андагы каармандарын көпчүлүгү ойдон чыгарылган болсо да, алар чыныгы тарыхый реалисттик турмуштун казанында кайнашат. Булардын арасында тарыхый адамдар да болгон менен чыгармадагы окуялардын бардыгы тарыхый чындыктан алынып көркөм жалпылаштырылгандыгы автордун ийгилиги катары каралууга тийиш. Муну 1934-жылдагы Бүткүл Союздук жазуучулардын I съездинде Горькийдин белгилегендиги да бекеринен эмес.

С.Айни 1920-жылдары өзбек, тажик адабиятында көрүнүктүү орунду ээлегендей эле 30-жылдары да проза жанрында олуттуу салым кошкондугун анын ушул жылдары жарыкка чыгарган жыйырмага жакын очерк, аңгеме, эки повесть жана бир романынын жарык көрүшүнөн көрөбүз.

Чындыгында С.Айни 30-жылдарда үзүрлүү эмгектенип "Кулдар" романын, (1934) "Эски мектеп", (1935) "Сүткордун өлүмү", (1937) "Жетим" (1940) повесттерин жазып жарыкка чыгарышы өзбек жана тажик прозасындагы чоң ийгиликтерден болду. Булардан тышкары "Жахон сулуусу", (1936) "Тарыхый майрам" очерктерин, (1939) "Адамдардын суу менен күрөшү" поэмасын, "Эстеликтер" аттуу ырлар топтомдорун жаратты. Айрыкча анын "Сүткордун өлүмү" повести жазуучунун көркөм өнөрканасынын байлыгынын айкын негизи болуп саналат. Повестте Бухара эмиратынын түзүлүшү, эксплуататордук таптын байлык топтошу жийиркеничтүүлүк менен баяндалат. Чыгармада Кары-Ишкамбанын образы аркылуу Бухарадагы өлүп бара жаткан зулумдардын эки жүздүү бетин ачып берүүгө жетишкен. Чындыгында Ишкамбанын образы сейрек кездешүүчү образдардан. Анткени, Улуу Октябрь революциясынын орношу Кары-Ишкамбага окшогон ачкөз сүткорлордун чүмбөттөлгөн жүзүн эл арасына ашкере кылды. Кары-Ишкамбанын элдин акысынан топтолгон казынадагы акчалары өкмөттүн карамагына өтүп кеткенде "мыңдай кордукка

чыдабаган" кары жүрөгү жарылып өлөт. Чыгармадагы бул көрүнүш эзүүчү таптын мындан ары жексен болушун айкындатып символдоштуруу. Ал карызга берген акчаларын өндүрүп алуунун жолдорун издеп, жылдык, айлык, жумалык деп бөлүштүрүп аларга процеnттер коет, жана алардын проценттерине жараша "бала", "небере", "чөбөрө" деген аттар коюп, өндүрүп алууда кедей-кембагалдардын канын сүлүктөй сорот. Повесттеги Кары-Ишкамбанын образы эволюциялык процессте сүрөттөлүп, жөнөкөй соодагерликтен сүткорлукка чейин өсүп жетилген образдардын катарына кирет. Аталган повесттин 1952-жылы жаңы варианты басылып чыгып окурмандарга тартууланат.

Жазуучунун 30-жылдардагы дагы бир ирдүү өзбек, (1934) тажик (1935) тилинде жазылган чыгармасы "Кулдар" романы. "Кулдар" романынын I бөлүгү 1927-жылы өзбек тилинде жарык көргөн "Кул чоң ата" повестине окшош болгон менен анын көчүрмөсү эмес. Болгону айрым образдары мүнөздүк жактан терендетилип X, XII, XVII главаларды кошуп идеялык көркөмдүк-эстетикалык жактан бийиктикке көтөрүп иштеп чыккан.

Романдагы окуялар Октябрь революциясына чейинки жана кийинки эки доорду, алардын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн, айрыкча жаңы коомдун артыкчылыктарын, мурунку заманда эч нерсеге ээ болбогон кулдар жаңы заманда өз Мекенине ээ болуп, маңдай терин төгүп, эл үчүн иштин майын чыгарып эмгектенип жаткандыгы ынанымдуу көркөм жалпыланган.

Роман беш бөлүктөн турат. I бөлүгүндө - Борбордук Азиянын Россиянын составына кошулушу; II бөлүгүндө - Россияда революциянын жакындашы, анын бышып жетилишиндеги кырдаалдын курчушу; III бөлүгүндө - Улуу Октябрь революциясынын жеңиши, Бухарада элдик революциянын күч ала баштышы, б.а. 1917-20-жылдар; IV-V бөлүктөрдө - кулактарды тап катарында жоюу, коллективдештирүү мезгилдери чыгарманын идеялык мазмунун түзөт.

Роман композициялык татаалдыгы, көп пландуулугу, жаңы заман жана аны орнотуудагы коммунисттердин образы кенен жана терең, эң жогорку көркөмдүктө сүрөттөлгөндүгү менен өзгөчөлөнүп турган чыгарма. Муну өзү да 1951-жылдагы "Новое время" журналынын №45- санына жарык көргөн "Бир элдин тагдыры" деген темадагы публицистикасында: "Мен өз элимдин тагдыры, мурунку муундардын турмушу жөнүндө роман жаздым, бирок моюнга алуу керек, өткөнгө анчалык таңсык бергеним жок. Менин далаалатымдын бардыгы келечек болду. Бул келечекке чакырыш үчүн өткөн турмуш жөнүндө жазылган китеп. Анткени тарых качан элдин келечек үчүн жүргүзгөн күрөшүндө анын колундагы куралына айланганда гана тарых боло алат" - деп романдын маани-мазмуну тууралуу эскерип өтөт. Чындыгында романдагы лейтмотив өткөн замандын кемчилигин баяндоо менен жаңы замандын артыкчылыгын көрсөтүп, анын өз жергесинде толук орношу үчүн болгон күрөшкө элди чакыруу болуп эсептелет.

С.Айнинин чыгармачылыгындагы эң жогорку өсүш "Эстеликтер" же "Эскерүүлөр" мемуарынын жарыкка келиши болуп саналат. Анын биринчи бөлүгүндө С.Айнинин балалык чактары, экинчи бөлүгү өспүрүм кези, үчүнчү бөлүгү (1893-96) жазуучулук чыгармачылыгындагы активдүү көрсөткүчтөрү көркөм сүрөттөлсө, төртүнчү бөлүгүндө XIX кылымдын акыры XX кылымдын башталышындагы Бухаранын тарыхый-социалдык абалы

сүрөттөлөт.

"Эскерүүлөрдүн" I, II бөлүгү 1950-жылы "Бухара" деген ат менен орус тилинде басылып чыккандан кийин, бул чыгармасы үчүн СССРдин мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болот. "Бухаранын" I бөлүгүндө автор өзүнүн балалык жана өспүрүм курагын баяндаса, II бөлүгүндө жазуучунун Бухарадагы күндөрү, орус тилин, маданиятын үйрөнүүгө болгон аракети, тажик элинин прогрессивдүү агартуучусу жана жазуучусу Ахмад Доништин чыгармачылык ишмердиги анын идеялык-мазмунун түзөт. "Эскерүүлөрдүн" III бөлүгү 1950-жылы, IV 1954-жылы тажик тилинде басмадан чыгат.

Ушул жылдары жетим тажик баланын советтик чек арачыга чейин өсүп жетилген оор тагдырын сүрөттөгөн "Жетим" повестин жазат. Повесттеги негизги кемчилик: катышуучу каармандардын көптүгү, окуянын өтө жыштыгынан башкы каарман Шодинин образы да жеткиликтүү иштелбей калгандыгы. Бирок канткен менен аталган повестте 20-жылдардагы Шодиге окшогон жетим балдардын типтүү образын түзүүгө жасаган аракети катары бааланууга тийиш.

С.Айни согуш мезгилинде (1940-45-жылдары) "Мукандын көтөрүлүшү", "Арабдардын VIII кылымдагы басып алуусуна каршы", "Тимур-Малик - тажик элинин баатыры", "XIII кылымдагы Чыңгыз хандын басып алуусу", "Ходжент шаары" аттуу тарыхый очерктерин, "Ким элге зыян келтирсе, аны жоготуу керек", «Коргоо фондусун колдоймун!» жана башка публистикаларын, "Жети көздүү желмогуз", "Рустамдын жеңиши", "XX кылымдын Чыңгыз ханы", "Куйруксуз эшек" сыяктуу сатиралык макалаларды жазат.

Ал эми окумуштуулук ишмердигине келгенде анын көрүнүктүү тарых жана адабият изилдөөчүсү экендигин далилдеген "Бухара революциясынын тарыхына карата материалдары" (1926) деген эмгегинин Москвадан жарык көрүшү жана улуу чыгыш классиктери Фирдоусинин, Рудаки, Саади, Бедил, Ахмад Дониш, А.Навоинин өмүрү чыгармачылыгына арналган адабий изилдөөлөрү мисал. Ал тажик илимдер академиясынын академиги, Өзбек ССР илимдер академиясынын академиги, филология илиминин академиги, доктору, эки жолу Ленин, эки жолу эмгек Кызыл Туу ордени менен медалдардын ээси, улуу чыгармачыл окумуштуу. С.Айни 1954-жылы 15-июлда Душанбе шаарында дүйнөдөн кайткан.

## Абдулла Кадирий (1894-1938)

Абдулла Кадирий (псевдоними - «Жулкунбай») жаңы өзбек маданиятынын тарыхында көп улуттуу адабиятка негиз салуучуларынын эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири катары орун алган.

Дүйнөгө болгон көз карашы жана эстетикалык табияты Октябрь революциясынан мурда калыптангандыгы менен өзгөчөлөнөт. Абдулла Кадирий совет мезгилинде оор чыгармачыл өнүгүү жолун басып өтүү менен советтик түзүлүштүн эң көрүнүктүү изденүүчү агитаторлорунан болгон. Айта кетүүчү нерсе, бүткүл совет мамлекетинин тарыхында көптөгөн сабаттуу адамдар, айрыкча, алардын ичинен мугалимдердин башынан өткөргөн жаңы өнүгүү жолу Абдулла Кадирий үчүн да мүнөздүү. Анткени, Октябрь

революциясынан кийинки «биринчи жылдарда мугалимдердин башы катып, ошонун ичинде А.Кадирий да совет мамлекети эмне экендигин түшүнбөй ага акылы жетпей ал өзүн советтик түзүлүш жолу менен баруу керекпи, же ага каршы күрөшүү керекпи аңдай албай калган процессти башынан өткөргөн. Бул албетте анын күнөөсү эмес, анын бактысыздыгы эле. Ошентсе да, ал, акырындык менен оор сыноолордон кийин көп кыйынчылыктар аркылуу өз ишин жумушчулардын иши менен байланыштырышы керек экендиги жөнүндөгү пикирге келген» - деп жазган эле Н.К.Крупская бул оор процесс жөнүндө.

Албетте, бул баян А.Кадирийдин революциянын алгачкы жылдарындагы басып өткөн жолунан далил эле. Ал жыйырманчы жылдардын аягында «дүйнөгө көз карашы жана адабий түшүнүгү Октябрь революциясынан мурда калыптанган» деген жалаа жабылып турган бир мезгилде чын дилинен мындай деп жазган: «Мен Түштүктүн боштондугу жана анын эзилген элинин бактысы ленинизм аркылуу гана ишке ашышына ишенген бир кишимин».[1]

А.Кадирий өзбек маданиятынын тарыхында жазуучу, журналист, котормочу катары сыйлуу орун алган. Ал «Өткөн күндәр», «Так алдындагы чаян» романдары менен өзбек адабиятында тарыхый жанрга негиз салгандардан. Жазуучунун «Обид кетмен» повести прозада совет бийлигин түптөөдө чоң ийгиликтерге жетишкен повесттердин бири болуп саналат. А.Кадирийдин адабият жанрына койгон алгачкы кадамы «жадидизм» деп аталган тарыхый маданий термин менен тыгыз байланыштуу.

Жадидизм Түркстанда XX кылымдын башында пайда болгон. Лениндин сөзү менен айтканда 1905-жылдагы революция Азияны ойготту. Бул ойгонуунун себептеринин бири чет өлкөлөрдө улуттук аң-сезимдин тез жана жаңыча өсүшү болуп, ал Россияга күтүлбөгөндөй чоң таасирин тийгизгендиктен, мамлекеттин бардык жерлеринде боштондук жана теңдикке умтулуу күчөгөн. Ошондуктан мектептерде жаңыча окутуу тартибин ишке ашыруу, аны ишке ашырууда Европадан үлгү алуу, дүйнөлүк илимдерди үйрөтүп жаңы усулга ылайыкташкан адабияттарды жаратуу улуттук жана жаңы реалисттик адабиятты өнүктүрүү жолунда алга карай умтулууга алып келген. Бирок бул иштердин башында жаңы пайда болгон буржуйлар, алардын өкүлдөрү турган болсо да, башка элдердин маданиятынан кабарсыз болгон Орто Азиянын шартында объективдүү көз караш менен караганда аз да болсо прогрессивдүү мүнөзгө ээ болуп калган эле.

Бул маданий кыймыл ошон үчүн «жадидизм» деп аталып калды («жадид» - араб сөзү, бизче –«жаңы» - деген маанини билдирет). Бул кыймыл мусулман кол башчылары Бухара эмири жана Хива хандыгынын катуу каршылыктарына дуушар болуп, бийликтеги феодалдык түзүлүш жадиддерди жок кылуу үчүн гана чектелбей аларды кыргын кылууга өткөн. (М: Садриддин Айни жадид болгондугу үчүн өлүм жазасына тартылды, жадиддердин улуусу окумуштуу жазуучу Бехбудий Бухара эмири тарабынан өлтүрүлдү). Эзилген элдин баш көтөрүшүн каалабаган бай-манаптар эл арасынан чыккан эл кызыкчылыгын ойлогондорго душмандык көз караш менен карап, кээде алардын арасынан өзүнө малай издеген деңгээлге

[1] «Узбек совет адабияти тарихи». Т. 1990. 156-бет

жетишкен эле. Ушундай оор шартта жадиддер элди жаңычылыкка чакыруучу чыгармалар жазып, жаңы мектептер ачып, өзбек тилинде газета журналдар чыгара башташат. Кийинчерээк совет адабиятына чоң салым кошкон Х.Хакимзаде Ниязий, Садриддин Айни, Абдулла Авлоний, Суфизода жана аларга окшош жазуучулар жадиддик агымда болушкан, алардын катарында Абдулла Кадирий да бар эле. Анын революциядан мурда жазылган «Абалыбыз», «Улутума ырларым», «Катынпоз» жана «Бактысыз күйөө» драмалары идеялык мазмуну жагынан Түркстан элдеринин маданий жана эстетикалык жактан артта калгандыгын ашкерелеген чыгармалардан болуп саналат. Аталган чыгармалардын ичинен «Улукта» аңгемеси (1918) чыныгы реализмдин негизинде жазылгандыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Жазуучу Улуу Октябрь Революциясынан кийин Ташкенттеги эски шаардык азык-түлүк комитетинин секретары, (1918) «Азык-түлүк иштери» газетасынын редактору (1919) ж.б кызматтарда иштейт.

Белгилей кетүүчү нерсе Өзбек жазуучуларынын дээрлик бардыгы өз чыгармачылыгын жергиликтүү кеңештен баштагандыктан, жергиликтүү кеңеш жаңы өзбек совет адабиятынын бешигинин ролун аткарган.

А.Кадирийдин бул кеңешмеде иштеши анын жазуучу болуп жетилишинде белгилүү ролду ойногондуктан, жазуучу улуттук кеңешменин пайда болушун Октябрдын баа жеткис белектеринин бири деп эсептейт. А.Кадирий «Муштумда» иштеп жүргөндө «Кеңешме күнү» деген темада макала жарыялаган. Бул жөнүндө өзү: «Жумушчулар басмасы бай-манап, капиталисттердин куйругу болгон тескери кеңешмеге каршы өзүнүн чын дили жана ак эмгеги менен иштей баштаганына он эки жыл араң болсо да жылына майрамдалып келинет. Басылмалардын бабасы «Правда» биз дүйнөгө келе элек бир мезгилде кансыраган карышкырлар арасында жалгыз эле. Себеби ал өзүнүн жасаган эмгеги ким жана эмнелер үчүн болуп жаткандыгын, бул жолдо төгүлгөн кандар, оор жоготуулар чындыгында орундуу экендигин аңдап түшүнгөн эле. Мына ошол үчүн да «үйүр карышкырлар» ичинде «жалгыз арстан» болуучу. Ушул жети жылдан бери бул «чындык арстаны» чыныгы маани-маңызы менен жашап келүүдө жана жашаган сайын анын балдары б.а. чындык жолундагы жан күйөөрлөр көбөйүп өсүп-өнүгүп барат. Анын бардык эмгеги жумушчулардын бактысы болгондуктан журналыбыз дагы ушул чындык отунун учкуну менен жашайт. «Жашасын жумушчулар укугун коргоочу эркин совет кеңешмеси!» - деп ал кеңешмеде иштөөнү, жумушчу элге кызмат кылууну эң биринчи парзым деп эсептеген.

Убактылуу кеңешмеде А.Кадирий көркөм проза жанрында да эмгектенип чоң ийгиликтерге жетишкен. Ал көбүнчө сатира, проза жанрынын үстүндө иштөө менен жетик юморист жана сатирик катары элге таанымал болгон.

20-жылдарда жаңы өзбек адабиятында сатира жана юмор тез өнүккөн. Мунун белгилүү себептери бар эле. Алардын бири революциядан мурдагы өзбек адабиятынан курч сатиранын үлгүлөрүнүн мурас болуп калышы Навоиден баштап Мукимийге чейинки узак тарыхый доордун ичиндеги өзбек сатиралык поэзиясынын тарыхы буга анык факт болуп саналат. Садириддин Айни, Хамза Хакимзаде Ниязий, Завкий, Суфизода ж.б. улуу жазуучулар жаңы өзбек адабиятына өткөндүн бай сатиралык мурастары менен куралданган абалда келишип, жаңы доорго ал адабий мурастарды кеңири

пайдаланышкан.

20-жылдардагы өзбек адабиятында сатира жанрынын өнүгүүсүнө жалаң гана жогорудагылар далил болбостон, революциянын жеңишин даңазалоодо Октябрдан мурда чоң тажрыйба топтогон орус адабиятында да 20-жылдарда сатира жанры кайрадан өнүгө баштагандыгына мисал катары Д.Бедниййдин сатираларын алсак болот. Сатиранын мындай деңгээлде көтөрүлүшүнө жаңы түзүлүштүн талаптарынын мааниси чоң эле. Кул ээлөчүлүк жок болуп, феодализм доору аяктаган болсо да жаңыча жашоонун бардык түрүндө айрыкча адамдардын аң сезиминде өткөндүн калдыктары дагы да болсо жоюла элек болуучу. Эксплуатациялоо аяктабаганын, анын калдыгы болгон диндин адамдар жашоосунда салмактуу орду бар экендигин алсак, жашоодогу начар көрүнүштөргө каршы сатира жана юмор аркылуу күрөшүү ошол мезгилде канчалык мааниге ээ экендиги дагы да маалым болот.

Эскинин калдыктарына каршы күрөшүү маселеси Түркстан жашоосунда орчундуу маселе болуучу, себеби дагы да жарым феодал жана капитализм калдыктары сакталган бул жерде жалаң капитализм калдыктары эмес феодализм калдыктарына каршы күрөшүү үчүн да чоң күч жумшоо талап кылынган. Ушундай шартта А.Кадирийй сыяктуу чебер жазуучунун сатира жана юморго б.а. ошол мезгилде кеңири колдонулган термин менен айтканда «кызыкчылыкка» айрыкча көңүл бөлгөндүгү өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

А.Кадирийдин «Калвак Махзумдун күндөлүк дептеринен», «Ташполот тажаал эмне дейт?» аттуу аңгемелери жазуучунуң көркөм сатиралык чыгармаларынын эң көрүнүктүүлөрүнөн болуп эсептелинет. Алардын катарына «Шарван эже эмне дейт?» циклин да кошууга болот. Жогорудагы үч жанр кээ бир жактары менен бири-биринен кескин айырмаланса да, алардын арасындагы мазмундук жалпылык билинип турат. Бул чыгармалар жазуучунун калемине ылайык жаңычылдыкты чагылдырып, жазуучунун коомдун түрдүү көрүнүштөрүнө ылайыктуу образдарды жаратууга умтулушу адам таанытуучу көркөм адабият үчүн чоң мааниге ээ. Ал адамдар арасынан Калвак Махзумду, аял-кыздардын арасынан Шарванды, жигиттердин арасынан Ташполот тажаалды алат. Бул үч жанрдын жалпылыгы - жазуучу үчөөндө тең жаңы доордогу айрым терс көрүнүштөрдү эскинин калдыктары менен жашап жаткан персонаждар аркылуу ачып берет. А.Кадирийдин биринчи романы «Өткөн күндөрдөн» алгачкы үзүндүлөр 1922-жылы «Төңкөрүш» топтомуна жарыяланган. Үч бөлүктөн турган бул роман 1925-1926-жылдарда басылып чыккан.

«Өткөн күндөр» романында жазуучу өткөнгө кайрылып, өзбек элинин 19-кылымдардын ортосундагы жашоосун чагылдырат. Жазуучунун мындай темага кайрылышы өз мезгилинде өзбек адабиятынын алдында турган зарыл маселелерден алыс кетүү эмес, тескерисинче замандын актуалдуу маселелерине жооп эле. Анткени өзбек адабияты революциядан мурдагы жашоону чагылдырууга чакыруу менен анда өкүм сүргөн эксплуатация жана зомбулукту ашкерелеп социалисттик революциянын терең инсандык жана адилеттүүлүк мүнөзүн ачып берүүгө, социалисттик түзүлүштү бекемдөөгө кызмат кылган. Ошон үчүн да бул доордогу адабиятта Хамза жана Айни өңдүү көзгө көрүнөөрлүк жазуучулардын чыгармачылыгында тарыхый жанрдын орун алышы таң калыштуу көрүнүш эмес болуучу.

А.Кадирий өз чыгармасында чагылдырылган бул доорду

тарыхыбыздын булганыч, «кара» күндөрү, эски «хан замандары» деп мүнөздөмө берет. Бул өзгөчөлүк романда XIX кылымдагы феодализмдин образын толук кандуу чагылдыруу менен берилет.

Романдын идеясы - феодализм доорундагы айрым болбогон талаптарды жана анын бир жагы болгон адилетсиздикти, карамүртөздүктү бардык главаларда ар тараптан ачып берүүгө далалат кылат. Башка главалардагы окуялардан айырмаланып, романдын 7-главасында Атабек Маргалан соодагерлери менен жолугушуп, үй-бүлө жөнүндө аңгемелешүүсүнөн жана Атабектин өз мезгилинин айрым терс көрүнүштөрүнө каршы тургандыгынын күбөсү болобуз. Атабек өзбек элинин жашоосуна сиңип кеткен «адатка» каршы чыгат. Анын ою боюнча үй-бүлө курууда аял менен эркектин сүйүүсүнө жана бири-бирине болгон урматына таянышы керек. Бул иште тактап айтканда үй-бүлө курууда «ата-эненин каалоосу» деген үрп-адатка (ата-эненин каалоосу менен гана үй-бүлө курууга) тыюу салыныш керек жана ар бир эркек өз аялын кемсинтпестен адам, дос жана өзүнө тең аял катары билүүсү зарыл ошондо гана адам бактылуу боло алат. Бул жерде жазуучу адамдын бактылуу болушундагы шарттардын бири үй-бүлө маселесин ортого салган. Бирок адамдын бактылуу болушу коомдун бир бөлүгү болгон үй-бүлө шарты менен гана чектелбестен, бүткүл коомдун жашоо шарты менен тыгыз байланышта. Себеби мамлекетте адилеттүүлүк орнотулбаган болсо, үй-бүлөдө тынчтык, бакыттын болушу кыйын. Мамлекеттеги саясий тартиптин начар көрүнүштөрү романдын 2-главасында көзгө урунат.

Маргалан байларынын биринин үйүндө болгон зыяпатта Атабек мамлекеттик тартиптен эски зомбулуктун жогорулугуна өкүнөт. «Менимче орустардын бизден жогорулугу алардын бирдиктүүлүгүнөн болсо керек, - деди Атабек, биздин күндөн-күнгө артка кетишибизге арабыздагы карама-каршылык себеп болууда деп ойлоймун, башкача айтканда Зия аганын пикири туура, арабызда бул коркунучтуу абалга туура түшүнгөн адамдар жок, тескерисинче бузукулар тамыр жайып ар дайым карапайым элди кокустук чуңкуруна жетелешүүдө» - деп өз оюн ортого салат.

Ошондон улам Атабек мамлекеттеги башкаруу усулдарын өзгөртүү, башка тартипти орнотуу жөнүндө ойлогон жана «бул жолдо Россиядан үлгү алыш керек» деген бүтүмгө башта эле келген. Бирок Атабектин үй-бүлө жөнүндөгү ой-пикирлерине каршылыктар болгондой эле адилетсиздикти, өз ара карама-каршылыктарды жоюу жана Россиядагыдай прогрессивдүү өзгөрүштү орнотуу жөнүндөгү ой-максаттары мамлекетте өкүм сүргөн феодалдык анархия, наадандык жана зомбулуктун каршылыгына дуушар болгондугуна байланыштуу романдын 2-главасынан төмөнкү саптарды окууга болот: «Орус шаарларына барып соода кылуучулар Түркстанда аз эле, чет элди көргөн Атабек көптөгөн жыйындарды уюштурду. Орустар жөнүндө болор-болбос кабарларды угуп жүргөн Кутудар менен Зия аттуу эл мүдөөсүн көздөгөн кишилер Атабектен орустар жөнүндөгү чыныгы кабарды билгилери келип, андан Шамайда эмнелерди көргөндүгүн сурашканда, Атабек Шамайдагы көргөн-билгендерин, орустардын саясий экономикалык жана айыл чарба иштериндеги өзгөрүүлөрүн угуучуларга бир баштан айтып берет.

Шамайга барбастан мурда өз бийлигибизди көрүп «башкалар да ушундай болсо керек» деп ойлойт элем, - деди Атабек бирок Шамай менин ал оюмду түп-тамырынан бери өзгөртүп, өзүмдү да бүт башка адам кылып

жаратты. Мен орустардын башкаруу иштерин көрүп, өзүбүздүн башкаруу ишибиз жоктугуна ишенүүгө мажбур болдум.

Биздин башкаруубуз ушундай баш аламандык менен кетсе, кандай абалда калышыбызга башым жетпей калды». Буга караганда бир жагынан, Атабек жана ал өңдүү кишилердин өз элинин жаркын келечеги үчүн белгилүү деңгээлде прогрессивдүү умтулуулары, алардын жашоосу жана жекече идеалы, экинчи жагынан 19-кылымдагы тарыхый көрүнүштөрдүн арасындагы карама-каршылык, мамлекеттин алдыңкы жана реакциячыл күчтөрү арасындагы күрөш «Өткөн күндөр» романынын негизги мазмунун түзөт.

Мындай карама-каршылык жана күрөштүн курчтугунун, айрым көрүнүштөрүн көрсөтүү менен жазуучу 19-кылымдагы өзбек элинин жашоосунда өкүм сүргөн жергиликтүү бийлик жана элдин үрп-адатын, адилетсиздигин, бай-бийлердин карамүртөз мүнөздө экендигин ачып берет.

Алдыңкы идеялар тарапта болгондор (Атабек, Юсупбек ажы жана алардын пикирлештери) хан жана бектер тарабынан катуу кысымга алынып, көптөгөн азаптарды башынан кечиришет, өз каалоолоруна жетише албай кара күчтөргө баш ийүүгө мажбур болушат. Атабек жана анын сүйгөнү Күмүштүн махабатка толгон ширин жашоосунун бузулушуна да ошо мезгилдин аң сезими төмөн кишилеринин иштеринин бир «үлгүсү» түрткү болот.

Реалисттик чыгарманын жогорулугу анда сүрөттөлүп жаткан доордун жашоосундагы түптүү чоң окуялардын прогрессивдүү мүнөздө сүрөттөлүшү менен бааланат. «Өткөн күндөр» романындагы окуялар да кудум ошондой мүнөздө сүрөттөлгөндүгүнүн күбөсү болобуз. Бул сүрөттөлүштүн канчалык деңгээлде толук жана ар тараптуулугу жөнүндө кийинчерээк да сөз кылууга туура келет.

Феодалдык бийликтин бардык баскычтарында өз кызыкчылыгын ойлогон, кем акыл бектердин отургандыгы, алардын өз ара орунсуз согушкандары - ушул согушууларда карапайым элден пайдаланышы, артыкча зомбулук жана элдин наразылыгы, бул наразылыктын барган сайын кулач жайышы XX кылымдын ортосундагы өзбек элинин жашоосундагы типтүү көрүнүштөрдөн болгондугу романдын жалпы мазмунунда ошону менен бирге айрым бир главаларда чагылдырылат. Романдагы башкы каармандын образынын аянычтуу болушуна себеп «үрп-адаттын» өкүм сүрүшү жана XIX кылымдагы (андан кийин да) Түркстан элдеринин жашоосундагы начар көрүнүштөр экендиги. Андан тышкары романдан ошол мезгилдеги феодалдык бийликке каршы алдыңкы идеяларды жактаган айрым күчтөрдү да көрөбүз. Жазуучунун сүрөттөөсү боюнча жогоруда айтылган күчтөр ошол мезгилдеги өзүнө «ток» адамдар болуп, Россия өңдүү алдыңкы мамлекеттердин маданияты менен таанышууга мүмкүнчүлүгү бар соодагердин тобунан чыккандар эсептелген. Мындай прогрессивдүү күчтөрдүн, бир жагынан феодалдык түзүлүштөрдүн тартипсиздиги жана артыкча зомбулук, экинчи жагынан Россиянын таасири астында тарыхый күрөшкө чыгышы да, XIX кылымга мүнөздүү көрүнүш болгон.

Россиянын XIX кылымдагы чыгыш элдерине карата болгон ролун Ф.Энгельс 1851-жылы төмөндөгүдөй сүрөттөйт: «Россия чыгыш эли үчүн чындыгында да прогрессивдүү роль ойноп жатат. Россиянын башкаруусу Кара деңиз жана Каспий деңизинин айланасындагы мамлекеттер жана Орто

Азия, Татар башкырлардын маданиятын өнүктүрүү үчүн чоң роль ойноду»[1] Россиянын бул касиеттүү таасири кийинчерээк Орто Азия элдеринин тарыхында саясий демократтык агымдын пайда болушуна түрткү болгондугун (бул жерде Ахмад Дониш, Фурхат жана Мукимий өңдүү жазуучулардын чыгармаларынан да билүүгө болот) билебиз.

Кыскасы биз «Өткөн күндөр» романында 19-кылымдын окуяларын бир канча образдуу, көркөм сүрөттөөдө жана жазуучу бул окуяларга баа берүүдө жаңы доордун алга умтулуусуна таянууга аракет кылгандыгын, айрыкча феодалдык бийликтин зомбулугунан, адилетсиздигинен, өз ара согушуулардан жана чириген үрп-адаттарды четке кагуусунан көрүүгө болот. Жазуучу чыгармадагы бүткүл образдар системасы жана өзүнүн окурманга кайрылууларында сүрөттөлүп жаткан доордун пассивдүү көрүнүштөрүнө каршы болуп калбастан прогрессивдүү окуяларга туура мамиледе экендигин ачыктан-ачык билдирип турат.

Жогоруда айтканыбыздай А.Кадирийдин тарыхый темага кайрылышы ошол мезгилде совет адабиятынын алдында турган актуалдуу маселелерден алыс кетүү эмес, тескерисинче жазуучунун замандын алдында турган кемчиликтерине, проблемаларына жооп берүүгө умтулуусунун натыйжасы деп кароого болот.

Айта кетүүчү нерсе, бул умтулуу жалаң гана феодалдык түзүлүштүн жаман жактарын ачып берүү жана «адаттын» өткөндөгү жана учурдагы зыяндарына коомчулуктун көңүлүн буруу менен гана чектелбегендиги. «Өткөн күндөрдүн» дагы бир канча маселелери да бар, бирок аны түшүнүүдөн мурда адабиятта тарыхый жанрдын айрым бир мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, ички түзүлүшүн эске алуу керек. Көркөм адабиятта тарыхый жанрдагы чыгармалардын заман баптуулугун, актуалдуулугун көрүүгө боло турган нерсе, тарыхый окуялар жана адамдар жөнүндө көркөм чыгарма жаратууну чечкен автор өтмүштөн - тема, жашоодон - материал издегенде, өзү жашаган заман үчүн зарыл маселелерге көңүл бурат, алардан тарыхый жашоону алып чагылдыруу аркылуу сүрөттөөгө умтулат. Башкача айтканда тарыхый "жемиш" жазуучу үчүн азыркы доордун зарыл проблемаларына, бүгүнкү күндүн адамдары үчүн зарыл болгон айрым бир маселелерине окурмандардын көңүлүн буруу үчүн информациялык материалдын ролун ойнойт. Башкача болушу да мүмкүн эмес, тактап айтканда көркөм чыгарма өткөн турмуш жөнүндөгү жөнөкөй маалыматтардын жыйындысы болуп калат. Жаңы түзүлүш адабиятында тарыхый жанрдын эң чоң үлгүсү болуп эсептелген чыгармалардын кээ бирлерин эске алалы, журтубузда Октябрь революциясынан кийин жашоонун бардык түрлөрүн түптөн өзгөртүү, экономикалык жана элдик жашоону жаңы, мурда болуп көрбөгөн даражага көтөрүү, элдин психологиясын жаңылаш туурасында чоң иш башталган мезгилде, Алексей Толстой Россиянын тарыхында кээ бир жактарынан биздин доорубуздагы окуяларга окшоп кеткен окуяларды, Петр I доорун сүрөттөөгө калем урат жана жашоону кайра куруу жолундагы иштердин прогрессивдүүлүгүн, татаалдыгын далилдейт. Мамлекетибизге фашизм басып кирүүгө катуу даярдык көрүп турган 30-жылдардын аягында В.Ян «Чыңгызхан», С.Бородин «Дмитрий Донской» чыгармаларын жазып, Россияда монгол баскынчыларынын өкүмдарлыгы мезгилиндеги зомбулуктун

[1] К.Маркс, Ф.Энгельс П.С.С. 21 том, 24-бет

коркунучун, боштондук үчүн күрөштүн акыйкаттуулугун сүрөттөп берет. Революциянын жеңиши үчүн ырайымсыз күрөш жүрүп турган мезгилде, Хамза «Бай жана батрак» трагедиясын жазат жана өз чыгармасынын бүт пафосу менен өткөн турмушка кайрылбоого чакырат. 20-жылдарда Өзбекстанда жаңы заман сотторунун ачылыш мезгилинде Хамза «Бүгүнкү шайлоолор» драмасын жазат, аял-кыздарды чыныгы боштондукка чыгаруу үчүн паранжыга (бет жапкычка) каршы күрөш кызып турган мезгилде, анын өткөнкүсүн ачык сынга алган «Паранжи сырлары» драмасы пайда болот. Фашизмдин жактоочулары советтик чыгыш элдеринин мурда чоң маданиятка бай экендигин тана албай, «Уралдан нары да жалаң жапайы элдер жашайт», деп адаштырып бул элдер баскынчыларга каршылык көрсөтө албайт» - деп жар салып турган мезгилде Айбек «Навои» романын жазуу менен чыгыш элдеринин ураанын берет.

Кыскасын айтканда көркөм адабияттагы тарыхый жанрда жазылган ар бир чыгарма өтө татаал жана чоң мааниге ээ. Тарыхый чыгарманын мындай мүнөзүн түшүнүү жана кадырлоо үчүн анын идеясын жана чыгарма жазылган доордогу проблемалар менен салыштыруу абзел.

«Өткөн күндөрдүн» жазылган доор менен байланышынын кээ бир жактарын түшүнүү үчүн 20-жылдардагы мамлекетибиздин ички жашоосунда өкүм сүргөн кээ бир негативдүү - начар көрүнүштөрдү да эсепке алуу керек. (Бул начар көрүнүштөрдүн коркунучтуу жактары кийинчерээк - КПСС тин XX съездинен кийин айрыкча 1985-жылдан кийин кайра куруу доорунда мурдагыдан да айкын көрүнө баштады) 20-жылдардын образдуу көрүнүштөрүнүн бири, ушул мезгилге келип, жашоонун ленинче, демократтык нормаларын четке каккан, сталинче жаңы бюрократия системасы мурда эле калыптангандыгы.

Бул коркунучтуу система тамыр жайган сайын жашоонун түрдүү тармактарында адамдарды, социалдык группаларды бири-бирине каршы коюп, алар арасында жасалма мамиле жаратып, жеке өкүмдарлык кылуу тенденциясын күч алдырды. Москвада РАПП (Россия пролетардык жазуучулар ассоциациясы) башка чыгармачыл группаларга, алардын ичинен В.Маяковскийге каршы коюлгандай, Ташкентте да УзАПП (Өзбекстан пролетардык жазуучулар уюшмасына) Чолпон, Фитрат, Элбек, Айбек ж.б. таланттуу жазуучуларга жашыруун жол менен каршылык кылынган эле. В.И.Ленин ооруп калгандыгына байланыштуу мамлекет башчылыгынан алыстоого аргасыз болгондон кийин 20-жылдардын башында эле башталган бул жалган үгүттөөчүлүктүн уландысы жөнүндө А.Кадирий өзүнүн 1926-жылдарда жазылган «Автобиографиясында» айкын ой жүгүртүп, мындай абал мамлекет үчүн да мүнөздүү экендигин айтып өтүүгө аргасыз болгон: «Үч айдан бери кеңешме журналдарында мага карата айтылган орунсуз үгүттөөлөр, жок жерден болгон каршылыктар, орунсуз күрөштөр жана жалган жалаалар негизсиз үгүттөөлөрдүн натыйжасында болгон. Жыйынтыгында үгүттөө мамлекеттин түсү менен боелду» деп билдирет. Жазуучуга каршы мурда эле башталган жана 1926-жылы айрыкча күч алган жалган үгүттөөлөрдүн алдында А.Кадирий өзүн тетик тутуп, бекем коргоп мындай деген: «Мен чыгыштын эркиндиги жана анын эзилген элинин бактысы жалгыз Ленинизм жолунда иш жүзүнө ашышына ишенген бир кишимин. Бул сөздү корконумдан эмес, тескерисинче жүрөгүмөн, чын

дилимен чыгарып сүйлөп жатамын, бирок бул эркиндиктин чыныгы күрөшүүчүлөрү, жалганчы коркоктор, өзүнүн жалган үгүттөөсү аркылуу бийликке жетишкен майда кишилер боло албайт: тескерисинче жол башчыбыз Лениндин улуу, таза, кыйырсыз туура жолуна, калыс ниетте бел байлаган баатырлар гана боло алат. Мени ким эмне десе дей берсин, бирок мен, Маркс менен Лениндин жолундагы шакиртимин, себеби мен Лениниден күч алып, Маркстан жол алдым»![1]

Мамлекетте өкүм сүргөн ушул абалды жана А.Кадирийдин жашоосунун фактылары эсепке алынса, «Өткөн күндөр» романындагы саясий-идеялык мазмун дагы да болсо 20-жылдардын саясий элдик проблемалары менен байланышы бар экендиги байкалат. А.Кадирий «Өткөн күндөрдө» элди экиге (XIX кылым шартында «кара чапан» жана кыпчактарга) бөлүп, алардын арасында карама-каршылык салуу аркылуу «бакыт таап, бийлик жүргүз» деген ураан аркылуу иш алып баруучу саясатчылардын үгүтөөлөрү эл үчүн эң зыян келтирээрине чоң маани берген. Ушул жасалма үгүттөөгө, айрыкча карапайым элдин, Азизбек өңдүү жалганчы саясатчылардын көз боемочулуктарын байкабай алардын сөзүнө ишенип, жакшылыктын жышааны эмес экендигине жазуучу бекеринен токтолгон эмес: «Мына уулум, биздин элдин абалына ыйлашты да, үстүнөн күлүштү да билбейсиң», дейт доордун ойчул адамы Жусупбек ажы. Экинчиден, романда жалганчы, сараң Хамиттин Атабекке каршы иш аракеттеринин кенен орун алганы да бекеринен эмес. Бул, 20-жылдарда сталиндик бюрократия тарабынан күч алган доомаатчылдык жана чагымчылдыктын жаңырыгы, элдин сыны, бул кырсыктуу системага каршы көтөрүлүш болучу.

«Өткөн күндөр» А.Кадирийди романист катары элге тааныттты, аны Орто Азиянын, кала берсе кайра куруу заманына чейинки Советтер Союзунун көзгө көрүнгөн жазуучуларынын катарына кошуп, жазуучунун айланасында кийинки мезгилдерде көркөм адабияттарда реалдуу көз караштар пайда боло баштады.

А.Кадирийдин эч бир чыгармасы окурмандарын «Өткөн күндөрүнчө» өзүнө тарта алган эмес. Анткени, ар тараптуу «Өткөн күндөрдөн» татаал болгон «Так алдындагы чаян» романы да бул романчалык дискуссияга (жакшы маанидеги) кабылбаган. «Өткөн күндөр» Өзбек адабияты, маданиятынын, тарыхында туңгуч новаторлук чыныгы жаңылык, чыныгы «жаңы сөз». А.Кадирий өзүнүн бул чыгармасы менен реализм жолунда «ашуу ашып» жана анын чыгармачылыгында мындан кийинки болгон бардык өзгөрүүлөр реализм методун жүзөгө ашырууда жетишкен ошол ийгиликтин үлгүсү болуп саналат. «Өткөн күндөрдүн» новаторлук касиети, аны Өзбек адабиятындагы тарыхый жанрга негиз салуучу кылды.

Маалым болгондой дүйнөлүк адабияттын тарыхында реализм методунун калыптанышы жана такталышы анда роман жанрынын пайда болушу жана өнүгүшү менен түздөн-түз байланыштуу, анткени жазуучунун бул романы - реализмдин тунгуч перзенти, жана жеңиш туусу. Адабиятта реализм жашоону өзүнө тартуудан, жашоо жөнүндө жазуучунун ой-тилектерин эле эмес, балким жашоонун өзүн сүрөттөөдөн башталат. Реализмдин классикалык аныктамаларынын бирин орус назариячысы

[1] А.Кадирий. Чыгармалар топтому. Т. 1969-ж.

Белинский: «Поэзия - жалаң китептерде гана болбойт. Поэзия жашоонун деминде болот. Ал жашоодогу көрүнүштөрдү чыгармачылык эргүү менен көркөмдөп чагылдырып берүү болуп саналат»[2] деп белгилесе, Максим Горький адамдарды жана алардын жашоо шарттарын боексуз, чыныгы сүрөттөөнү реализм деп атаган. Жогорудагы эки аныктамага биз кийинчерээк дагы токтолобуз. Азырынча бул эки аныктамадан да зарыл бир касиет реалисттик адабияттан, Белинскийдин сөзү менен айтканда поэзиядан жашоонун сүрөттөлүшүн талап кылууну белгилөөчү нерсеси «эмне?»[1] экендигине көңүл бурмакчыбыз. Ф.Энгельстин реализмге берген аныктамасынан да, реализмдин биринчи белгиси жашоого кайрылуу экендиги көрүнөт.

В.Г.Белинский орус адабиятынын тарыхында реализмдин жеңишин «искусствонун ар түрдүү идеяларынан баш тартып, жаңыча түшүнүккө кайрылуу аркылуу гана жүзөгө ашышы мүмкүн. Ал үчүн бардык ойду көпчүлүккө каратуу, буруу, жалпы көрүнүштөрдөн арылбаган жана адат болгон мурдагы эле нерселерди сүрөттөбөстөн, жөнөкөй адамдарды көрсөтүү керек»[2] деп айткан.

Кыскасын айтканда жашоо, жаңылык, «Жөнөкөй адамдардын» турмушун сүрөттөөгө кайрылуу реализмдин эң негизги касиеттеринин бири болуп саналат. Ар дайым жашоону ал же бул жол менен, бул же тигил даражада чагылдыруучу көркөм адабиятта реализм жеңишке жетишсе, адабияттын жашоо менен байланышы болуп көрбөгөндөй даражада бекемделет жана жашоо адабияттын бирден бир предмети, сүрөттөө объектиси болуп калат.

Октябрь революциясынан кийин Өзбек адабиятынын коомдук турмушту сүрөттөөсүндө, реализм жолунда өнүгүшүндө мурда болуп көрбөгөндөй даражада объективдүү шарт түзүлдү. Өзбек элинин маданияты жогорку баскычка көтөрүлүп, алардын дүйнө карашындагы чыныгы илимий көрүнүштөр барган сайын эскинин калдыктарын сыгып чыгарып, саясий маселелерге кароодо марксизм-ленинизм көрсөткүчтөрү бекемирээк орун алып, бул адабиятты ар тараптуу жаңыча түшүнүүгө негизги жол болду. Идеялык жактан да, түзүлүшү жагынан да эски классикалык адабияттардын калдыктарынын таасири астында болгон Өзбек адабиятында Хамза Хакимзааде, Айни кийинчерээк Айбек, Гафур Гулам ж.б. тарабынан толугу менен новаторлук мүнөздөгү жаңы чыгармалардын пайда болушу Октябрдын таасири астында жаралган ошол обьективдүү шарттын натыйжасы эле. А.Кадирий да ушул объективдүү шартта өзүнө ылайык жол менен барып, өзүнүн дүйнөгө көз карашы жана чыгармачылыгындагы кемчиликтерди жеңүүгө, жоготууга аракет кылып, өз чыгармачылыгын жашоонун талаптарына моюн сундура алды.

«Өткөн күндөрдүн» автору өз романын жаңы адабиятыбыздын алдында турган проблемаларга түздөн-түз байланыштуу деп эсептейт. А.Кадирий жалпы адабияттын чыгармачылык ролун абдан жакшы түшүнөт жана жазуучулардан өз чыгармачылыгын жаңы жашоону куруу куралына айландырууга чакырат. Ал өз макалаларынын биринде мындай дейт: «Сөз –

[2] В.Г.Белинский Полное собр. Соч. в 12 и томах. Т. 8.1907.Стр.234
[1] В.Г.Белинский Собр.Соч. В трех томах, ОГИЗ-ГИХЛ.1948 Стр.781
[2] Ошол эле китептин 813-бети

«калып», ой анын ичине куюлган «кыш» болуп, көпчүлүк арасынан бышып чыккан жаңы жашоонун сарайына негиз болсун»[3].

А.Кадирийдин роман жанрына «кол урушу» өзбек эли жана анын адабиятынын өнүгүшүнүн жашоо маселелери менен байланыштуу же тарыхый романга В.Г.Белинский төмөнкүчө аныктама бергендей: «Тарых бизге окуяларды ички жагынан көрсөтөт, ар жакта болуп жаткан окуялардын үстүндөгү көшөгөнү көтөрүп таштай албайт, ошондуктан бул окуялар артында бизге көрсөтүлүп жаткан окуялар да, алардын күнүмдүк турмушта кандай көрүнүшкө ээ экендиги жашырынып калат. Роман тарыхый окуяларды айтып берүүдөн баш тартат жана ал окуяларды романдын мазмунун түзүүчү жеке окуя аркылуу тилге алат, бирок ушул жеке окуя аркылуу бизге тарыхый фактылардын ички жагын алардын ички мазмунун ачып берет. Мамлекеттин жана чыгарманын колорити, алардын үрп-адаттары жана тарбиялары тарыхый романдын ар бир түзүлүшүндө даана байкалат. Ошондуктан да тарыхый роман, тарых предмети катары искусство менен биримдикте, тарыхтын уландысы б.а. анын бир жагы. Романдын проблемасы коомдук жашоонун түрдүү көрүнүштөрүн, поэтикасын ачып берүү болуп саналат. А.Кадирий да «Өткөн күндөр» романында өз алдына ушундай проблемаларды коет жана ал проблемаларды көркөм чечмелейт.

Реализм жашоого кайрылууну гана эмес, бул жашоону чыныгы жана типтүү сүрөттөөнү талап кылат. Бул - реализмдин эң негизги талабы болуп саналат. Ф.Энгельстин классикалык аныктамасында реализмдин кудум ошондой талабына басым жасалат: «Менимче реализм - деталдардын чыныгы экендигинен тышкары типтүү мүнөздөрдү, типтүү шартта чыныгы сүрөттөп берүүнү көзгө тутат.[1] Белинскийдин башка аныктамасы боюнча реализм «Окуяны анын бүт касиети аркылуу сүрөттөп берүүдөн турат».[2]

Адабияттагы ар кандай методдун (жашоого жакындатуу жана аны сүрөттөө усулу) жогорулугу, баалуулугу анын жашоодогу объективдүү көрүнүштөрдү канчалык деңгээлде чыныгы сүрөттөп берүүсүнө карай белгиленет. «Өткөн күндөрдө» автор феодализм доорунун «типтүү шартын» жана «типтүү мүнөздөрүн» чыныгы сүрөттөп берүүгө аракет кылган феодалдык түзүлүштүн адилетсиздиги, хан жана бектердин жеке бийликчилдиги, өз кызыкчылыгын ойлогондугу жана өз ара карама-каршылыктары, элдин оор абалы, өз заманынын прогрессивдүү бийиктиги менен майданга чыккан кишилердин (Атабек жана аны жактоочулардын) оор жашоосу, үрп-адаттын өкүм сүрүүсү жана анын айрым начар, негизсиз себептери - булардын баары XIX кылымда Өзбек элинин жашоосунда чындыгында эле болгон окуялар жана аларды А.Кадирий ар тараптуу, туура чыныгы сүрөттөп берет. Турмуш чындыгына карап «алга жылууну» өзүнө шарт кылып алган жазуучу чыныгы сүрөттөө жолунда өсөт. Бирок чыгармада феодалдык түзүлүштүн адилетсиздигин орду менен ачып бере албоо, аны түшүнүү жана «жаман» окуяларды жакшысы менен алмаштыруу аркылуу феодалдык түзүлүштүн карама-каршылыктарын жоюу мүмкүндүгүнө ишенүү өңдүү кемчиликтер учурайт, бул А.Кадирийдин чыгармачылыгында реалисттик метод толук жетилбегендигине далил болот.

---

[3] Өзбек адабиятынын тарыхы. Т. 1990. 165-бет
[1] К.Маркс, Ф.Энгельс. Искусство жөнүндө. Т.1, М.1957. 10-бет
[2] Белинскийдин аталган китебинин 40-бети

Феодалдык түзүлүштүн элдин башына оор күндөрдү салгандыгын сүрөттөө жазуучулардын тарыхка бийик карагандыгын, эл кызыкчылыгын ойлоп жатышкандыгын көрсөтөт, бул да А.Кадирийдин реализмин талдоодо чоң мааниге ээ болуп, реализм дайыма алдыңкы гуманисттик жана демократтык саясий ой менен тыгыз байланышта гана өнүгөт.

Реалисттик чыгармада чындык деталдардын чыныгы экендигинен башталат, себеби жашоону образдар аркылуу, конкреттүү сүрөттөө керек болгон адабиятта бир бүтүндүктүн типтүү касиеттерин өзүндө чагылдыруусу мүмкүн болгон деталдар айрыкча мааниге ээ. Адабий чыгармада деталдардын реалдуулугу, өз учурунда образдар, мүнөз жана жашоонун бүткүл көрүнүштөрүнүн чыныгы болушун талап кылат. Буга романдын маанилүү персонаждарынан Өзбек айым тууралуу берилген кыялый талдоосун эстейли.

Өзбек айым элүү беш жаш чамасындагы табиятынан чала-дүмбүл бир аял болсо да, бирок күйөөсүнө өктөм келиши менен белгилүү. Анын өткүрлүгү күйөөсүнө эле эмес Ташкент аялдарына да жайылган. Башка аялдар анын көлөкөсүнө салам берип, той-тополоңдордо, тажияларда, кыскасы тык эткен жыйындын баарында үйлөрүнүн төрүн ага аташкан. Ал эле эмес кыз чыгара турган, уул үйлөп, сүннөт той өткөрө турган аялдар, тойлорун Өзбек айымдын кеңешисиз өткөрө алышпайт эле. Өзбек айым аралашкан тойдогу аялдардын тилектери эрлери тараптан кемчиликсиз аткарылып, «Өзбек айым ушундай буюрду» деген сөз эрлер үчүн да парз катары угулуп, Өзбек айымдын айтканындай камылга көрүлө баштачу. Ушул жагынан караганда Өзбек айымдын өткүрлүгү эрлер тарабынан да тастыкталгандыгына ишенүүгө туура келет.

Өзбек айым анча-мынча той, тажияларга «чокоюм көчөдө калган эмес» деп барбас эле. Ошондуктан да өз тойлорун Өзбек айымдын катышуусу менен өткөрүп алышка, өздөрүн шаардын эң бактылуу адамдарынан санап «менин тоюмду бек айым өз колдору менен өткөрдү» деген сөздөрдү жыйындарда мактануу менен сүйлөп жүрүшчү. Өзбек айымдын авторитети бир гана ушулар менен чектелип калбай, аны ордо аялдары да урмат кылып, өздөрүнүн «энеси» катары көрүшүп, ушуга карап кайсы бир мезгилдерде ордо жасоолдору Жусупбек ажынын эшигине араба токтотуп, «Ордо беги айым буюрду» деп Өзбек айымдын кийинин чыгышын күтүшөөр эле. Бул көрүнүш аркылуу айрым бир жыйындарда Өзбек айым аялдардын эсин тандырып: «Кечээ ордо бегим айымдан араба келген экен, көөнүм тартпай турган эле, барбай арабаны бош кайтардым... Бар, айт, ордо айымы болсо өзүнө дедим» - дечү. Экинчи бир мезгилде: «өткөн күнү ордого барган элем, ордо айымдары жатып каласыз деп жанымды койбоду, аргасыздан бир кеч түнөп калдым» деп сөз арасына кошуп кетээр эле. Бул сөздөрдү уккан аялдар кандай аялдар менен аңгемелешип жаткандыктарына таң калышып, өзбек айымдын урматын дагы да күчөтүшөт эле. Роман бүт ошондой жашоо деталдарын так сүрөттөө усулу менен жазылган. Бул жазуучунун сүйгөн усулу экендигин романдын мазмуну жана түзүлүшү көрсөтүп турат. Жазуучу жашоо деталдарын сүрөттөөдө чындыкка канчалык зор басым жасагандыгын сынчы Саттти Хусайн менен бир көрүнүш үстүндө болуп өткөн аңгемеден да көрүүгө болот. «Өткөн күндөр» романына карата жазган сыны тууралуу Хусайнга жазган жообунда А.Кадирий төмөндөгүлөрдү айтып өтөт: «Сынчы мени айыптап, күнөөлөп келип, Күмүш кыз экен, ата-энеси андан сурабай, ыраазычылыгын

албай эрге берет. Атабектен жалгандан ажырагандан кийин ата-энеси экинчи эрге бериш үчүн Күмүштүн ыраазычылыгын алабыз деп убара тартышат. Бул деталды А.Кадирий эске албайт. «Себеби мунсуз романды байланыштыруучу жип чубалып өтөт» деп айтат. Жок бул турмуш чындыгына ылайык колдонулган. Анткени, эски замандын талабына ылайык: Күмүш кыз ата-энесине жакканга гана турмушка чыгыш керек. Мезгил өтүп күйөөсү өлдү, же андан ажырашты, ата-энеси аны эми зордоп башкага бере албайт алар кеңеш гана бере алат. Кызы эми күйөөнү өзү тандайт, өз көзү менен көрөт, ага эми мүмкүнчүлүк бар. Ошондуктан «Өткөн күндөрдөгү» жогорку сүрөттөлүштөр ушул себептен келип чыкты. Сатти Хусайндин ою боюнча мен Күмүштүн ыраазычылыгын алуу үстүндө токтолуп «дидактика» колдонушум керек эле, бирок мен эл арасына кеңири тараган бул үрп-адат үстүндө жаңыча «дидактика» жазууну орунсуз деп билген элем» – деп эскерген.

Көрүнүп тургандай А.Кадирий майда деталдарда да, жашоо чындыгына баш ийүү зарылдыгын өзүнүн эстетикалык принциби катары далилдейт. Жазуучунун бул ойлорунун кадиксиз эл арасына кирүүсү анын үрп-адатын, жашоосун үйрөнүү зарылдыгы биз жогоруда келтирип өткөн сөздөр аркылуу далилденет.

Реалисттик адабияттын өзгөчөлүгү адамдардын типтүү образдарын үйрөнүү жана аларды чыныгы деталдар аркылуу типтүү мүнөздө сүрөттөп бергендиги. А.Кадирий реалисттик көркөм адабияттын адам таануучулук милдеттерин жакшы түшүнгөн. Сатира жөнүндөгү бир макаласында ал жөнүндө мындай деп жазган эле. Адабиятта бир нече күлдүрүү, күлүү жолдору болсо да, бирок эң маанилүүсү образ күлкүсү болуп эсептелет. Чындыгында жазуучунун бул сөздөрү жалаң сатирага гана эмес, бардык көркөм адабиятка да тиешелүү.

«Өткөн күндөрдө» адамдык образдардын толук бир галереясы жаратылган. Образдарды сүрөттөөдө жазуучу чындыкка карап, алардын ар түрдүүлүгүн, бири-бирине окшош эместигин көрсөтүүгө жана ушул аркылуу жашоонун ар түрдүүлүгү жөнүндө сүрөттөп берүүгө аракет кылган. «Өткөн күндөрдө» биз түрдүү социалдык тапка тиешелүү болгон образдарды көрөбүз. Байлар жана соодагерлер тобунан: Атабек, Жусупбек ажы, Кутидар, Зия, Хамид ж.б. болсо, башкаруучулар тобунан: Азизбек, Мусулманкул, Өтөбай Кушбеги ж.б., жумушчу дыйкандар тобунан: Уста Алым, Уста Парпи, Хасанали сыяктуу образдар романда өтө чебердик менен сүрөттөлгөн. Бул образдардын эң маанилүү өзгөчө жактарынын бири, алардын ар түрдүүлүгү бирин-бири кайталабагандыгы. Жаш байлар тобун алсак, Атабек жана Хамиддин образдарынын айырмачылыгы ушунчалык чоң, алар бири-бирине карама-каршы. Образдарды бардык айырмачылыгы менен сүрөттөөдө А.Кадирийдин чеберчилигин көрүү үчүн, ал жараткан аял-кыздардын образдарына токтолуп өтүү жетиштүү. Күмүш, Зайнап, Хушрай, Офтобайым, Өзбек айымдар бир социалдык чөйрө жана бир жыныска таандык болсо да, канчалык ар түрдүү, канчалык айкын мүнөздөр. Образдарды сүрөттөөдө А.Кадирий алардын жашоо чындыгына дал келүүсүнө чоң маани берет. Муну акындын сынчылар менен болгон аңгемесинде айткан сөздөрүнөн да байкоого болот.

«Хушрайбүбү сынчыга болбогур тип болуп көрүнөт. Башка типтерди болбогур десе да, алардын ичинен Хушрайбүбүгө катуу сын берилет.

Хушрайдын чыныгы образ экендигин түшүнүү үчүн эл турмушун дагы үйрөнүү машакатын моюнга алуу керек» деп белгилеген эскермелеринде. Ал жараткан образдар мына ушундай. Жашоону андагы адамдарды кыйынчылык менен үйрөнүү жана чеберчилик менен сүрөттөп берүү натыйжасы - автордун ири ийгилиги катары каралууга тийиш.

А.Кадирийдин эстетикалык көз караштары жана чыгармачылык методу жөнүндө жогорудагы айтылгандардын баары - жазуучу реалисттик адабиятта жашоону типтештирүү аркылуу сүрөттөө жөнүндө анык жана кең, бекем түшүнүккө ээ экендигинен кабар берип турат. Ал «тип» жана «типтер» сөздөрүн өзү жараткан образдарга карата бекеринен колдонгон эмес.

Акын типтештирүүдө көркөм чеберчиликтин чоң мааниге ээ экендигин жакшы түшүнөт жана андан кенен пайдаланат, «Өткөн күндөрдө» сүрөттөлгөн мүнөздөр жашоодогу окуяларга толук негизделип чеберчилик менен иштелген образдар болуп саналат. Азизбек, Мусулманкул өңдүү конкреттүү тарыхый личностторду сүрөттөөдө да көркөм боектуулук чоң роль ойногондугу жазуучунун чыгармачылыгын иликтөөчүлөр тарабынан мурдатан эле аныкталган факт.

Сюжет жаратууда жана ар дайым өнүгүп, басаңдап тургандыгынан драмалык конфликти сюжеттин «өзөгү» кылып алууда да Абдулла Кадирий чыныгы реалисттик ыкмалардан пайдаланып, чыгарманы көркөмдүк жактан күчтүү кылууда булардын мааниси да чоң экендигин тааный билген.

«Өткөн күндөр» өзүнүн жөнөкөйлүгү жана эл лексикасынын бүтүн байлыгын ээлеп алууга умтулушу, персонаждардын тилинин жекече индивидуалдыгы менен айырмаланып турат.

Бул роман менен кошо жалпысынан, А.Кадирийдин чыгармаларынын тили өзбек адабий тилинин калыптануусунда чоң роль ойногонун макулдабаган адабиятчы жок. Айбек өзүнүн «А.Кадирийдин чыгармачылык жолу» (1935) китебинде бул жөнүндө төмөнкүлөрдү жазган: «Өткөн күндөр» романында жазуучу тил үстүндө чоң чеберчилик көрсөтөт. Романдын тили бай, жөнөкөй, боектуу, сөз күчү эбегейсиз, көпчүлүккө түшүнүктүү бир тилдир. Өзбек адабий тилинин калыптануусунда бул чыгарманын ролу чоң»[1]

1929-жылда А.Кадирий өзүнүн жаңы тарыхый романы «Так алдындагы чаянды» жарыялады. Мамлекеттеги шарт эл жашоосундагы социалисттик иштердин бекемделе баштаганы, марксизм-ленинизмдин назариятынын көпчүлүктүн аң-сезимине, өзгөчө «интеллигенциянын аң-сезимине барган сайын тереңирээк сиңип баратышы жаңы өзбек адабиятындагы жаш күчтөрдүн жетилиши үчүн негиз болгон.

ВКП(б) Борбордук Комитетинин «Көркөм адабият тууралуу партиянын саясаты» жана 1925-жылы 18-июнда чыгарган токтому бүткүл совет адабиятынын өнүгүүсүнө көмөк бергендей А.Кадирий өңдүү жазуучуларга да чоң дем болду, алардын кайратына кайрат кошту. Бул токтомдо адабий фронтто чыгармачыл агымдардын өз ара алакасына кең жол коюу, жазуучуларды марксизм-ленинизмдин духунда тарбиялоого маанилүү көңүл буруу, пролетардык адабияттын гегемондугун жаратуу үчүн шарт түзүү, жакын мамиледе болуу, пикирлештерге, дыйкандарга жазуучулар жакшы мамиле кылып, аларды абайлап жана коомдук тарапка тезирээк өтүүлөрүнө шарт түзүү улуттук адабияттын, өсүп-өнүгүүсүнө камылга тутуу болучу.

---

[1] Айбек. А.Кадирийдин чыгармачылык жолу Т.1935. 26-бет

А.Кадирийде жаңы чыгармачыл күчтүн пайда болушу, кеңешмеде активдүү катышышы, орус жана дүйнөлүк адабияттын классиктерин которуу менен бирге, дагы бир романды ийгиликтүү аякташына жогоркудай шарттар себеп болду. Көп жагынан вульгардык социологизм таасиринде болгон Өзбек сыны А.Кадирийдин чыгармачылыгына баа берүүдө айрым орунсуз каталарга жол койду. 20-жылдарда А.Кадирийдин чыгармачылыгы жөнүндө эң көп жазган Сатти Хусайн 1929-жылда өз иликтөөсүнүн максатын төмөнкүчө түшүндүргөн: «Биринчиден, А.Кадирийдин коомдогу, турмуштагы, адабияттагы ордун түшүнүп, анын жоғорулашына жардамдашмакчы болдук. Экинчиден, окурмандарды сын көз менен карап окуусуна жол ачуу жана үчүнчүдөн, жаш жазуучуларыбызга сабак берүү керек эле, себеби кийинки күндөрдө «Өткөн күндөрдү» ээрчип жаза баштаган досторубузду жолуктура баштадык».[1] Ошол эле сынчы «Чыгыш чындыгы» газетасынын беттерине А.Кадирийге кайрылып мындай деп жазган: «Биз сиз өңдүү таланттуу кишини өзүбүздөн алыстатуу үчүн атайын катуу сын кылбайбыз. Тескерисинче, таасир этүү, таасир этkенде да негиздүү жана илимий таасир этүү коомдун өнүгүүсүндөгү мыйзамдарын материалисттерче үйрөнүүгө аракет кылууңузга жардамдашуу үчүн сындайбыз».[2] А.Кадирийге мындай чыгармачылык мамиле чыгармачылык ишине жакшы таасир этүүчү чоң көмөк болгон.

«Так алдындагы чаян» романында А.Кадирийдин реализми дагы да өнүктү, тереңдеди, башкача мүнөздөгү жаңы белгилерди жараткандыгы менен айырмаланды. Жазуучунун айтуусу боюнча «Так алдындагы чаян» XIX кылымда Түркстандын чоң бир бөлүгүн (негизинен Фергана өрөөнүн) башкарган Кудаярхан жана ал өңдүү ордо кишилери жөнүндөгү тарыхый роман болуп эсептелет. Өз алдына койгон чыгармачыл максаты жөнүндө жазуучу мындай деп жазат: «Түркстан феодалдарынын кийинки өкүлү болгон Кудаярхан өз каалоосунун натыйжасында дыйкандарды түп тамырынан бери жана майда өнөрчү усталарды жок кылышы, мамлекеттеги аял-кыздарды каалагандай пайдаланышы, буга каршы туруучуларга аеосуз жаза берүүсү - романдын мазмуну болуп эсептелет. Кудаярхандын бул жолдо колдоочулары, алардын турмуш шарты жана ар түрдүү адамдарга ачык болбогон айрым ыплас иштери да чыгармада ачык-айкын сүрөттөлгөн. Булар романдагы өз кызыкчылыгы үчүн ар нерсеге барган терс каармандар. Экинчи тарапта «төмөнкү» таптагы кембагалдар, алардын хандык түзүлүшкө каршы чыгышы, үй-бүлөлүк абалы, бири-бирине болгон мамилеси А.Кадирийдин өз алдына «эки таптын» күрөшүн сүрөттөө милдетин коюшу тарыхка аң-сезимдүү кароого умтулгандыгын көрсөтөт.

Романчынын идеялык жетишкендиги жана тарыхты тереңирээк түшүнө баштаганын биз чыгарманын башкы каарманын тандоосунан да көрөбүз. Мында романист чыгармага баш каарман кылып, эл арасынан чыккан кедейдин баласы, жетим Анварды алат.

Анвардын образы А.Кадирий үчүн жаңылык болсо да, бирок анын пайда болушу кокустук эмес эле. Биз А.Кадирийдин чыгармачылыгында демократтык тенденциянын пайда болгондугун, анын революциядан мурдагы айрым бир чыгармаларынан эле көргөн элек. «Өткөн күндөрдө» да бул

[1] С.Хусайн «Өткөн күндөр» Уздавнашр, 1931. 8-бет.
[2] Ошол эле китептин 149-бети

тенденция чоң тепкичке көтөрүлгөн. Бул абал феодализм доорунда элдин зомбулукка каршы стихиялуу көтөрүлүшүн көрсөтүүдө жана жумушчу табынан болгон уста Алым, Парпи өңдүү кишилердин образын жаратуудан көрүнөт. Романдагы башкы каармандар Атабек, Жусупбектин образдарынын «аягы жок көчөгө кирип калгандыгын» көрсөтүүнүн өзү да А.Кадирий эми баш каарманды башка таптан издөөсүнөн дарек берет. Дагы айтып кетүүчү нерсе, жазуучунун чыгармаларында биз жумушчу элге таандык бир да төмөнкү, начар образдарды жолуктурбайбыз. Анткени аларды феодалдык коомдо абдан кордолгон аял-кыздар арасынан таап, өзгөчө кылып сүрөттөп бергендигинин өзү А.Кадирийдин чыгармачылыгынын терең демократтык духун көрсөтөт.

Кудум ошол ачык демократиялуулук А.Кадирийге Анвар менен Ранонун образын жаратууга жардам берген. Анвар менен Ранонун тагдырларында айрым өзгөчөлүктөр болгонуна карабай бири-бирине абдан жакын жуп образдар болуп эсептелет.

Анвар динчил үй-бүлөдө асыранды бала болуп өскөн жана жалаң өнөрү менен хан сарайында мырзалык даражага көтөрүлгөн болсо да, өзүнүн элден алган инсандык касиеттерин жоготкон эмес, тескерисинче өнүктүргөн. Жумушчу эл менен кандаштыгы, мүдөөлөштүгү аркылуу анын зулумга, феодалдарга жана сарай өкүлдөрүнө жек көрүү сезими чексиз. Сүйгөнү Раного жырткыч Кудаярхан кол салбоосунан мурда эле Анвар хан сарайынын зулум ордосу экендигин түшүнгөн, ошондуктан ага мырза башы болуу жөнүндөгү өтүнүч жаккан эмес. Анвардын бул ою жана феодалдык түзүлүшкө болгон мамилеси китептин алгачкы главаларында эле мындайча ачылат:

- Мени мырза кылып көтөрсө, жакшыбы, Рано?
- Жакшыбы, жаманбы, мен кайдан билейин?
- Жаман, Рано.
- Эмнеге жаман?
- Ыплас иш? Эгер башка иш тапсам, ордону бүтүндөй таштап кетет элем.
- Ыплас иш? Сиздин бек жездеңиз да ушул ишти кылат эле го?
- Мен бек жезде боло албаймын, Рано. Ордодо күнөөсүз төгүлүп жаткан кандар, ар дайым айланадан угулган аянычтуу үндөр менин жүрөгүмдү эзет, тынчымды алат. Анын үстүнө мырза башы болуп калсам, күнөөсүз төгүлгөн кандардын ичинде сүзүп каламын. Анда күнөөсүз жерден күнөөлүү болом. Балким, ошол кандардын төгүлүшүнө себепчи да болуп калармын. Себеби канга жакын көрүнүү, ушул иште көбүрөөк иштеп калуу үчүн канчалаган бейкүнөө адамдардын канын төгүп, түркүн болбогур иштерди кылууга туура келет. Бирок мен андай ырайымсыз болуп жаралган эмес окшойм. Албетте андай иштер менин колумдан келбейт.[1]

Мына ушундай чечкиндүү, ак көңүл Анвар Кудаярхандын буйругу менен мырза башы болуп калат, бирок өзүн таскаралар арасына кирип калган көгүчкөндөй сезет. Душмандары Анварды жыгууга аракет кылат. Бирок бул күрөш башкы оң каарман жана анын жактоочуларынын жеңиши менен аяктайт.

---

[1] А.Кадирий Мехрабдан чаен. Ташкент 1969, 5-бет

«Так алдындагы чаянда» башкы каармандардын аракеттери менен сүрөттөлгөн жалпы тарыхый окуялар «Өткөн күндөргө» салыштырмалуу кичирээк болсо да, чыгарманын идеялык мазмуну айкыныраак, тунугураак, жетигирээк, феодализмди ашкерелөө тереңирээк мүнөзгө ээ. Чыгармада мамлекеттеги зулум башкаруучулугуна айрым «жаман» бектердин акимият башына чыгып алганы эмес, бүт феодалдык системанын тереңден адилетсиз, ырайымсыз экендиги себеп деген идея ачык берилген. Жазуучу окурманды «зулум» - Кудаяркандын мезгилине алып кирет, хан сарайы адилетсиз, кем акыл жийиркеничтердин мекени экендигин көрсөтүп, бүткүл феодалдар системасынын адилетсиздиги жана аны колдоого болбостугу жөнүндөгү негизги идеяны ийгиликтүү көркөм чагылдыргандыгы Кудаяркандын образы аркылуу да көрүнөт. «Өткөн күндөрдө» да Кудаярканды башкаруучу катары каралоо эмес, балким аны өзүмчүл, байлыкка өч, кем акыл, зулум Мусулманкулдун куулугунун курманы кылып сүрөттөсө, «Так алдындагы чаянда» Кудаяркан феодал иерархиясынын төбөсүндө турган жана бүткүл адилетсиздикти өзүнө сиңирген тарыхый личность катары алдыңкы планга чыгат. Хан менен Анвардын ортосунда карама-каршылык чыгышы жана бул карама-каршылыктын аягы чоң тогошуу менен бүтүшү айкын эле, себеби «хан сарайы» деп аталган бул жерде өзбек элинин ичиндеги эки карама-каршылык бири-бири менен келишпес албас эки күч тогошот. Бир жакта Кудаяр жана анын малайлары, экинчи жакта Анвар жана аны жактоочулар. Кудаяркандын Раного кардарлык кылып, бул иште анын зордук көрсөтүшү - Анвар жана аны жактоочулардын сабыр кесесин толтурган акыркы тамчысы болот. Мында чындык Анварлар тарапта, эл жакта. Акыйкатсыздыгы айкын болгон хан жана анын малайлары чындыкка жалаң зордук менен каршы туруулары мүмкүн. «Кудаяр Шагавул, Турсун аталык жана бир нечелери менен маектешип:

-Улуу, урматтуу! - деди худайчы[1] –Кыянаткер өз ыктыяры менен келип алдыңызга моюн сунмакчы.

-Кыянаткериң ким?

-Мырза Анвар.

Хан сескенип кетти, жанындагылар да айран-таң болду.

-Келтир!

Худайчы кулдук уруп артына кайтты. Астанадагы Анвар биринчи бөлмөдөгүлөрдү таң калтырып, экинчи бөлмөнүн босогосунда, желдеттер ортосунда токтоду да ханга таазим кылды.

Душманынын мынчалык сүрдүү, эркүү экендигин көргөн Кудаярхандын көз асты жымырап, сакал түктөрү силкинди жана бир аз сөз табалагандай тамшанып турду.

-Сен бизге кыянат кылдың, ит уулу!

Анвар баш ийкеп:

-Мойнума алам.

-Тузумду унуттуң!

-Танбаймын.

-Мойнуңа аласың, танбайсың, жакшы иш! - деди ачууланып хан. - Өлүмдөн да кайтпайсың.

---

[1] Худайчы – эшик тосоор жигит.

Мен сизден кечирим сурап келген жокмун! - деди жылмайып Анвар, - өзүмдү өлүмгө берип, бир күнөөсүздү куткаруу үчүн келдим!

Жанындагылар тилдерин тиштеди. Кудаяр жасалма күлдү.

-Мусулманчылык кылгансың да!

-Албетте! - деди Анвар, - башкалар бирөөнүн күнөөсү үчүн күнөөсүздү кармап мусулманчылыктан чыккандан кийин, мен мусулманчылык алдында өлүүнү туура таптым. Бул жооп Кудаярды кыпкызыл түскө боеп, маңдайынан терлер көрүндү, ачуу сөзү жанды өрттөдү.

-Сенин кылган ишиң мусулманчылыкта барбы, иттин уулу!

-Мусулманчылыкта жүздөгөн катындын үстүнө, бир кембагал үйлөнмөкчү болгон кызга да зордук менен үйлөнүү барбы, улуу урматтуу?

-Чыгар муну, желдет!»

Адатынча ушундай кылып кечээ Анварга «мээримдүүлүк кылган» хан бүгүн анын башын кесүүгө буйрат. Эки карама-каршы адамдын мамилесинин келишпестиги айкын болот. Эл ичинен чыккан кишилердин Анварга жөлөк болушу баш каарманды жана анын сүйгөнүн бактысыздыктан куткарууга умтулушу да Анвардын, элдин феодалдык түзүлүшкө каршы күрөшү катары берилет.

«Өткөн күндөрдө» А.Кадирий коомдун жашоосунда бузуку диничилердин ойногон ролуна токтолгон эмес. Совет доорунда жашап турган мусулман дин бузукуларды сүрөттөөдө жазуучу аларды арамза жана кем акыл кишилер катары берсе да, бирок саясий жашоодо ойногон ролун сынга алган эмес. Бирок, «Так алдындагы чаянда» феодалдык түзүлүштүн өкүлдөрү жана тирөөктөрү болгон дин бузукулары аесоуз ашкереленет. Романдын «Так алдындагы чаян» деп аталышы да бул чыгарманын негизги идеялык милдеттеринин бири - мусулман динин бурмалаган бузукулардын реакциялык ролун ашкерелөө экендиги айкын көрүнүп турат. Жазуучу Анвардын тарбиячысы Салыхтан тартып, хан сарайындагы эки жүздүүлөрдү мамлекет башкаруучусуна чейин ашкерелейт. Феодал иерархиясынын эң жогорку баскычында хан Кудаяр, эң төмөнкү баскычында Абдрахман моллодой сараңдар, эки арада Шахадат, Мадхий, Калапшах Мырза өңдүү башка «так алдындагы чаяндар» турат. Хан жана дин бузукулары бири-бирине жардам берет, бири-бирисиз жашай албайт.

Анвар жана аны жактоочулары менен хан жана анын малайларынын ортосундагы бул күрөштө чындык эл тарабында экендигин окурман анын өлүм алдында Абдрахман молдо менен болгон тогошуусунда терең түшүнөт.

«Анвар даарат аларда желдет жана жасоолдор канжар жылаңачтап, анын айланасын курчап алышат. Дубадан кийин Анвар ордунан туруп, колун байлашка берип, айланага кескин көз жүгүртүп, айлананы курчап турган элдин алдында, көзүн майлантырып, өзүнө тик карап турган молдо Абдрахманды көрдү. Анвар титиреди. Абдрахман мыйыгынан жылмайды...

-Күлүүгө акыңыз бар, молдо, себеби өч аласыз - деди Анвар. Көңүлүктүн көзү Абдрахманга түштү.

-Бирок сиз жалаң ыпластык аркылуу күлөсүз, мен... мен тууралыктын натыйжасымын, сиз ыплас көңүл менен жеңдиңиз, мен ак көңүлүм менен жеңилдим, мени дар астына ким алып келди? Ыйман эмесби, таксыр? Сизди бул жерде ким көрөрман кылды? Ыпластык эмесби, таксыр?»

«Так алдындагы чаянда» А.Кадирийдин реализмдин жаңы баскычына көтөрүлгөндүгүн көрсөтүүчү дагы бир жагдайга токтолуу орундуу. Бул татаал нерсе романдагы образдар системасы жана сюжетинин татаалданышы менен жазуучу прогрессивдүү мүнөздөрдүн галереясын берет. Романдын акыркы главасы башкы оң каармандардын Кокондон качышынын сүрөттөлүшү жана эпилог (Мырза Анвардын кийинки жашоосу жөнүндө) - алардын Ташкентке келгендиктери жана Кудаярдын колу жетпей турган Ташкентте жашап калуусу менен корутундуланат.

Романдын принципиалдык мүнөздөгү касиеттери, анда коомдук жашоодогу алдыңкы кишилер жана алдыңкы идеялар биринчи планга коюлуп көрсөтүлүшү, б.а. демократиялык жана революциялык пафосу бул чыгарманын өз мезгилинде социалисттик реализмдин конкреттүү көрүнүштөрүнүн бири гана болбостон, татаал идеялык эволюция жолун басып өткөн А.Кадирийдин чыгармачылыгындагы жаңы чыгармачыл методдун конкреттүү көрүнүшү деп балоого негиз боло алат.

Убакыттын өтүшү менен А.Кадирийдин чыгармачылыгында жаңы социалисттик курулуш менен байланышы да бекемделди. Жазуучу өзү сүйгөн жана чоң тажрыйба арттырган тарыхый жанрда жаңы чыгармаларды жаратуу жөнүндө ойлоо менен бирге жаңы замандын материалынын негизинде да чоң чыгарма жаратууну өз алдына милдет кылып коет.

Анын бул чыгармачыл ниетине ошол мезгилдеги коммунисттик партиянын жаңы токтомдору да зор көмөк берген. ВКП(б) Борбордук Комитетинин 1932-жылдын апрелдеги токтому РАППтын жергиликтүү уюмдары тарабынан адабий чөйрөдөн алыстатылган А.Кадирий өңдүү жазуучуларды кайра адабий чөйрөнүн активдүү катышуучуларынын катарына кайтарды. Өзбекстан советтик жазуучуларынын биринчи съездинин алдынан жазган «Күтүлбөгөн сулуу белек жөнүндө» макаласында[1] А.Кадирий ВКП(б) Борбордук Комитетинин бул токтому адабиятыбыздын тарыхында жаңы доор ачкандыгын зор күч менен белгилейт. Ал жаңы, ушундай шарттан жаш кадрлар даярдоо үчүн өнүмдүү пайдалануу зарылдыгына чоң маани берип, («Тарбия иштерине маани макаласы»[2]) өзү жаштарга классиктерден кандай сабак алуу керектиги жөнүндө көрсөтмө берген «Совет адабияты» журналынын редколлегия мүчөсү жана кызматчысы А.Кадирий ушул журналдын «Окуп - үйрөнүү» бөлүмүнө «Майда аңгемелер жазууда сөздү кандай тескөө керек?» деген макала жарыялап[3] А.П.Чеховдун «Хамалеон» аңгемесин мисалга алуу менен жаш жазуучуларды өз искусствосунун сырлары менен тааныштырган.

А.Кадирий өзү да окууга, айрыкча марксизм-ленинизм тарбиясын терең билүүгө аракет кылып, «Большевизмдин терең чындыктарын билбей туруп, адабиятта магнитостройлорду жаратуу мүмкүн эмес, адабият назариясын жана тарыхын ээлөө, классиктерден окуп үйрөнүү биздин мындан кийинки өсүп-өнүгүүбүздүн жаркын келечеги».[4] - дейт ал.

1934-жылдарда жазылган «Обид кетмен» повести жазуучунун идеялык жана чыгармачылык өсүүсүндө алга карай койгон маанилүү кадамы болду.

---

[1] «Кызыл Өзбекстан» 8-апрель 1934-ж.
[2] «Кызыл Өзбекстан» 23-апрель 1934-ж.
[3] «Совет адабияты» 1936. № 3 Макалага «Хамалеон» аңгемеси А.Кадирийдин котормосунда киргизилген
[4] «Литература Средней Азии» газетасы № 2 1933, 21-апрель

Бул повестте жеке башкаруу жана колхоз мезгилиндеги кыштакты бири-бирине салыштырып сүрөттөө аркылуу жазуучу кыштактын жаңы заман жолунда баруусу жакшы жөрөлгөлөрдөн экендигин көрсөтүп берет.

Повесттин борборуна Обид кетмендей орто дыйкандын образынын коюлушунун жеке мааниси бар. Айыл чарбасын социалисттик жолго түшүрүү өңдүү чоң окуяны жүзөгө ашыруудагы чоң каталардын бири дыйканчылыктын билерманы болгон орто дыйкандын чоң муштум катары таанылышы менен аякталышы болду. А.Кадирий замандын ушул чоң катасын түшүнөт жана атайын колхоз түзүлүшүнүн типтүү өкүлү, тиреги жана жетекчиси кылып Обид кетменге окшош иш билги дыйканды сүрөттөйт. Обид кетмендин көптөгөн ойлору аркылуу А.Кадирий айыл жеринде башталган чоң тарыхый окуянын татаалдыгына окурмандын көңүлүн бурат. Бул татаалдыктардын бири айыл кишилеринин психологиясын түп тамырынан бери өзгөртүү керектиги менен байланыштуу. Обид кетмен муну жакшы түшүнөт: «Тик дөбө дыйкандары бир үй-бүлөгө айланат» - деп ойлойт. Обид кетмен менен анын оюнда анчалык айырма жок. Болгону бир үй-бүлөгө айлангандардын ичинде иштей тургандары: жалкоолору, куулары бар. Албетте, булардын ичиндегилер табиятынан берилген жалкоолугун, экинчиси куулугун таштай албайт. Бирок жакшы иштеген дыйкан менен бул экөө күздө түшүмдү тең бөлүшөт. Мында да бир нерсе бар: ичинен дыйкан куу менен жалкоого иштеп берейинби дейт да, бул да бир кууга же жалкоого айланат. Болочок колхоз директору коллективдүү жашоонун татаал жактарын жакшы билет, ошондуктан жаңы шартта адамдарды кайра тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүнүн үстүндө баш катырат.

Повестте бир канча образдар бар. Акылдуу жана иш билги Обид кетмендин образы менен катары революциядан мурда батрактык кылган, кийин Совет бийлиги үчүн күрөшкө активдүү катышкан, колхоз курулушунун жетекчилеринин бири болгон Берди Татардын өткүр, сатиралык курч калеминен жазылган Хатип Молдо, Мухсин молдонун образдары жана башкалар ушулардын арасына кошулат.

Өзбекстанда 20-30-жылдардагы социалисттик курулуштун конкреттүү тарыхый шартында А.Кадирийдин чыгармачылыгынын өнүгүү жолу жана анын идеялык-эстетикалык мааниси эмнелерден турган эле?

Маалым болгондой Өзбекстан өзүнүн өнүгүү жолунда капиталисттик баскычты толук басып өтпөй туруп, социалисттик доорго кадам койду. Бул абал республикада социализм үчүн күрөштүн конкреттүү мазмунуна айрым бир өзүнө жараша белгилерди кошту. Ошондуктан, жалаң капитализмдин калдыктарына эмес, балким феодализм калдыктарына каршы күрөш да жергиликтүү шартта пролетариат диктатурасынын маанилүү милдеттеринин бири болуп калган. Бул абал түздөн-түз өзбек элинин көркөм адабиятынын мүнөзү жана мазмунуна да таасир кылган. Феодалдык түзүлүштүн өтө залим мүнөзүн ашкерелөө, Өзбек совет адабиятынын эң маанилүү милдети болгон. Социалисттик революция өзбек элин залим жана ырайымсыз түзүлүштөн куткарып жаткандыгын көрсөтүү аркылуу революциянын терең элдик, инсан таануучулук мүнөзүн ачып берүү керек эле. Реакциячыл дин бузарларды ашкерелөө менен чыгыш аял-кыздарынын мурунку турмушта канчалык кор, кул кылынгандыгын көрсөтүп берүү аркылуу эл психологиясын ууланган түрдүү үрп-адаттардан куткаруу зарылдыгын түшүндүрүү өңдүү проблемалар

феодалдык түзүлүштү ашкерелөөнүн бир түрүнө айланган. Ушул себептен жаңы өзбек адабиятында феодалдык түзүлүштү ишкерелөө жана өткөн доордогу адамдардын психологиясындагы калдыктар менен күрөш темасы чоң маанини ээлеген.

Ошону менен бирге жаңы өзбек адабияты жаңыча жашоону, андагы элементтердин калыптанышын жана өнүгүүсүн сүрөттөөгө, аларга көмөк көрсөтүүгө аракет кылды. А.Кадирий да өз чыгармачылында ушул принципке баш ийди.

А.Кадирийдин чыгармачылыгынын биздин маданиятыбызга кошкон салымы анын чыгармачылыгы аркылуу өзбек адабиятында жаңыча идеялык-эстетикалык принциптердин тастыкталышында чоң роль ойноготон маданий көрүнүштөрдүн бири болгондугу.

А.Кадирийдин ири чыгармалары жарыялангандан бери көп мезгил өттү. Бул мезгилде өзбек адабияты Бүткүл Союздук кала берсе, бүткүл дүйнөлүк аренага көтөрүлдү. Чыгаан жазуучу жана көркөм сөз устасы А.Кадирийдин эң жакшы чыгармалары өзбек жана өз мезгилинде бүткүл совет адабиятынын маанилүү жеңиши катары дале болсо баасын сактап келүүдө.

# ХАМИД ОЛИМЖАН (1909-1944)

Улуу совет акыны Николай Тихоновдун сөзү менен айтканда Х.Олимжан - «керемет лирик жана романтик инсан». Ал болгону 35 жыл гана өмүр сүргөн менен Алыкулча бай адабий мурас калтыргандыктан анын чыгармалары советтик жана дүйнөлүк классиканын алтын казынасынан орун алган.

Жаңы өзбек лирикасын улуу граждандык поэзия даражасына көтөрүүдө Х.Олимжан өзүнүн айтып бүткүс салымын кошкон. Анын ичинен, өткүр оюнан кайнап чыккан ырлары философиялык-саясий лирикалык жанрдын үлгүсү болуп калды. Х.Олимжан өзбек совет дастанчылыгында жаңы доор ачкан «Зайнаб жана Аман» чыгармасы менен замандын руху жана замандаштарынын образын чыныгы сүрөттөөдө болуп көргүс поэтикалык үлгү калтырды. Башкасын айтпаганда да өзбек адабиятынын тарыхында жаңы замандын улуу бийиктиги үчүн кызмат кылдыруунун укмуш көрүнүшү болгон поэзия жанрынын өнүгүүсүн тездешткирген. Х.Олимжан көркөм чыгармачылык менен социалдык иш абалды тең кошо кармоо менен аларды жалпы максат жана идеал үчүн колдонууну билген жаңы типтеги чыгармачыл инсан болгон. Бирок ал 1929-жылдарда «Дыйкан адеби ким?» макаласында: «Жазуучулар жамааттык иштерге жакын туруулары керек. Бул оордук алардын чыгармачылык иштерине зыян эмес, жардам кыла турган, жаңы шарт» - деп жазган эле. Кийинчерээк акын «Ар бир улуу жазуучу өз табынын асыл бийиктигин турмушта көрсөтүү жолунда активдүү күрөшчү болуу керек жана ошондуктан да алар өз доорунун адабиятынын өнүгүшүнүн жогорку тепкичтерине чыга алат,» - деп кошумчалайт. Эң биринчиси Х.Олимжандын өзү кудум ушундай мүнөзгө ээ инсан экендигинде. Ал өз мезгилинде чыгармачыл инсандардын өнүгүүсү үчүн марксизм-ленинизм тарбиясын үйрөнүү чоң мааниге ээ экендигин түшүнүү менен «Окуп үйрөнүү кыйынчылыктары тууралуу», «Марксизм жүзүн жамынып жүргөн Меньшевизм», «Жазуучунун даражасын көтөрөт», «Социалисттик реализмди ээлөө жолунда», Уйгур менен биргеликте «Өзбек элинин адабияты» өңдүү ондогон макалаларында чыгармачыл инсандарга марксизм-ленинизмди терең жана кунт коюп өздөштүрүү аркылуу гана чыныгы жазуучу болуп жетишүү мүмкүн экендигин айткан. Ал жазуучуларга карата: «марксизм-ленинизмди үйрөнгөндө» сиздин алдыңызда турмуш көрүнүштөрү барган сайын айкындаша, боектор толугураак ачыла, денелери бышыгыраак көтөрүлө, аны бириктирген мүчөлөр анығыраак көрүнө баштайт. Мурда туман болуп турган нерселер сизге өздөрүнүн бүткүл мазмуну менен ачык, тунук көрүнөт» - дейт. Орду келгенде ушуну айтып кетүү керек. Х.Олимжан өзбек совет адабиятынын өнүгүүсүнө өзүнүн терең лирикалык ырлары, драматизмге толгон балладалары, романтикалык поэмалары, образдуу типтеги трагедиялары менен гана эмес, прогрессивдүү жана принципиалдуу илимий сын макалалары менен да чоң салым кошкон. Ал өзүнүн адабий сын макалаларында адабияттын партиялуулугу, элдүүлүгү үчүн активдүү күрөшкөн. Адабий жараянды, көркөм чыгармаларды, алдынкы орус адабияты жана орус сынынын талабы менен өлчөөгө, баалоого умтулган Х.Олимжан социалисттик реализм тууралуу да өзбек сынчылыгында биринчилерден болуп макалаларды жарыялаган.

«Социалисттик реализм - дейт Х.Олимжандын Уйгун менен жазган макаласында, - чыгармачыл адамдан турмушту, окуяны туура, чыныгы бир калыпта, социалисттик курулуштун жеңүүчү тенденциясын бүткүл дүйнөнүн жеңишинин алдында карап туруп, жашоону, таптык күрөштү бүт толугу, ички карама-каршылыктары менен кошо толук сабаттуу көркөм сүрөттөп беришин талап кылат. Социалисттик реалист турмушту статист эмес, тескерисинче окуяларга тыгыз байланышта караган, окуялар менен бирге аракет кылган, ага таасир берүүчү активдүү, өзгөртүүчү, куруучу чыгармачыл инсандар болуусу тийиш» - деп эсептеген.

Х.Олимжан өз чыгармаларын жаңы жашоону курууга кызмат кыла турган даражада идеялык-көркөмдүктө жаратышынын себеби, өз сөзү менен айтканда «турмушту алга жетектөөгө, тартууга, өзгөртүүгө күчү жете турган» образдарды жараткандыгы.

Х.Олимжанды доорубуздун жетик сөз чебери болуп жетишүүсүнө алып келген дагы бир өтө маанилүү фактор: ал жашоону терең билүүсү жана марксизм-ленинизм таалимин жакшы өздөштүрүүсү менен бирге, өзбек классикалык адабиятын, элдик чыгармачылыктын бүтпөс - түгөнбөс салттарын, айрыкча улуу орус адабиятын жана дүйнөлүк классиканы бүт дити менен үйрөнгөндүгү. Х.Олимжан ушул үч мектептен өтпөгөн жазуучу эч качан өспөйт, чыгармачыл ишинин көзү ачылбайт деп эсептеп калемдеш досторун кубаттуу чыгармачылыктын суусунан тоюп, тоюп ичип алууга чакырат. Ошондуктан Өзбек классикалык адабияты жана элдик чыгармачылык анын тунук добушунун жаңырышына, жаш оргуп ташыган жана жөнөкөй усулунун калыптанышына чоң жардам бергендиктен анын чыгармаларын орус жана дүйнөлүк адабиятсыз таанууга болбойт, ал Пушкин, Лермонтов, Л.Толстой, Гоголь, Чехов, Горький, Маяковский, Шекспир, Байрон, Гейненин чыгармаларын көңүл коюп окуп, үйрөнүп, өзбек тилине которгон. Ал Маркс жана Энгельстин «Искусство тууралуу» аттуу китебин которууга да катышкан. «Эки кудуреттүү, традициалык казына» - деп жазган эле, Х.Олимжан өзбек классик адабияты жана фольклорун эсте тутуп, революциалык жаңы казына - Горький жана Маяковский, Пушкин жана Гоголь, Лермонтов жана Герцен, Добролюбов жана Чернышевский, Толстой жана Чеховго таандык болгон улуу орус адабиятынын натыйжасында өзбек адабияты дүйнөлүк адабият менен байланыш жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, өзбек адабиятынын алдында кең горизонт ачылды, чыгармачылык жол болуп көрбөгөндөй даражада өнүктү» - деп эсептеген.

Х.Олимжан Өзбекстан жазуучулар союзуна жетекчилик кылган жылдарда (1939-1944) өзбек классикалык, айрыкча өзбек совет жазуучуларынын эң жакшы чыгармаларынын орус тилине, орус классик жана совет адабиятынын абдан көп чыгармаларынын өзбек тилине, которулушуна баш көз болуп, өзбекстанда котормочулук ишин кең жамаатка жана мамлекеттик даражага көтөргөн.

Х.Олимжандын биринчи ыры «Кимдир» жарыяланганда - он жети, тунгуч китеби «Көктөм» басылып чыккан мезгилде - жыйырма жашта болгон. Жаңы замандын жашоо курулушу тез болгондой акындын чыгармачылыгынын өсүшү да тез өнүккөн.

Жашоо агымы ушундай шок, тез жана кескин болгондуктан, акын улуу оту ошол мезгилдеги калемдештерди тез табына келтирип, аларды жаңы

курулуш сүрөөсү менен жарышууга чакырып, социалисттик курулуш жылдарында тап душмандарына каршы күрөшкө үндөгөн.

Акындын «Көктөмү» чыгармачылыгындагы алгачкы жазы эле, - деп айткан Айбек 1944-жылда жазган «Улуу жана талантту акын» аттуу макаласында: - «Ыр гүлдөрү эми бүчүр жая баштаган эле. Жалпысынан Өзбек совет поэзиясы ал мезгилде ой жана көркөм форма жагынан абдан жаш болчу. «Көктөмдө» өз мотивин издеген, сайрап туруп, обондон обонго өткөн, толкундуу, жандуу, жаш акынды көрөбүз. Анын ырларындагы көркөм ойдун негизги өзөгү - эркин, жаңы жашоонун жетилишин даңазалоого умтулуу, Советтик Өзбекстанга, «Кызыл Өлкөгө» карата болгон махабаты эле... Көктөмдөгү ырлардын көпчүлүгү техникалык жана көркөм чеберчилик жагынан начар, бирок ой-туюмдардын жогорулугу жана поэтикасынын тазалыгы менен ошол мезгилдеги поэзиябызда кубандырарлык гүлдестебизден болгон».[1]

Чындыгында да «Көктөмдү» окурмандар тобу, көркөм коллектив жакшы күтүп алган. Китептин утуктарынын бири андагы мезгил рухунун көтөрүңкүлүгү, ошо мезгилдеги карапайым калктын көкүрөгүнө күн тийиши, жакшы жашоо жеңишинин жүрүшүндө, жаш акын чыгармачылыкты б.а. өз позициясын күрөш куралы деп туура түшүнгөн. Ал өзүн жумушчу дыйкандар табынын акыны жана жардамчысы деп билип, «Шарк» деген ырында (1928) совет акындарынын ырларын «Жашоо күрөш ырлары» деп атайт. Акын жаңы жашоону социалисттик түзүлүштү «көктөм» деп атап, ушу жаңы жашоого каршы тургандарды «көктөм» душмандары катары билет. Бул жагынан Х.Олимжандын поэзиясы ошол мезгилдеги өзбек адабиятында, айрыкча поэзияда көзгө көрүнгөн жаңы тенденцияга толгон эле. Бул тенденция - поэзия аркылуу жаңы совет адабиятынын эстетикалык принциптерин коргоодон турган.

«Көктөмдүн» мазмуну, көлөмүнө караганда анча кең жана терең эле, анткени жаш акынды мамлекет ичиндеги окуя жана өзгөрүүлөр гана кызыктырбастан, аны бүткүл дүйнөдө болуп жаткан жаңылыктар өзүнө тарткан. Чындыгында анын эл аралык дүйнөлүк революция темасындагы чыгармаларынын пайда болушу жер шарынын жана эмгекчи дыйкандардын тагдырын ойлоосунан, аларды өз ара бири-бири менен тыгыз байланышта деп билишинен эле. Акындын эл аралык темадагы «Биринчи май учкундары» же «Бул күн», «Каалабас» өңдүү ырларынын жазылыш себеби да жашоону кененирээк түшүнүүгө умтулуусунан пайда болгон. Х.Олимжан «Биринчи май учкундарында» дүйнөлүк эмгекчилердин революциячыл аракети жөнүндө ойлоп, анын эртеңки жаркын келечегине, «Албетте ушундай күн келет» деген үмүтүн билдирген.

«Көктөмдүн» башынан аягына чейин жумушчу табы, жумушчулар тобу, айрыкча комсомолдор - жаңыча жашоону куруучулар деген идея кызыл жиптей аралап өтөт. Х.Олимжандын биринчи ыры болгон «Кимдирде» жаңы турмуш жолун ачкан, жумушчуларды жаш акын болоттой бекем, сезимдүү, кубаттуу жана идеялык жактан улуу адамдар катары берет. Ал эми анын «Жаңы турмушка» ыры төмөнкү салмактуу саптар менен бүтөт:

Биз от, жалын жүрөк, күрөш сүйөбүз
Жаңы турмуш, улуу дүйнө курабыз

[1] Армугон. Адабий көркөм альманах. Уздавнашр 1944, 180-бет

Х.Олимжан (1930) бир макаласында «Бизде «Жашасын орок балка» дегендерди акын кылып көккө көтөрө тургандар жок эмес. Сенин сезимиң пролетариаттыкыбы болду. Сен акын боло аласыӊ» - деп жазган эле. Ал дагы улантып, акындын милдети өткүр жана сезгич көздөрү менен алдыдагы теманы башкалар жаза албай турган даражада татынакай кылып турмуштун ичке, назик жана жашыруун жерлерин акын элестүү кылып, окурмандын көздөрүнө көрсөтүп берүүдөн турат» - дейт. Х.Олимжандын поэзияга мындай көз менен карашы жөнөкөй эле өткүн сыяктуу бир нерсе болбостон - түбөлүктүү болуп калды. Кийинки адабий сын макалаларында жана айрыкча көркөм чыгармалары аркылуу жогорку көз караштарын улантып, өнүктүрүп, өзү да ага катуу баш ийди. 1934-жылда жазган башка бир макаласында: «Биздин акындарыбыздын алдыдагы турмушка жакыныраак баруу, андагы жаңы чындыктын конкреттүү белгилерин таба билүүгө үйрөнүү милдети, абдан зарыл маселелердин бири болуп турат. Бул маселени чечпей туруп поэзияда жекелик турмушту типтүү көрүнүштөрдө көрсөтүү ордуна автор катары гана чектелүү жана көбүнчө көркөм чыгарманы сабат китебине айдандырууну жоготуу, жоюу мүмкүн эмес. Айрыкча поэзияда көркөм жөнөкөйлүк жана тил жөнөкөйлүгү үчүн күрөш ишин күчөтүү керек» - деп белгилейт[1].

Х.Олимжан «Көктөм» китебинен баштап жашоо жөнүндөгү өзүнүн көз караштарын, ойлорун ырдагы лирикалык каармандын образын таасирдүү, ишеничтүү берүүгө, айрыкча окуя көрүнүштөн көрө, андан пайда болгон ой, сезимди сүрөттөп берүүгө умтулгандыгы байкалат.

Акындын айрым алгачкы ырларындагы идеялык-саясий образдар дүйнөсүндөгү реалисттик эмес түзүлүштөр жана ыр техникасындагы кемчиликтер чыгармачылыгындагы негизи катары саналбайт. «Көктөм» окурмандарга, адабиятка өзүнүн кайталангыс жолуна ээ болгон акын кирип келе жаткандыгынан дарек берет.

Х.Олимжандын чыгармаларындагы жарыктык, жаркындык - нур анын күн, ай, чагылган, кеч, жылдыз, учкун, от, жалын, чок, таң, кызгалдак, алтын-күмүш өңдүү сөздөрдү образдуу колдонуусунда эмес, тескерисинче акындын ар дайым жогорку идея, жакшы сезим, тилектерди мээрим менен сүрөттөп ынанымдуу берүүсүнөн көрүнүп турат.

Ал жаңы жашоонун өкүлдөрү болгон жумушчуларды, жаңы заманды куруучу комсомолдорду сүрөттөөдө, алардын күрөш жана жумуштагы көрүнүштөрүн жогору баалоодо поэтикалык образдар катары күн, жалындын образдарына кайрылат. Х.Олимжан «Алоолонгон чачтар» китебинен тартып, «Муканна» драмасына чейин - бардык чыгармаларында бул образдарга кайрылып, аны ырдан ырга, чыгармадан чыгармага тереңдештирип, өстүрүп, миң сырдуу кырларын чыгарып, реалдуу чагылдырып берип олтурат. Х.Олимжан бул образга бакыт жана шаттыкты сиңдире алган, ушул жагы менен күндүн образы акындын эң сүйүктүү темасы, анын чыгармачылыгынын пофосунун рухун түзүүчү бакыт - шаттык мотиви менен түздөн-түз байланышып синтездешип кетет.

Эгер анын «Көктөм», «Жалын чачтар», «Жарыш» жана согуш жылдары жазылып, басмадан чыгарылган «Колуңа курал ал» топтомдоруна токтолсок, акын аталган теманы ар тараптуу, абдан терең жана татаал поэтикалык сын

[1] Х. Олимжан. Тандалган чыгармалар. Үч томдук. II том. 205-бет.

көз караш менен жазганын көрүүгө болот. Топтомдордогу ар бир ыр өзүнө жараша жетик чыгарма жана алар бири-бири менен поэтикалык жактан байланышта. Мындай абалды «Бакыт» (1940) топтомунан да көрөбүз. Мейли анда чыгармалар эки-үч жыл арасында 1936-38-жылдарда жаралган болсо да, бул чыгармалар ортосунда турган бакыт мотиви акындын алгачкы чыгармаларында эле бүчүр жайып, ошол жылдардан бери өсүп-өнүгүп келген. Акындын 20-жылдардагы чыгармачылыгында башталган «бакыт» темасы күтүүсүздөн болбой, ал 20-жылдарда эле колго алынган сүйүктүү теманын тереңдеп, өзүнүн түрдүү кырларын көрсөтүүсү эле. Ошондуктан бул топтомду Х.Олимжандын ушул мезгилге чейин болгон чыгармачылыгынын синтези десек да болот. Топтомдогу «Бакыт тууралуу» деген главасында гана эмес, андан кийинки үч главадан турган ырлары «Эки кыздын аңгемеси», «Зайнаб менен Анар» да бакыт темасынын идеялык-эстетикалык мазмунун андан ары улайт. Эгер акын 1-главада Бакыт – философиялык толгонууларын жаратса, калгандарында ошол чыгармалардан бери ниет кылынып келген Бакыттын социалисттик коомдо жүзөгө келгендигин айтып, ал ошондон улам Ата Мекен жана совет адамдарынын жүрөгүндөгү «шаттык жана бакыт күүсүн чертет» - деп сүрөттөйт. Х.Олимжандын «Бакыт» топтомундагы бакыт жана шаттык мотиви анын кийинки чыгармаларында да уланат жана ал акындын чыгармаларында эң сүйүктүү темасынын бирине айланып калат.

Октябрь социалисттик революциясы эл үстүндөгү «кайгы тоосун» бүтүндөй алып таштап, эл «түбөлүк эркин бакытка» жетти. Акын элдин мына ушул бактылуулугун жана шаттыгын «Кубанычы дарыя - өңдүү ташып», «көздөрүнөн жаш шыркырап агып келет» – деп көркөм сүрөттөгөн.

Айта кетүүчү жагдай, 20-жылдардын аягында 30-жылдардын башында бүт мамлекет ичинде чоң курулуштар башталып: электростанциялар, металлургия заводдору, фабрикалар, темир жолдор, түндүк жакты үйрөнүү ж.б. максатында эркиндикке чыккан эл чын көңүлүнөн катуу иштей баштады. Жаратуу жана жумуш романтикасы элдин бүт көңүлүн ээлеп алды. Чоң күч менен тез бүткөн курулуштар элдин күч кудуретине жана эртеңки жаркын келечегине чоң ишенич ойготту. Аларда Америка өңдүү алдыңкы мамлекеттерди кууп жетүү, кала берсе андан да өтүү үмүттөрү канат жая баштады. Бул ойлор көркөм адабиятта андан ары толукталды. Мисалы: Х. Олимжандын «Эмне бизге Америка?» өңдүү ырларында ошондой дух өкүм сүрөт. Бирок, булар конкреттүү жашоодон, реалдуу мүмкүнчүлүктөрдөн алыс болгон ой жүгүртүү, кыял болуп чыккан. Чынын айтканда «Эмне бизге Америка?» өңдүү чыгармаларда акындардын таза ниети жаткан болсо да, чындыгында алар жүзөгө аша элек, куру кыял эле.

Х.Олимжандын адабий сын макалаларында да бир жактуулук, чегинүүлөр бар экендигин айтуу керек. Анын «20-жылдардагы Өзбек адабияты», айрыкча Фитрат жана Чолпон жөнүндөгү макалаларында жогорудагы жазуучулардын чыгармачылыгындагы татаалдыктардын тамырларын, себептерин эске албай алардын саясий көз карашы жана чыгармачылык принциптеринде болгон өзгөрүүлөр, чыгармачылык жолго карай шилтенген тетик кадамдар жана өзбек адабияты, маданиятынын өнүгүүсүнө кошкон улуу кызматтары туура бааланбай к... н.

Заман жана махабат, бакыт жана махабат такта... канда махабаттагы бакыт маселесин Х.Олимжан «Зайнаб жана Аман» дастанында терең жана чоң

бийик чыгармачылык менен сүрөттөгөн. Чындыгында акындын дастан жаратканга чейинки мезгилде жыйган чыгармачылык тажрыйбасы Ата Мекен, жаңы доор жана калемгерлер, бакыт жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү ушул чыгармага топтолгон.

Х.Олимжан «Зейнеп жана Амандын» биринчи сабынан эле бул дастандын мазмунун «Лайли Мажнун», «Фархад Ширин» жана «Афалиялар» жөнүндөгү чыгармалардан айырмалоого басым жасаган. Акын дастандын «Киришүү» бөлүмүндөгү эстетикалык программасында да, ырдагы образдар аркылуу дастан жыргал сүйүү жөнүндө сөз кылынышынан кабарлайт.

Зейнеп жана Аман жөнүндө
Айтып берейин жаңы дастан.
Сүйүү оту жакындап жанып
Жүрөктөргө чын туташкан
Зейнеп жана Аман экөөсүн
Сүйүү оту чын күйдүргөн.
Анткени дайым

Махабат - инсандын дайыма бирге болуучу жолдошу. Бирок бул махабаттын артында «кылымдар окуясы өксүп ыйлайт», «сүйүп отко түшкөндөр», «сүйүү кечирген заман ыйлайт». Акын Хосров жана Ширин, Лейли жана Мажнундардын сүйүүсүн талкалаган адамдар, бакыт уруусу болгон ошол замандардан өтүп, жаңы заманга жеткендигин айтып, дастандын каармандары Зейнеп жана Амандын сүйүү тарыхын сүрөттөйт. Бирок бул сүйүшкөндөр тез эле, оңойлук менен өз максаттарына жетип калбайт.

Х.Олимжан Зейнеп менен Амандардын таза сүйүүсүнө тоскоолдук кылган айрым адамдарды, алардын бактысын уурдамакчы болгон күчтөрдү көрсөтүү аркылуу жаңы замандын улуу гуманисттик белгисин талдап берет. Зейнеп жана Амандын сүйүүсүнө тоскоолдук кылган эски заман эмес, ошол эски түзүлүштүн калдыктары болуп саналат: Ушул улуу калдык Зейнептин башына көлөкө салып, «ашына уу», «бактына кол салат». Зейнепти жаштайында Сабырга кудалашып койгондугу үчүн эжеси жана тууган-уруктары аны сүйгөнү Аманга эмес, ошо Сабырга узатуу арекетинде күйүп бышышат.

Х.Олимжан эски заман, эски салттын калдыктары менен жаңы замандын психологиясынын ортосундагы күрөштү драмалык маанайда чагылдырат. Бул күрөштүн негизинде эки замандын ортосундагы сүйүү жана бакыт туруп, бакыт жана сүйүүнүн күрөшү чыгармадагы каармандар: Зейнеп жана анын эжеси Анардын ортосунда жүрөт. Зейнеп – жаңы заман, жаңы адамдардын атынан, Анар – өткөн доордун атынан сүйлөйт. Ошентип, экөөнүн ортосундагы конфликт доорлордун конфлиги даражасына чейин көтөрүлөт. Зейнептин Аманга көңүл койгондугун Анар Хурудан угат. Конфликтин учу Анар менен Хурунун ортосунда башталат. Махабат маселесинде Зейнептин көзү менен кароочу Хуру Зейнеп менен Амандын сүйүүсүн коргойт. «Түшүнүгү кап-кара булут» болгон Анар - эч нерсени түшүнгүсү келбейт, тескерисинче Зейнептин таза сүйүүсүн таптап, аны «бактысыз», «жаман кыз» деп каргайт. Ошондо гана сөзгө Зейнептин өзү аралашып, эжесинин «көшөгөдө көрдүм күйөөмдү», «ушундай өттү бардык аял-кыз», «бакыт ушул» деген далилдерине каршы туруп, бүткүл бактысыздык, кордуктардын натыйжасы ушул, «мен мындай жашоодон

кечтим»:

Сен өзүңдү бактылуу дедиңби?
Эже сен да, адам элеңби?
Көшөгөдө көрүп күйөөңдү.
Туткун болуп, бир бактыңа.

Болгонуңду билген элеңби? - деп айтат. Эже сиңди ортосундагы карама-каршылык күчөйт. Экөө тең өз жолунан кайтпайт. Анар Зейнептен кечип, бир боору экендигинен танат. «Булуттун бир күнү тарашына, эжесинин көзү ачылышына көзү жеткен Зейнеп, өз тагдырын Амандын тагдыры менен байлап чыныгы бакытка ээ болот. Зейнеп өз бактысы, максатынын жүзөгө ашышы үчүн активдүү аракет кылып, Сабырга ичиндеги сөздүн баарын айтат. Жаңыча психологияга ээ болгон Сабыр да аны туура түшүнөт. Зейнеп менен Амандын бактылуулугун көргөн адамдар – заманга ыраазы болушат.

«Зейнеп жана Аман» дастанынын мазмунунда реалдуу окуя жана реалдуу кармандар турат. Зульфиянын айтуусу боюнча Х.Олимжан жазмакчы болгон темасын терең жана ар тараптуу үйрөнбөстөн, рухий даяр болбой туруп чыгарма жазууга отурбаган. Акын Заравшан бойлоп кезип, заман белгилерин адамдардагы жаңы түшүнүк, психологияны кунт коюу менен үйрөнүү үчүн 1933-жылдын 5-апрелинен 29-апрелине чейин Фергана өрөөнүндөгү Мүлкабад, Паласан, Кайнар, Кува айылдарында болуп, көргөндөрүн күндөлүгүнө жазып, болочок поэманын башаты да ушул жерден туулат. Акын күндөлүгүндө ушундай деп жазган эле: «Мен ушундан кийинки жаза турган нерсеме, ушундай бир картина да киргизүүнү ойлодум, анда албетте жаңы үйлөнүшкөн эки ашык болот. Ал экөө тең мен көргөндөй акыры колхозчу болот. Мен алардын биргелешип ишке чыгуусун, бирге эгин эгүүлөрүн, үй-бүлөлүк мамилелерин, колхоздоштуруу аракетиндеги белгилерин көрсөтөмүн. Мен анда экөөнүн ортосундагы эрди-катын проблемасын, мурдагы көз караштагы аял эмес, анын ордуна тең укуктуу жаңы аялды, жана жаңы турмуш эски, мурдакы турмуштун түйшүктөрүнөн арылгандыгын көрсөтөмүн» - деп белгилеген.

1936-жылы 3-январда Свердлов аттуу театрда эмгек алдыңкылары менен таанышуу болот. Анда Зейнеп Аманова менен таанышып, маектешет. Кийин Х.Олимжан Зейнеп Аманова иштеген колхозго барып, анын тагдыры менен таанышат жана «Зейнеп» аттуу очеркин жарыялайт. Очеркте кийинчерээк дастанга негиз болгон махабат, сүйүү мотиви бар эле. Зейнеп мектепте окуп жүргөндө Аманды сүйүп калат. Эжеси болсо аны өзүнүн күйөөсүнүн бир тууганынын уулуна бермекчи болот. Очеркте да Зейнептин эжесинин катуу каршылык кылуусу жана бир боорунан таньшы калемге алынган, бирок очеркте Х.Олимжан конфликтин учун таап алгандыгын көрсөтөт.

-Айттырып жиберген экенсиз, - Зейнеп эжесинин жүзүнө карады. Экөө сыртта отурушту. Эжеси чоочун сүр менен сурады.

-Аман дегенди тааныйсыңбы?

-Тааныймын, Зейнеп тартынбай жооп берди.

-Ошо менен эмне кылдың? - Саранын ачуусу көтөрүлдү.

-Эч нерсе, - Зейнеп дагы тетик жооп берди.

-Эч кимдин уруксатысыз көчөдөн таап тийип кете бересиңби? - Сара ачуусу менен Зейнепке карады.

-Эмне? - Зейнеп чочуп кетти да, эжесине катуу тигилди. -Азырынча эч андай сөз жок. Эгер ушундай сөз болсо, тийишим да сөз эмес.

-Бирге жүрөт экенсиң го?

-Туура мектептен бирге кайткан күндөрүбүз болгон. Бирок, сен айткан сөздөрдүн баары жалган.

-Ачык күндө, жат адам менен ээрчишип жүргөнүң эмне кылганың? - Сара дагы ачууланды.

-Дагы эмне дейсиң? - Зейнеп эжесине тигилди.

-Бузулуп кетипсиң, Аман менен жүрбө дейм. Жездеңдин бир тууганынын уулу бар, сени ошого беремин.

-Эрге тийе турган менби, же сенби? - Зейнеп дагы тигилди.

Дастанда бул көрүнүш кыска, түшүнүктүү кылып берилет.

-Тез сүйлө, болбойбу Сабыр?

-Эже болбойт, сөзүм бар.

-Же мени де, же Аманды.

-Не кылайын колуна бердим жанды.

-Ал болбогурдун заты ким экен?

-Эже, урба жүрөккө тикен!

Зейнеп жана Амандардын кийинки жашоолорун Х.Олимжан өз чыгармасына, жашообуздун жетик, үлгүлүү кишилерин каарман кылып алгандыгын далилдейт. Аман Насруллаев Улуу Ата Мекендик согушта баатырларча курман болду (Смоленскиде), Зейнеп Аманова болсо, Бухара областынын Гиждубан районундагы Фиришкент айылдык советинин раиси болуп иштейт.

Алар согуш деген сөздү уккандан кийин, эки он жылдын ичинде арттырган мамлекеттик байлыктары көздөрүнө миллион эсе кымбатыраак көрүндү. Өз мекендеринин бир ууч топурагы ыйык туюлуп, дарактар, бул бак, бул жайлоолор суу толуп агып жаткан дарыялар мурдагыдан да сулуураак көрүндү. Алар Навоинин «инсан тирүү экен, өзүнүн тамчы канына чейин мекенине сарптайт» - деген сөзүн эске алышты. Алар өз кетмендерине карады да өз кетмендерин курал менен алмаштырыш керек экендигин түшүнүштү.

Кудум ушул мезгилде, ырайымсыздык менен Европаны басып өтүп, эч жерде, эч кимдин соккусуна туш келбеген душман Балтика деңизинен тартып Кара деңизге чейинки шаар, кыштактардын барын талкалап Мекенибиздин боштондугуна бузукучулук салган эле.

Ошондуктан Х.Олимжандын согуштун алгачкы жылдарында жараткан чыгармаларынын негизги бөлүгү алга жүрүү, жеңишке умтулуу жөнүндөгү ырлар түзгөн, акын элдин духун, анын тынч жашоо менен кайнаган жүрөгүн жаңы изге, баатырдык изине салууга чындап бел байлаган эле.

Х.Олимжандын «Колуңа курал ал!» (1941) аттуу ыры мына ошондой баатырдык духка толук толтурулган ырларынын бири эле. Акын элдин жүрөгүнө таасир эте турган, анын душманга болгон жек көрүүсүн булактай кайната ала турган, Ата Мекен жана инсандык улуу наамдын атуулдук парзын түшүнүп, ага жетүүгө жардамдаша ала турган сөздү таба алган.

Көрсүн десең дүйнөнү көзүм,
Бышсын десең багымда жүзүм
Үмүт менен өстүргөн кызым,
Десең, эгер болбосун убал

Колуңа курал ал!

Болсун десең сага дүйнө кең,
Калсын десең колуңда эркин,
Болойун десең сен адамга тең,
Болбойун десең душманыңа кор:
Колуңа курал ал!

Мындай баатырдыкка үндөө акындын ушул эле ырында эмес, анын ушул топтомго кирген калган ырларына да мүнөздүү. Бул ырларда баатырдык, публицистикалык дух, баатырдык жана поэтикалык жогорку сезим, активдүү дидактика жана философиялуулук, афоризмдик ойлоого жакындык даана көрүнөт. Х.Олимжандын көпчүлүк ырларынын лирикалык каарманы - эне. Эне жана мекен түшүнүгүн өзүнө сиңирген бул образ Х.Олимжандын «Эне жана уул» (1942) топтомунун башкы каарманына сиңирилген. Элдик дастандардагыдай эле өз уулдарына ак батасын берип согушка жөнөтөт. Эл дастандарындагы энелердин сөздөрү, баталары элибиздин рухуна сиңип кеткендигинен улам акын энени ошо мотивде, ошо усулда сүйлөтөт. «Жигиттерди фронтко жөнөтүү» ырында:

Согушта эч чегинбегин!
Түлкүнү арстан болуп бас!
Тырмак менен жүрөгүн жырт,
Колуңду дар кылып ас!

Х.Олимжан Өзбекстанга эвакуацияланган элди күтүп алууда жана аларды жайгаштырууда активдүү катышкан. Келген меймандарды өзбек эли жакшы күтүп алгандыгын көргөн Х.Олимжан: «Батыштан Чыгышка көчүп келе жаткан Совет кишилеринин улуу эвакуацияланышын көркөм түрдө чагылдыра турган жазуучу албетте табылат» - деп жазды. Ушундай акындардын бири анын өзү болду.

Х.Олимжан согуш жылдарындагы өзбек совет адабиятынын өнүгүүсүндө жана Өзбекстанга келген орус жазуучулары, окумуштууларынын жашоосунда чоң уюштуруучулук ролду өтөйт.

«Алимжан ушундай сөз усталары катарында турат» - деп жазган эле В.И.Жирмунский - булар үчүн поэзия коомчулук менен жаңы жашоо курулушунда активдүү катышуу менен тыгыз байланышкан. Өзбекстан жазуучулар союзунун жооптуу секретары болуп иштеп турганда өзүнүн коргоочусу көпчүлүк экендигин көрсөтөт. Өзбек классиктери боордош акындарды, элдик эпосторду орус тилине которду, өзбек классик жана азыркы доор поэзиясынын антологиясын түзүү менен бир топ классик жана жаңы орус адабиятчылардын чыгармаларын өзбек тилине которушту. Буларды Х.Олимжандын Өзбекстан Жазуучулар Союзунун секретары катары катышкан жана башкаруучулук кылган иштеринин кыскача бир үлгүсү деп эсептөөгө болот.

Ал 1943-жылдын 18-февралында фронттогуларга белек-бечкек алып бара жаткан Өзбек делегациясынын составында Москва аркылуу Борбордук фронтко барат. Жолдо советтик аскерлердин баатырларча күрөшүн, фашисттердин ырайымсыздыгын өз көзү менен көрөт. Жолдо көргөн согуш окуялары акындын фашизмге болгон жек көрүүсүнө жек көрүү кошуп, совет элинин жеңишине болгон ишенимин дагы да ашырат. Акын бир орус

полковнигинин «азыр бардык элдердин балдары жакшы согушуп жатышат» деген сөздөрүн угуп кубанат.

Сапардан кайтып келе жатканда жазган макаласына «Бирдик» деп тема коюшуна жана «Мен согушка кеткен жана үйдө калган кишилердин жүрөгүнүн бирдигин, күндөн-күнгө бири-бирибизге жакын, ажырагыс болуп калышыбызды, фронт жана мамлекеттин, Мекенибиздин улуу, жалгыз жүрөгүн ойлоймун» - деп жазышы да бекеринен эмес.

Х.Олимжан Москвадагы жазуучулар клубунда 1943-жылы 4-декабрда «Өзбек элинин адабияты» деген темада жасаган докладында (ушул күндөрдө Москвада өзбек адабияты декадасы өтүп жаткан эле) жеңишке жетерибизге ишеничтүү духта атайын басым жасайт. «Азыр коркунучтуу согуш күндөрүн башыбыздан өткөрүп жатабыз, бирок алдыбызда жеңиш, шаттык жана бакыт... Өзбек адабияты жеңиш, бакыт жана шаттык катарында жашайт» дейт. «Үмүт жана ишенич» макаласында согуш жылдарындагы, жакшы ниет, сезим, ийгилик казынабызга, жеңишибизге болгон ишенич элибиздин ар дайым жолдошу болду» - деп айтат.

Мына ушул зор сезим анын 1943-жылдын аягында жарык көргөн «Ишенич» аттуу ырлар топтомунун негизги пафосун түздү. «Жигиттерди согушка жөнөтүү», «Колуңа курал ал!», «Жакындык», «Москваны мен билемин», «Аскер Турсун», «Россия», «Бүчүр», «Сүйүү» өңдүү ырлары согуш мезгилинде өзбек лирикасынын жеңиши болгон чыгармалардын кан тамырына сиңип кеткен. Ата-энелер өз уулдарына жазган каттарында: «Жеңиш колуңарда баатырлар» деп алардын көңүлүн көтөрүшүп, ар бир аскер, ар бир совет кишиси жеңиш күнүнүн жакын келгендигине кубанышкан. Аскерлер фашизмди жер менен жексен кылуубузга үстүнөн жеңишке жетүүбүзгө ишенет эгер согушта өлбөй үйүнө кайтса ыйык шинелин үйүнүн төрүнө эстелик кылып илип коюуга касам ичет жана элинин башына оор күн түшпөстүгү үчүн уулу чоңойсо ага кийгизип коюуну ойлоп коет деген идея даңазаланган.

Х.Олимжандын «Муканна» чыгармасы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы өзбек адабиятындагы белгилүү окуя болду. Драматург алыскы тарыхый окуяны - азыркы замандын саясий окуясын чагылдырууга, согуш мезгилинин тапшырмаларын аткаруу жана талаптарын орундатууга кызмат кылдыра алды. Ал VIII кылымдагы Муканна башчылыгындагы элдин эркиндик жолундагы күрөшүн сүрөттөө менен бирге совет элин фашизмге каршы аеосуз, эркиндик үчүн күрөшүүгө чакырат. Муну менен ал элдин улуу мекенди сүйүү жана ал үчүн күрөшүү духуна жаңы дем кошуп, көмөк берди. Муканна менен Гүлайынын жашоо жана күрөш жолу, алардын ийилбес мүнөздөрү, улуу инсандык сезимдерине немец баскынчыларына каршы эрдик менен согушуп жаткан элибиздин руху жана сезими менен туташ эле. Ошондуктан чыгарманын даңкы тез тараган.

Драматург Абу Бакир Ибн Жагфар Наршахийдин «Бухара тарыхы» китебине көбүрөөк таянган болсо да, Муканна окуясына тиешелүү башка тарыхый китептерди көрүп окуп чыккандыгы да анык. Ал Бартольдун «Туркестан тарыхы», Вамберинин «Бухара тарыхына» таандык иштерин, А.Ю.Якубовскийдин «Тарабийдин 1238-жылдагы козголоңу» макаласын жана Берунийдин чыгармаларын окуганына шек жок. Балким Х.Олимжан өзүнүн жакын досу Айний менен бул жөнүндө маектешкен болушу мүмкүн.

«Муканна» чыгармасы жарык көргөндөн бир аз кийинчерээк 1944-жылда С.Айнинин Душанбеде «Исени Муканна» - «Муканна козголоңу» чыгармасы басылып чыгат.

Х.Олимжандын жеке архивинде драманын орусча басылышы үчүн көздө тутулган «Муканна» темасындагы орус тилиндеги кичинекей бир справка бар. Анда төмөнкүлөр жазылган:

«VIII кылымдын 2-жарымында Орто Азияда элдин араб башкаруусуна каршы эркиндик күрөшүнүн кызуу учуру эле» - деп жазат. Х.Олимжан элдин кызыкчылыгын ойлогон араб башкаруучулары менен байланышта болгон соодагерлерге каршы күрөшкө башчылык кылган улуу жолбашчылардын бири Хошим Ибн Хаким - жашыруун аты Муканна - болгон. Бул мезгилде эл арасында баскынчылар зулумунан бошотуу үчүн күрөштү жетектеген пайгамбар жана улуу жол башчылар алла тааланын өкүлү экендиги жөнүндөгү кабар кеңири таралган эле.

Өзүн Иса, Муса жана Абу Муслим өңдүү мурдакы олуялардын тукумунан болгон, өзүн кудай деп атаган Муканна да ушундай кылган. Ал көк чүмбөт менен жүзүн адамдардан жашырып жүргөндүгү үчүн, бул нерсе арабдар тарабынан анын Муканна деп аталышына себеп болгон. Күрөштө ырайымсыздык менен кан төгүүгө, адам өлтүрүүгө жол койгон маздакизм тарбиясы дыйкандар аракетине идеялык көмөк берген. Орто кылымдагы чыгыш дыйкандарынын боштондук аракетинин улуу жол башчысы Муканна да мына ушул тарбияга таянып, өзүн адам түрүндөгү кудай, өзүнө караштууларды болсо «ак көйнөктүүлөр» деп ошо мезгилдеги Түркстан территориясын басып алган араб баскынчыларына каршы чоң козголоң көтөргөн. Араб башкаруучулугу үчүн оор сыноо мезгили келген.

Козголоң башталгандан 2-3 жыл кийин Муканнанын колуна чоң армия топтолуп, анын желектери өзү тарабынан колго алынган чоң, бекем коргондор үстүндө желбирей баштаганда арабдардын улуу кол башчылары чегине башташат. Абдан чоң территория Муканнанын колуна өтөт. Бухара жана Самаркандды багындырып алуусуна, баскынчыларды талкалап таштоолоруна жана башкаруучулукту өз колуна алуусуна аз калат.

Муканнанын бул согушу айрым маалыматтарга караганда – жети жыл, орто кылымдагы чыгыштын улуу аалымдарынан болгон Хорезмдик Ал-Берунийдин оюнча 14 жылдан кем болбогон.

Араб башкаруучулугуна коркунуч туудурат. Исламды бүт жок кылып Муканнанын таасири дүйнө бойлоп жайылат, деген коркуу баскынчыларды өздөрүнүн бардык күчүн Муканнага каршы жумшоого аргасыз кылат. «Ак көйнөктүүлөрдүн» да күчтөрү начарлай баштайт, Муканна өлөт. Бирок Муканнанын өлүмүнөн жана анын улуу аракетинен кийин араб баскынчыларына Түркстан территориясында тынч башкаруучулук кылуу убакты бүтөт. Себеби дыйкандар аракети бир областта бастырылса, ошол эле мезгилде башка жерде дагы жаңы күч менен ырбай баштайт.

Пьеса укмуштуу романтикалык эл каарманы жана «ак көйнөктүү» кишилердин өз эли жана мекенинин эркиндиги, бакты жана боштондугу үчүн көтөрүлгөн улуу күрөшкө аталып жазылган. Мына ушул толук келтирилген справкада коюлган проблема жана чыгармачыл ниет «Муканна» чыгармасында толук жүзөгө ашырылган. Эң оболу Х.Олимжан Муканнанын башчылыгындагы боштондук кыймылын пьесада да араб баскынчыларына,

жергиликтүү бай-манаптарга «Өз залымдарына» каршы каратылган кыймыл катары берет.

Айткандай чыгармада эркиндик үчүн күрөштүн зор күч менен сүрөттөлүшү, мекенди сүйүү идеясынын терең ачылып берилиши, Муканна жана Гүлайымдагы каармандык мүнөздөрүнүн өтө жогорулатып көрсөтүлүшү, окуялардын курч драмалык негизде өнүктүрүлүп барылышы, каармандардын ичиндеги жогоркуларга тең болгон учурлар «Муканнаны» тарыхый-романтикалык чыгарма даражасына көтөргөн.

Тарыхый маалыматтарда Муканнанын көптөгөн илимдерди, айрыкча аскер илимин жакшы билген, элдин жүрөгүнө кире ала турган, ашкан баатыр, бир сөздүү личность экендиги жөнүндө айтылат. Ал эч кандай динди тутунбайт, тескерисинче өзүн: «Кудай да мен, адам да мен, эркиндикти пир туткан сөзүм, жакшы жашоо – сыйынган кудайым - дейт. Наршахий китебинде Муканнанын ар областтарга жеке катын жиберип, элди өзү тарапка чакырганы жазылат. Анын жазышынча Муканна ар жерлерге төмөнкүдөй каттарды жиберген:

«Ырайымдуу жана кечиримдүү кудай атынан, улуулардын улуусу Хашим Ибн Хакимден паланча уулу түкүнчөгө, кудай улук, андан башка кудай жок, ал адамдын да Нух Ибрахим, Иса, Муса, Мухаммед жана Абу Муслимдердин да кудайыдыр. Андан кийин кудурет, ээлик, урмат Муканнаныкыдыр! Мага келтириң жана ушуну билгиле падышалык меники. Менден башка кудай жок. Ким мага ыйман келтирсе, бейиш ошонуку, ким мага ыйман келтирбесе, тозок аныкы».

Х.Олимжан бул фактыны алат, андан «Эркиндик кудайы» жана «Сөзү боштондук» болгон Муканнанын образын түзүүгө ылайыктап, чыгармачылык менен пайдаланат. Муканнанын өз сөздөрүндө да каттагы белгилер так берилген.

Душмандардын кордугунан кутулсак,  
Болгон ар ким өз үстүнө кийип ак.  
Келип кабыл кылсын менин жолумду,  
Жакырларга узатамын колумду.  
Мага келсин, бардык кордук көргөндөр,  
Мухаммеди, Исасы да өзүммүн,

Ибрахими, Мусасы да өзүммүн,-деген сөзүнө Наршахий баа берет. Ага карабай, Х.Олимжан андагы фактыларды иргеп алып, жазуучулук өнөрү, фантазиясынын жардамында алардан тарыхый чындыкты жаратууга пайдаланган. Наршахий Муканна жөнүндө «таз жана бир көзү көр болгондуктан дайыма көк чүмбөт кийип жүрөт эле» деп эскерет. Бир нече бөлүмдөн кийин Муканнанын элүү миң аскери жыйылып, «Өз жол башчыбыздын жүзүн көрбөй эч жакка барбайбыз» - дегендерин келтирет. (Наршахий, Муканна өз жүзүн адамдарга көрсөтпөө үчүн оңой ыштоо менен кутулганын айтат).

Х.Олимжан бул деталдарды чыгармадагы конфликти дагы да тереңдетүү, Муканнанын образындагы романтикалык духту күчөттүрүү үчүн пайдаланат. Дыйкан Хаким Муканнаны «макоо, көзү көр имиш» деп аскерлер арасына сөз таратат. Кези келип, көпчүлүктүн атынан жүзүн көрсөтүүсүн сурайт. Муканна, «Жок, мен сизмин, көзүм сиздерге окшош, бул көздөрүм да адамдардын көзүндөй. Жеңиш күнү чыкканда элге жүзүмдү көрсөтөм» - дейт.

Ушинтип акын Муканнанын бул касиетине философиялык мазмун жүктөйт. Душман басып келип, Муканнанын аскерлери айла таппай турганда, Хаким качууну сунуш кылат, ачууланган Муканна аны өлтүрүүгө буюрат. Адабиятчы Б.Имамов Хакимдин образынын прототиби тарыхый личность – Хаким Ибн Ахмад деген оюна таянып, драматург «тарыхый чындыкты реалдуу жана конкреттүү түрдө берүүдөн четке чыгып кеткен» - деп жазат.

«Муканнадагы» Хаким тарыхый личность Хаким Ибн Ахмад эмес автордун ичтен чыгарылган образы болуп, ал аркылуу акын коркок аскердин образын түзгөн. Саид болсо тарыхый личность – Сахид Хараший. Тарыхый маалыматта да, чыгармада да Муканна Сахид менен катуу талашат. Х.Олимжан Сахид менен Муканнанын ортосундагы конфликти күчөттүрүү максатында Сахиддин Гүлайымга ашыктыгы линиясын киргизет. Сахид Гүлайымга үйлөнмөкчү болот, бирок чыгарманын аягында Гүлайымды өлтүрөт.

Наршахийдин китебинде «Марвта арабдардан Абдуллах Ибн Амир наамы менен бир киши бар эле, ал Муканнага сыйынып, кызын ага аялдыкка берди» деген саптар бар. Кыздын атасы согушка катышкан катышпагандыгы жөнүндө да сөз жок. Ошого карата Гүлайымдын образы да анын фантазиясынын мөмөсү болгон образ болуп эсептелет.

Гүлайындын образы эл дастандарындагы баатыр аялдарга окшош. Ал да ар тараптуу сулуу жана баатыр, ар кандай аскерди да жеңе алат. Гүлайын да гүлдү, жазды сүйөт, бирок булар бактылуулук белгиси эместигин жакшы билет. Ал эркиндикке жетектөөчү Муканнаны тапканына кубанып, эртеңки күнүнө үмүт менен карайт анын көзүнө «дүйнө сулуу болуп көрүнөт».

А.Фадеев Гүлайынды Француз революционери Жанна Д'Аркка окшотуп: «Эл жол башчысы Муканна жана өзүнө тең өзбек Жанна Д'Аркы болгон Гүлайындын образдары Алимжандын чоң көркөм жемиши» - дейт.

Муканнанын өлүмү тууралуу тарыхый маалыматтарда да ар түрдүүчө берилет. Х.Олимжан Муканнанын өзүн отто күйгүзүшүн факт кылып алат жана аны чыгарманын кайгылуулугу, баатырдык жана романтикалык духун белгилөөгө иштетет. Муканна душман колуна түшкөндөн көрө отто жанып «отко кошулуп, түбөлүк от болууну» «ар намыс оту болуп жанып, миллиондор канына кошулууну» артык көрөт.

«Муканна» түздөн-түз Улуу Ата Мекендик согуштагы аскерлерге, Мекен коргоочуларына карата жазылган чыгарма. Х.Олимжан каармандардын монологдоруна чоң орун берүүгө, бул монологдорго терең философиялык ойду, көтөрүңкү маанайдагы, чакырык маанидеги сөздөрдү сиңдирүүгө аракет кылган. Анын маанилүү жана оттуу сөздөрү түздөн-түз залга, көрүүчүлөргө карата айтылгандай:

Моюн сунуу мүмкүн эмес жигиттер,
Баатырларга мурдатан жат бул өнөр.
Сапырылып жатат мекен күл болуп,
Ата-энеңдин жүрөгүнө күйүт салдың.
Жүз миң балээ келсе дагы башыма,
Бир карыш да чегинбеймин артыма!

Х.Олимжан монологдорду иштөө жана анын драматикалык жактарын жандуу көрсөтүү, каармандардын тагдыры ж.б. иштөөдө Шекспирден азыктангандыгы даана көрүнүп турат.

Х.Олимжандын «Эне намысы» аңгемеси жана ушунун негизинде жаралган «Аскер Турсун» балладасында да «Ата мекен» үчүн күрөшүп жаткан мезгилде айрым кишилерде пайда болгон психологиялык абалдарды ишенимтүү кылып ачып берген. Алгач Турсун коркуп, согуш майданынан качмакчы болот. Ошол мезгилде энесинен кат барат. Энесинин ыйык сөздөрү, Мекен атынан айтылгандай туюлат. Акын эне аркылуу Мекендин образын түзөт.

Жигит болуп дүйнөдө
Ушул үчүн жүргөн белең?
Өз жеринен чегинген
Баатырды көргөн белең?

Элиң үчүн төккөнү
Жокпу бир кашык каның?
Мекен топурагынан
Ширин экенби жаның?

Эненин бул сөздөрү Турсунга күч, кайрат берет да, тез согушка кирет. Эми ал өлүм билбейт, көзүнө жан көрүнбөйт. Турсун баатырларча салгылашып жатып курман болот. Чыгарманын аягында Х.Олимжандын чыгармачылыгына мүнөздүү болгон дагы бир белги өзөгүн көрсөтөт. Х.Олимжанда жалпы үй-бүлө, - интернационализм сезими өтө күчтүү. Ал бүткүл көп улуттуу совет мамлекетин өз мекени деп эсептейт жана бул сезимин «Ант» (1935) деген ырында: «Түндүктөн түштүккө, чыгыштан батышка чейин созулган менин мекеним» деп жазган эле. Согуш мезгилинде Х.Олимжан аскерлерге карата «Мекен үчүн согушта жан алып, жан берип жаткан өзбек жигити бизди ук. Сенин мекениң бүгүн Амур дарыя менен Сыр дарыя аралыгы эле эмес, Коммунисттик партия сага улуу мекен берди. Амурдан Волга дарыясына чейин, Алыскы чыгыштан Балтика деңизине чейин, Түндүк муз океанынан Кара деңизге чейин, Хорезмден Ленинградга чейин, Андижандан Мурманскиге чейин сенин мекениң! – деп, үнүнүн барынча «Биздин жашообуз достуксуз болушу мүмкүн эмес, достук бул биздин жашообуз. Биз өз эркиндигибизди да бирге алганбыз. Жакшы бар үй-бүлөсүн, чыныгы мээнет менен тапкан нанын өз ара бөлүшкөндөй, биз да өз тагдырыбызды бирге өткөрөбүз» дейт. «Аскер Турсун», «Раксананын көз жаштары», «Россия» чыгармаларында да Мекен сезими өтө терең жана таасирдүү берилет.

Х.Олимжан совет кишилеринин жүрөгүндөгү, сезиминдеги мына ушундай жаңы сезимдер, жаңы белгилерди тез сезе турган, аларды зор күч менен чын жүрөктөн жаза турган курч граждандык акын болгон.

# АЙБЕК (1905-1968)

Муса Ташмухаммет уулу Айбек 1905-жылы 20-январда Ташкент шаарында ишмер адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ата-энеси аны жашынан эски усулдагы мектепке беришет. Бирок ал окуп жаткан мектепте окуучуларга системалык түрдө билим берилбейт эле. Айбек бардык мээнеткеч балдар сыяктуу Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынын орношу менен Совет

мектептеринде окуп билим алыш укугуна ээ болот. Ал 1918-1921-жылдарда «Намуна» аттуу башталгыч мектепте окуп, 1921-1925-жылдарда Алишер Навои аттуу Ташкент педагогика техникумуна кирип окуй баштайт. Айбек техникумда окуп жүргөн кезинде эле өткүр, зээндүү, китеп сүйгөндүгү менен башкалардан айырмаланып, болочок жазуучу 1925-жылы техникумду бүтүп орто мектепте мугалим болуп иштөө менен бирге Орто Азия мамлекеттик университетинде (Азыркы В.Ильич Ленин атындагы Ташкент мамлекеттик университетинде) окуй баштайт. 1929-жылы Г.В.Тихонов атындагы Ленинград калк кожолугу институтунда окуп, кийин Ташкентке кайтып, Орто Азия мамлекеттик университетинде окуусун улантат. 1930-жылы окуусун бүтүрүп, ушул университетте 1931-жылга чейин иштейт. Кийинчерээк А.С.Пушкин атындагы Өзбекстан ССР тил жана адабият институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. Айбек адабий чыгармачылык өмүрүн ыр жазгандан баштаган. Педагогика техникумунда окуп жүргөн мезгилде дубалгазетага ырлары чыгып турган. Ал кездерин эстеп автобиографиясында мындай дейт... «Элес дарыясы кең болчу менде, секин-секин өзүмчө аракет кылып, бир, эки ыр жазып көрдүм. Эсимде бар, биринчи ырым техникумдун «Таң жылдызы» деген дубалгазетасына чыкты, кийин ушул газетага өзүм автор болдум. Акырындык менен Республикалык газеталарга ырларым чыга баштады».

Айбек 1925-жылы жазган «Жумушчуга» ырын өз чыгармасынын төл башы деп эсептейт. Жазуучунун биринчи ырлар топтому «Туйгулар» 1925-жылы басмадан чыгып, ага жазылган ырларында жаңы доор даңкталуу менен, «Жумушчу» ырында жумушчулар табынын чыгармачыл жөндөмүн жана кудуретин чын жүрөктөн ырдайт. «Жер кимдики»? (1925-ж.) ырында болсо Коммунисттик партия жана совет өкмөтүнүн мээнеткеч дыйкандарын жер менен камсыз кылуу керектигин чын көңүлдөн колдоп, дыйкандарды жакшы мээнет кылууга чакырат.

Жазуучунун «Туйгулар» топтомунда айрым ырлары үмүтсүздүктөн көңүл чөгөргөн пессимистик маанайда жазылып калган менен жаш жазуучунун төл чыгармаларындагы мындай маанай өнүгүп жаткан жаңы замандын таасиринде жоголуп отурат.

Жеңген жаңы заман доорунда совет адабияты, анын ичинде жаңы өзбек адабияты өнүгүп, жазуучуларыбыздын саны көбөйдү, жаш таланттар жетилип чыкты. Жаштар дүйнө адабиятынын ичинде айрыкча улуу орус адабиятынан колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту, Айбек ошондой таланттардын бири. М.Горький, В.Маяковский, Д.Петкелердин чыгармачылыгынын таасири аркылуу жаш өзбек жазуучуларыбыз турмушту революциянын өнүгүүсүндө түшүнүп, аны анык көрсөтүп берген чыгармаларды жаратты.

Айбек бул доордо жаңы заман окуяларын чагылдырган жаш совет шымерлеринин мээнеткеч каармандары жөнүндө «Днепрострой», «Илимге жүрүш», «Комсомолка - жумушчу кызга» сыяктуу лирикалык ырларды жана «Өч», «Дилбар доор кызы» поэмаларын жазды.

Ырчы «Днепрострой» (1930) ырында Советтик наамдын Днепр сыяктуу дарыяларына теңелип, аларды социалисттик курулуштун пайдасына баш ийдирген совет калкынын улуу күчүн жана кудуретин сүрөттөсө, «Илимге жүрүш» (1930) ырында коммунисттик партия жана совет өкмөтү калкыбыздын духовный, саясий жана маданий жактан өнүгүшү үчүн бардык шарттарды

жаратып берип жатканын зор ишеним менен алкап, мамлекетибиздин ар тарабынан жаш күчтөрдүн, илим жана техника ыкмаларын билиш үчүн зор кызыгуу менен орто жана жогорку окуу жайларына келип жаткандыгына кубанат.

Ошону менен бирге жазуучу мамлекетибиздин кал-- жамаатты илим жана техника ийгиликтеринен пайдаланышынын негизинде өнүгүп жатканын айтып, советтик жаштарды илимди жакшы өздөштүрүшкө чакырат.

Айбек советтик окуяларга терең сезим менен катуу киришип, чыгармачылык тажрыйбасы улам өркүндөп өсүшү менен чоң романдарды жаратууга жардам берип, поэма романдарды жаратууга белсенүү менен киришет. «Өч» (1932) поэмасында өткөн мезгилдеги бай-феодалдарга каршы карапайым элдин көтөрүлүшүн жазуучу эки мээнеткеч жаштын сүйүүсү байлардын бийлигинин күчтүүлүгүнүн натыйжасында жок кылынгандыгынын мисалында сүрөттөп көрсөтөт. Таза дил жана март жигит Калкожо байлардын кол алдында, эмгегинде оор мээнет кылып күнү өтөт. Өмүрү запкыда өткөн жигит алардын бейнамыс жана зулумдугун көрүп ачууланат, бирок аларга каршы күрөшүүнүн жолун билбейт. Жазуучу – анын мүнөзүнө ылайык жагдайлар менен портретин ынанымдуу сүрөттөгөн. Мындай мүнөзү менен Калкожо жигиттердин эң жакшысы болуп таанылган сыяктуу кыздардын арасында да жылдыздуу акыл-эстүү, мээнеткеч жана күчтүүлүгү менен калк мактоосуна ылайык кыздар бар эле. Лайлихан ошондой кыздардан. Эл арасында даңкы таш жарган эки азамат - жаш колхозчу менен Лайлихан бири-бирин көңүлүндө жакын тутуп жүрүшкөн менен бирок учураша алышпайт. Эрки күчтүү Лайлихан убакыт таап Калкожого бир көрүнөт да анын көңүлүнө сүйүү пайда кылат. Алар жашырынып учурашып турушат, бирок эки доор алардын сүйүүсүнө жол бербейт. Ушул мезгилде көп катындуу байдын Лайлиханга көңүлү түшөт да, кыздын атасына акча берип, башын тегеретип, Калкожону жоготууга аракет кылат. Ал атасынын байлыгына, падыша өкмөтүнүн колдоошуна ишенип, кыйынсынган бай адамдар арасында Калкожону маскара кылып, камакка алдырат. Лайлихандын канаты кайрылат, эми ал байга тийгенге мажбур болуп, айласы кеткен кыз ага тийгенден көрө өзүнө өлүмдү ыраа көрөт. Калкожо камактан качып келип, Лайлихандын өлгөнүн билет, байдан өч алат. Эми анын байларга болгон кыжырдануусу артып, күчөгөндөн күчөйт. Мээнеткеч жигит Калкожонун таза сүйүүсү жана байларга каршы чыгышы бөлөк сүйүү - Ата-Мекенин сүйүү менен синтездештирилүү менен жазуучу жаштардын укугун жоготуучу, таза жүрөктөрдү жокко чыгаруучу байларга наалат айтат.

Айбектин «Өч» поэмасы өзбек калкынын Улуу Октябрь революциясынан мурунку оор заманды реалисттик духта сүрөттөгөн чыгармалардын бири. Айбек булардан тышкары кыз-келиндердин азаттыгы тууралуу күрөш жөнүндө «Дилбар доор кызы», (1932) совет бийлигин түргүзүш үчүн күрөшкөн өзбек жумушчулары жөнүндө «Темирчи жоро» (1933) поэмаларын жазат.

Белгилүү өзбек адабиятын негиздөөчүсү Хамза Хакимзаденин Улуу Октябрдын жеңиши күндөрү жазган ырлары: «Биз жумушчубуз», «Жумушчу баба» жана башкаларда биринчи болуп Октябрь революциясын күнгө салыштырып, жумушчуларга карата: «Биздин бактыбызга чыккан бул күндү

унутпа!» - деп жазган. Ошол күндөрдөн баштап бул образ өзбек адабиятына сиңип, Октябрь революциясын күндүн образында көрсөтүп беришкен. Айбек Улуу Октябрь социалисттик революциясынын 20 жылдыгына арнап «Күн ыры» (1977) аттуу ырын жазып, чыгармада автор Улуу Октябрь революциясын ааламга өмүр тартуулоочу өчпөс күнгө окшотуп, мындай доорго жетишүүгө башчылык кылган Коммунисттик партияны, улуу Лениндин атын жогорку урмат сый менен даңктайт. Муну анын «Жыйырма жаштагылар менен сүйлөшүү» (1937) ырындагы

Ленин - бул наам өчпөс байрак,
Ленин - жаңы тарыхтын ана башы.
Ленин өмүр китебинде тоодой бийик
Ленин күндөн да нурдуу күндөн да жарык, - деген саптарынан

көрөбүз. Ошондой эле «Ленин мавзолейинде» (1948) чыгармасында да Ленинге болгон калктын сүйүүсү, урматы баян этилет.

Акын эл достугун ар бир калктын жакшы ырчылары, аткаруучулар жана окумуштуулары башка калктарга дагы тиешелүү болушун, ошондон улам калктар бири-биринин маданиятын өз ара байытууну акыйкат деп тануусун, кубаныч менен ырдайт. Ага «Пушкин» (1949) ыры мисал болот, улуу Пушкиндин «Евгений Онегин» романын биринчи болуп өзбек тилине которот. (1937) Анын бул кызматы чоң маданий иш гана болбостон өзбек калкынын улуу Пушкинге, улуу орус калкына болгон урматынын белгиси экендигин далилдейт. Айбек М.Лермонтов, Л.Толстой, М.Горький ж.б. улуу жазуучулардын айрым чыгармаларын өзбек тилине которгон жана жаңы чыгармалардын үстүндө тынбай иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы бардык ырларында совет элинин азаттыгы жана өз калкын сактап калууга аракетин «Ата-Мекен жөнүндө», «Жигиттер», «Коштошуу» сыяктуу ырларында чагылдырып, совет армиясынын улуу күрөшүн ырдайт. «Айна эже», «Раиса» сыяктуу ырларында мамлекеттик ишке чын жүрөктөн урмат менен мамиле жасагандыгын сүрөттөсө, советтик патриоттордун Улуу Ата-Мекендик согуштагы каармандыгын «Күн карарбас» романында чагылдырат. Булардан сырткары бул жылдарда согуштан мурунку жылдарда баштаган «Навои» романын жазып бүтүрөт.

Айбек согуштун биринчи күнү жазган «Душманга өлүм» (1941) ырында совет калкынын душманга каршы кыжырлануусун сүрөттөсө, душмандын баары бир жеңилээрин, совет элинин күчүн «Автомат» (1942) жана башка ырларында көркөм чагылдырып.

Советтик армиянын согуш майданындагы кызуу күрөшүн жакындан билүү үчүн Айбек 1943-жылдын башында фронтко барып, жоокерлер жөнүндө бир нече ырларды жазат жана роман жазыш үчүн материалдарды топтойт: «Шарттуу кишилерди терең үйрөнүп уруш жөнүндө жазыш мүмкүн экендигин түшүнүш үчүн фронтто бир нече жыл калып кеттим.» - деп жазат акын. Айбектин атын проза жанрында көкөлөткөн романы «Куттуу кан» 1938-жылдары жазылып бүтүп, 1940-жылдары басмадан жарык көрөт.

# 50-80-ЖЫЛДАРДАГЫ ЖАҢЫ ӨЗБЕК АДАБИЯТЫ

Кайсыл тарабынан албайлы бул тарыхый доордун өзөгү чексиз. Анткени каалайбызбы, каалабайбызбы мурдакы совет калкы лениндик партиянын башчылыгында коммунизмди куруунун программасын ишке ашыруунун аракетинде тарыхый доорду өз башынан кечиргендиги маалым. Натыйжада советтик жамияттын бул туурасындагы иш аракеттеринин зарыл шарттарын жаратыш максатында бардык нерсе инсан үчүн, инсандын бакты үчүн деген проблема колго алына баштаган.

50-80-жылдардагы партиялык саясат совет өлкөсүндө тынчтыкты орнотуу, империалисттик жана прогрессивдүү көз карашка келишпестик менен мамиле кылуу, Улуу Ата мекендик согуштан кийин бутка туруу, космосту өздөштүрүү сыяктуу проблемаларды көтөрүү, аны ишке ашыруу менен бирге көп улуттуу совет адабиятынын бир бөлүгү болуп өзбек совет адабияты да өзүнүн жаңыча өнүгүү жолуна түштү.

1954-жылы декабрь айында болуп өткөн Советтик жазуучулардын II съезди ошол мезгилдеги совет адабиятынын тарыхында өзгөчө чоң окуя болду.

Съездде «Совет адабиятынын абалы жана эрежелери тууралуу» А.Сурков доклад жасап, ошонун катарында К.Симонов проза, С.Бургунин поэзия, А.Корнейчук драматургия, В.Полевой балдар жана өспүрүмдөр адабияты жана андан тышкары П.Антопольский, М.Ауэзов ж.б. тарабынан ошол кездин адабиятынын абалы жана андан ары өнүктүрүү туурасында кошумча докладдар жасалып, талкууга алынган. Эл аралык прогрессивдүү адабият туурасында К.Тихонов, советтик жазуучулардын жаңы уставы боюнча Л.Леонов доклад жасап, аталган докладчылардын сөздөрүндө жазуучулардын биринчи съездинен бери өткөн 20 жыл ичиндеги совет адабиятынын кезектеги милдеттери аныкталып, такталган.

Жазуучулардын бул сьезди ошол мезгилдеги социалисттик реализм принциптерин чын ниеттен макулдап, партиялык жана элчилик маселелерине өзгөчө баа берип, конфликтисиздик теориясынын реалдуу турмуштун карама-каршылыктарын боеп көрсөтүүгө жасалган аракетинин натыйжасы канчалык деңгээлде коом үчүн кызмат кылуу маселеси каралган.

Сьезд совет жазуучуларынын алдында турган негизги милдет миллиондогон кишилердин кызыкчылыгын арттырыш үчүн кызмат кылуу кудуретине ээ болгон чыгармаларды жана жаңы жеңиштерге үндөөчү образдарды жаратууга байланыштуу деп белгиледи.

Андан кийинки совет жазуучуларынын үчүнчү, (1962) төртүнчү, (1967) бешинчи, (1971) алтынчы, (1976) жетинчи, (1981) сегизинчи (1986) съезддери болуп өттү. Чоң тарыхый доорду өз ичине камтыган ушул жылдарда көп улуттуу Совет адабиятынын бири катары өзүнүн сегизинчи, (1980) тогузунчу, (1985) сьезддерин өткөргөн өзбек адабияты бардык кемчилик жана кыйынчылыктарды жеңип бийиктикке умтула баштады.

Жаш совет адабияты сыяктуу эл массасынын кызыкчылыгын көздөп, аларга кызмат кылууну эң биринчи милдети катары эсептөө менен империализмге жана анын идеологиялык саясатына каршы күрөштө ар дайым

алдыңкы катарда туруп, тынчтык, адамгерчилик, эл достугу, интернационализмди колдоп, кубаттады. Анын натыйжасында жаңы романдар, поэмалар менен бирге очерк жана публицистика, кинодраматургия, теледраматургия жаралды.

Бул өзгөчөлүктү 50-80-жылдардагы төмөндөгү адабий жанрлардан көрүүгө болот.

## Проза

Улуу Ата Мекендик согушту жеңген совет элинин катарындагы өзбек элинин жазуучулары жаңы каармандарга багытталган аңгеме, повесть, романдарды жаза башташты, тактап айтканда согуш жана андан кийинки жылдарда да жаңы адамды тарбиялоо темасын ар бир жазуучу өзүнө милдет катары кабыл алып аны өз чыгармаларында чагылдырып берүүнү мекенди сүйүүчүлүк деп билди. Андай жазуучулардын катарына Абдулла Кахарды, Назир Сафаровду, Адахам Рахматты, Вали Гафуровдорду кошуу менен Мухаммедовдун «Кичинекей горнизон», Шухраттын «Шинелдүү жылдар», Искак Садыковдун «Биз Уралда» сыяктуу повесттерп менен катар Ибрагим Рахимдин «Генерал Равшанов» трилогиясынын биринчи китебинин жарык көрүшү жогоруда айтылган пикирлердин далили болуп саналат.

Дагы бир белгилөөчү нерсе революциялык мотивдердин өнүгүшү менен Ленин баштаган революционерлердин образдары жазуучулардын жаңы-жаңы чыгармаларды жаратуусуна түрткү болгондугун Парда Турсундун «Мугалим», (1953) Асхад Муктардын «Эже-сиңдилер», (1955) Мырзакалан Исмайилдин «Фергана таң атканча», (1958-1967) Назир Сафаровдун «Көргөн билгендерим», (1968) Хамид Гуламдын «Маңгулик», (1977) Камел Яшиндин «Хамза» (1982) сыяктуу роман, повесттеринен көрүүгө болот.

Өзбек совет адабиятында биринчи «Дарыялар туташкан жерде», «Туулуу», «Чынар» ж.б. прозалык чыгармалардын автору Ахад Мухтардын «Эже-сиңдилери» - революция жана эмгекчи темасына арналган роман болду. Анын башкы каарманы - Анархан - чыныгы инсан, революционер, коммунисттик даражага чейин көтөрүлөт, анын бул бийиктикке жетишине күйөөсү Сабыр жана анын достору Ефим Данилович, София Надеждина, В.И.Ленин жана Клара Цеткин менен учурашкан өзбек аялы Жорохан сыяктуу атак-даңктуу кишилер чоң роль ойноойт. Жамандык менен белчеге баткан эскиликке каршы күрөштө Жорохан активдүү иш жүргүзүп, Анархан анын ишин улантат. Жазуучу ушундай окуялардын жана образдардын жеңишинин негизинде кыз-келиндер күрөшүнүн ийгилигин ишенимдүү жана ынанымдуу сүрөттөп көрсөтүшү автордун чеберчилигинен кабар берет.

Бул жылдарда өзбек адабияты үчүн жаңы-мемуар-автобиографиялык жанрга айлангандыгын Н.Сафаровдун «Көргөн билгендерим» повестинин ички мазмунунан даана көрүнөт.

Андан тышкары 50-80-жылдарда жазылган Абдулла Кахардын «Кош чынар чырактар», Рахмат Файзинин «Кызрати инсан», Хамид Гуламдын «Акыбет», Шухраттын «Алтын заңдабас» сыяктуу роман, повесттери заман талабы, эл жана коом тилек, максаттарын чагылдырган чыгармалардын катарына кирди.

Өзгөчө өзбек прозасында инсан жана анын ички, сырткы сулуулугу, эмгек жана мээнет, эл биримдигин көрсөтүү аталган жылдарда барган сайын

тереңдеп, өз мезгилиндеги коом талабына жараша социалисттик реализм методунун жаңы-жаңы тармактарын ачып берүүгө далалат жасалды.

Абдулла Кахар «Синчалак» повестинде кыштак кожолугу эмгекчилеринин турмушу, дүйнөгө болгон көз карашы, маданий өзгөрүштөрү тууралуу окуяларды чоң чеберчилик менен ачып бергендиги менен айырмаланды. Повесттин баш каарманы - Саида «миң бир жаны бар» кыштак аялынын образын чагылдырган.

Аталган жылдарда аңгеме жанры да өскөндүгүн бул жанрда таанылган А.Кахар, Р.Гулам, Өлмас Умарбеков, Өктөм Осмонов, Дуркат Мусажанов, Өткүр Ашимов, Шүкүр Калмурзаев, Учкун Назаров, Самар Нур, Саьдулла Сыяев, Эмин Осмонов, Кайриддин Султановдор кошулуп, алардын темасы негизинен заман, коомдук көрүнүштөргө арналгандыгынан көрүүгө болот. Бул өзгөчөлүк ошол кездеги очерк жанрына да тиешелүү. Бирок, очерк жанрында өзбек аялдары негизги фигурага айланып, алдыңкы планга чыккандыгын Назир Сафаровдун «Очокту көздөгөн кыз» очеркинин каарманы - пахтаны машинада терүүнү биринчи баштаган эмгекчил патриот - Турсунай Ахунова. Ал өз коомунун духунда тарбияланган турмуштук активдүү позициядагы каарман экендигин партия менен мамлекеттин эркиндик программасын ишке ашырууда өз эмгегинин ийгиликтерин даңазалоо үчүн күрөшүүнүн натыйжасында өз максатына жеткендиги менен далилдейт.

Ушундай ийгиликтердин натыйжасында 70-80-жылдардагы өзбек прозасы тематикалык, идеялык-көркөмдүк жагынан өсүп-өнүгүп адабий аренада жетектөөчү орунга көтөрүлдү.

## Поэзия

50-80-жылдардагы өзбек совет поэзиясы да өнүгүп өсүп, жаштар арасынан көптөгөн сезимталдуу жаш күчтөр чыгып, поэзия майданына кошулду. Эркин Вахидов, Хусниддин Шарипов, Абдулла Арипов, Халима Кудайбердиева, Аман Матчан, Гулчехра Нуриллаева, Гулчехра Жороева, Осмон Азимов, Айдын Хожиевалар өзүлөрүнүн чыгармалары менен поэзия жанрын өнүктүрүшүп, замандаштарыбыздын көз-караш, пикирин, ички уйгу-туйгуларын, духовный байлыктарын чагылдырып окурмандарга эстетикалык рахат тартуулашты.

Тарыхты тануута болбогон сыяктуу бул жылдары өзбек поэзиясында өзгөчө Ленин, партия темасы жогоруда биз атаган акындарыбыздын ырларында өтө басымдуулук кылгандыгын белгилөөгө туура келет. Андан кийинки эле орчундуу тема эл достугу болгондугун Миртемирдин «Кара калпак дептери», «Кыргызстан», «Мактымкули тоюнда» ж.б.у.с. акындардын ырларынан көрүүгө болот.

Хамза сыйлыгынын лауреаты - Эркин Вахидовдун чыгармачылыгы гүлдөп өскөндүгүн «Жаштык доору» ыр топтомунун жарык көрүшү менен далилдесек болот. Өзү да поэзиядагы бул жетишкендигин «Шарк жылдызы» журналына чыккан макаласында мындайча белгилейт: «Арадан көп жылдар өткөндөн кийин ойлоп көрсөм, «Шарк жылдызы» мен үчүн бийик да, университет да болуптур. Анткени бул азиз, кадырлуу журнал Гафур Гуламдан тартып, Өткүр Ашымовго чейинки устаттарым, досторум үчүн да чыгармачылык майдан болгондугу анык. Ошон үчүн алардын таасири менен

мен ушул даражага жеттим» - дейт.

Хусниддин Шарипов «Күнгө ашыкмын» поэмасында Юрий Гагаринге жана анын эл үчүн жасаган эмгегине суктанып, техниканын жетишкендиктерине сыймыктануу менен аны ырга айлантып, бул ийгиликтерди Октябрь революциясы жана анын баштоочусу Ленин менен байланыштырат.

Ошентип өзбек поэзиясынын күндөн-күнгө мазмуну терең, көркөмдүгү жогору ырлардын саны көбөйгөндүгү колдоорлук көрүнүштөрдөн болду.

## Драматургия

60-80-жылдары Совет драматургиясынын тематикасы кеңейтилип, мазмуну тереңдеди. Сахнада Лениндин образын жаратуу драматургдардын башка жанрлардай эле парзы катары эсептелип, ошонун катарында тарыхый темада жаралган чыгармалардын арасынан Эркин Вахидовдун «Мырза Улукбек» трагедиясы жана Уйгундун «Зебиниса» драмасы өзгөчө орунду ээледи.

Соңку жылдар аралыгында эски коом менен жаңы замандын ортосундагы таптык күрөштү ар тараптуу кенен чагылдырып берген чыгармалардын ичинен С.Азимовдун «Кандуу мезгилин» (1963) өзгөчө белгилөөгө арзырлык пьесалардын катарына кошууга болот.

Бул жылдары музыкалуу драмалар менен бирге кинодраматургия өнүгүп, бир топ тың Камил Эрматов, Жолдош Аьзамов, Малик Каюмов, Мухтар Аббасов, Эляр Эшмухамедов сыяктуу талантуу кинорежиссерлор тарабынан жаратылган фильмдер бул жанрдын андан ары өнүгүшүнө белгилүү деңгээлде таасирин тийгизбей койгон жок.

## Балдар адабияты

50-80-жылдары балдар адабияты да өзгөчө камкордук менен колго алынгандыгын Советтик жазуучулардын сьездлинде Борис Полевой балдар жана өспүрүмдөр адабияты жөнүндө жасаган докладында: «Балдар үчүн жазылган эң жакшы китептерибиз, демейдегидей көп улуттуу элдерибиздин тилинде таржымалданган. Бул китептердин каармандары - совет кишилери, мамлекет чек арачылары, тоолор, океандар, бүтүн планета болуп социалисттик гумманизм даңазаланып коомубуздагы акыйкатчылыктын күчү баяндалып берилүүдө» - деп көрсөтөт.

Советтик коомдо балдар чыгармаларынын ар тараптан гүлдөп өсүшү үчүн БК жана Министрлер Кеңеши 1969-жылы «Совет балдар адабиятын дагы да өнүктүрүү тууралында» деген маселе коюп, анда балдар үчүн жазылган эң жакшы китептерге Ленин жана СССР Мамлекеттик Сыйлыктары, Республикалык Мамлекеттик Сыйлыктарын ыйгарып берүү жөнүндө токтом кабыл алынган.

Мына ушундан кийин 1970-жылы С.Михалков кичине жаштагы балдарга арнап жазган поэтикалык чыгармалары үчүн Лениндик Сыйлыктын лауреаты болуп, Хамза атындагы Өзбекстан Мамлекеттик сыйлыгы Хаким Назир жана Куддус Мухаммадийге, Өзбекстан Жазуучулар Союзунун Гафур Гулам атындагы сыйлыгы Полот Момунга ыйгарылды.

Кудайберди Токтобаев өзүнүн «Сыйкырдуу калпак» чыгармасы менен

өзбек совет балдар адабиятындагы фантастикалык жанрын баштап бергендиги колдоорлук көрүнүштөрдөн болду. Ошентип, жыйынтыктай келгенде аталган жылдардагы өзбек адабияты бардык жанрларда өзүнүн тематикалык, идеялык-көркөмдүк жагынан өнүп-өсүүсү менен бирге, өз тарыхын улоонун жолунда болду.

## Кара калпак адабияты

Кара калпак Автономиялык Республикасы - Кара калпакстан 1932-жылы 20-мартта түзүлүп, 1936-жылы 5-марттан Өзбек республикасынын составына кошулган. Аянты 165,6 миң $км^2$, калкы 1977- жылы эсеп менен 849,6 миңге жеткен.

Улуу Октябрь Революциясына чейин элинин көбү сабатсыз болгондуктан чыгармачылыгы оозеки өнүккөн. Фольклордук жанры боюнча лирикалык, эпикалык болуп так бөлүнөт, алардын эң байыркысы - бадик айтуу же алардын тили менен айтканда «гулаксан», XVII-XVIII кылымдарда жаралган «Кырк кыз», «Алпамыш», «Каблан», - лиро эпикалык - «Гарып ашык», «Тахир менен Зухра», «Юсуф менен Зулайка» ж.б. чыгармалардын өнүгүп келгендиги буга күбө. Тарыхта белгилүү болгондой XVII-XVIII кылымдарда Каракалпактыктарды гана эмес, бүткүл Орто Азиялыктарды жунгарлар басып кирген. Мына ошол басып кирүүчүлөрдөн коргонуу идеясы «Кырк кыз» дастанынын сюжеттик өзөгүн чагылдыргандыгы да бекер жеринен келип чыкпаган. Анда кара калпак элинин эркиндикке, теңдикке күрөшү баяндалып, күрөш алардын Саркон чебин калмактар бузуп, мал-мүлкүн талап, элин туткундап өз жерине айдап кеткенинен башталып, Гүлайым баштаган кырк кыз өзгөчө баатырдык, туруктуулук көрсөтүп, өз элин калмактан бошотушу менен окуя аякталат, эпостун «Кырк кыз» аталышы да ушундан. Мындай адилетүү жеңишке Гүлайым баштаган кырк кыз талоончул Хива хандарына, Иран шахына каршы күрөштө да ээ болот. Эпостогу окуяларга караганда чыгарманын жаралыш доору жогорудагы кылымдарга таандык. Аталган дастан 1940-жылы Курбанбай Тажибаевден жазылып алынып жарыяланган Кыргызча котормосу 1960-жылы жарык көргөн.

Каракалпак элдик оозеки чыгармачылыгында дастан айтуучуларды кара калпактыктар «Жрау» деп аташат, алар кобыздын коштоосу менен айтышат, «Жраучулардын» репертуарына дастандардан башка да толгау, термелер кирет. Толгауну, термелерди импровизаторлор - тактап айтканда, шаирлер аткарса, ыр-кошок, дастан поэмаларды аткаруучуларды бахсы дешет.

Каракалпактардын байыркы элдик-поэмалык традициясында мындай аткаруучулардын көптөгөн мектептери болгондугун көрөбүз. Алардын бири XVIII-кылымдагы жашаган Жиен Жырау Тагай уулу каракалпак адбиятынын тарыхында ал тарабынан айтылган «Кырк кыз», «Алпамыш», толгаулары «Бозгон эл», «Убакыттар», «Ногайлы», «Жаштык», сыяктуулары белгилүү. Бул айтуучунун мектеби булуңгур мектебинин айтуу традициясына кирет, ал эми Сопасли Сиронын мектебиндеги айтуучулар «Алпамыш», «Кобланды» терме толгаулардан «Бозгон эл», «Кайда намыс», «Ормамбетти» айтышкан.

Ал эми белгилүү акындар Жиен Жырау, Кун кожо,
(1799-1880) Ажыныяз, (1824-1878) Бердак, (1827-1900) Оморотем (1828-1902)

азыркы мезгилдеги каракалпак элинин оор турмушу жөнүндө ырдашкан. Кийинки муундагы Омар, (1879-1922) Кулмурат, (1838-1927) Сыдык шаир (1857- 1857) ж.б. да азатчыл ырларды жаратышкан.
Мисалы: Кункожонун «Эл менен», «Койчулар», "Күн кайда", «Менин уулум» деген ырларында жер, суу жана жашоодогу кубаныч бардык элге бирдей тиешелүү деген идеяны айтып, элди теңдикке, эркиндикке үндөсө, Кункожонун замандашы Отеш Алшынбай уулу өзүнүн «Даркар» деген чыгармасында элдин кыйын абалын сүрөттөп ырдаган.

XIX кылымдагы аталган акындардын көрүнүктүүсү Бердак Шаир. Атасы анча бай эмес кишилерден болгон. Ал алгач айылдык мектептен окуп, андан кийин Каракум эшендин медресесинен окуган. Бирок атасы өлгөндөн кийин медресени таштап, айылга келүүгө туура келген. Кийин өмүрү өткөнчө айылда эл сыяктуу кыйынчылыкта жашап өткөн. Ал өзүнүн жашоого болгон наразылыгын «Налог», «Менин көзүм», «Айрылуу», «Менин турмушум», «Мен издегим келет» ж.б. ырларында чагылдырат. Элдин кайгылуу жашоосунан башка дагы аялдар турмушуна арналган «Келинчекке» «Раушан», «Ойлонбо» ж.б. ырларын, андан тышкары көптөгөн поэмаларды жараткан. Ошолордун ичинен «Шежире», поэмасы идеялык - сюжетинин өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Ал «Санжыра», «Айдос бий», «Аманкелди», «Эрназар бий» сыяктуу тарыхый поэмалардын да автору. Өзгөчө зулум хандын ээүүсүнө каршы эл күрөшүн чагылдырган поэмасы «Акмак падыша». Андан Октябрь революциясына чейинки үстөмдүк кылган тапка карата элдердин наразылыгы, Хива хандыгынын ээүүсүнөн жапа чеккен карапайым букаранын кайгы-муңу ачык көрсөтүлгөн. Улуу Октябрь Революциясына чейин Бердактын чыгармалары эл арасында оозеки жашап келгендиктен, айрым гана араб жазуусу менен жазылган ырлары сакталып калган. Чыгырмаларын жыйноо, изилдөө, бастыруу 30-жылдардын 2-жармынан колго алына баштаган.

## Каракалпак адабияты 1917-30-жылдарда

Аталган жылдар маданияттын жана элдик чарбанын калыптанып, өсүү жылдары болгондуктан, каракалпак эли өз тилинде орус жазуучу-акындардын чыгармалары менен таанышышып, өзүлөрүнүн чыгармаларын Москвадан жана Төрткүлдөн чыгара баштапат.

Каракалпак жаңы адабиятынын өнүгүүсүнө элдик оозеки чыгармачылыгы таасир эткен, анткени Октябрь революциясына чейин элинин көпчүлүгү сабатсыз болгондуктан чыгармачылыгы оозеки түрдө лирикалык, эпикалык жанрда өнүгүп келген. Алардын эң байыркыларынан болуп - бадик айтуу эсептелет. Ал эми эпикалык жанрынын өнүгүшүнө XVII-XVIII кылымдарда жаралган «Кырк кыз» дастаны ага мисал. Революцияга чейинки жазуусу араб тилинде болгон.

Жиен Жырау, Кункожо, (1999-1880) Ажыныяз, (1824-1878) Бердак, (1827-1900) Омар Отеш (1828- 1902) сыяктуу улуу акындары кыргыз элинин демократ, залкар ырчылары сыяктуу каракалпак элинин оор турмушун, башынан кечирген тарыхый тагдырын төгүп ырдашкан. Кийинки муундагы Омар, (1879-1922) Калмурат, (1838-1927) Сыдык Шайыр (1857-1917) ж.б.

акындар эркиндик, жаңы заман темасындагы ырларын ырдап келишкен.

Ошондон улам болсо керек Жиен Жырау, Ажыныяз, Бердак, Кункожонун поэтикалык салттарын, аларга чейинки фольклордук традицияларга жаңы адабиятты баштоочулардан болгон А.Мусаев, С.Мажитов, А.Дабылов, С.Нурумбетов сыяктуу акын-жазуучулар өз чыгармачылыгында андан ары улантышкан. Мисалы А.Мусаев өзүнүн «Ленин» деген ырында жол башчынын образын ачып берүү үчүн элдик-поэтикалык ыкманы колдонсо, Аббас Дабыловдун «Мен көргөм», «Мавзолей» аттуу ырларындагы Лениндин образы да элдик поэзиянын көркөм традицияларында чагылган.

Адегенде Каракалпак адабияты (20-жылдары) поэзия жанрында өнүксө (кыргыз адабияты сыяктуу) 30-жылдарда биринчи прозалык жана драмалык чыгармалар пайда боло баштайт жана бул жанрды түптөгөн А.Утепов, Н.Давкараев, А.Бегимов, К.Султанов, У.Кожониязов, Т.Каипбергенов менен бирге адабиятка дагы Ж.Аймурзаев, М.Дарибаев, Д.Назбергенов, Н.Жанаков сыяктуу жаңы күчтөр келип кошулушат. Бул жылдардын негизги темасы – жаңы замандын орношу, ага карата эл-журттун мамилеси, эркиндик, теңдик болгондугу өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

1932-жылдын 23-апрелиндеги ВКП БКнын «Адабий-көркөм уюмдарды кайра куруу жөнүндөгү» токтому жаш каракалпак адабиятынын андан ары өсүп өнүгүүсү үчүн жакшы шарттарды түзүп берди. Анткени бул токтомду ишке ашыруунун натыйжасында Каракалпак жазуучулар Ассоциациясы жоюлуп, Каракалпак жазуучулар союзунун уюштуруу комитети түзүлөт. 1932-жылдан баштап «Мейнет адабияты» журналы үзгүлтүксүз жарык көрүп, каракалпак элин жаңы заманга пропагандалоо ишинде чоң роль ойнойт.

1934-жылы 10-июнда Каракалпак жазуучуларынын I сьезди болуп, анда поэзия жанрын өнүктүрүү маселеси каралса II сьездде проза жана драматургияны кантип өнүктүрүү маселеси менен бирге фольклордун революцияга чейинки адабият менен карым-катнашы тууралуу проблемалар каралат. Бул маселелерди күн тартибине коюу жөндөн жөн чыга калган эмес. Анткени 30-жылдары элдик оозеки чыгармачылыкты жана каракалпак элдик акындарынын чыгармаларын чогултуп, изилдөө маселеси активдеше баштаган.

30-жылдары орус адабиятынын таасири астында каракалпак адабияты идеялык-тематикалык, жанрдык жактан өзүнүн өнүгүүсүн уланткан. Башкача айтканда Пушкиндин чыгармалары, Толстойдун ангемелери, Салтыков-Щедриндин, Чеховдун, Маяковскийдин, Фурмановдун «Чапаев», Н.Островскийдин «Болот кантип курчуду», Шота Руставелинин, Низами, Навои, Шевченко, Франколордун чыгармаларын каракалпак эли өзүнүн тилинде окуй баштašат.

20-жылдар сыяктуу 30-жылдары да каракалпак адабиятында ийкемдүү жанр поэзия болуп, анын негизги темасы - достук, жаңы адам, коллективдүү эмгек, жаңы заман болгондугун ушул жылдарда поэзияда көрүнүктүү орунду ээлеген акын-трибун Хожоахмет Ахметовдун саясий-агитациядагы «Октябрь күч кубаты», «Эмгек менин сүйүктүүм», «Гудок» ж.б. ырларында каракалпак айыл-турмушун, коллективдештирүү мезгилиндеги таптык күрөштү өтө курч маанайда сүрөттөгөндүгү менен өзгөчөлөнүп турду. Дагы бир өзгөчөлүгү жазган ырларынын формасын жаңылатуу максатында үч саптан турган жаңы

декломацияларды жазгандыгы.

Элдик акын А.Мусаев өзүнүн саясий көз караштагы «Мойнок», «Осуят», «1-Май» ырларында каракалпак элинин жаңы турмушу жөнүндө сүрөттөйт. Бирок андагы бир өзгөчөлүк элдик поэзиядан айырмаланып, ырларында эпитет, метофораны пайдалана билгендиктен, көптөгөн жаш акындар андан образдуулукту жана тилдин көркөмдүгүн үйрөнүшкөндүгү белгилүү. Ага мисал каркалпак жаңы поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Асан Бегимовду белгилөөгө болот. Анын чыгармаларынын идеялык-эстетикалык-тематикасынан А.Мусаев менен М.Горькийдин таасири көрүнүп турат жана «эң жакшы» деп бааланган мындай ырлар анын «Жеңиштен жеңишке» деген жыйнагына топтолуп, 1935-жылы бул ыр топтому Москвадан жарык көргөн.

30-жылдардагы каракалпак поэзиясынын тарыхында дагы бир көрүнүктүү орунду ээлеген Избасар Давыдов – «Жеңиштин жолунда» аттуу ырлар жыйнагын чыгарып, кийин 1934-жылы I сьездге делегат болуп келгенден кийин 1937-жылы Москвадан экинчи ырлар жыйнагын чыгарат.

Советтик жазуучулардын I сьездинен кийин элдик акындардын чыгармачылыгына көп көңүл бурулуп, аларды теориялык жактан такшалтуунун натыйжасында А.Дабылов, С.Нурымбетов, М.Матсапаев сыяктуулар 30-жылдардын ортосунда профессионал акындардын деңгээлине чейин өсүп жетилишет. Бирок канткен менен чыгармаларында элдик оозеки чыгармачылыктын элементтери кандайдыр бир деңгээлде сакталып калгандыгын белгилөөгө болот. Ошондуктан алар көптөгөн ырларында эпосчулар сыяктуу ар дайым угуучуларга кайрылышкандыгы менен өзгөчөлөнүп турушат.

Ошентсе да бул акындардын 1938-жылы Москвада болушу, андагы таасирлерден улам жаралган А.Дабыловдун “Мен көргөм”, “Мавзолей”, С.Нурымбетовдун “Кызыл Москва”, “Биздин Мекен” сыяктуу ырлары бүгүнкү мезгилге чейин каракалпак адабиятында актуалдуулугун жоготпогон жандуу лирикалардын катарында келе жаткандыгы менен баалуу.

Ал эми бул акындардан айырмаланып М.Дарибаев менен Ж.Аймурзаев, Д.Назбергенов, Н.Жапаковдун чыгармачылыгындагы башкы өзгөчөлүк граждандык лириканын басымдуулугу.

Акын М.Дарибаев ырларынын идеялык күчү менен бүткүл советтик элге - жаңы коомдун куруучуларына «Калбике» аттуу ырында кайрылып, каракалпак аялынын өткөн жана азыркы жашоосун сүрөттөө менен ушундай теңдик замандын келишин Ленин жана анын партиясына байланыштырып, аларга терең ыраазылыгын билдирет.

Жаңы замандагы чыгармачыл эркин эмгекти даңазалоодо Ж.Аймурзаевдин «Мен, эмгек гимнин ырдайм» деген ыры эмгек гимни катары эсептелүү менен каракалпак элинин жаңы эркин жашоосу, мурдагы өткөн турмушу менен салыштырылып, бүгүнкү жашоонун айырмачылыктары ырдагы көркөм каражаттарды ыктуу пайдалангандыктын натыйжасында ырдын идеялык-эстетикалык бийиктиги мурдагы жылдарга караганда өскөндүгү менен көзгө көрүнөт.

Ушундай акындардын катарына Дали Назбергеновду кошуу менен анын 1936-39-жылдары жарык көргөн жыйнактары адабий коомчулук тарабынан жогору бааланып, айрыкча «СССР», «Октябрь», «Пушкин»

сыяктуу лирикалары, жөнөкөйлүүлүгү, публицистикалуулугу жана поэтикалык көрүүнүн курчтугу менен айырмаланат. Ал эми Назбергеновдун ырларындагы поэтикалык параллелизм, риторикалык суроо, антитезалар анын ырларына өзгөчө поэтикалык тон, толкундануу-эргүү-эмоционалдуулугуна шарт түзгөн. Кээ бир ырларында («Дилим-колхозчу») адамдын ички дүйнөсүн ачып берүүгө жасаган далаалаты ачык байкалат.

Поэзияда эпикалык жанрдын – поэманын 30-жылдардын орто ченине тиешелүү болгон Каракалпак поэзиясынын тарыхында өзгөчө орунду ээлеген поэмалардын катарына Ж.Аймурзаевдин «Жумагул», «Күрөш», «Биз күрөштө жеңдик», А.Бегимовдун «Самура», М.Дарибаевдин «Калкан», «Анара», «Айым Жамал» ж.б. кошууга болот.

«Күрөш» (1935) поэмасы Ж.Аймурзаевдин гана чыгармачылыгында эмес, 30-жылдардагы каракалпак элинин адабиятында зор мааниге ээ. Анткени мезгил талабына ылайык окурмандардын алдына эки таптын өкүлү: Карабай – колхоздун чабаны, Кулман – колхоздун председатели – эл душманы катары тартылып, экөөнүн ортосундагы карама-каршылык сүрөттөлөт. Поэманын аягында колхоздун чабаны – Карабай жаңы заманды курууда активисттик деңгээлге көтөрүлүп, өсүп чыгат. Поэманын мындай мазмуну менен акын карапайым элдин аң-сезиминин өсүп жетилишин көрсөткүсү келгендиги байкалат.

Аймурзаевдин ушул жылдардагы дагы бир көрүнүктүү чыгармасына «Биз күрөштө жеңдик!» (1938) кирет. Анда жаңы замандын орношуна чейинки эмгекчил элдин турмушун акын Барлыкбай менен Изимдин тагдырын салыштыруу аркылуу сүрөттөйт. Анткени Изимге окшогон кедей-кембагалдар жээрге наны жок көрбөгөн күндү көрүп кыйналышса, Барлыкбайга окшогондордун короо-короо малы, жээрге ак наны менен сары майы төгүлүп турган. Мындай адилетсиз турмушту көрүп турган Изим байларга каршы көтөрүлүүгө кедей-кембагалдарды үгүттөйт. Алар, албетте бул күрөштүн зарылдыгын жана совет өкмөтүнүн орношу менен жаңы эркин заман болоорун билишкен жана аны тездетиш үчүн аракет кылган каармандар катары сүрөттөлөт. Муну менен Аймурзаевдин поэмасында эч кандай кемчилик жок деп айта албайбыз. Албетте 30-жылдардагы поэмалардын идеялык мазмунунан муну күтүүгө да болбойт. Бирок айрым көркөмдүк кемчиликтерине карабастан 30-жылдардагы каракалпак адабиятынын өнүгүшүнө Аймурзаевдин поэмасы өз үлүшүн кошкундугун белгилөөгө болот.

Бул жылдардагы каракалпак поэзиясында М.Дарибаевдин «Айпара», (1936) «Калжан», (1935) «Айымжамал» (1935) поэмалары да көрүнүктүү орунду ээлейт.

«Айымжамал» менен «Калжан» поэмаларынын ички мазмунунда каракалпак айылдарындагы коллективдештирүү үчүн жүргүзүлгөн күрөш, биринчи жолу колхоздоштурууга активдүү аралаша баштаган карлыгачтар Калжан менен Айымжамалдын образдары аркылуу кой терисин жамынган кулактардын колхозго мүчө болуп киришине каршы күрөшү сүрөттөлөт. М.Дарибаевди Каракалпак адабиятында аялдардын образын биринчи аренага алып чыккан акындардан экенин белгилөөгө болот.

«Айпара» - поэмасы - Орто Азия элдеринин тарыхында көрүнүктүү орунду ээлеген 1916-жылдагы тарыхый окуяны өз ичине камтыйт.

Көркөм проза, драматургия 30-жылдардагы каракалпак адабиятында

жаңы жанрлардан болгондуктан анчалык денгээлде өнүгө алган эмес. Ошентсе да каракалпак драмтургиясынын жаралуусуна орус, казак, өзбек драматургиясынын тийгизген таасири чоң. Анткени бул жылдары каракалпак театрынын сахналарында «Василиса Железнова», А.Островскийдин «Жакырчылык акыркы эмес», В.Вишневскийдин «Алгачкы атчандар» пьесалары ийгиликтүү коюлган.

30-жылдардын драматургиясында тарыхый жана фольклордук тема алдыңкы планга чыккан. Башкача айтканда фольклордун таасиринде жазылган «Алпамыс», (1940) «Көклен», «Гарип-Ашык» жана тарыхый теманы кучагына алган, Р.Мажитовдун «Тазагүл», С.Ходжаниязовдун «Айша», А.Бегимовдун «Ким алар?» жана учурдагы заман түйшүгүн чагылткан М.Дарибаевдин «Жаңы адамдар» пьесалары жарык көрүп сахнага коюлган.

Каракалпак прозасы алгач очерк жана аңгемелерден башталып, бул жанрда Н.Давкараев, А.Бегимов, М.Кузешбаев, К.Ирмановдор ийгиликтүү эмгектенишкендигин, Н.Давкараевдин «Партизандар» (1934) аңгемеси мезгилдин жүгүн көтөрүп, духун чагылдыргандыктан башкы каарман Палмандын реалдуу иш-аракети ынандыраарлык эпизоддор аркылуу окурмандын жүрөгүнөн орун алса, «Интернат» (1935) аңгемесинде Торми менен Улбасандын ички дүйнөсүн ачып берүүдө жашоо үчүн болгон күрөштүн татаалдыгы ар кандай кырдаалдарда аларды сынап, аңгемедеги окуялар эки каармандын тегерегинде өнүгүп, улам окуя татаалдашкан сайын каармандардын ички дүйнөсү ачылып отурат. Мындан Давкараевдин өз каармандарынын психологиясын ачып берүүгө жасаган далаалаты ийгиликтүү чыккандыгы байкалат.

Бир нече прозалык чыгармалардын жана поэмалардын автору М.Дарибаев «Жүздөн бир» (1920) повестин жазат. Анын негизги темасы Каракалпак элинин өткөн турмушу жана жаңы заманды орнотуудагы таптык күрөш, негизги каармандар - Ерполот, Миргүл, Хурзиянын образы аркылуу ишке ашат. Бул өзгөчөлүктү кара калпак адабиятын изилдөөчү М.Нурмухамедов реализм жөнүндө сөз кылганда Дарибаевдин «Жүздөн бир» повестин белгилөө зарыл экендигин жана мында эл массасынын аң-сезиминин ойгонушу кеңири планда сүрөттөлгөнү үчүн жана каармандарынын ички мүнөздөрү революцияга чейинки оор тарыхый шарттарда ачылгандыгын сөз кылат.

А.Шамуратовдун «Эски мектепте» (1940) повестинде кедейдин баласы Есимдин эски мектептен окуусу, молдонун ариптерди куру жаттатуусу, айрым колунда барлардын балдарынын молдого белектерди берүүсү аркылуу молдонун мүнөзүндөгү карөзгөйлүктү, ачкөздүктү, керт башынын кызыкчылыгы үчүн ар кандай жаман иштерге тартынбай бара турган кара ниет дин өкүлдөрүнүн типтүү өкүлүн чагылдырып берген.

Ошентип, 30-жылдардагы каракалпак адабияты жаңы жанрлардын пайда болушу менен байып, реалдуу чындыкты сүрөттөө жолунда бүткүл союздук адабияттын көркөм тажрыйбасын активдүү өздөштүргөн адабияттардын катарынан орун алды.

## Согуш мезгилиндеги каракалпак адабияты

Ата-бабаларынын ураанын ыйык сакташып, каракалпак элинин баатыр уулдары Украинанын, Белорусиянын, Прибалтиканын, Москванын алдында эрдик көрсөтүштү. Жүздөгөн каракалпак элинин уулдары жасаган эрдиктери үчүн орден жана медалдар менен сыйланышып,. алардын ичинен ону Советтер Союзунун баатыры деген ардактуу наамга ээ болушкан. Ошол кездеги советтик элдердей каракалпактыктар да Мекен кызыкчылыгын коргоо үчүн даяр турушкан. Ошонун ичинде каракалпак жазуучулары – өзүбүздү мобилизацияланган деп эсептеп, өмүрүбүздү Мекен үчүн берүүгө даярбыз! – деп согуштун башталышында эле эскертишкендиктери алардын патриоттук сезимдеринин күчтүүлүгүн далилдеп турду.

Фронтто өз өмүрүн Мекен үчүн кыйган баатыр жоокерлердин арасында А.Шамуратов, С.Курбаниязов, Ж.Хабибуллаев, С.Мауленов, Ш.Хожаниязов ж.б. берген анттарын актап, каракалпак жазуучулары душман менен баатырларча күрөшүшкөн.

Тылдагы жазуучулар калемдерин найзага алмашып, бүткүл элдик күрөшкө активдүү катышып, баатырларча эмгектенишкен элдик акындардын катарына А.Дабылов, С.Нурымбетовдор менен бирге адабиятчылар М.Дарибаев, Д.Назбергенов, Н.Жапаков, А.Шамуратов, Н.Давкараев, Р.Мажитовдор радиодон, басма сөздөрдө, митингдерде публицистикалык макалалары, ырлары жарыяланып, эл алдында өз вазийпаларын абийирдүүлүк менен так аткарып турушкан.

Учурдун талабына ылайык согуш жылдары атайын согуш темасына арналып жазылган чыгармалары, жыйнактары менен бирге ушул темадагы орус жазуучуларынын тажрыйбаларындагы негизги идея - баскынчыларга болгон жек көрүү сезиминин күчтүүлүгү, жоокерлерди фашисттерге каршы үгүттөө башкы орунда тургандыгын А.Турымбетовдун «Жигит», К.Жапаковдун «Фашисттер колуңарды тарткыла», А.Шамуратовдун «Жок кылабыз», Ж.Сейитбековдун «Биз жеңебиз» ж.б. ырларынан байкоого болот. Өзгөчө Ж.Аймурзаевдин ырлары менен бирге «Баатырларча күрөш» (1942) ыр топтомдору жана «Перзент», «Кашкар баатыр» поэмалары «Кызыл кара калпакстан» газетасынан тышкары согуш күтүп турган жерлердеги баракчаларга үзгүлтүксүз басылып турган. Анын поэмаларындагы өзгөчө кайталангыс идея советтик баатырлардын эрдиктери баатырдык эпостогу каармандардын эрдиктеринен алда канча жогору турган эрдик экендигин көркөм жалпылап бергендиги жана каракалпак жигиттеринин согуштагы эрдигин «Минаметчик Карамурза», «Кайраттуу чабандес Шамурат», «Политрук Пулатов» ырларында чагылдырып берип, алардын ички дүйнөсүндөгү достукка, боордоштукка жык толгон сезимдерин, ачык максаттарын, мекен алдындагы ыйык парзын аткарууда тайманбай баатырларча күрөшө билгендигин таасын сүрөттөйт.

Ушул эле идея А.Турымбетовдун «Ант», «Солдаттын сөзү», «Сакта», «Мекенди эңсөө» ырларында улантылган.

Белгилүү акындар М.Дарибаев, Д.Назбергеновдор согуштун биринчи күндөрү эле калемдерин мылтыкка айландырып жоокерлерди Ата-Мекенин коргоого активдүү чакырууга жетише алышкан. Анткени бул эки акын согуштун алгачкы жылдарында 1942-жылы – Нукус - Ташкент аба

трассасында авиакатастрофага учурап курман болушкан. Бирок алардын кыска мөөнөттүн ичинде жазылган «Партизан» балладасынан тышкары «Беш баатыр», «Күрөшкө» сыяктуу поэмалары ошол мезгилде окурмандар арасына тез таркап кадыр-баркка ээ болуп, каракалпак адабиятынан өз ордун тапкан.

Согуш жылдарындагы каракалпак прозасында негизинен эң кичине жанр - аңеме, очерк, сүрөттөмөлөр өнүккөн.

Ошол мезгилдеги биринчи Прибалтика фронтундаы «Душманга каршы алга» газетасынын кызматчысы
А.Турымбетовдун «Аму дарыясынан Балтикага чейин» аңгемеси көңүлдү бурат. Б.а. аңгеменин баш каарманы Аламберген Кудайбергенов Лепель Белосур шаарын бошотууда баатырларча күрөшүп, 11 фашисти өзү жалгыз өлтүрөт. Бул окуя Аламбергендин бир күндүк гана окуясы. Анын образындагы тайманбас, эч нерседен кайра тартпаган жолборстой мүнөзү анын командирлери тарабынан берилген ар кандай тапшырмаларды абийирдүүлүк менен аткарып «Кызыл жылдыз» орденине ээ болуусунан, ар кандай мезгилдеги кол салууларда, кызыл кыргын таймашта кабагым-кашым дебестен салгылашка киргендигинен, кичинекей көз ирмемдик эс алууларда дутарын мойнунан түшүрбөй тилектеш жоокерлердин көңүлүн ачып ыр ырдап, бий бийлөөсү жоокерлерди сергектик менең жеңишке үндөөсүнөн көрүнөт.

Ал эми А.Турымбетовдун «4 жыл башка жакта» очеркинде орус кызы Ольга Матвеевна фашисттердин туткунуна түшүп төрт жыл кармалып, көргөн кордугу, тартпаган азабы калбагандыгы, акыры орус жоокерлеринин жардамы менен бошогондугу сүрөттөлсө, «Аманат» новелласында автор орус - Соловьевдин, украин Яценконун, өзбек Саид Ахматтардын фронттук турмушун сүрөттөгөн очерк, новеллалары азыркы күнгө чейин өзүлөрүнүн идеялык баалуулугун жоготкон жок.

Белгилүү жазуучу Р.Мажитовдун очерк, аңгемелеринин сюжеттери курчтугу менен айырмаланат. Өзгөчө «Көз ирмем» аңгемеси разведчик – каракалпак жигити Досым Турдымуров менен орус жигити Бористин ширелишкен достугу, биргелешкен эрдиктерин көз алдыңа келтирсе, «Узак күтүүдөн кийин» очеркинде патриот Мамбеттин образы сүрөттөлөт. Ошол мезгилде каракалпак прозасынын жана поэзиясынын негизги темасы – фронт менен тылдын биримдиги, бир максатты колдоп, бир идеяны ишке ашыруу болгондугун М.Дарибаевдин «Үч баатырдын энеси» (1941) аңгемесинин башкы каарманы – улгайып калган эне өз башынан эки доорду (б.а. өткөн жана жаңы доорду) өткөргөндүгүн бүгүнкү күнгө чейин жашоо тагдырын эскерип айтуусу менен окурмандарды чыдамкайлуулукка, турмушка үмүт менен кароого, оптимизмге тарбиялайт.

Согуш мезгилиндеги публицистика жанрынын өнүгүшү негизинен Аймурзаевдин калемине таандык. Б.а. «Жеңиш үнү», «Дагы алдыга», «Эмгек фронтунда» ж.б. публицистикалык макалаларында тылдагы адамдардын эмгектеги баатырдыгы, оптимисттик көз карашы, душманга карата жек көрүү сезими чагылдырылат.

Согуш жылдарында каракалпак драматургиясы поэзия жанрындай активдүү деңгээлде өнүкпөсө да кандайдыр бир деңгээлде өз өнүгүүсүн токтотпогондугун жана бул жанрда бир гана Ж.Аймурзаев ийгиликтүү эмгектенгендигин белгилесек болчудай. 1941-жылы автор «Уулум» пьесасын

жазат жана советтик адамдын жаңы сапаттык мүнөздөрүн ачып берүүгө аракеттенет. Чыгарманын башкы каарманы Мурат - революциялык күрөштөрдүн ветераны, мурдагы жыртык көйнөгүнөн эти көрүнгөн кедейдин уулу – Улуу Ата Мекендик согушта да ошол кайратынан жазбай баатырдык көрсөткөн кайраттуу даанышмандын образы ынанымдуу чыккандыгы окурманды кубандырат.

Ошол эле 1941-жылы республиканын жаш көрүүчүлөр театры Ж.Аймурзаевдин «Коля» деген пьесасын сахналаштырат. Анда советтик жоокерлерге жаш балдардын берген жардамдары, алар аркылуу душмандын көп сырларын ачып, залал келтиришкендиги сүрөттөлөт.

Ж.Аймурзаевдин үчүнчү пьесасы «Лейтенант Ельмуратов» (1944). Андагы идея – өлбөс-өчпөс чындык. Эл үчүн өз өмүрүн аябаган эл уулу – Ельмуратовдун эрдиги башкы лейтмотив болуп саналат.

Ошентип жыйынтыктай келгенде согуш мезгилиндеги каракалпак адабияты идеялык-көркөмдүк жагынан мезгилдин духун чагылтып, булак катары элдик идеяны туу тутуу менен өз өнүгүүсүн улантып жаткандыгын белгилөөгө болот.

## Согуштан кийинки каракалпак драматургиясы (50- жылдар)

Согуштан кийинки драматургия согуш мезгили менен салыштырганда белгилүү деңгээлде ийгиликтерге жетишкендигин белгилөөгө болот.

Фронттон кайткан жоокерлердин эрдиктери, тылдагы эмгектик бийиктиктин үлгүсү адамдык асылзаадалыкка барып такалаары Ж.Аймурзаевдин «Аму дарыянын боюнда» драмасы аркылуу окурманга жеткирилди. Б.а. пьесада согуш турмушунан алынган үзүндүлөр, каракалпактык солдат Пархаттын орус кызы Клара менен достугу, согуштан кийинки каракалпак колхозчуларынын эмгекчилдиги, адам жашоосундагы эмгектин ролу баса белгиленип сүрөттөлөт. Драмадагы башкы каарман Пархаттын атасы кары колхозчу Пулат. Окуя Пулат карыянын үй-бүлөсүнүн тегерегинде өнүгөт. Анткени Пулат карыянын образы өзүнүн улуу уулу, колхоздун башкармасы – Узакбергендин образына каршы тургандыгы менен айырмаланат. Карыянын улуу уулу жаш болуп колхоз башкарганы менен анын турмушка болгон көз карашы жаңы замандын жашоо образынан артта калган көз караш. Мезгил, коом, жашоону башкача көз караш менен карап, ага мамилеси теңирден тескери. Уулунун бул көз карашы анын коомдогу ордун абийирдүүлүк менен сактап кала албасын түшүнгөн карыя, бир колхоздун тагдырын ишенип ага тапшыргысы келбейт. Ошон үчүн эл тагдырын согуштан келген уулу Пархатка берүүсүн талап кылат. Келини Клара архитекторлук милдетти аткарып бири-бирин сүйүшкөн эки жаш эл үчүн кызмат кылууга баш оту менен киришишет.

Аталган пьесадагы автордун ийгилиги эски гвардиянын өкүлү Пулат карыянын образын ишеничтүү сүрөттөгөндүгү. Б.а. чоң уулу Узакбергендин ишиндеги жана мүнөзүндөгү терс жактарынын бетин ачып, оңдоого жасаган активдүү аракеттери.

Драманын негизги максаты – өз мезгилинин талабына ылайык

коммунисттик тарбиялоодогу коллективдин ролун көрсөтүүнүн ары ийгиликтүү, ары ынанымдуу чыккандыгы.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, согуштан кийинки драматургиядагы эң жакшы пьесалардын бири - Ж.Аймурзаевдин «Айгүл-Абат» драмасы. Драмада каракалпак элинин революцияга чейинки оор турмушу менен бирге, кедей жигити Абаттын Айгүлгө болгон тунук сүйүүсү, байлар менен кедей-кембагалдардын кагылышуусу, алардын ичинде Абат байлар тарабынан куугунтукка алынышы, бирок алардын каршылыгына баш ийбеген Абат революционерлерге кошулуп, каракалпак элинин азаттыгы үчүн чын дилинен күрөшкө чыгып, анын активдүү катышуучусу болуп калат. Драманын аягында эл душмандарын жеңип, Айгүл менен жолугуп, элге тынчтык, эркиндик орнотууга армия менен бирдикте жеткендиги сүрөттөлөт.

Автор Абаттын образын ынанаарлык денгээлде сүрөттөйт. Анткени Абаттын байларга болгон ички жек көрүүсүн жаш кезинен калыптандырууга аракеттенет. Анын бир далили катары кедей дыйкандын уулунун күнөөсүз жерден байдын буйругу менен даргага асылышы Абатты көп ойлондуруп сар-санаага батырат. Алардын адилетсиз иш жосундары жаш кезинен кыжырын келтирип отуруп акыры адилетсиздик үчүн күрөшүүгө алып келет. Ошон үчүн өзүн жана башка кедей-кембагалдарды байлардын каршылыгынан коргой алат. Ал үчүн жан далбас уруп аракеттенет. Мүнөзүндөгү бул сапаттар албетте биз жогоруда белгилеген эски жашоону жек көрүүсүнөн, Айгүлгө болгон адамгерчиликтүү сүйүүсүнөн, чындык үчүн чыркырап күрөшүүсүнөн көрүнүп турат.

Айгүл - кайраттуу, өз сүйүүсүнө чын жүрөгү менен берилген, акактай таза кыз. Ошон үчүн бай-бийлер аны канча коркутуп, азап чектирсе да, ал жек көргөн байга аялдыкка алып бере алышпайт. Темирдей бекем сүйүүнүн ээси Айгүл драмадагы окуялардын чиеленишинде каракалпакстанга кызыл аскерлердин келиши менен сүйгөнү Абатка жана армияга кошулуп, өз жана эл бактысы үчүн күрөшүүгө эркекче бел байлап аттанат.

Драмадагы Палымбет бай жана анын кошоматчысы Сермендин образдары мүнөзүндөгү кубулма түлкү сымал эки жүздүү сапаттары, өз керт баштарынын кызыкчылыгын гана ойлогон өзүмчүлдүктөрү менен драманын сюжетин татаалдантып, окуянын кызыктуу өнүгүшүнө түрткү берип, окурмандын оюн улам ар кандай окуяларга дуушар кылып отургандыгы кызыктуу.

Ошондуктан «Айгүл-Абат» драмасы идеялык көркөмдүгү жактан согуштан кийинки бүткүл каракалпак драматургиясында чоң ийгилик катары каралып отурат.

Согуштан кийинки көзгө көрүнгөн драмалык чыгармалардын бири С.Ходжаниязовдун «Зордук менен минайым боло албайсың» (1945) пьесасы. Аталган комедия ушул эле жылы сахнага коюлуп бүгүнкү кезге чейин андан түшпөй келе жатат. Өзбек жана тажик тилдерине которулуп бул элдердин сахнасында азыркы күнгө чейин жашап келе жаткандыгы чыгарманын идеялык баалуулугунун бийиктигинен кабар берип, чыгармадагы окуялар революцияга чейинки турмушту чагылдырган менен өтө күлкүлүү маанай тартуулайт. Б.а. курч конфликтүү окуяларда ач көз ээн баш бай – Тодалыкка жана анын досу Шираздын терс кыял жоруктары, эки жүздүүлүгү ачылат. Булардын каршысындагы акыл-эстүү, эрктүү, жана эмгекчил карапайым

адамдар – Айсанам менен Ауэздин образдары алардын ички дүйнөсүндөгү чыныгы адамгерчилик, таза сүйүү аркылуу салыштырылып көрсөтүлөт.

Ошентип жыйынтыктай келгенде согуштан кийинки драматургиянын тематикасы ар түрдүү болгондугун:
Ж.Аймурзаевдин «Аму дарыя боюндасы» жаңы заманды камтыса, А.Шамуратовдун «Кырк кыз» романтикалык пьесасы элдик эпостун негизинде жазылып патриотизмди чагылтса, Ж.Аймурзаевдин «Айгүл-Абатьы» тарыхый-турмуштук драма болуу менен жаңы замандын орношун, С.Ходжаниязовдун «Зордук менен минаймы боло албайсың» комедиясы революцияга чейинки эл турмушун сүрөттөгөндүктөрү менен каракалпак драматургиясынан өз ордун табышты.

# Азыркы Каракалпак адабияты

Каракалпак адабиятынын улам илгерилеп дүркүрөп өнүгүп отурушунун далили катары 1957-жылы Ташкентте болуп өткөн каракалпак адабиятынын жана искусствосунун биринчи декадасы, ушул эле жерде алты жылдан кийин (1963) каракалпак адабиятынын жана искусствосунун жумалыгынын өтүшү, акыркы жылдары окурмандар коому менен жазуучулар жыл сайын бир жылдын жыйынтыгын талкуулоого жолугуп турушу, республикада басма сөз иши бир кыйла жакшырышы, каракалпак адабиятчыларынын чыгармаларынын тираждары 4-6 эсеге көбөйүшү, боордош улуттардын жана прогрессивдүү чет мамлекеттик жазуучулардын эң жакшы деп бааланган чыгармалары менен кошо каракалпак жазуучуларынын чыгармалары мурдагы СССР элдеринин тилдерине таржымалданып Ташкенттен, Москвадан, Ленинграддан ж.б. көрүнүктүү шаарлардан басылып чыгышы, мурдакы «Каракалпак адабияты жана искусствосу» азыркы «Аму дарыя» журналынын үзгүлтүксүз чыгышы, балдар үчүн «Жеткинчек» газетасынын негизделиши (1960) Өзбек улуттук академиясынын филиалы болгон каракалпак академиясынын «Кабарлар» илимий журналдарынын бүгүнкү күндө иштеп жатышы бул элдин адабиятынын ийгилиги катары эсептелүүгө тийиш.

Андан тышкары чыгармачыл тажрыйба алмашуу жана практикалык жардам берүү үчүн Каракалпакстанга башка шериктеш өлкөлөрдөн, Борбордук Азиядан көрүнүктүү жазуучу жана искусство ишмерлери келип турушкан.

Албетте аталган иш чаралар каракалпак адабиятынын өнүгүшүнө түздөн-түз таасир этип, алдыңкы жаңы горизонттордун ачылышына, өлкөнүн башка элдеринин адбияттары менен болгон байланышуусуна кенен жол ачып, профессионалдык тажрыйбанын байышына түрткү болгондуктан каракалпак адабияты «жергиликтүү» тематикадан аттап өтүп, башка боордош элдердин жашоо турмушу, эмгекчил элдин интернационалдык милдети, патриоттук позициясы, жалпы планетадагы өлкөлөрдүн турмуш тагдыры жөнүндө көркөм туундуларды элге тартуулай баштады.

Каракалпак адабиятынын бул мезгилдеги өнүгүш этабы риторика менен болгон күрөшү, декларативдүүлүгү, схематизми менен өзгөчөлөнүп турду.

Башка улуттардын адабиятындай эле аталган жылдарда Ленин темасы башка орунда тургандыгын Д.Касимовдун «Ленин ачты», Х.Турымбетовдун "Түбөлүк тирүү" коллективдүү жыйнактары, "Сүйүктүү Лениндеи" тышкары С.Мажитовдун, К.Авезовдун, М.Фазыловдун ушул темадагы ырларынын басмадан жарык көрүшү жана бул теманын ар тараптан илимий изилдениши колдоорлук көрүнүштөрдөн болгондугун белгилесек болот.

Поэзия жана прозанын негизги темасы – өзгөргөн заман, илимий-техникалык прогресс, гуманизм, патриотизм, эмгек болуп, алдыңкы планга Арал балыкчылары, малчылар, пахтачылар, Бухара урал газопроводдорунун куруучулары, жогорку вольттогу электролинияларын куруучулар, космосту багындыруудагы эрдиктер, тынчтык үчүн күрөш, бүткүл жер жүзүндөгү элдердин достугу чыгып, өзгөчө лирикалык поэзия, очерк, аңгеме, көркөм публицистика жаңыруу касиетине ээ болот. Аталган жылдарда республиканын учурдагы турмушу чоң жанрларда негизги орунду ээлей баштагандыгын И.Юсуповдун "Алыскы адырлары" поэмасы, Г.Сеитжановдун "Бодурлуу так" көп актылуу пьесасы, Т.Каипбергеновдун "Муздуу тамчы", "Уйкусуз түндөр" повесттери, Ж.Аймурзаевдин "Аму дарыянын жээгинде" романы, Х.Сеитовдун "Кыйын бакыт" чыгармалары мисал болот.

Жогоруда аталган повесть, роман, очерк, аңгемелерде достук темасы башкы орунду ээлеп кенен жана терең масштабда чагылып, идеялык-эстетикалык-көркөм бийиктиги жогору экендиги байкалат.

Кыска убакыттын ичинде адабий аренага жаш жазуучу-прозаиктер У.Айжанов, А.Бекимбаев, Т.Каипбергенов, К.Султанов, Ю.Леонтичев, С.Салиев ж.б. келип кошулушат. Жаш жазуучулар менен бирдикте улуу муундагы акын-жазуучулар башка улуттардын өнүккөн адабияттарынын жемиштүү таасиринен, түйшүктүү чыгармачыл изденүүлөрүнөн улам реалисттик прозанын андан аркы өнүгүшүнө байсалдуу кам көрүшүп, тематикасынын көп түрдүүлүгүнө жетишишкен.

Бул этапта көркөм очерк өтө жемиштүү жана оперативдүү жанрга айланып, мурунку этаптарга салыштырганда тематикасынын кенендиги жана чындыкка жакындыгы менен өзгөчөлөнүп турду.

Көп очерктер пахтачыларга арналып жазылган. Маселен, Т.Жуманмуратовдун "Эмгекке такшалган" очеркинде Социалисттик эмгектин баатыры Амангүл Сапарбаеванын эмгектеги эрдиги көркөм сүрөттөлсө, Т.Каипбергеновдун "Блокнот сүйлөйтүндө" пахтачы эмгекчилердин эрдиктери андан ары тереңдетилсе, У.Ходжаниязовдун "Бир колхоздосунда" эмгектин таасиринин натыйжасында адамдын ички дүйнөсү кайрадан жаңылана тургандыгы мурдагы өз үй-бүлөсүнүн гана кызыкчылыгына кам көргөн Кутлымурат кийин эмгек жана элдин жардамы, колдоосу менен совхоздо эң мыкты эмгекчил адам даражасына көтөрүлөт.

Устюрттун багындыруучулары, алардын иш-аракеттери, эмгектери туруктуулугу жөнүндө жаш жазуучу С.Салиев өз очеркинде башкы каарманы башчы - Азизовдун образы аркылуу биздин күндөрдөгү адам мүнөзүндөгү эр жүрөктүк, эмгекти сүйүүчүлүк, иштин кызыкчылыгы үчүн ар кандай конфликтерге баруу, рухий кенендик ачылат. Ал скважинаны суусуз бургулоонун жаңы жолдорун чыгармачылык менен издейт. Себеби Устюртта суу жетишпей өтө тартыштык өкүм сүрүп турганда механизм жөн турбаш

керек болчу. Буга башкы сменанын башчысы Володин каршы чыгат, ал бардык жаңы нерселерге, алардын турмуштагы реалдуу ордуна, реалдуу иш тажрыйбанын чыгышына теңирден тескери каршы эле. Бирок өз билимине, тажрыйбасына, коллективдин колдоосуна ишенген Азизов өз сунушун реалдуу чындыкка айландырып, аны ийгиликтүү ишке ашырат.

Атагы алыска кеткен Аралдын балыкчылары жөнүндө А.Бекмуратовдун "Мойноктун маяктары" очерктер жыйнагы, Т.Изимбетовдун "Деңиз бүркүтү", К.Султановдун "Менин айлымдын кишилери" очерктер цикли, Тахия-Таштык ГЭСтин жана Бухара урал газопроводунун куруучуларын сүрөттөгөн Ш.Казбергеновдун "Жети жылдыктын кайратмандары", С.Салиевдин очерктер циклдери белгилүү мугалимдер, врачтар, окумуштуулар жөнүндө жазылып, окурмандарды жогорку аң-сезимге, көз карашка тарбиялоодо чоң роль ойногон. Бирок ийгилик менен катар айрым очерктерде формализмге, натуралисттик сүрөттөөлөргө жол берилгендиги байкалат.

Акыркы жылдары каракалпак адабиятында көрүнүктүү орунду аңгеме жанры ээлеп, кыска мөөнөттүн ичинде жыйырмадан ашык аңгемелер жыйнактары жарык көргөндүгүн О.Айжанованын "Балыкчы жигит", "Зонтик", С.Салиеванын "Гүлистан", Т.Сеитназаровдун "Кызыл кум новелласы", А.Тажимуратовдун "Өлө албаган карыя", "Сүйүү сыры", Т.Жумамуратовдун "Милиционер жигит", И.Юсуповдун "Сейдананын эски кепичи", "Унутулгус эки күн" аңгемелери учур талабын реалдуу камтыгандыгы, образдардын жана окуялардын турмуштук чындыгы, көркөм бийиктиги менен өзгөчөлөнгөн.

К.Султановдун "Арухан" аңгемеси аталган чыгармалардын ичинен аял, кыз-келиндердин революцияга чейинки турмушун реалдуу чагылдыргындыгы менен өзгөчөлөнүп турат. Аңгеменин ички мазмунунда бечара кыз Аруханды басмачылар алып качып кетишип, эки жүздүү карөзгөй жүз башы Медиярга тартуу кылышат. Бирок Арухан тагдырына баш ийип кыңк этпей отуруп калбастан Медиярдын туткунунан бошонууга жол издейт. Акыры Нажим менен ал жерден качып чыгат. Арухандын образы аркылуу эркиндикке умтулган кыз-келиндердин оптимисттик көз карашы берилип, сүрөттөлгөн окуялардын чындыгы, башкы каармандын ачык мүнөзү, патриоттук көз карашы, жаратылыштын пейзаждык көрүнүшү менен айкалышып аңгеменин идеялык мазмунунун тереңдигинен кабар берет.

И.Юсуповдун "Сейдененын эски кепичи" аңгемесинде адам аң-сезиминдеги, турмушундагы жаңы моралдык принциптердин пайда болушу жана калыптанышын чагылдыруу менен Каракалпакстандагы айыл чарбасын коллективдештирүүнү жаш, бечара Сейдананын образын чагылдыруу аркылуу ачып берет. Анткени Сейдананын образы аңгеменин борбору. Ага бүгүнкү турмуш керек эместей, мурункудай миң жамаачысы бар эски кепичин бутунан түшүрбөй кийип жүрө берет. Бирок ички дүйнөсүндө жаңы турмушта жашап, дос-душмандын сөзүн салмактап, өзүнүн башынан өткөргөн оор турмушун ою менен кайрадан кечирип күн өткөрөт. Ошондон улам болсо керек ал жаңы өкмөткө кош көңүл мамиле жасайт, бирок турмушка салмак менен баам салган Сейдана аңгеменин аягында көз карашы жетилип, коллективдештирүүнүн душманы, кулактын уулу Каллнияз менен күрөшкө чыгат.

Аңгеменин сюжети Сейданын ички дүйнөсүндөгү психологиялык анализдөө менен өнүгүп эволюциялык процессте ишке ашат.

Негизинен аңгеме жанры бул мезгилдерде жаңы коомду куруучулардын ички мүнөзүндөгү психологиялык өзгөрүүлөрүн таасын жана көркөм ачып бергендиги менен өзгөчөлөнгөндүгү байкалат.

Салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде проза жанрында А.Бекимбетовдун "Күрөш", Т.Каипбергеновдун "Акыркы баскынчылар", (Каракалпак кызы) (1936) С.Салиевдин "Каравандар алысты самашат"(1967) сыяктуу чыгармалары пайда болгон.

Проза жанрынын мындай ийгиликтүү өнүгүшү каракалпак адабиятынын узак мезгилдеги калыптануусу, боордош элдердин адабияты менен болгон тыгыз байланышуусунун закон ченемдүү жыйынтысы болуп эсептелип, өзгөчө бул прозалык чыгармаларда Каракалпак элинин байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейинки турмушу чагылдырылат.

Мисалы, А.Бесимовдун "Балыкчынын кызы", Т.Каипергеновдун "Каракалпак кызы" романдарында революцияга чейинки элдин турмушу, башынан өткөргөн трагедиялуу окуялары, Совет өкмөтүнүн орношунун алгачкы жылдары сүрөттөлсө, Т.Каипбергеновдун "Акыркы баскынчылар" романында Каракалпакстандагы социалисттик жаңы курулуштун жандуу картинасы берилсе, Улуу Ата Мекендик согуш мезгили О.Айжановдун "Арал кучагында", К.Султановдун "Ак дарыя" романдарында сүрөттөлөт. Ал эми Ж.Аймуратовдун "Аму дарыя боюнда", Сеитовдун "Кыйын бакыт", А.Бекимбетовдун "Тагдырдын жеңүүчүлөрү", Ю.Леонтичевдин "Өтө жарык" роман повестеринде учурдагы коомдук өнүгүш, анын оң, терс жактары көз алдыңа тартылат.

Аталган роман, повестердин башкы темасы негизинен тарыхый чындык менен тыгыз байланышта сүрөттөлүп, коомдук жашоонун тарыхый социалистик өнүгүүсү күнүмдүк турмуш-тиричилик менен шартталгандыгы кеңири планда изилденген: б.а. каракалпак аялынын эркиндикке болгон умтулуусу, татаал күрөштөрдүн негизинде ишке ашса ("Балыкчынын кызы", "Каракалпак кызы"), эмгекчи массанын эркин жашоо үчүн болгон күрөшү ("Жек көрүү жалыны", "Күрөш"), Социалисттик курулуш жана анын калыптанышы ("Акыркы баскынчылар"), согуш жылдарындагы адамдардын фронттогу жана тылдагы эрдиктери ("Оор кыйынчылык күндөр", "Ак дарыя"), алдыга жылууга тоскол болгон эскинин үстүнөн жаңынын жеңиши ачык айкын картиналар аркылуу берилген.

Оң каармандын реалисттик образын жаратуу прозада чоң ийгиликке жетишкендигин Т.Каипбергеновдун "Акыркы баскынчылар" романындагы Жиемураттын образынан көрүнгөндүгүн улуттук көркөм тажрыйбанын жана орус сүрөткерлеринин тажрыйбаларын чыгармачылык менен өздөштүрүү аркылуу сүрөткер жаңы заманды жактоочу жандуу улуттук адамдын фигурасын жараткандыгы. менен өзгөчөлөнөт. Каракалпакстандагы коллективдештирүү башка улуттардай эле өтө татаал шарттарда ишке ашкан. Романдын башкы каарманы жаш коммунист Жиемурат эл жүгүн көтөрүп, эл тилин түшүнүп аны турмушта колдоно билген тажрыйбасы бай жигиттерден. Ошон үчүн ал кыска мөөнөттүн ичинде эл арасынан ишеничтүү актив түзүп, өзүнүн жүрүш-турушу, эмгекти сүйүүсү менен эл ишеничине ээ болот. Элдин жыргал заманда жашоо кечирүүсүнө баш оту менен киришип кам көрөт.

Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, бул этапта жазылган роман, повесттер мазмуну жактан терең жана толук кандуу көркөмдүүлүккө ээ болуу менен улуттук тилдин байлыктары активдүү өздөштүрүлө баштаган.

Акыркы жылдары Каракалпак адабиятында лиро-психологиялык баяндоого болгон кызыгуу жогорулагандыгы Т.Каипбергеновдун "Муздуу тамчы", (1965) "Уйкусуз түндөр", (1966) Ш.Сеитовдун "Каркыралар көпкө учушат", (1966) С.Салиевдин "Каравандар алысты самашат", (1967) К.Самутовдун "Уул" (1966) ж.б. чыгармаларында каармандардын ички психологиялык дүйнөсүн ачуу негизги маселелерге айланып, рухий коллизияны изилдөө, сүрөттөлүп жаткан мүнөз, шарттын реалдуулугун күчөтүп, бул маселелерди чечүүдө көп улуттуу адабияттардын оң тажрыйбасы чоң роль ойногондугун байкоого болот.

Бул жылдары башка жанрлардай эле поэзия да активдүү өнүгүп, көптөгөн поэмалар, ыр топтомдор жарык көрүп, аларда биздин күндөрдүн каармандарынын жандуу образдары И.Юсуповдун, Т.Жумамуратовдун, М.Сеитниязовдун чыгармаларында түзүлүп, өлкөнүн ички, эл аралык, актуалдуу коомдук саясий проблемалары көркөм жалпыланып чечмеленет. Өзгөчө И.Юсуповдун лирикалары формалык жаңычылдыгы, лирикалык тереңдиги менен өзгөчөлөнөт. Бул жанрда Х.Турымбетов ийгиликтүү эмгектенген менен эпикалык чыгармалары андай колдоого жеткен эмес.

Каракалпак адабиятында биринчи тамсилдер 30-жылдардын башында С.Мажитов тарабынан жазылган жана андан аркы өнүгүшү Д.Айтмуратовдун чыгармачылыгы менен байланышат. Анткени анын 1960-жылы жарык көргөн "Ырлар жана тамсилдер" жыйнагы эскичиликтин калдыктарын мыскылдоо менен коомдогу терс сапаттарды шылдыңдын кароолуна алат жана ырларында эл аралык глобалдуу окуяларга кайрылып, аны өз байкоосунда көркөм жалпылап берүүгө жетишет. Мунун өзү жаш тамсилчинин сезгичтиги, байкоочулуктун күчтүүлүгү, акылынын курчтугу, чыгармачыл изденүүсүнүн натыйжалуулугу менен мүнөздөлөт.

Поэзия жанрындагы эпикалык чыгармалардан ичинен элдик дастандар "Бахадыр", "Бахтияр", жана элдик акындар А.Дабылов, С.Нурымбетовдун, чыгармачылыгында биринчи лиро-драмалык "Актрисанын тагдыры", И.Юсуповдун "Алыскы адырлар" поэмалары жана каракалпак поэзиясында жаңы жанр – ыр повести (Т.Жумамуратовдун "Достугу") пайда болот.

Проза жана драматургия жанрына караганда акыркы жылдары поэма улуттук тематикадан интернационалдуулукка тезирээк өткөндүгүн И.Юсуповдун "Килемчи жөнүндө чындык" поэмасы далилдейт. Ал эми ыр түрүндөгү повестке "Достуктан" тышкары Ж.Дилмуратовдун "Артек жөнүндө" поэмасын кошууга болот.

Элдик акын А.Дабыловдун "Бахтияр" (1-2-китеби – 1949-56-жж.) дастаны формасы жагынан элдик традицияны улантуу менен XX кылымдын башынан азыркы күнгө чейинки эл турмушун эпопея кылып сүрөттөөгө далаалат кылган. Башкы каармандары Арыслан менен Кырмызы байбийлердин кол алдында эзилип жашоону каалабайт, жек көрүшөт, андан кутулууну ойлошот. Ошондой мезгилде элге жаңы замандын орношу экөө үчүн көктөн издегендери жерден табылып сүйүнүч менен аны тосуп алышып, жаңы социалисттик маданиятты курууга активдүү катышышат. Дастандагы элдин турмушу, үрп-адаты, салт-санаасы, эңсөө кыялдары кеңири планда

дидактикалык, сүйүү, эл арасында кеңири тараган афоризмдер, идеомалык түрмөктөр, макал-ылакаптарды камтуу менен көркөм каражаттарды синтездештирүү аркылуу негизги каармандардын портреттери эсте калаарлык деңгээлде сүрөттөлгөн.

Советтик каракалпак адабиятындагы лиро-драмалык жанрга поэзияда И.Юсуповдун "Актрисанын тагдыры" поэмасы жол ачат. Поэманын сюжети Каракалпакстандагы биринчи белгилүү актриса - Арукандын биографиясындагы фактылык материалдарга негизделген. Автор Арукандын татаал ички дүйнөсүн толкундануу менен эмоционалдуу ачып берүүгө аракеттенет. Б.а. Арукан – каракалпак аялдарынын ичинен чыккан жөнөкөй өкүл. Совет өкмөтүнүн жергесине орношу менен кулчулуктан кутулуп, эркиндикке чыгып, өз бактысын, элинин маданиятын алга жылдыруу үчүн белсенип киришкен активдүү каарман катары сүрөттөлөт. Автордун Арукандын образын түзүүдөгү максаты ийгиликтүү ишке ашкандыгы каракалпак адабиятындагы колдоорлук көрүнүштөрдөн болгондугу чындык.

Каракалпак адабиятында бул этапта котормочулук иш өтө кеңири тарап, орус жана боордош элдердин тилдеринде каракалпак акын-жазуучуларынын ыр, поэма, аңгеме, повесть романдары таржымалданып, Москва, Ленинград, Ташкент, Алма-Ата шаарларынан басылып чыгат. Ушул жылдары өзгөчөлөнгөн окуя болуп, орус, өзбек ж.б. тилдерге Ж.Аймурзаевдин "Көмекбайдын жоруктары", "Аму дарыясынын жээгинде" роман повесттери, А.Бегимовдун "Балыкчынын кызы" Х.Сеитовдун "Бакыттын кыйынчылыгы", Т.Каипбергеновдун "Рахмат мугалим" чыгармалары которулуп, көп улуттуу адабияттын катарынан орун алган. Тескерисинче орус тилиндеги чыгармалар каракалпак тилинде сүйлөп Пушкиндин, Лермонтовдун, Некрасовдун, Твардовскийдин поэмалары Гогольдун, Толстойдун,Чеховдун, Горькийдин, Фадеевдин, Шолоховдун, Макаренконун, Павловдордун роман, повесттери ошондой эле Г.Гулямдын, Айбектин, Кербабаевдин, С.Мукановдун, Франконун, Ч.Айтматов ж.б. чет элдик жазуучулар Мерименин, Хемингуэйдин, Фучиктин, Тагордун, Аббастын чыгармалары таржымалданып өз тилинде элге жеткирилген.

Каракалпак адабиятында бул этапта драматургия жанры активдүү өнүккөн эмес. Болгону бир актылуу бир нече музыкалык драмалар жана комедиялар менен бирдикте учурдагы жана тарыхый темада көп актылуу пьесалар жазылган. Андан тышкары А.Бегимовдун элдик сюжеттин негизинде "Гарип-Ашык" музыкалуу драмасы менен кошо А.Шамуратов, И.Юсуповдун "Кырк кыз" драмасы жарык көргөн. Ошол мезгилдеги драмалардын ичинен Ж.Аймурзаевдин "Урматтуу доктор", (1961) "Шебер хандын кыйтырлыгы", (1963) Ходжаниязовдун "Жаш жүрөк", (1965) Сеитхановдун "Дилара" (1959) драмаларын белгилөөгө болот.

Ж.Аймурзаевдин "Урматтуу доктор" музыкалуу драмасы өз мезгилиндеги совет медицинасынын ишмерлеринин кайраттуу эмгеги, адилет жашоосу даңазаланат. Врач-окулист Николай Михайлович Павлов пьесада ички дүйнөсү өтө таза, билими терең, тажрыйбасы мол адам. Ал өзүндөгү болгон бардык жетишкендиктерин шакирттери Айтжанов, Дарманов ж.б. бөлүшүп, өз билимин алардын иш-аракетине сиңирүү үчүн далбас ургандыгын сүрөттөө менен эки элдин ортосундагы бекем достукту, адамгерчиликти Павловдун Кундузга жасаган мамилеси айкындайт. Анткени

жаш кезинен тубаса көр Кундуз Павлов жана анын шакирттеринин жардамы менен көзү көрүп, жарыкчылыкка экинчи жолу кайрадан төрөлгөндөй болот.

Бул чыгарманын идеясы – достукту, эмгекти даңазалоо болсо, Сеиткановдун "Дилара" комедиясында көз карашы тайкы, жеңил ойлуу, жеңил жашоону издөген адамдардын коллективдин таасири менен кайрадан тарбиялангандыгы белгиленет.

Ошентип каракалпак адабиятынын идеялык-тематикалык-көркөмдүгү талбай чыгармачылык изденүүнүн натыйжасында артып, улуттар аралык маданий байланыштары бекемделип, улуттук көркөм бай дөөлөттөрдү туура колдоно билүүнүн жыйынтыгы катары эң жакшы делген чыгармалары жалпы союздук аренага чыгып, көп улуттуу окурмандардын жоголбос мүлкүнө айлана баштагандыгы менен баалуу болуп саналат.

# Колдонулган адабияттар:


1. История литератур народов Средней Азии Казахстана. М. 1980
2. История советской многонациональной литературы в 6ти томах. М. 1970
3. Литература народов СССР. Хрестоматия ч.I II III IV.М. 1971-78гг.
4. Советская многонациональная литература. М. 1986
5. Зелинский К. Литература народров СССР. М. 1957
6. М.Горький О литературе. М. 1955
7. О воспитательной роли художестенной литературы. М. 1964.
8. В.А.Шошин. Литература народов СССР. М.1977
9. Г.Ломидзе. Единство М. 1975


## Казак адабияты:


1. Очерк истории казахской советской литературы. М. 1960
2. Казак совет адабиятынын тарыхы. Үч томдук. Алматы, 1967
3. История казахской литературы. Алма-Ата, 1971
4. К.Адибаев, С.Куспанов. Казахская литература. Учебн. Пособ. Алма-Ата, 1972
5. Чокон Валиханов (избр.прозв.) Алма-Ата, 1958
6. Чокон Валиханов . Собр.соч.в пяти томах, Алма-Ата 1984
7. Мухтар Ауэзов. Мысли разных лет. Алма-Ата 1961
8. Казахская литература и ее пятинациональные связи. Алма-Ата, 1973
9. Мухтар Ауэзов. Классик советской литературы. Алма-Ата, 1980
10. Г.Ломидзе. Единство и многообразие. М. 1960
11. З.Кедрина. Лист живого источника. Алма-Ата, 1966
12. Зелинский К. Литература народов СССР. М. 1975
13. Какешов Т. Сакен Сейфулин. М. 1972
14. Исмагулов Ж. Облик современника. Алма-Ата, 1970
15. Лизунова Е.В. Мастерство Мухтара Ауэзова. Алма-Ата, 1968
16. Лизунова Е.В. Современных казахский роман, Алма-Ата, 1964
17. Каратаев М. Верщина в переди. М. 1977
18. Каратаев М. Социалисттик реализиминиң казах прозасында калыптануусу. Алма-АКты, 1965
19. Нуртазин Т. Сабитмукан. 1958
20. Нуртазин Т. Байымбет Майлиниң творчествосу, Алма-Ата, 1986
21. Бердибаев Р. Роман и современность, Алма-Ата. 1967
22. Каратаев М. От домбры до книги. М. 1969
23. Наурзыбаев Б. Байымбет Майлиниң прозасы. Алма-Ата, 1967
24. Кебекова Б. Кыргыз казак акындарынын чыгармачылык байланыштары. Ф. 1985
25. Базарбаев М. Образ человека труда в казахской поэзии А-Ата. 1961
26. Төрөкулов К. Токтогул менен Жамбыл. Кыргызстан маданияты, 1985, 5-октябрь.

27. Туратов Д. Улуу талант, залкар окумуштуу, Ала-Тоо, 1977
28. Жүсенбеков И. Мухтар Ауэзов, Алма-Аты, 1974
29. Казахские народные сказки, А-Ата, 1958
30. Кабланды Баатыр, А-Ата, 1975 (казак жана орус тилдеринде)
31. Алпамыш-баатыр. Алма-Ата, 1982 (казак жана орус тилдеринде)
32. Козу-Көрпеш-Баян-Сулуу. А-Ата, 1968
33. Кыз жибек. 1975
34. Жамбыл Жабаев. 2 томдук. Алма-Ата, 1982
35. Абай Кунанбаев. 2 томдук. А-Ата, 1968
36. Сабитмуканов «Сыр-Дарыя» ( ар түрдүү жылдардагы басылышы)
37. Сабитмуканов «Бото көз» (ар түрдүү жылдардагы басылышы)
38. Мустафин Г. 2 томдук. Алма-Аты, 1971
39. Мусрепов Г.Драмалык чыгармалар. А-Аты. 1982
40. М.Ауэзов жолу. 2 томдук. Ф. 1990
41. Ауэзов М. Дүрбөлөң заман Ф. 1987
42. Ауэзова Л.М. Исторические основы эпопеи «Путь Абая». А-Ата. 1969
43. Нурпеисов А. Кан менен тер, А-Аты, 1981
44. КСЭ 1-6 том Ф. 1972-79
45. Пути развитие советского многонационального литературы. М. 1967
46. Иманалиев К. Кыргыз совет адабияты. 2 том. Ф. 1990
47. Даутов К. Терендиктер жана бийиктиктер. Ф. 1991
48.

## Өзбек адабияты:

1. История узбекской советской литературы. М. 1967
2. Өзбек совет адабиети тарихи. 3 томлик. Т. 1972
3. Х.Көр оглы. Узбекская литература. М. 1976
4. Узбек совет адабиети тарихи. Т. 1990
5. Вопросы узбекской литературы. Т. 1959
6. История узбекской литературы 2 томах. Т. 1987
7. Мирзаев С., Донцеров К. Узбек совет адабиети. Т. 1978
8. Маллаев Н.М. Гениальный поэт и мыслитель. Т. 1968
9. Каримов К. Узбек адабиети тарихи. Т. 1967
10. Идейные основы творчество Хамзы. Т. 1960
11. Абдугафуров А. Навои сатираси. Т. 1966
12. Каюмов Л. Хамза. Т. 1979-89
13. Акбаров А., Зулфия. Литературные портреты. Т. 1975
14. Мамажанов С. Поэты соверменности. (Гафур Гуляме) Т. 1963
15. Якубов Г. Гафур Гулям. Жизнь и творчество. Т. 1970
16. Бородина Н. А.Кахар. Т. 1957
17. Бать А., М.Кошжанов. Айбек. М. 1968
18. Кошжанов М. Уроки мастерство. (О творчестве Айбека) Т. 1972
19. Захидов В. Насофат и жодкари (Рашидов жөнүндө) Т. 1967
20. Тагаев О. Аскат Мухтар .Т. 1977
21. История узбекской советской литературы в 6 томах. Т.1987
22. Султанов М. Абдулла Кахар Т.1967

23. Олпомыш. Т. 1974
24. Навои Алишер в 10 томах. Т. 1968-70
25. Фархад менен Ширин. Ф. 1962
26. Лайли менен Мажнун Ф. 1968
27. Бабур З.М. в 3 томах. Т. 1979
28. Бабур 2 томах Т. 1982
29. Хамза. М. 1979
30. Хамза. Бай во хизматчи. Т. 1988
31. Яшен К. в 2 томах 1965
32. Кадирий А. «Мехрабдан чаен». Т. 1974
33. Кадирий А. «Өткан күнлар».Т. 1974
34. Кахар А. в 2 томах М.1977
35. Айбек. в 5 томах. Т. 1985
36. Гафур Гулям. в 2 томах 1983
37. Рашидов Ш. Бороондон күчтүү. Ф.1962
38. Рашидов Ш. Кубаттуу толкун. Ф 1976
39. Брагинский. С.Айни. М.1978
40. Үкүева Б. Тереңден тереңдерге. «Доор үнү», 1996, 2-февраль.
41. «Ала-Тоо» 1978 № 3 тажик элинин улуу жазуучусу
42. «Ала-Тоо» 1978 № 1 Садриддин Айни жана кыргыз адабияты.

## Түркмөн адабияты:

1. Туркменская советская литература в 2 томах. Ашхабад 1983
2. Очерк истории туркменской советской литературы. М. 1972
3. Көр оглы. Туркменская литература. М.1972
4. Кекилов А. Великий лирик. Ашхабад 1973
5. Аксакал туркменской литературы Ашх. 1974
6. Абдуллаев У. Эпоха и литература Ашх. 1982
7. Мактымкули и туркменское искусство. Ашх. 1984
8. Агаева Н.Р. Туркменская литература М. 1980
9. Аннанепесов М. Махтымкули и его время. Ашх. 1984
10. Махтымкули М. 1957
11. Махтым кули Ф. 1982
12. Кемин и Моллнепес. Л. 1959
13. Салих Ата. Ашх. 1954
14. Кербабаев Б. Решающий шаг. (ар түрдүү басылыштар)
15. Кербабаев в 6 томах .Ашх. 1973
16. Кербабаев Б. Чечүүчү кадам. Ф. 1973
17. Кожевнцков В. происхоэждение романа М. 1963

## Каракалпак адабияты:

1. История Каракалпакской советской литературы. Т. 1981
2. Очерки по истории каракалпакского фольклора Т. 1974
3. Каракалпак адабиети тарыхы. Нукус. 1983
4. Нурмухамедов Н. До военная каракалпакская проза Н. 1959

5. Нурмухамедов Н. Современная каракалпакская проза. Н. 1968
6. Нарымбетов Ж. каракалпакский роман. Т. 1974
7. Аймстов К. Каракалпак фольклори Н. 1977
8. Антология каракалпакской поэзии. Т. 1968
9. Сорок девушек М. 1951
10. Каипбергенов Т. дастан о карапалкаке. М. 1981
11. Каипбергенов Т. Трилогия. М. 1989
12. Каипбергенов Т. Каракалпак-наме, роман-эссе. М. 1989
13. Сагитов И. Каракалпак халкынын кахраманлык эпоси. Н. 1963
14. Максетов К., Тажимуратов А. Каракалпак фольклору. Н. 1979
15. Писатели советского каракалпакии. Н.1983

# МАЗМУНУ

Казак адабияты........................................................................ 4
Казак акындар поэзиясы жана агартуучулары 6
Жаңы Казак адабияты
Алгачкы мезгилдеги жаңы казак адабияты.............................................. 12
Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги
Казак адабияты........................................................................ 24
Азыркы мезгилдеги жаңы казак адабияты
(60-жылдар).......................................................................... 27
Түркмөн адабияты...................................................................... 30
XII-XVIII–кылымдагы Түркмөн адабияты............................................... 41
XVIII-XX-кылымдын башталышындагы түркмөн адабияты......... 48
1917-1920-жылдардагы Түркмөн адабияты.............................................. 49
30-жылдардагы түркмөн адабияты....................................................... 59
Берды Кербабаев (1894-1974).......................................................... 71
40- жылдардагы Түркмөн адабияты...................................................... 75
50- жылдардагы Түркмөн адабияты...................................................... 79
60-жылдардагы Түркмөн адабияты....................................................... 83
Өзбек адабияты........................................................................ 92
Байыркы Орто кылымдагы Өзбек адабияты............................................... 95
XV-XIX кылымдагы өзбек адабияты....................................................... 117
XIX-XX кылымдагы өзбек адабияты....................................................... 120
Жаңы өзбек адабияты................................................................... 120
Абдулла Кадирий (1894-1938)........................................................... 128
Хамид Олимжан (1909-1944)............................................................. 149
Айбек (1905-1968)..................................................................... 162
50-80-жылдардагы жаңы өзбек адабияты.................................................. 166
Проза.................................................................................. 167
Поэзия................................................................................. 168
Драматургия............................................................................ 169
Балдар адабияты........................................................................ 169
Кара калпак адабияты................................................................... 170
Каракалпак адабияты 1917-30-жылдарда.................................................. 171
Согуш мезгилиндеги каракалпак адабияты................................................ 176
Согуштан кийинки каракалпак драматургиясы (50- жылдар)........ 178
Азыркы Каракалпак адабияты............................................................ 180
Колдонулган адабияттар................................................................. 187

898208